67.9
К-58

А. О. КОЖОШЕВ
К. Б. ШАДЫБЕКОВ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУНУН НЕГИЗДЕРИ

ОКУУ КУРАЛЫ

Бишкек - 2007

А.О. КОЖОШЕВ • К.Б. ШАДЫБЕКОВ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУНУН НЕГИЗДЕРИ

ОКУУ КУРАЛЫ

Кыргыз Республикасынын билим, илим жана жаштар саясаты министрлиги жогорку окуу жайлардын студенттерине окуу куралы катары киргизген

Кыргыз Республикасынын
7664 П

Бишкек–2007

УДК 351/354
ББК 67.99 (2 Ки)1
К–58

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу экономикалык
стратегия Борборунун Илимий Кеңеши басууга сунуш кылган.

Авторлор: *Кожошев А.О.,*
Шадыбеков К.Б., юридика илиминин кандитаты
Рецензиялагандар: *Арабаев Ч.И., КР эмгек сиңирген юристи, юридика илиминин доктору, профессор*
Исраилов М.И., экономика илиминин доктору, профессор

Кожошев А.О., Шадыбеков К.Б.
К–58 Кыргыз Республикасынын өз алдынча башкаруусунун негиздери: Окуу куралы.– Б., 2007– 300 б.

ISBN 9967–23–756–2

Бул китепте Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу негиздери тарыхый жана азыркы учурундагы абалында каралат. Материал өлкөдөгү окуялардын тарыхый–укуктук талдоосуна жана мыйзамдарга негизделген, ошондуктан тийиштүү билим алууда жана аны жогорулатууда окурмандарга баа жеткис жардам көрсөтөт. Авторлор тандаган баяндоо жолу, теориялык жазылышы жана суроо–жооп түрүндө материалдын берилиши, сунушталган тематиканы бир далай жеңил өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Китеп мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу системасынын кызматкерлерине, жергиликтүү кеңештердин депутаттарына, окуу жайлардын студенттерине, аспиранттары менен окутуучуларына, илимий кызматкерлерге, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкарууга кызыккандардын бардыгына ылайыкталган.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Китеп "Жергиликтүү бюджеттердин ачыктыгы жана отчеттуулугу" Урбан Институт тарабынан аткарылып жаткан USAIDдин «Децентрализация жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу» аттуу долбоорунун техникалык колдоосу менен жарыкка чыкты. Авторлордун көз карашы долбоордун позициясы менен дал келбей калышы ыктымал.

Китепти пайдаланган учурда дарегине толук же айрым шилтеме жасоо милдеттүү түрдө зарыл.

К 1203020200

ISBN 9967–23–756–2

УДК 351/354
ББК 67.99 (2 Ки)1
© А.О. Кожошев, К.Б.Шадыбеков, 2007

МАЗМУНУ

БАШ СӨЗ 4

КИРИШҮҮ 6

I-БӨЛҮК. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУНУН ТЕОРЕТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ 9

1-ГЛАВА. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ТАРЫХЫЙ-САЯСИЙ НЕГИЗДЕРИ 10

2-ГЛАВА. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН УЮШТУРУУ-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ 19

3-ГЛАВА. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ФИНАНСЫ-ЭКОНОМИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ 56

4-ГЛАВА. МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТЫН НЕГИЗДЕРИ 88

II-БӨЛҮК. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУ СУРООЛОРДО-ЖООПТОРДО 101

5-ГЛАВА. УЮШТУРУУ-УКУКТУК СУРООЛОР (Конституция негиздери, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түшүнүгү жана системасы, курултайлар, аксакалдар соту, укуктук актылар) 102

6-ГЛАВА. ЭКОНОМИКАЛЫК СУРООЛОР (муниципалдык менчик, жер мамилелери, социалдык–экономикалык жана бюджеттик болжолдоо) 166

7-ГЛАВА. ФИНАНСЫ МАСЕЛЕЛЕРИ (бюджет, салыктар, казыналык) 195

8-ГЛАВА. МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТЫН МАСЕЛЕЛЕРИ (түшүнүк, укуктук статус, кепилдиктер) 230

КОРУТУНДУ 240

ТИРКЕМЕЛЕР 243

ОРУСЧА –КЫРГЫЗЧА ТЕРМИНДЕР СӨЗДҮГҮ 269

КИРИШҮҮ

"Билим ушунчалык баалуу буюм болгондуктан, аны кандай булактан болбосун ылгабай ала берүүнүн уяты жок"
Абу–аль–Фарадж

Кыргыз Республикасы эгемендикке ээ болгондон баштап, жергиликтүү өз алдынча башкаруу мамлекеттин, жарандык коомдун, ар түрдүү чөйрөдөгү адистердин жана көпчүлүк Кыргызстандыктардын кунт коюп, көңүл бурган нерсеси болуп калды.

Ал турсун, кийинки кезде жүргүзүлүп жаткан саясий, экономикалык, социалдык реформалардын ичинен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу реформасы өзгөртүүлөр процессинде акыркы эмес, негизги орундардын бирин ээлеп калды. Анткени жергиликтүү турмуш–тиричилик проблемаларын чечүүдө жарандардын активдүү салымы жана жергиликтүү кызыкчылыгынын балансын эске алуу менен, коомчулуктун күнүмдүк керектөөлөрүн натыйжалуу канааттандырышы жарандык ынтымак үчүн, кыргыз мамлекетинин торолушу жана өнүгүшү үчүн бекем пайдубал салууга жөндөмдүү.

Кийинки мезгилде биз өлкөнү башкарууга катышуу керек деген кепти көбүрөөк айтып, угуп, окуп калчу болдук, ал эми бул үчүн бизге эң оболу өзүбүз жашап жаткан аймакты башкарууну үйрөнүшүбүз зарыл. Бул маселени чечүү биз үчүн да жана өлкөбүз үчүн да абдан керектүү болуп жаткан кези, анткени Кыргызстан демократиялык курулуштун жана өнүгүштүн башталыш жолунда бара жатат.

Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Конституциясы коомду укуктук жана демократиялык түзүүнүн принциптерин бекемдеп, анда элдик бийликтин негиздеринин бири – жергиликтүү өз алдынча башкаруу болуп санала тургандыгын белгилеп берсе да, ушунчалык масштабдуу милдетти заматта эле баш аягына чейин өзгөртүп жиберүүгө мүмкүн эмес. Биздин республика жүрүп жаткан демократиялык процесстерге жана жарандык коомдун торолуп калышына карабастан, өзүнүн тарыхый өнүгүшүнүн жана калыптанып калган социалдык–саясий системасынын себептеринен улам, али да болсо өткөндүн калдыктарын сактап калууда.

Айтмакчы, өз алдынча башкаруу институту кандайдыр бир капыстан келген жаңылык сыяктуу сезилбей турганы ырас. Булардын бардыгы качандыр бир кезде жалпы дүйнөлүк практикада болуп келген жана азыр да болуп жатат. Эгерде демократиялык мамлекеттердин өнүгүү тарыхына көз чаптыра турган болсок, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу дайыма мамлекет менен, мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик бийлик менен үзөңгүлөш, жарыша жашап келгендигин байкоо кыйын эмес.

Алсак, бардык жарандарга тийиштүү маселелер боюнча чечимди мамлекеттик бийлик кабыл алат, ал эми ачык айкын бир аймактын турмушу менен байланыштуу маселе боюнча (шаар, айыл, шаарча) жергиликтүү бийлик чечим чыгарат. Мамлекеттик бийлик жергиликтүү бийликке караганда бүткүл өлкөнүн алдында турган маселени айкын жана терең түшүнөт, ошондуктан өз маңызы боюнча мамлекеттик органдар өлкөнүн бүткүл аймагын башкарууга көбүрөөк ыкташып багыт алышат, ал эми белгилүү бир жердин күндөлүк маселесине (мисалы айылдын, кичи райондун, көчөнүн ж.б.) анча маани беришпейт, анын үстүнө жакшы билишпейт.

Мамлекеттик мекемелерден айырмаланып, жергиликтүү органдар күн сайын өз аймактарынын проблемалары менен алектенишет жана аларды кантип тез жана сапаттуу чечиш керек экендигин жакшы билишет, анткени алар мамлекеттик бийликке караганда ал жердин проблемасын терең билишет. Анын үстүнө аймактын маселелерин чечүүдө демократиялык өлкөлөрдө муниципалдык органдарда калктын өзү кыйла жардам көрсөтөт, анткени өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө ошол жердин жашоочусунун, жаранынын өзү таламдаш, алар тийиштүү укукка гана ээ болбостон, эң башкысы каалоосу бар – жериндеги маселени чечүүгө катышууга дилгир.

Албетте, белгиленген максатка илгерилеш үчүн – башкарууга катышуу үчүн көптөгөн жалпы мамлекеттик процесстер жөнүндө даана түшүнүктүн болушу зарыл, мунун ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу реформасы да бар. Ушундан улам кандайдыр бир ишмердикти алып барыш үчүн, өлкөнү, аймакты башкара билүү үчүн тийиштүү билимге ээ болуу керек. Мына ушундай илим качан жана эмне үчүн керек дегенде, алар ар бирибиз үчүн жана жалпыбыз жана коомубуз үчүн практикалык мааниге жана баалулукка ээ.

Анткени биз бардыгыбыз – жашоочуларбыз. Ошондуктан биз жашаган чөйрө көбүнчө аймактык бийлик тарабынан калыптанат, демек өзүңдүн калктуу конушуңдун (шаардын, шаарчанын, айылдын) жашоо турмушун уюштура билүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүү керек.

Биз бардыгыбыз – Кыргызстандын жарандарыбыз. Жаш курагыбыз жеткенден тартып, биз бийлик органын шайлоого, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз өкүлдөрүбүздү шайлоого укуктуубуз. Демек, бийлик органдарынын, атап айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башкаруу жана иш жүргүзүү өзгөчөлүктөрүн, алардын түзүлүшүн жана мүмкүндүк чектерин түшүнө билүү зарыл.

Колуңуздардагы китеп:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башкы негизги багыттарына окурмандын көңүлүн бурат;

– өлкөнүн учурдагы окуяларына жана мыйзамдарына, ошондой эле эл аралык практикага негизделген теориялык жана прикладдык топтолгон тажрыйбаны камтыйт;

– материалды жөнөкөй баяндоо түрүндө гана ачып бербестен, маалымат таламдаш адамдардын билимдерин кыйла толук жана жеткиликтүү түрдө кеңейтүү максатында практикалык суроолор–жооптор түрүндө да берилет;

– муниципалдык кызматчыларга жана башка адамдарга тийиштүү аттестациялардан жана сынактардан өтүүгө натыйжалуу даярдануу мүмкүнчүлүгүн берет.

Буга кошумчалап айта турган болсок, финансылык–бюджеттик борборлошуудан арылтуу менен байланышкан белгиленип көрсөтүлгөн реформалардын айдыңында бул окуу куралы бюджеттик системанын кызматкерлеринин да кызыкчылыгын туудурбай койбойт, ал тийиштүү жалпы жана адистешкен илим–билимди жогорулатуу үчүн курал катары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан сунушталышы мүмкүн.

Китеп жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга түздөн–түз катышы бар адамдардын гана эмес, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу адистери, жарандык сектор, студенттер менен изилдөөчүлөр үчүн да кызыгууну туудурат, ал ошондой эле өз аймагынын маселесине кайдыгер карабаган, турмушту жакшы жагына өзгөртүүгө кажыбас кайраттуу каалоосу бар адамдардын бардыгына керектүү.

І-БӨЛҮК.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУНУН ТЕОРЕТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

1-ГЛАВА.
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ТАРЫХЫЙ–САЯСИЙ НЕГИЗДЕРИ

Коомдук турмуштун өзүнчө көрүнүшү жана жарандык коомдун элементи катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу өнүгүүсүнүн дүйнөлүк тарыхы эзелки байыркыга тамырлап кетет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун алгачкы өнүмдөрүн кезиктирүүгө боло турган, тигил же бул улутка, расага таандык экендигине карабастан урук–урууччулук түзүлүштө өз алдынча башкаруучулукта ортоктош жашоонун жана турмуш тиричилик аракеттеринде көп окшоштуктун белгилери байкалган тарыхтан мурунку замандан эле жолуктурууга болот.

Адамзат коомчулугунун өнүгүшү тийиштүү аймакта тыгыз биримдикте жашаган адамдардын белгилүү бир тобунун, жамаатынын, коомдоштугунун социалдык, экономикалык жана чарбалык турмуштун жергиликтүү маселелерин өз алдынча башкаруу жана чечүү зарылчылыгына талаптануусун иштеп чыккан. Ошондуктан урук–урууччулук байланыштар тереңге сиңип кеткендигине карабастан, мындай талаптануу кылымдардан бери келе жаткан каада–салт катары гана эмес, ошондой эле адамзаттын турмуш–тиричилик аракеттеринин объективдүү мыйзам ченеми катары да сакталып калды. Анын үстүнө байыркы урууччулук мамиле кайсыл мамлекеттин болбосун уюткусу жана келип чыгышынын башаты менен түзүлүшү болгон.

Мамлекет жаралганга чейин эле жамаат катары пайда болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу байыркы дүйнө, орто кылым жана жаңы заман этаптарын басып өттү. Ошондуктан "жергиликтүү өз алдынча башкаруу" жана "муниципалдык башкаруу" терминдери өзүнүн башатын тээ Байыркы Римден баштап алат, анда автономияга ээ болгон жана өз алдынча башкаруу укугун пайдаланган шаарлар муниципалитеттер деп аталган.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүнүн жана өнүгүшүнүн көп кылымдык тажрыйбасы өз алдынчалыкта башкаруу принциптери кыргыздарга да таандык болуп келгендигин тастыктайт, анын үстүнө ар түрдүү турмуш шарт менен шартталган өз алдынча уюштуруунун жана өз алдынча башкаруунун өзгөчө формасы менен айырмаланып турат.

Улуттук өз алдынча башкаруунун бар болгону жөнүндө эң эле таасын элестер "Манас" элдик эпосунда камтылган. Алсак, эпосто баяндалгандай кыргыздын жол башчылары менен кол башчылары коомдук турмуштун бардык маанилүү окуяларында жана чечим кабыл алаарда, айрыкча жоого аттанаар алдында өзүнүн эл журту менен кеңешкен, бул максат үчүн аксакалдардын, атактуу баатырлар менен чоролордун кеңешин чакырган, а

кээде бүтүндөй эл журтту катыштырган. Кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын үйрөнүүдө негизги булактардын бири болуп саналган ушул улуу эпос, оозеки эл чыгармачылыгынын эстелиги Кыргызстандын коомдук өз алдынча башкаруусун ишке ашыруунун формалары менен ыкмаларынын ачык айкын үлгүлөрүн берет. Алсак, өз алдынча башкаруунун башкы принциби болгон "шайлоочулук" эпосто өз кол башчыларын шайлоодо кыргыздар тарабынан дайыма колдонулуп келген ыкма катары сүрөттөлөт.

Ушуга байланыштуу коомдук эпикалык булактарга таянып: кыргыздардын турмуш тиричилик аракетинде өз алдынча башкаруу идеясы өгөйлөнгөн жат көрүнүш болбогонун бир жактуу мааниде ырастоого, бирок ошол эле учурда анын өз өзгөчөлүктөрү менен бөтөнчөлүктөрү болгон деп айтууга тийишпиз.

УРУУЧУЛУК ТҮЗҮЛҮШ

Ата мекендик өз алдынча башкаруу өзүнүн башатын уруучулук түзүлүштүн мезгилинен тартып эле алганын тарых ырастайт, анда уруучулук коом маани маңызы жана формасы боюнча калктын өзү калыптандырган өз алдынча башкарылуучу бирдик болгон. Элдик жана башка адабий булактарга ылайык уруучулук коом уюштурулушу, структурасы, формасы жана мазмуну боюнча өз алдынча башкаруунун баштапкы уюмун элестеткен бийликти жүзөгө ашыруунун формасы катары чыгат[1]. Мындай үй бүлөнүн башчылары – аксакалдар үй бүлөдө башкаруунун субъекттери болуп саналган, андан тышкары алар кеңеш түзүшүп, үй бүлөнүн жана уруунун кызыкчылыгын көрсөтүшкөн. Балким ушул акыр аягында жүрүп отуруп, кыргыздардын коомдук өз алдынча башкаруусунун "алтын казыгына" айланган аксакалдар кеңешинин келип чыгышына себепчи болгондур.

Коомдук турмуштун эң маанилүү маселелери, коомдук кеңеш аталган – Эл алдына чыгарылган, анда жалпы элдик талкуулоонун жүрүшүндө төмөнкүдөй маселелер каралган:

– бийлерди шайлоо;
– уруучулук союзга кирүү же андан чыгуу;
– согуш жана тынчтык, армияны топтоо жана жабдуу маселеси;
– аскер башчысын дайындоо;
– жер жана жайыт бөлүштүрүү;
– чарбалык маанидеги башка маселелер.

Булардан тышкары жамаат биргелешип чарбаны уюштуруу жана жүргүзүү, аны коргоо үчүн турмуштук зарылчылык болгон өзүнчө бир саясий согуштук административдик бирдик болуп саналган.

[1] Кеңирирээк кара: Абрамзон С.М. "Кыргыз эл маданиятынын очерктери" / Фрунзе, 1946.; Аттокуров С "Кыргыздардын этнографиясы" / Бишкек, 1997.; Аристов Н.А. Усундар жана кыргыздар: калк тарыхынын жана болмушунун очерктери. / Бишкек 2001.

Социалдык, экономикалык жана чарбалык турмуштун маселелерин башкарууну жана чечүүнү уюштурууда уруучулук жамааттын аңдалган зарылчылыгы уруу ичиндеги мамилелерди натыйжалуу жана туура жөнгө салууга жөндөмдүү жалпы эрежени иштеп чыгуу талабын туудурган. Ошону менен андай эреже жамааттын, уруунун жалпы эле эл журттун турмушунун бардык тарабына тиешелүү болгон табигый жаратылыш зарылчылыгына жана тарыхый салт санааларга негизделген алгачкы каада–салт нормалары болуп калган. Профессор Г.А. Мукамбаеванын[2] адилеттүү белгилегениндей, мындай каада–салт тарыхый узак мезгилдин ичинде келип чыккан, мына ошондуктан муундан–муунга өтүп, бир нече жолу турмушта кайталанып колдонула берип, адамдар үчүн өнөкөткө айланып, норма, демейки укук болуп калган.

Адатты сактоо болгон башкаруу аппараты жана аксакалдар пикиринин күчү менен колдоого алынган, анын үстүнө адатты бузгандарга мажбурлоонун тийиштүү чаралары колдонулган. Уруулар менен жамааттардын башкаруу жана мажбурлоо аппараты болуп алардын башчылары жана аксакалдар кеңеши, атап айтканда бийлер, манаптар, даткалар, бектер жана башкалар болгон. Алар тийиштүү баштапкы уюмду башкарышкан, административдик, саясий, чарбалык жана сот функцияларын аткарышкан. Аларга караштуу кеңешчилер, ошондой эле “Кырк жигит” деген чоролор болгон. Булар уруу башчысынын жана аксакалдар кеңешинин ар түрдүү административдик көрсөтмөлөрүн аткарышкан.

Булактар ырастап тургандай, жамаат XVI кылымдын экинчи жарымынан баштап чоң өзгөрүшкө дуушарланган. Субъективдүү жана объективдүү кырдаалдардын таасири астында уруулук жамааттан – айылдык жамаатка, боз үйдөн – сокмо дубал үйгө, айылдардан – кыштактарга өтүү менен байланышкан социалдык–саясий процесстер болуп өткөн. Кыргыз коомунда шарият таркала баштайт. Буга чейин жүрүш–туруштун негизги нормалары адат болуп келген.[3] Бул экономикалык жана коомдук мамилелер, коңшу жашаган элдердин таасири менен шартталган.

---

[2] Кененирээк кара.: Мукамбаева Г.А. “Манас жана укук”. / Бишкек 2003.– 223–226 б.

[3] Эскертүү: Шарият которгондо “Артынан жүрүүнүн жолу” дегенди билдирет жана мусулман укугун түзөт. Ушул укуктун негизи болуп Куран, Сунна, иджма (мусулман коомунун бирдиктүү макулдашуусу) жана кияс (салыштырып пикирлешүү) кызмат кылат. Адат жамаат ылайыкташып жашаган болмуштун юридикалык нормаларынын, эрежелердин, адаттардын системасы катары түшүнүлөт, ошондуктан аны кээде кадимки укук деп да аташат. Шарият көбүнчө Кыргызстандын түштүгүнүн отурукташкан калкынын арасында, адат өлкөнүн түндүгүндө басымдуулук кылган (кеңирирээк кара,:Давид Рене, Жоффре–Спинози К., Основные правовые системы современности. /М., 1999; Графский В.Г. Всеобщая история права и государства: Учебник для вузов. / М., 2003.).

Жыйынтыгында кыргыз эли үчүн салттуу болуп келген көчмөн жамаат жарым-жартылай отурукташкан жамаатка айланган. Мындай эволюциялык процесске жайыттардын жана мал санынын кыскарышы, ошондой эле көчмөн калктын отурукташа баштаганы өбөлгө түзгөн, бул азыркы Кыргызстандын аймагындагы өндүрүштүк мамилелердин андан ары өнүгүшү үчүн оң таасирин тийгизген. Бардык ушул процесстер, башкаруунун мураска калтырылган баскычтуу формаларын кошуп алганда өз алдынча башкаруучулуктагы жамааттык мамилелердин бара–бара жоюла башташына себепкер болгон.

СОГУШТУК–ЭЛДИК БАШКАРУУ

Кийинчерээк XVIII-XIX кылымдарда башкаруу системасы согуштук–элдик принципте түзүлө баштаган, анын маңызы саясий мүнөзгө ээ болбогон иштер боюнча жергиликтүү калкты башкаруу калк шайлаган адамдарга жергиликтүү тартипти сактоо менен өткөрүлүп турган, мында негизги күч согуштук администрацияда сакталып калган.

Ушул мезгилде кыргыз коомчулугунда али да болсо жамааттык өз алдынча башкаруу элементи сакталып калгандыгына карабастан, ар түрдүү согуштук аракеттердин натыйжасында башталган аймактарды ирилештирүүнүн объективдүү процесстери калыптанган урууучулук түзүлүштү, каада-салтты бытыратып, башкаруунун башкача борборлошкон формаларынын пайда болушуна өбөлгө түзгөн.

Ушул байкалган өңүт Кыргызстандын Россиянын курамына кириши менен күчөй баштаган, бул өз кезегинде кыргыз элинин арасында сакталып келе жаткан ар түрдүү этникалык урууучулук топтордун начарлашына, бөлүнүшүнө, ал эми жер ээлөө менен жерди пайдаланууну өркүндөтүүгө, коомдук социалдык турмушту жөнгө салуунун жаңы ыкмаларынын пайда болушуна алып келди. Атап айтканда, тарыхый маалыматтарга ылайык, Россия империясынын курамына 1864–жылы Түндүк Кыргызстандын киришинин процесси аяктагандан кийин жана 1876–жылы Түштүк Кыргызстандын кошулушу менен Кыргызстандын жалпы аймагы кыргыздар үчүн салтка айланган урууучулук–этникалык топтор боюнча бөлүнүүнү таанабаган аймактык–административдик белгилер боюнча бөлүнгөн. Убакыт өткөн сайын кошулган аймактарда Россия империясынын мыйзамдары киргизилип, колдонула баштаган.

Уруу бийлигинин салттуу институттары (манаптар, бийлер, даткалар, бектер, болуштар жана башкалар) бара–бара өз аймагында башкаруу жүргүзүүнүн анык күчүн колдорунан кетире баштады. Анткени башкаруу системасы катары тийиштүү өзгөрүшкө дуушарланды, анын негизинде айылдык ыстарчын кызматы, болуш жана оез башкармалыктарды уюштуруу киргизилген.

Жүргүзүлгөн административдик өзгөрүүлөр менен жаңы уюштуруу структурасы белгилүү бир өлчөмдө калыптанып калган социалдык жана башкаруу салтын эске алгандыгын белгилей кетүү адилеттүү болоор. Алсак, көчмөн калк үчүн башкаруунун эки тепкичтүү формасы; оез–болуштук башкаруу киргизилген. Өз кезегинде болуштук айылдык жамаатка бөлүнгөн, тийиштүү түрдө болуштук администрация жана айыл ыстарчыны тарабынан башкарылган. Ал эми отурукташкан калк үчүн болсо бир деңгээлдүү башкаруу киргизилген, анда калк колунда бийликти топтоштурган аксакалчылык боюнча уюшкан.

Мына ошентип, төмөнкү башкаруучу аппараттын – "шайлануучу элдик администрациянын" негизин жергиликтүү калк формалдуу шайлаган болуштук башкаруучулар, айылдык ыстарчындар жана аксакалдар түзгөн. Алар жергиликтүү башкаруунун төмөнкү баскычы болуп түпкү калктын жарандыгы бийлиги деп эсептелген жана айылдык ыстарчындын түздөн–түз катышуусунда айылдык жыйында атайын тандалып алынган шайлоочулар тарабынан үч жылдык мөөнөткө шайланышкан.

Ошого карабастан бардык бийлик менен аткаруу структурасы Россиянын администрациясына баш ийдирилген, алсак край, област, оез жана болуштук эреже катары аскерлер жана чиновниктер тарабынан башкарылган. Башында падыша дайындаган жана административдик–аскердик башкару, ошондой эле сот бийлигин жүргүзүү боюнча кеңири укукка ээ болгон генерал – губернатор турган. Ачыгын айтканда генерал–губернатор бардык чараны кабыл ала билген, ал тийиштүү крайдын түзүлүшү үчүн пайдалуу жана токтоосуз аткаруу зарыл деп табылган.

Өз кезегинде област аймактын бардык ишин жүргүзгөн аскер–губернатор тарабынан башкарылган. Оез начальниги тийиштүү жеринде аскердик, административдик жана полициялык функцияны жүргүзгөн, ошондой эле айылдык жыйындарга жана болуштук съездерге көз салган. Административдик бийлик өз чиновниктери – ыстарчындар аркылуу жыйынга таасир тийгизип турган, алар айылдык съезддердин (жыйындардын) аткаруучу органдары болуп эсептелген жана салыктардын туура жыйналышы жана полициялык маселелердин чечилиши үчүн контролду алып барышкан.[4] Жогоруда белгиленгендей ыстарчындар 3 жылдык мөөнөткө шайланышкан жана оездун начальниги тарабынан бекитилген. Жыйынтыгында кыргыз крайлык башкаруунун бүткүл системасы "аскердик – элдик" башкаруу деп аталып, айкын максатты – бийликти борборлоштурууну көздөгөн. Ушул система Кыргызстанда жергиликтүү бийликти ишке ашыруунун жаңы этабынын башталышына

---

[4] Кара.: Нурбеков К. Кыргыз ССРинин мамлекет жана укук тарыхы. Чыг: 1. /Фрунзе, 1965.–С. 61–70.

негиз салган 1917–жылдын октябрь революциясына чейин олуттуу өзгөрүүгө учураган жок.

Мындан кийин, Кыргызстанда жергиликтүү бийликти уюштуруунун өзгөчөлүгү социалисттик революциядан кийин жоюла баштаган, анткени ошол учурдан тартып, түзүлгөн совет мамлекетинин бүткүл мейкиндигинде унификация башталган.

СОВЕТТИК МЕЗГИЛ

Советтик Россиянын аймагында болуп өткөн земстволук башталышка негизделген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мурдагы системасын бара–бара жоюу боюнча процесстер жана В.И. Лениндин көз караштарына негизделген советтердеги өкүлчүлүк принциптеринде жаңы өз алдынча башкаруу органдарынын пайда болушу Кыргызстанда да орун алды.

В.И. Лениндин "Бүткүл бийлик Советтерге" деген атактуу урааны символикалуу гана болбостон, башынан тартып эле бардык мамлекеттик процесстерди Советтерди өнүктүрүү менен байланыштырууга умтулушту баса белгилеп көрсөткөн. Буржуазиялык мамлекеттик машинаны талкалоо зарылчылыгы жөнүндө идеяга келип, В.И. Ленин мамлекеттик башкаруу структурасында Советтердин ролун жана ордун ачып берген. Алсак совет мамлекетин башкаруу структурасынын түзүлүш этабында Ленин мамлекеттик бийликке көз каранды болбогон автономдуу институт катары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каршысы болгон.

Бул практика менен да ырасталат – Советтердин бийлигинин түзүлүшү көбүнчө жергиликтүү өз алдынча башкарууну жоюунун эсебинен болуп өткөн. 1918–жылдын январындагы Советтердин III съездинде ырасталгандай, "Ыйык нерсенин алдында турган сыяктуу азыркы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдында пролетариат ийменип токтоп кала албайт". Советтер коомдун турмуш–тиричилик аракеттеринин ар түрдүү чөйрөсүндө мамлекеттик бийликтин жана өз алдынча башкаруунун өзүнчө бир унификацияланган формасы катары келип чыкты.

Алгачкы Советтердин ишмердиги негизинен эки багыт боюнча жүрдү: башкаруунун жаңы аппаратын түзүү боюнча уюштуруу иштери жана жергиликтүү чарбаны жолго коюу Жергиликтүү Советтер мамлекеттик бийлик органдарына баскычтуу принципте баш ийдирүүгө негизделген демократиялык централизмдин алкагында жогору турган бийликтин декреттери менен токтомдорун турмушка ашырышкан.

Ошону менен бирге эле элдик бийликтин элементи катары өз алдынча башкаруу идеясы формалдуу түрдө социалисттик мамлекеттик түзүлүштүн негизине салынган жана мамлекеттик бийликтин бардык деңгээлдеринде эл депутаттар советтерин жана алардын аткаруучу органдарын түзүүдөн туюнтулган. Бирок, мамлекетте анык башкаруу совет бийлигинин таанылган органдары аркылуу эмес, бүткүл мамлекеттин өзөгүн түзгөн партиялык

структура аркылуу ишке ашырылган. Ошондуктан өкүлчүлүктүү органдар– Советтик өлкөнүн мамлекеттик бийлик органдары катары эл депутаттарынын советтери бирдиктүү партиялык–мамлекеттик түзүлүштүн бөлүгү болгон. Бул система өлкөнү башкаруунун борборлошкон механизминин логикалык натыйжасы болуп калган.

Жыйынтыгында, Советтик коомдо өз алдынча башкаруунун формалдуу белгилери болгону менен, иш жүзүндө мындай институттун дегеле болуу мүмкүнчүлүгү реалдуу түрдө таанылган. Алсак, көрүнүктүү Советтик мамлекеттик ишмер А. И. Лукьяновдун пикири боюнча: "1977–жылдагы СССРдин Конституциясы жана колдонуудагы союздук жана автономиялуу республикалардын Конституциялары жергиликтүү өз алдынча башкарууга жергиликтүү советтердин функцияларын кошууга жол бербейт. Бул позиция мамлекеттик бийлик органдары катары барыдан мурда жергиликтүү Советтердин ролун кыйшаюусуз жогорулатуу дегенди билдирет. Мына ушундай шартта али да болсо юридикалык адабиятта кездешип келе жаткандай жергиликтүү Советтердин ишмердигин жергиликтүү өз алдынча башкаруу катары чечмелеп берүүгө аракеттин негизи жок".

Демек мурдагы СССРдин өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда анык жергиликтүү өз алдынча башкаруу болушу да мүмкүн эмес эле. Совет коомун демократиялаштырууга багыт алган "Кайра куруу" процесстери менен гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын түзүлүш жана өнүгүш маселеси жана аларга мамиле жасоо жаңы деңгээлге көтөрүлүп чыккан.

1990–жылдын мартында СССР эл депутаттарынын кезексиз съездинде өлкөнү жаңылоо процессинин башкы багыты болуп эл депутаттар советтеринин ролун жогорулатуу эсептелген, элдин өз алдынча башкаруусунун пайдубалы катары, элдин толук бийлигин жана эгемендүү эркин ишке ашыруучу орган катары эл депутаттар советтеринин ролун жогорулатуу өлкөнү жаңылоо процессинде башкы багыт болуп саналат деп белгиленген.

Ушул идеяны ишке ашыруунун күчүнөн улам 1990–жылдын апрелинде "СССРде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү чарба жүргүзүүнүн жалпы башталыштары тууралуу" СССРдин мыйзамы кабыл алынган. Советтик мезгилдеги мыйзам чыгармачылыгынын салтына ылайык, союздук нормалар автоматтуу түрдө республикалык мыйзамдарга көчүрүлүп келген.

Ошондуктан ушуга окшош "Кыргызстан республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзам республикада кабыл алынып, союздук мыйзамдын эле көчүрмөсү болуп, эл депутаттарынын аймактык советтерине өз алдынчалыктын принциптеринде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү укугу берилген. Анын үстүнө мыйзамда өз алдынча

башкаруунунтийиштүүукуктарына,ыйгарымукуктарынажоопкерчилигине, финансы жана материалдык негиздерине кепилдик берилген. Ал эми аны ишке ашыруунун куралы катары депутаттардын жергиликтүү советтери, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле демократиянын түздөн–түз формалары – жергиликтүү референдумдар, жарандардын чогулуштары жана жыйындары аныкталган.

ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАН

Советтер Союзунун ыдырашынан жана 1991–жылдын 31–августунда Кыргыз Республикасынын эгемендикти алышынан баштап, азыркы замандагы улуттук жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн жаңы тарыхый эсеби башталган.

Өз алдынча башкаруучулуктун башаттарына кайрылып келүү республиканын бүткүл саясий жана социалдык–коомдук турмушун жаңыдан жараткан революциялык кайта өзгөртүүлөрдүн шартында болуп өттү. Анын үстүнө: түзүлүп калган чарбалык байланыштардын ыдырашы, экономиканын өспөй токтошу, романтикалык көңүл көтөрүүнүн толкунунда улуттук өзүн–өзү аңдоо сезиминин жана өзүн–өзү аныктоонун өсүшү, ошондой эле бүткүл Советтик түзүлүштөн кийинки мейкиндикте адамдын демилгесин өнүктүрүү факторлорунун бири катары жеке менчиктин жоктугу сыяктуу кайта жангыс процесстер абалды ого бетер тереңдеткен. Коомдук реформалардын натыйжалуулугуна демократиялык салттын солгундугу да, узак жылдар бою өкүм сүрүп келген башкаруунун буйрукчул административдик системасы да, азыркы замандагы Кыргызстанда али да болсо орун алып келе жаткан өткөндүн саркындылары да өз таасирин тийгизгендигинде шек шок.

Ал түгүл коомдогу бардык кардиналдуу өзгөрүштөр, узак жылдар бою жана кылымдарда сын–сыпатынан кеткен жергиликтүү өз алдынча башкаруу идеясынын киргизилиши жана бири–бирине көз каранды баскычтуу түзүлгөн аскердик– элдик башкаруу, ошондой эле Советтик партиялык камкорчулук коомдук абалды, анык болгон мүмкүнчүлүктү, жөндөмдүүлүк менен демилгелүүлүктү, барыдан мурда калктын өзүнүн жөндөмү менен демилгесин тийиштүү эске алып, талдабастан жүргүзүлүп келген. Мунун күбөсү катары мамлекеттик институттардын башкаруу системасынын реформасын бат эле эки этапта бүткөрө коюу жана өз алдынча башкаруучулук принциптерди шыр эле киргизе коюу каалоосу ырастап турат.

"Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун реформасы жөнүндө" 1994–жылдын 18–августундагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык биринчи этап–өзүнө жергиликтүү жамааттардын, айылдардын, шаарчалардын жана шаарлардын деңгээлинде калктын туруктуу жашаган жана күндөлүк турмуш өткөргөн

жери боюнча реформаны камтыган. Анткени райондордун, областтардын жана Бишкек шаарынын деңгээлинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттардын бирикмесинин негизинде жана андан келип чыга тургандыгынын негизинде ишке ашырылгандыктан, аны кайра уюштуруу маселеси базалык деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкарууну түзгөндөн кийин гана чечилиши мүмкүн болчу. Бул реформанын экинчи этабы болжол менен жарым жылга чейин созулууга тийиш".

Адамзаттын көп кылымдардан берки өз алдынча башкаруучулук салты бар, ал жүз жылдап Европанын, Американын жана Азиянын демократиялык өлкөлөрүндө түзүлүп жана колдоого алынып келсе, мурдагы Советтер Союзунун кең мейкининде, анын ичинде Кыргызстанды да кошкондо колдон чыгарылган ошол салтты практика далилдеп тургандай, биз заматта кайра кайтарып келүүгө далалаттандык. Ага карабастан жергиликтүү башкаруунун системасын уюштуруучулук жактан реформалоонун 15 жылдык мезгилинин натыйжасында республиканын бардык баштапкы аймактары (айыл, шаарча жана шаар) өз ишмердигин жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптеринде жүргүзүшүнө укуктуу жана милдеттүү болушу ишке ашырылган факты болуп калгандыгында күмөн жок.

Азыркы мезгилде өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү, аткаруучу–тескөөчү жана коомдук аймактык органдарынан турган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын туруктуу системасы түзүлдү деп айтууга акылуубуз. Анын ичинде эл бийлигинин системасындагы ажырагыс бөлүк болуп саналган калктын эрк–ыктыярын билдирүүнүн тике формасы – жергиликтүү турмуштун көп сандаган маселелери жарандардын түздөн–түз катышуусунун натыйжасында чечиле турган курултайлар, жыйындар жана чогулуштар турмушубузга терең кирип жана биротоло орун алып калды.

Ошентсе да, бардык ушул жетишилген уюштуруучулук өзгөрүштөргө карабастан, ушул кезге чейин бийликтин жергиликтүү элдик органдарынын калктан кандайдыр бир алыста обочолонуп турушу бар экендигин белгилебей коюуга болбойт, ошондой эле көрсөтүлгөн кызматы жана өз ишинин натыйжасы үчүн тийиштүү жамаат алдында өзүнүн чыныгы жоопкерчилигин сезүүсү да кээде билине бербейт. Балким жогортон киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүмдөрү али да болсо толук өлчөмүндө күчүнө кире албай, коомчулуктун кеңири колдоосуна, түшүнүүсүнө жана дем–күч кошуп андан ары алып кетүүсүнө ээ боло албай жатканынан улам ушундай абал келип чыккандыр.

2-ГЛАВА.
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН УЮШТУРУУ-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

Ар түрдүү коомдук мамилелерди жөнгө салуунун инструменти катары, укук социалдык коомдун негизги жактарынын бири болуп саналат. Коомдук кошо жашоонун тарыхы алгачкы коомдук түзүлүштүн мезгилинен баштап азыркы замандагы мезгилге чейинки адамзаттын жашоосу белгилүү бир эрежелер жана нормалар боюнча келе жаткандыгын күбөлөп турат. Бул социалдык организмдин ажырагыс белгиси, ал эволюция жолу менен өзгөчө бир чаралардын системасын иштеп чыккан, анын ажыты жана маңызы – жалпы өнүгүүнүн максатында ар бир жеке пенденин таламдары менен керектөөлөрүн айкалыштырууда турат.

Азыркы замандагы дүйнөдө мамлекеттин бүткүл турмуш жашоосун жөнгө салуучу нормативдик укуктук актылар мына ушундай жалпы эрежелерден болуп эсептелет. Дегинкисин айтканда, нормативдик укуктук актылар асыресе жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында эң маанилүү механизмдер катары чыгат, алардын жардамы менен белгилүү бир укук мамилелери белгиленет, өзгөртүлөт, жоюлат. Бул өңдүү актылар чынында эле тийиштүү милдеттерди, максаттарды жана иш аткарууларды жүзөгө ашыруунун жана жетишүүнүн алда канча кеңири таркалган юридикалык формаларынын бири катары эсептелүүгө, ошондой эле кандай башкаруу ишмердиги болбосун, жүзөгө ашыруунун маанилүү ыкмасы катары эсептелүүгө толук акылуу. Мындан жергиликтүү өз алдынча башкаруу да четтеп кетпейт, анткени ал азыркы кездин мамлекеттүүлүгүнүн ажырагыс атрибуту болуу менен, нормативдик–укуктук актыларда туюнтулган нормалар менен дагы жөнгө салынып турат.

Ошентсе да, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу–укуктук негиздери тийиштүү башкаруунун аймактык органдарын уюштуруу тартибин, иш түрлөрүн жана принциптерин жөнгө салып, бекемдеп туруучу багытталган укуктук актылардын өз ара байланыштуу системасы катары чыгат.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН УЮШТУРУУ НЕГИЗДЕРИ

Жергиликтүү калк өз алдынча башкарууга өз укугун өкүлчүлүктүү жана өзүнчө тике формада ишке ашырат, анда өкүлчүлүктүү ыкма калк тарабынан өз укуктарын эркин жана тике шайлоолордун жолу менен өздөрү калыптандырган органдарга жана кызмат адамдарына укуктарын берүүнү сунуштайт. Ал эми Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз

алдынча башкаруусуна жамааттардын катышуусунун түздөн–түз уюштуруу формалары жарандардын курултайлары, чогулуштары, жыйындары жана башка демократия куралдары болуп саналат.

Ошентсе да, формалардын түрдүүлүгүнө карабастан көбүнчө өз алдынча башкаруу принциптери белгилүү бир уюштуруу жактан структуралашкан элдик бийлик мекемелери аркылуу, өлкөнүн мыйзамдары белгилеген тартипте калк тарабынан түзүлгөн жана ошого ылайык алдыга коюлган аймактык милдеттерге жана максаттарга жетишүү үчүн жооп берген мекемелер аркылуу ишке ашырылат.

Мындай структуралар республиканын административдик–аймактык түзүлүшүн эске алуу менен түзүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлчүлүктүү (жергиликтүү кеңештер) жана аткаруучу–тескөөчү (айыл өкмөттөрү) шаардык башкармалыктар (мэрия) органдар жана алардын шайлануучу кызмат адамдары болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын айыл кыштактарында жана шаарчаларында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу–тескөөчү органдары – айылдык, шаарчалык кеңештер жана айыл өкмөттөрү иштейт, аларды тике, жалпы шайлоолор жолу менен жергиликтүү калк тарабынан шайлануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчылары жетектейт. Өз кезегинде, "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүү тууралуу" 1996–жылдын 20–мартындагы КР Президентинин Жарлыгынын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлигинин институту катары айыл өкмөттөрү (сельские управы) 1996–жылдан баштап киргизилгенин белгилей кетүү керек. Алардын түзүлүшү тийиштүү аймактарда орун алган көп бийликтин жана жоопкерсиздиктин элементтерин жоюу үчүн турмуштук зарылчылык болгон. Мында айыл өкмөттөрүн түзүү аймактык–коомдук өз алдынча башкаруу органдары катары иштеген, аларды түзгөн өзүнүн жалпы чогулушуна отчёт берүүгө милдеттүү айылдык комитеттерди жоюунун базасында болуп өттү.

Республиканын шаарларында жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун ишке киргизүү таптакыр башкача болду. Атап айтканда 1998–жылдан 2001–жылга чейин (ал эми Бишкек шаарында 1995–жылдан баштап) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарын түзүү ошол кезде иштеп жаткан шаардык мамлекеттик администрацияларды жоюунун базасында болуп өттү. Анын үстүнө шаардын административдик–аймактык статусу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарын түзүү системасына жана алар тарабынан шаардык маанидеги иштерди оперативдүү башкаруу боюнча ишмердигин жүзөгө ашырууга түздөн–түз таасир тийгизди.

Алсак, райондук маанидеги статусу бар шаарларда өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары – шаардык башкармалыктар – шаардык кеңештердин алдында түзүлдү, алар бир эле мезгилде эркин, жалпы жана тике шайлоолордун натыйжасында айыл, шаарчадай эле шайланган шаар башчыларына жетекчилик жүргүздү.

Республикалык (Бишкек жана Ош шаарларында) жана областтык статустагы шаарларда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлигин шаардын аймагында шаардык кеңештер менен бир катарда иштеп жаткан мэриялар жүзөгө ашыра башташты. Өз кезегинде ушул муниципалдык органдарды тийиштүү түрдө шаардык кеңештин сессиясында депутаттар тарабынан альтернативдүү негизде өз кызматына шайланган кеңештин төрагасы жана мэр өз алдынча жетекчилик кылышат.

Ушуга байланыштуу Кыргызстанда өз алдынча башкарууну уюштуруунун колдонулган практикасына таянып, шарттуу түрдө аймактык жана башкаруучулук принципке негизделген жер–жерлердеги башкаруунун 3 схемасын бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Айылдык формасы – айылдарда, шаарчаларда жана райондук статустагы шаарларда иштейт, ал аймак башчысы 4 жылдык мөөнөткө эркин, тике шайлоолордун жолу менен жалпы негизде шайлана тургандыгы менен айырмаланат. Алар жер–жерлердеги бийликтин өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарын башкарат. Бирок, соңку мезгилдердеги 2006–жылдын 6–февралындага жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү мыйзамдык өзгөрүү айылдын жана шаарчанын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын бир эле мезгилде айылдык жана шаарчалык кеңештин төрагалык иш милдетин жана аткаруучу органдын жетекчисинин иш милдетин аткарышы жөнүндө норманы алып салды. Мында муниципалдык органдардын шайлануучу кызмат адамдары биргелештирип иш милдетти аткаруу принциби райондук маанидеги шаарлардын деңгээлинде сакталып калды.

2. Шаардык формасы – областтык маанидеги шаарларда жана Ош шаарында ишке ашырылат. Өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчыларын–мэрлерди 4 жылдык мөөнөткө республиканын Президенти тарабынан кеминде эки талапкерди альтернативдүү сунуш кылуунун негизинде шаардык кеңештердин сессияларында кыйыр шайлоолор жолу менен шайлоо эң айырмалуу белгиси болуп саналат. Өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдары тийиштүү түрдө кеңештин төрагасы жана мэр тарабынан жетектелет.

3. Дуалисттик формасы (мамлекеттик–муниципалдык) – республиканын борбору Бишкек шаарында колдонулат, мында шаарды башкаруу мамлекеттик башкаруу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун симбиоздуу башталышта жүзөгө ашырылат. Атап айтканда Бишкек шаарынын райондук

администрациялар башчысы республиканын Президенти тарабынан КР Премьер-министри менен макулдашуу (сунушу) боюнча райондордун жана областтардын мамлекеттик администрация башчылары сыяктуу эле дайындалып (бошотулуп) келген.[5] Өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу кеңештин төрагасы жетектеген шаардык кеңешти жана мэр башкарган мэрияны толук элестетет, алар өз убагында (1995–жыл) түздөн-түз шаардын калкы тарабынан шайланышкан. Бирок 1998–жылдан баштап шаардын калкы тарабынан Борбор шаардын мэрин жалпы, түз шайлоолор практикасы өлкөнүн Президенти тарабынан кеминде эки талапкерди альтернативдүү сунуштоонун негизинде шаардык кеңештин сессиясында депутаттар тарабынан шаар башчысын кыйыр шайлоо принциби менен алмаштырылган.

Ошону менен бирге эле уюштуруучулук башкаруучулук ар түрдүүлүк эл аралык практикада жетиштүү түрдө таркалган көрүнүш экендигин белгилей кетүү керек. Асыресе Улуу Британиянын муниципалдык түзүлүш тартибинин тажрыйбасы кызыгууну туудурат, ал эң оболу классикалык англосаксондук укуктук системанын өкүлү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун модели болгон өлкө катары кызыктуу. Алсак 2000–жылдагы жергиликтүү башкаруу жөнүндө Улуу Британиянын мыйзамынын 11–статьясына ылайык аткаруу бийлигин калыптандыруунун бир нече варианттары каралган:

– “Мэр жана кабинет”, аткаруу бийлигин жетектөөчү мэрди тике шайлоону мүнөздөп турат;

– “Лидер жана кабинет”, аткаруу бийлигинин башчысы кеңештин курамынан шайланат;

– “Мэр жана кеңештен келген башкаруучу”, эркин шайлоо жолу менен шайланган мэр кеңеш дайындаган башкаруучу менен бир катарда ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Ар бир учурда мэр кеңештин төрагасынын кызматын ээлеши мүмкүн, ошондой эле аны ээлебей коюшу да мүмкүн. Бирок мында аткаруу органынын ыйгарым укуктарынын түркүмү администрация тарабынан жетекчилик жүргүзүү, ошондой эле кеңештин чечимдерин жүзөгө ашыруу менен чектелип турат.

Бул кеңештер муниципалдык бийликти алып жүрүүчү болуп таанылгандыгынын натыйжасы, ал эми калган муниципалдык органдардын компетенциясы кеңештин ыйгарым укуктарынан келип чыгат.[6]

---

[5] Эскертүү.: 2006–жылдын 9–ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын кабыл алынышына байланыштуу кийинчерээк мамлекеттик администрация башчыларын дайындоо (бошотуу) жол-жобосу өзгөртүлөт.

[6] Кара.: Евдокимов В.Б. Старцев Я.Ю. Местные органы власти зарубежных стран: правовые аспекты./ М., Спарк,2001.–с. 54–162.

Өз кезегинде, жер–жерлерде тике мамлекеттик башкаруу менен жергиликтүү өз алдынча башкарууну айкалыштырууга негизделген башкаруунун континенталдык моделинин баштоочусу Францияда таптакыр башкача мамиле жасалат. Атап айтканда, ар бир коммунада тике шайлоолордун натыйжасында муниципалдык кеңештер калыптанат, анда шайлоолордон кийинки биринчи отурумда жашыруун добуш берүү менен өз курамынан мэрди – аткаруу бийлигинин башчысын шайлашат. Мында мэрди шайлоо бир нече турда өткөрүлөт. Алсак, алгачкы эки тур үчүн абсолюттук көпчүлүк добуш зарыл. Ал эми үчүнчүсү үчүн – жөнөкөй көпчүлүк добуш, анын үстүнө муниципалдык кеңеш мындай шайлоолорду өткөрүш үчүн толук курамында болууга тийиш. Мындан тышкары муниципалдык кеңеш өз санынан 30% чегинде мэрдин орун басарларынын санын өз алдынча аныктайт. Андан кийин мэрдин төрагалыгынын астында ар бир өзүнчө кызмат боюнча ушул эле жол–жобо колдонулуп мэрдин орун басарларын шайлоо өткөрүлөт. Мэр жана анын орун басарлары муниципалдык кеңештикиндей эле мөөнөткө шайланышат. Мэр кеңешке отчет берүүгө милдеттүү эмес, кеңеш аны өз кызматынан кетүүгө мажбурлай албайт, ошондой эле мэр да өзүнүн орун басарларын иштен кетүүгө мажбурлай албайт, бирок орун басарларынан берилген ыйгарым укуктарды алып коюуга укуктуу.

Мындан тышкары мэр Францияда өзүн коммунанын аткаруу бийлигинин башчысы катары гана көрсөтпөстөн, аймактагы борбордук бийликтин өкүлү катары да чыгат. Берилген мамлекеттик иш милдетти талаптагыдай аткарбаган учурда, мэр убактылуу префект тарабынан (жогору турган инстанция) мамлекеттин өкүлүнүн ыйгарым укуктарын аткаруудан четтетилиши мүмкүн. Ал эми айрым учурларда мэр өзүнүн бардык милдеттеринен Франциянын ички иштер министринин чечими менен четтетилиши, же болбосо министрлер советинин декрети менен кызматтан алынышы мүмкүн.[7]

Классикалык моделдин кеңири таркалгандыгына карабастан көп учурда өз алдынча муниципалдык система катары Германиялык моделди да бөлүп көрсөтүп жүрүшөт, ал көп жагынан жогоруда каралып өткөн башкаруу формаларын өзүнө айкалыштырып турат.

Муниципалдык башкаруунун Германиялык моделин чийме түрүндө: жамаат – район – округ деп сүрөттөп көрсөтүүгө болот. Жамаат жамааттык муниципалдык кеңешке ээ, анын мүчөлөрү өз ишмердигин коомдук башталышта жүргүзүшөт. Калктын өзү тарабынан тике же болбосо муниципалдык кеңеш тарабынан тике шайлануучу бургомистр болот.

[7] Кара.: Общие сведения об административном праве Франции./Жан–Бернер Оби, Оливье Бо и др,: 2–е изд/ изд. Посольство в Москве. /М., 1993.–С. 32–34.

Район – жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлдеринин бири, ага чакан шаарлар жана шаарчалар, же болбосо, райондук борбордун функциясын аткарган чоң айылдар кирет. Мында райондор бир эле учурда мамлекеттик администрациянын төмөнкү органдары болуп эсептелет, анда райондун башчысы тике калк тарабынан же райондук кеңеш тарабынан шайланат. Округ – жер министрликтери жана райондор ортосундагы ортолук деңгээлди түзөт. Алар, өкүлчүлүктүү органдарды күтпөйт, ал эми ошол округдардын башчысы жер өкмөтү тарабынан дайындалат.

Соңку мезгилде тийиштүү адабияттарда жана илимде муниципалдык системаны куруунун өзгөчө бир түрү катары советтик модел бөлүнүп көрсөтүлө баштады, анда жергиликтүү башкаруунун борборунда эл депутаттарынын советтери жана аткаруу комитеттери турган, алар партиялык ячейкалардын патронажы астында болгон. Жергиликтүү бийликти уюштуруунун советтик системасы башкаруунун тепкичтүү түзүлгөн борборлошкон моделине негизделген, анда бардык чечим борбордон кабыл алынган жана төмөндү карай бирдиктүү административдик–командалык, территориялык вертикал менен түшүрүлүп турган.

Бирок муниципалдык моделдердин бардык болгон көп түрдүүлүгүндө дүйнөлүк практикада аймактык бийликти уюштуруунун артыкчылык берилген жергиликтүү башкаруунун 5 уюштуруу–укуктук формасы бөлүнүп турат[8]

"Күчтүү кеңеш – алсыз мэр" формасында аткаруу органдарынын ишин тутумдаштыруу жана алардын ишине контрол жасоо боюнча мэрдин укугу чектелүү болот. Мэр үчүн негизинен өкүлчүлүктүү жана оперативдүү аткаруучулук иш милдет тагылат. Ал эми кеңеш башкаруу, чарба жүргүзүү, финансы жана кадр маселелер чөйрөсүндө укуктардын чоң көлөмү менен бөлүнөт.

"Күчтүү мэр – алсыз кеңеш" формасында ушунун тескерисиндей болот, калк түздөн–түз мэрди шайлайт, ал кезегинде өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органга мамиле жасоо боюнча мэрдин позициясын күчөтөт жана ага кеңештин чечимине вето коюу укугун берет, бул депутаттардын квалификациялуу көпчүлүк добушу менен гана алынышы мүмкүн.

"Кеңеш–башкаруучу" формасында кеңеш тийиштүү түрдө жалдоого алат жана башкаруучуну аймакты оперативдүү башкаруу үчүн жалдоого алган адис башкаруучуну кызматынан бошотот.

"Комиссиялык башкаруу" формасы – жогорку кызмат адамы болбогон башкаруу модели, ал ар бир участок үчүн ар кимиси жооп бере турган бир

---

[8] Кара.: Кутафин О.Е., Фадеев В.И. Муниципальное право Российской Федерации: Учебник. / М., 2002.–С. 55–65.; Шугрина Е.С. Муниципальное право: Учебное пособие. / Новосибирск, 1995.– с, 21–24.; Яснюас В.А., Основы местного самоуправления: Учебное пособие. /М., 1998. – С. 59–60

нече ыйгарым укуктуу адамдардан турган комиссия аркылуу аймактык башкарууну сунуштайт.

"Аралаш башкаруу" формасы мэрдин болушу, башкаруучунун болушу менен айырмаланат, кеңешке эмес, мэрге баш ийүүчү адистикти камсыз кылуучу башкаруучусу бар.

Дүйнөдө кеңири таралган башкаруу формаларына негизденип "Күчтүү мэр – алсыз кеңеш" формасы кыйла тагыраак улуттук уюштуруучулук бөтөнчөлүктү эске алган, ата мекендик турмуш чындыгын чагылдырган катары көрүнөт, анын үстүнө ушул модел менен окшоштук мазмунунда жана иш милдетти аткаруу мамилесинде туюнтулбастан формасы боюнча гана көрүнөт. Андыктан Кыргызстанда мэр (айыл өкмөт башчысы, шаар башчысы) аткаруучу муниципалдык бийликти жүргүзүп, бир эле учурда аймакта мамлекеттик саясатты жүргүзүү үчүн жооптуу мамлекеттин өкүлү болуп саналгандыгы менен гана күчтүү болбостон, ошол эле учурда кеңештин курамынын (жергиликтүү кеңеш) көпчүлүк учурда алсыздыгынан улам да күчтүү, алар көбүнчө аткаруу бийлигинин аракетине субъективдүү жана объективдүү түрдө көз каранды болот.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга жарандардын конституциялык укугу таасын туюнтулган уюштуруу формасы – муниципалдык элдик бийлик структурасы аркылуу да, ошондой эле аймактык–коомдук органга жашоочулардын ыктыярдуу өз алдынча уюшуп алышынын натыйжасында да ишке ашырылышы мүмкүн.

Аймактык–коомдук өз алдынча башкаруу – аймакты башкаруу жана коомду демократиялаштыруу процесстеринде олуттуу орунду ээлеген элдик бийликтин уюштуруу формаларынын бири. Ал советтер жана кичи райондор комитеттери, туракжай комплекстери, үй, көчө, квартал комитеттери, кондоминиумдар жана ошол аймактын жашоочулары жергиликтүү шартка жана салт санаага негизденип түзгөн башка органдар катары ушундай коомдук органдарды түзүү жолу менен ишке ашырылат. Бул өңдүү органдар жергиликтүү маанидеги иштерде өздүк–аймактык демилгелерди өз жоопкерчиликтерине алып өз алдынча чечүү жана аткаруу үчүн түзүлөт.

Аймактык коомдун өз алдынча башкаруу органдары жашоочулардын ыктыярдуу бирикмелери болуу менен, өз аймактарында иштин чоң көлөмүн аткарышат, ошондуктан алар коомдук өз алдынча башкаруунун өзөктүү бөлүгү деп эсептелүүгө акылуу. Дал ушул аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары иш жүзүндө мыйзамда бекемделген калктын укуктарынын жана милдеттеринин көпчүлүгүн аймактык коомдук өз алдынча башкаруу алкагында ишке ашырышат. Атап айтканда аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында тийиштүү аймактын жашоочуларынын

таламдарын гана көрсөтпөстөн, ошондой эле башкаруучулук мүнөздөгү бир катар иш милдеттерди да аткарат.[9] Атап айтканда: ошол аймактын маселелери талкууланган учурда жергиликтүү кеңештин ишине катышат, социалдык чөйрөнүн объекттерин көрктөндүрүү, оңдоо, аймакты санитардык тазалоо боюнча иштерди кабыл алууга катышат, жергиликтүү кеңештердин, алардын аткаруучу–тескөөчү органдарынын чечимдеринин аткарылышына көмөктөшөт, жарандардын курултайлары, чогулуштары жана жыйындары кабыл алган чечимдердин аткарылышын уюштурат.

Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу балким түрдүү уюштуруучулук формаларында жана көрүнүштөрүндө мүмкүндүгү көрүнүп тургандай кийинки мезгилде, айрыкча Кыргыз Республикасынын айыл жеринде жамааттар же коомдошкон уюмдар сыяктуу формасында кеңири таркалды. Биригүүнүн ушул формасы тууган–туушкандык же уруу–уруулук мамилелер принциптери боюнча да ишке ашырылышы мүмкүн, ошондой эле тийиштүү аймактын жашоочулары тарабынан биргелешип локалдуу милдеттерди чечүү үчүн өз ара таламдар боюнча да мүмкүн жана максатка ылайыктуу. Кыргызстанда ушул сыяктуу уюмдардын укуктук статусу жана укуктук жөнгө салынышы "Жамааттар (общинах) жана алардын бирикмелери жөнүндө" 2005–жылдын 21–февралында күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболоруна негизденет.

Аймактык-коомдук өз алдынча башкаруу органдарынан тышкары, жогоруда белгиленип кеткендей, жарандар өлкөнүн мыйзамы жол берген аймактын коомдук маанилүү маселелерин талкуулоо жана чечүү үчүн жашоочулар курултайларда, жыйындарда жана чогулуштарда түздөн–түз өздөрү уюштуруп чечүү үчүн өлкөнүн мыйзамдары берген мүмкүнчүлүктөн да пайдалана алышат.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусун укуктук жөнгө салуунун негизи болуп саналган нормативдик укуктук актылар системасын төмөнкүдөй структуралык элементтерге бөлүштүрүүгө болот:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2. Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары (жергиликтүү өз алдынча башкарууну максаттуу жөнгө салган, адистештирилген жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү, айрым нормаларды камтыган тармактык)

[9] Кара.: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө 2002–жылдын 12–январындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. – 50 бет.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзам алдындагы актылары(Президенттин жарлыктары менен буйруктары, Жогорку Кенештин, Өкмөттүн токтомдору, Премьер–министрдин буйруктары, министрликтер менен ведомстволордун актылары);

4. Бийликтин жергиликтүү органдарынын актылары (аймактык мамлекеттик администрациялар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актылары).

КОНСТИТУЦИЯ

Көпчүлүк өлкөлөрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу демократиялык мамлекеттин конституциялык түзүлүшүнүн негиз болуучу механизмдеринин бири болуп эсептелет. Ушунун күчүнөн улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу "мамлекеттик ички укуктук актыларда жана мүмкүн болушунча Конституцияда"[10] жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча Европа хартиясында белгиленгендей принципте бекемделген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптердин Конституциялык бекемделиши мамлекеттин негизги мыйзамы катары Конституция милдеттендирүүчү мүнөздү алып жүргөндүгүнөн гана эмес, ал улуттук укуктун башкы булагы, элдин бүткүл укуктук системасынын укуктук аң сезиминин жана укуктук маданиятынын чордону болуп саналганынын натыйжасында өзүн актап турат. Дал мына ушул Конституциялык жоболордун негизинде укуктук системанын эволюциясы болуп өтөт, ар түрдүү коомдук мамилелерди, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкарууну укуктук жөнгө салуунун негизги багыттарын аныктайт. Демек, Конституция чоң мааниден алганда башка бардык укуктук актыларга караганда өлкөнүн бардык укуктук нормалары үчүн мазмундуу базаны, пайдубалды түзгөн укуктук башталыш көбүрөөк даражада топтоштурулган жана тариздελген.

Конституциянын эң маанилүү юридикалык касиети – нормативдик укуктук актылардын системасында артыкчылыктуу абалды туюндурган, аны кабыл алуунун жана өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн өзгөчө тартиби менен камсыз болгон анын улуктугу, бул укуктук акты катары Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ дегенди түшүндүрөт. Алсак, Кыргыз Республикасынын Конституциясы – Кыргыз Республикасында эң жогорку юридикалык күчкө жана тике аракет кылууга ээ" (12–ст). Ошондуктан ушул тезистин алкагында республиканын бардык нормативдик укуктук актылары Конституциялык нормаларга ылайык келиши жана карама–каршы болуп калган учурда ал тарабынан жараксыз деп табылышы керек. Мына ушул касиети укуктук, жарандык, демократиялык мамлекеттин белгилеринин

---

[10] Кара.; Европейская хартия о местном самоуправлении от 15 октября 1985 г. – Ст.2.

бири–укуктун, барыдан мурда Конституциянын улуктугу чагылдырылып көрсөтүлгөн.

Кыргызстандын Конституциялык өнүгүшү, анын менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү укуктук нормалардын да өз өнүгүшүндө тарыхый тамыры жана мазмуну бар.

Саясий жана юридикалык жактан таризделген мамлекет катары Кыргызстандын биринчи Конституциясы 1929–жыл менен белгиленет. Кыргыз Советтик Социалисттик Автономиялуу Республикасынын Конституциясында (КССАРК) автономиянын чегинде бардык бийлик жумушчу, дыйкан жана кызыл армия депутаттар советтерине таандык деп белгиленген (3–ст). Конституцияга ылайык мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары болуп эл бийлигин көрсөткөн жана аткарган өкүлчүлүктүү органдары эсептелген. Адегенде төмөнкү органдары (шаардык, шаарчалык) шайлоолор жолу менен түздөн–түз калк тарабынан калыптанган, ушундан кийин алар жогору турган деңгээлдеги советтердин съездин түзүү үчүн негиз болгон.

Кийинчерээк Кыргызстандын мамлекеттик турпаты өзгөрүүгө дуушарланды, 1936–жылдан баштап Кыргыз АССРи башка союздук республикалар менен юридикалык бирдей статусу болгон Кыргыз Советтик Социалисттик Республикага айланган. Жаңы мамлекеттик статус республикада Конституциялык реформаны алып келди, анын натыйжасы советтердин бүткүл системасын түзүүнүн тартибине жана иш формасына олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизген Кыргыз ССРинин Конституциясын 1937–жылы кабыл алуу болуп калды. Ошентип областтардагы, райондордогу, шаарлардагы, шаарчалардагы жана айыл кыштактардагы мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары эки жылдык мөөнөткө калк тарабынан шайланган эмгекчилер депутаттарынын советтери болуп калды (54–ст). Ошону менен калк 1937–жылы Конституцияны кабыл алганга чейин болуп келгендей төмөнкү жакты гана эмес мамлекеттик бийликтин бардык жергиликтүү органдарын түздөн–түз калыптандыруунун анык мүмкүндүгүн алышты.

Социалисттик союздук мамлекеттин торолушу жана өнүгүшү, коомду башкаруунун социалисттик формасын чыңдоодо жаңы багыттар менен максаттарды аныктоо 1977–жылы союздук жаңы Конституцияны, андан кийин 1978–жылы Кыргыз ССРинин Конституциясын кабыл алуу үчүн негиз болуп калды.

Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясында мамлекеттик бийликтин шайкеш биримдиги, ошондой эле жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү милдеттердин шайкеш биримдиги бекемделген. Атап айтканда "райондук, шаардык, шаарлардагы райондук, шаарчалык, айылдык калктуу пункттарда тийиштүү эл депутаттарынын Советтери мамлекеттик бийликтин органдары

болушкан". (124–ст), ал "советтин аймагында жашаган жарандардын таламдары менен жалпы мамлекеттик таламдарга негизденип, жергиликтүү маанидеги бардык маселени чечишет" (125–131–статьялар). Жергиликтүү милдеттерди ишке ашыруу депутаттардын ичинен алар шайлай турган эл депутаттарынын жергиликтүү советтеринин аткаруучу жана тескөөчү органдарынын системасы аркылуу жүзөгө ашырылышы тийиш болгон. (132–138–статьялар).

Натыйжада аймакты уюштурууда жана иш жүргүзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун элементтери төмөнтөн жогору карай мамлекеттик бийликтин бардык органдарынын шайлануучулугу менен мүнөздөлгөн демократиялык централизм принцибинин ажырагыс бөлүгү жана улантылышы болуп калды, алардын элге отчет берүү милдети, төмөн турган органдар үчүн жогору турган органдардын чечимдеринин милдеттүүлүгү менен мүнөздөлгөн.

Саясий жана демократиялык процесстердин бара–бара өнүгүшү акыр аягында СССРдин кыйрашына, союздук республикалардын көз карандысыздыгына жана эгемендүүлүгүнө алып келди. Эркин Кыргызстандын статусу өлкөнү өнүктүрүүнүн көптөгөн багыттарын кайрадан карап чыгууну жана жаңы үлгүдөгү конституцияны кабыл алууну талап кылды.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциясы биринчи жолу 1993–жылдын 5–майында кабыл алынды. Бирок өзүнүн иштеген 10 жылдан ашыгыраак мезгил ичинде 1993–жылдын 5–майынан 2006–жылдын 9–ноябрына чейинки аралыкта аталган документ бир катар өзгөртүүлөргө дуушар болду. 1996–жылы 10–февралда, 1998–жылы 17–октябрда жана 2003–жылдын 18–февралында болуп өткөн референдумдардын натыйжасында киргизилген бир катар өзгөртүүлөргө дуушарланды. Алардын бардыгы жергиликтүү өз алдынча башкарууну да түздөн–түз козгоду, анын үстүнө өз алдынча башкарууга карата Конституциялык жаңылыктар кээде бири–бирине түз эле каршы болгон учурлар да болду. Алсак, Конституциянын баштапкы редакциясында Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик мамлекеттик бийликке жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга бөлүштүрүү принцибине негизденет деп белгиленет. Экинчи редакциясында (1996–жылдагы жалпы элдик референдумдун натыйжасы боюнча) Кыргызстанда мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функцияларын чектеп бөлүштүрүү принцибине негизденет деп көрсөтүлгөн.[11]

[11] Эскертүү: Ушул эле принцип белгилүү бир оңдоолор менен 2006–жылы 9–ноябрда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясында да сакталып калган.

Өз кезегинде 1993–жылдын 5–майындагы КР Конституциясы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкарууга укук жергиликтүү жамааттарга бекемделген, алар: "Мыйзам чегинде жана өз жоопкерчилиги астында жергиликтүү маанидеги иштерди башкарат", "жергиликтүү маанидеги иштерди башкаруу жергиликтүү кеңештер жана мыйзамда белгиленген тартипте калктын өзү калыптандырган башка органдар аркылуу жүзөгө ашырылат" (7–глава, 91–92–статьялар). Ошондой эле өз органдары аркылуу жергиликтүү жамааттар муниципалдык менчикти ээлөөгө, пайдаланууга жана тескөөгө" анын ичинде "жерге болгон муниципалдык менчикке" укуктуу (КР Конституциясы 4,92–статьялар). Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун компетенциялар чөйрөсү "жергиликтүү маанидеги иштер" жана "берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар" деген түшүнүктөр аркылуу бир эле мезгилде жоопкерчиликти чектеп бөлүштүрүү менен ачылып берилген. Алсак, жергиликтүү өз алдынча башкаруу берилген ыйгарым укуктар боюнча өз органдарынын атынан мамлекеттик органга отчет берүүгө, ал эми жергиликтүү маанидеги иштер боюнча жергиликтүү жамаатка отчет берүүгө милдеттүү болгон (КР Конституциясы 91–95–статьялар).

Кыргызстандын демократиялык жана эгемендүү өнүгүшүнүн тарыхый реалдуулугу 2005–жылдын 24–мартында болуп өткөн революция болуп калды, ал бийликтин элдик институттарынын терең системалуу кризисин көрсөттү. Ушунун кесепетинен мамлекеттик органдар менен коомчулук кезектеги Конституциялык реформаны өткөрүү демилгесин көтөрүп чыкты. 2005–2006–жылдардагы саясий окуялар көрсөткөндөй, ошондой эле кийинки жылдарда иштелип чыккан көп сандаган Конституция долбоорлорунун бир нече варианттарын талдоо көрсөткөндөй, реформанын негизги максаты республиканын мамлекеттик бийлигинин системасынын ичиндеги бири–бирине тең салмакта жана ич ара бири–бирин токтотуунун классикалык принцибин өркүндөтүүдө турган. 2006–жылдын ноябр айындагы Конституциялык реформаны тездетүүгө себепкер болгон окуялар бийликтин элдик органдарынын кризиске батканынын барып турган чеги болуп калды.

Жыйынтыгында 2006–жылдын 8 жана 9–ноябрынын аралыгында мамлекеттик бийлик бутактарынын ортосунда саясий баарлашуунун жана компромисстин үзүрү болуп калган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясын талкуулоо жана ишке киргизүү болуп калды.[12]

[12] Эскертүү:2006–жылдын 9–ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы саясий окуялардын натыйжасында жана өлкөдө туруктуулукту жана тынчтыкты сактоонун урматында ишке киргизилгендигинин күчүнөн улам белгилүү бир тийиштүү мүчүлүштүктүктөрү менен кемчиликтери

Жаңы Конституцияга ылайык элдик бийлик институттарынын мазмун бөлүктөрү олуттуу өзгөртүлгөн. Атап айтканда өлкөнүн саясий жана экономикалык турмушунда бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бутактарынын ролу өстү, сот бийлигин ишке ашыруу принциптери башкача негизделди, анын көз карандысыздыгы белгилүү бир өлчөмдө соттук өз алдынча башкаруунун механизмдери менен камсыз болушу керек. Мында өлкөнүн Президенти эл бийлигинин улуктугунун жана мамлекеттик бийликтин биримдигинин символу болуп калды.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата жаңы конституциялык нормалар ага башкача өң–түс берди, анда негизгиси болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруу субъектисинин өзгөрүшү болуп калды. Атап айтканда 1993–жылдагы күчүн жоготкон Конституцияда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укук субъектиси жана алып жүрүүчүсү жергиликтүү жамаат (калк) болуп саналса, анда жаңыртылган Кыргыз Республикасынын Конституциясында – административдик–аймактык бирдик (аймак) жана жергиликтүү кеңеш (орган) болуп калган.[13]

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна тиешелүү Конституциялык нормаларды жана аларды калыптандырган артыкчылыктарды төмөнкүдөй классификациялоого болот:

– элдик бийликтин системасында бекемдөөчү жергиликтүү өз алдынча башкаруу;

– жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу системасын жана ишмердигин жөнгө салуучу;

бар, ал тууралуу негизги мыйзамдын күчүнө кирген күндүн эртеси эле эксперттер айта башташкан. Албетте бул убагында ушул Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө алып келбей койбойт. Андыктан биздин пикирибизче мүмкүн болуучу Конституциялык өзгөртүүлөр барыдан мурда текшерилген жана жан жактуу кеңейтилген, азыркы эле учурдагы жагдайды көңүлгө албастан алыскы келечекти көздөгөндөй болушу керек. Алсак, Конституциялык курулуштун эл аралык тажырыйбасына негизделген идеалдуу моделди изденүүнүн жана нормаларын дайыма өркүндөтүү негизги мыйзамдай жалпысынан мамлекеттеги туруктуулукка өбөлгө түзө албайт. Анткени Конституциялык түзүлүш маселелеринде орун алган эл аралык тажырыйба дайыма идеалдуу деп эсептелиши мүмкүн, ушунун күчүнөн улам аны жөн эле көчүрүп алуунун жана тигил же бул өлкөнүн жекече мүнөзүн эсепке албай колдоно берүүнүн зарылчылыгы жок.

[13] Эскертүү: Конституциялык жаңылыктар, сөзсүз кыргыз элинин өзгөчөлүктөрүнө жана салт санаасына карата укуктук, социалдык–маданий жана башка өңүттөрүндө алда–канча тыгыз үйрөнүүнү жана талдоону талап кылбай койбойт. Ошондуктан белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин гана ишке киргизилген нормалардын артыкчылыгы же кемчилиги, башкача айтканда дурусу менен бурушу жөнүндө, мамлекеттик курулуш практикасына, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруу практикасына алардын тийгизген таасири жөнүндө тастыктоо жана ырастоо мүмкүн болмокчу.

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары менен ыйгарым укуктарын белгилөөчү катары классификациялоого болот.

Бул өндүү классификация 1993–жылдагы күчүн жоготкон Конституцияга карата да айтсак болот, анткени тийиштүү ондоолору менен анын бир катар жоболору негизги мыйзамдын жаңы редакциясында да өзүнүн чагылдырылып көрсөтүлүшүн тапты. Күчүн жоготкон Конституциянын да, Конституциянын жаңы редакциясынын да нормаларын классификациялоо жана карап чыгуу менен, эгемендүү Кыргызстандын 15 жылдык өнүгүшүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө Конституциялык картинаны толук сүрөттөөгө жана Конституциялык нормалар ортосунда айрым паралеллдерди келтирүүгө болот.

Элдик бийликтин системасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну бекемдөөчү нормалар түздөн–түз анын түзүлүү табиятынан келип чыгат, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (1993–жылдагы жана 2006–жылдагы) 1–статьясынын 3, 4–пункттарында юридикалык туюнтулган, анда эл эгемендүүлүктү алып жүрүүчү жана Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бирден–бир булагы, "өз бийлигин тике жана мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү органдары аркылуу" ишке ашыруучу катары аныкталган. Анын үстүнө элдик бийликтин системасы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ажырагыстыгы мамлекеттик бийликтин негиз болуучу принциптеринин бири "мамлекеттик бийликтин органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын чектеп бөлүштүрүү принциби" (7–ст) болгону жана болуп келгендиги менен бекемделген. Дал мына ушул принцип жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен өз ара аракеттенүүдө мамлекеттик бийлик үчүн негиз болгондордун бирине айлангандыгы кокусунан эмес. Ал тургай, жаңы Конституциядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу элдик бийликтин курамдык бөлүгү болот деген тезис башка негизги принципте да өнүктүрүлгөн, атап айтканда "Эл алдында мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги жана эл таламдарында алардын өз ыйгарым укуктарын ишке ашырышы" (7–ст.) деген принципте андан ары өнүктүрүлгөн.

Айтмакчы, мамлекеттик бийликтин принциптерин белгилеген 7–статьянын мазмуну жана ордунун өзү эле (1–глава 2–бөлүк "Мамлекеттин түзүлүшү жана ишмердиги" 1993–жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана 1–глава "Конституциялык түзүлүштүн негиздери" Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы) жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкарууга өлкөнүн Конституциялык түзүлүш негиздеринин бири болуп саналган институт катары мамлекеттин түзүлүшүндө жана өнүгүшүндө маанилүү рол ыйгарылгандыгы жөнүндө далилдеп турат.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу системасын жана ишмердигин жөнгө салуучу нормалар, түздөн–түз адамдын жана жарандын жекече жана коллективдүү укуктарын ишке ашыруу менен өз ара байланышкан. Айрыкча мамлекетти башкарууга алардын катышуусу бөлүгүндө, "Кыргыз Республикасынын жарандары: республикалык жана жергиликтүү маанидеги мыйзамдарды жана чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга; мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоого жана аларга шайланууга укуктуу" экендиги жөнүндө билдирген бөлүгүндө көрүнүп турат, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматка бирдей жеткиликтүүлүккө укуктуулугу жөнүндө (1993–жылдагы жана 2006–жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23–статьясы) билдирилген. Мындан тышкары башкарууга жарандардын катышуусу "республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди калыптандырууга катышуу, ошондой эле бюджеттен алынган каражаттардын фактылай сарпталышы жөнүндө кабарланып туруу" (2006–жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29–статьясы) укугу менен да күчөтүлгөн.

Республиканын колдонуудагы мыйзамдары калкка тике шайлоолор жолу менен өз органдарын түзүү укугун берет, анда жарандар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1–статьясынын негизинде "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз өкүлдөрүн", атап айтканда; жергиликтүү кеңештин депутаттарын, райондук маанидеги шаарлардын, шаарчалардын жана айылдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчыларын шайлашат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын калыптандыруунун дагы бир ыкмасы кыйыр шайлоолор болуп саналат, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органдарынын жетекчилери (мэрлери) калк тарабынан эмес, тийиштүү сессиясында жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан шайлоо болуп саналат.

Жарандардын Конституциялык укуктары аларга жергиликтүү өз алдынча башкарууну өлкөдө кеңири таркалган элдик курултайларды өткөрүү жолу менен да ишке ашыруу мүмкүндүгүн камсыз кылат, 2006–жылдын 9–ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясына ылайык "кыргыздардын тарыхый ыйык салты" катары бекемделген (23–статьянын 2–пункту). Мындай салт санаалар аксакалдардын соту да болуп эсептелет, алар 1993–жылдагы күчүн жоготкон Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 92–статьясынын негизинде "айылдардын, шаарчалардын, шаарлардын аймагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын же жергиликтүү кеңештин жана жарандардын чогулуштарынын чечими боюнча урмат сыйга жана кадыр-баркка ээ болгон аксакалдардан жана башка жарандардан түзүлүшү

мүмкүн болгон, жергиликтүү жамааттын ичиндеги ар кандай талаш–тартыштарды адилет жана калыс чечип берүү үчүн түзүлүүчү аксакалдар соту болуп саналат. Бирок, 2006–жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасында аксакалдар сотун уюштуруу жарандардын ажырагыс укугу болуп калды (38–статья).

Өзүнө таандык бийликти элдин ишке ашыруусунун өз алдынча деңгээли катары жергиликтүү өз алдынча башкарууну мамлекеттин таанышы өз кезегинде анын өзүнчө уюштуруучулук жактан бөтөнчөлүгүн сунуштайт.

Мындай өзгөчөлөнүп бөлүнүүнү камсыз кылууда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын белгилөөчү нормалар Конституциялык жактан бекемделген, ал "жергиликтүү маанидеги иштер" жана "берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар" деген 1993–жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясындагы түшүнүктөр аркылуу, ал эми негизги мыйзамдын жаңы редакциясы боюнча – "жергиликтүү маанидеги маселелер" жана " мамлекеттик милдеттер" сыяктуу түшүнүктөр аркылуу ачылып берилген. Ошого карабастан тигинде да, мында да, жергиликтүү өз алдынча башкарууга жүктөлгөн (берилген) өздүк жана мамлекеттик ыйгарым укуктар катары түшүнүлөт.

Алсак, 1993–жылдын 5–майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өздүк ыйгарым укуктарынын негизинде өз кеңештеринин атынан: "Аймакты социалдык–экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитүү жана контрол жүргүзүү"; "Жергиликтүү бюджетти бекитүү жана анын аткарылышы жөнүндө отчет алуу, ошондой эле бюджеттик эмес фонддорду пайдалануу жөнүндө маалыматты угуу" (95–статья) укуктары болгон. Ошону менен бирге эле өлкөнүн негизги укуктук актысынын жаңыланган редакциясы жалпысынан өздүк милдеттердин маанисин сактап калуу менен бирге аларды башкача баяндаган. Атап айтканда жергиликтүү кеңештер "өздүк мүлккө ээ болушу жана өздүк бюджеттин негизинде чарба жүргүзүшү мүмкүн, жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды белгилейт, жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечет", ошондой эле "Өзүнүн бюджет эсебинен салыктар жана жыйымдар боюнча жеңилдиктерди карап чыгышы мүмкүн" (2006–жылдын 9–ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын 90–статьясы).

Өздүк муниципалдык ыйгарым укуктардын мүнөздүү белгилери:

– өзгөчөлүгү, башкача айтканда жергиликтүү өз алдынча башкарууга гана тиешелүү болушу;

– жергиликтүү милдеттерди гана чечүүгө багытталышы;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз иш милдеттери боюнча тийиштүү аймактагы калктын алдында гана отчет берүүгө милдеттүүлүгү болуп саналат.

Мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенишинин маанилүү фактору жана республиканын бүткүл аймагында бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүнүн ыкмасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аткарган мамлекеттик ыйгарым укуктар болуп саналат. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аларды берүү Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында белгиленген төмөнкүдөй шарттар сакталганда гана мүмкүн:

– мыйзамдын же болбосо келишимдин негизинде гана ишке ашырылышы тийиш;

– мамлекеттик бюджеттин эсебинен бөлүнгөн каражаттар менен каржылык жактан камсыз болушу керек;

– тийиштүү мамлекеттик органдардын калктуу пункттарда болбогондугу.

Албетте, ыйгарым укук берүү мамлекеттик бийликтин бардык өнүттөрүнө тийиштүү боло албайт, ал жергиликтүү жамааттардын жашоо турмушун натыйжалуу уюштурууга жана аймакты мамлекеттик иш милдетти оперативдүү аткарууга өбөлгө түзгөн жактарга гана көмөктөшө турган өнүттөргө гана тийиштүү. Анын үстүнө аларды аткаруунун айырмалуу белгиси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттеринде өз алдынчалыктын жоктугу жана мамлекеттик органдардын тапшырмасын алардын түздөн–түз көзөмөлүндө так аткаруу болуп эсептелет.

Иш милдеттерди оңтойлуу чектеп бөлүштүрүү, мамлекеттик (берилген) жана өздүк ыйгарым укуктар ортосунда, ошондой эле аларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл ресурстар ортосунда, демек, жоопкерчиликтер ортосунда адилеттүү балансты сактоо маселелери мамлекеттик жана муниципалдык органдар таандык болгон бийликтин түрдүү деңгээлдери ортосундагы мамилелерде негизгилерден болуп эсептелет. Анын үстүнө ар бир деңгээлдин компетенциясын аныктоонун көз карашынан алганда эң башкысы тийиштүү деңгээлде бекемделген иш милдеттерди аткаруунун натыйжалуулугу жана оңтойлуулугу жөнүндө тезис болуп саналат. Дүйнөлүк практикада ушундай өнүт тийиштүү башкаруунун төмөнкү деңгээли өзүнө алда–канча натыйжалуу ишке ашыра ала тургандай ыйгарым укуктардын көлөмүн алган ыйгарым укуктардын жетиштүү көлөмү катары түшүнүлгөн субсидиардык принцип деген атка конгон.

Элдик бийлик принциптерин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга муниципалдык менчикке укук да, анын ичинде жерге укук да тагылган (1993–жылдагы жана 2006–

жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы 4–статья). Муну менен жергиликтүү бюджетти калыптандыруу, салык салуу жана башка маселелер да өз ара байланышкан. Демек, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун муниципалдык менчик түрүндө экономикалык базасын түзүү, аларды эркин жана өз алдынча башкарууга, анын ичинде менчик объекттерин базар мамилесине жараша жүргүзүүгө укук жамаатка көптөгөн экономикалык программаларды өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Ушул укуктун өзгөчө конституциялык–укуктук мааниси муниципалдык менчик жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун курамдык бөлүгү катары бекемделишинде турат. Мындай конституциялык статустун олуттуу элементи мамлекеттик жана жеке менчик менен анын бирдей мааниге ээ болушу, аларды мамлекеттик механизмдер менен бирдей коргоону жана таанууну сунуштоочу жана кепилдик берүүчү болуп саналышында турат.

Ушунун күчүнөн улам жергиликтүү өз алдынча башкарууну натыйжалуу жүзөгө ашыруунун зарыл шарты мамлекеттик укуктук кепилдиктер системасын бекемдөө болуп баратат, анын ичинде негизгиси болуп жергиликтүү жамааттын укуктарын соттук коргоо болуп саналат. Сотко кайрылуу субъекттери болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздөрү жана алардын кызмат адамдары да болушу мүмкүн, ошондой эле тийиштүү аймакта жашаган жарандар да болушу мүмкүн. Сотко кайрылуунун (жалпы компетенциядагы же арбитраждык) себеби мамлекеттик бийлик органдарынын жана мамлекеттик кызмат адамдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын, ошондой эле коомдук бирикмелердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу укугун бузган кызмат адамдарынын чечимдери (актылары) болушу мүмкүн. Жогоруда көрсөтүлгөн чечимдерди жараксыз деп табуу жөнүндө дооматтарды карап чыгуудан тышкары, соттор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын даттанууларын, асыресе жергиликтүү жамааттын уставын каттоодон өткөрүүгө мамлекеттик бийликтин тийиштүү органынын баш тартышына даттанууларын кароого да милдеттүү. Акырында соттор мамлекеттик бийлик органынын кандайдыр бир аракети (нормативдик актысы) жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишине кийлигишүү болуп саналабы деген талаш – тартышты да карашы мүмкүн.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну соттук коргоодон тышкары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык жана каржылык өз алдынчалыгы бөлүгүндө башка кепилдиктер да белгиленген:

– мамлекеттик, жеке жана башка менчик түрлөрү менен катар муниципалдык менчиктин таанылышы жана бирдей корголушу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчикти өз алдынча ээлөөгө, пайдаланууга жана тескөөгө укугу;

– мүлктү мамлекеттин пайдасына жатыркатып алууда мүлктү алдын ала бирдей баада ордун толуктоого укугу;

– муниципалдык менчик объекттерин мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү болуп калса жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын макулдугун алуу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик иш милдеттерди аткарууну тийиштүү материалдык жана финансылык камсыздоо;

– жергиликтүү бюджетти өз алдынча калыптандыруу, бекитүү жана аткаруу;

– жергиликтүү бюджетти иштеп чыгуу, бекитүү жана аткаруу процессинде кандайдыр бир мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүнө тыюу салуу;

– тийиштүү аймакта жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киргизүүгө укугу.

Мамлекетти өнүктүрүүнүн жалпы принциптери менен багыттарын белгилөө менен, Конституциялык жобо андан ары өлкөнүн мыйзамдарында жана башка нормативдик укуктук актыларында ачылып берилет жана деталдаштырылат.

МЫЙЗАМДАР Коомдук мамилелерди жөнгө салуунун эң маанилүү куралы өлкөнүн мыйзам актылары болуп эсептелет. Мамлекет таануунун көрүнүктүү классиги Н.Макиавеллинин адилеттүү тезиси боюнча: бардык мамлекеттердин, жаңысынын да, эскиси менен аралашмасынын да башкы негиздери, – бул мыкты мыйзам менен күчтүү аскер",[14] башкача айтканда жөнгө салуунун жана мажбурлоонун натыйжалуу системасы.

Мыйзамдар – бул Конституциядан кийинки жогорку юридикалык күчкө ээ болгон, мыйзам чыгаруучу бийлик органдары (Парламент) же элдин эркин билдирген жана коомдук турмуштун алда канча негиздүү тарабын жөнгө салган жалпы мамлекеттик референдум тарабынан өзгөчө тартипте кабыл алынган нормативдик укуктук актылар.

Коомдогу мамилелерди жөнгө салуунун башкы ыкмаларынын бири катары, мыйзамдар өзүнүн бөтөнчөлүктөрү менен мүнөздөлөт: баштапкы, негиз болуучу нормативдик – укуктук актылар болуп саналат. Анын үстүнө алардын баштапкылыгы жана негиз болуучулугу жогорку юридикалык күчкө ээ болгондугунда турат. Ошондуктан, калган бардык укуктук

[14] Кара.: Макиавелли Н. Государь./ М., Мысль. 1996.–С.70.

актылар (Президенттин Жарлыгы, Парламент менен Өкмөттүн токтомдору, министрликтердин, ведомстволуктардын жана башка органдардын актылары) мамлекетте мыйзамдардан негизделип чыгышы жана аларга каршы келбеши керек. Мыйзамдар башка органдардын кандайдыр бир бекитүүсүнө муктаж эмес, аларды чыгарган орган гана жоюп салууга укуктуу.

Республиканын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун уюштуруу-укуктук негиздерин жөнгө салуучу алгачкы мыйзам актысы 1991–жылдын 19–апрелиндеги "Кыргызстан Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзам болуп калды, ал союздук мамлекет таркаганга чейин жана Кыргызстан мамлекетти эгемендүү жана көз карандысыз мамлекет деп жарыялаганга чейин ишке киргизилген.

Аталган Мыйзамда жергиликтүү бийликтин толук укугу эл депутаттарынын аймактык советтерине (жергиликтүү кеңештерге) таандык болгон, кийин ал бир нече жолу жаңылоого (1991–жылдын 19–декабрында, 1994–жылдын 4–мартында, 1992–жылдын 3–июулунда, 1992–жылдын 17–декабрында, 1994–жылдын 27–майында, 1998–жылдын 21–январында) дуушарланган.

Мыйзам биринчи жолу жогору турган аймактык деңгээлдеги бийликтин өкүлчүлүктүү органдарынын, биринчи кезекте Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин саясий эркинен (Эскертүү: Кыргызстандын Парламенти) жергиликтүү советтердин тике көз карандылыгын жойгон.

Мыйзамга ылайык Кыргызстан Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу калктын кызыкчылыктарына жана административдик–аймактык бирдиктин өзгөчөлүктөрүнө негизденип, мыйзамдардын жана тийиштүү материалдык–финансылык базанын негизинде жергиликтүү маанидеги маселелерди түздөн–түз жарандардын чечүүсү же алар тарабынан шайланган органдардын чечип берүүсү үчүн жарандардын өз алдынча уюшулушу катары аныкталган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу эки түрдө: өкүлчүлүктүү жана түздөн–түз демократия түрүндө ишке ашырылышы мүмкүн болгон.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө өкүлчүлүктүү демократия жергиликтүү кеңештер жана аймактык–коомдук өз алдынча башкаруу органдары аркылуу ишке ашырылып келген. Ал эми түздөн–түз демократиянын эң маанилүү түрлөрүнө жергиликтүү референдумдар, коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык маанилүү маселелерин талкуулоого жана жарандардын чогулуштары, жыйындары жана башка түздөн–түз демократиянын түрлөрүнүн жолу менен кабыл алынган чечимдерди ишке ашырууга, ошондой эле өкүлчүлүктүү органдары

шайлоолорго, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишмердигин контролго алууну жүргүзүүгө калктын катышуусу таандык болгон.

Жергиликтүү кеңештер катары (мурдагы эл депутаттарынын жергиликтүү советтери) жергиликтүү өз алдынча башкарууга элдик бийликтин системасында маанилүү рол ыйгарылган. 1991–жылдын 19–апрелиндеги "Кыргызстан Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамда жергиликтүү кеңештерге тийиштүү аймактагы өкүлчүлүктүү жана аткаруучу–тескөөчү ишмердикке кеңири укуктар берилген. Жергиликтүү кеңештерге мындай укуктардын берилиши негиздүү болгон. Ошол мезгилде колдонулган Кыргыз ССРинин Конституциясынын алкагында эл депутаттарынын жергиликтүү советтери областтарда, райондордо, шаарларда, шаарлардагы райондордо, шаарчаларда, айылдык калктуу пункттарда мамлекеттик бийликтин органдары деп эсептелген.[15]

Бирок, мындай толук бийликке ээлик болуу узакка созулган жок, 1992–жылдан баштап жергиликтүү кеңештер айыл жериндеги жана райондук баш ийүүдөгү шаарлардын өкүлчүлүктүү органдарын кошпогондо, аткаруучу–тескөөчү ыйгарым укуктарынан ажыраган, ал кайрадан түзүлгөн жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга өткөрүлгөн.

90–жылдардын башталышында эле кабыл алынган, кийин оңдоолор киргизилген "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы бара–бара өзүнүн маанисин жоготкону менен узак убакыт жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын уюштуруу–укуктук жөнгө салууну ишке ашырган жападан жалгыз мыйзам актысы болуп кала берген. 2002–жылга карата гана мамлекеттик органдар жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын жаңы редакциясын иштеп чыгып кабыл алууга мүмкүнчүлүк табышты.

2002–жылдын 12–январындагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аймактарда жергиликтүү бийликти уюштуруу принциптерин бекемдеди жана элдик бийликти жүзөгө ашырууда бийликтин жергиликтүү органдарынын ролун аныктады. Республикада бийликтин аймактык, элдик бийлик органдарынын укуктук мамилелерин жөнгө салууда ушул укуктук актысы негизги звено болуп саналуу менен, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин эң маанилүү багыттарын белгилеп көрсөттү.

Укук колдонуу практикасында байкаштырылган укуктук–нормалардын жолун жолдоочулукту сактоо мыйзамдын оң жагынан чечилиши болуп калды. Натыйжада өлкө уюштуруучулук олку–солкулуктан четтеп өтүп,

[15] Кара.: 1978–жылдын 20–апрелиндеги Кыргыз ССРинин Конституциясы – 124–ст.

жергиликтүү бийлик системасында орун алган олуттуу маселелерди чечүүнүн жолдорун белгилеп алды.

Алардын ичинен алып айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдуулукта карама–каршылыктын жана бирдей мааниде болбогондуктун проблемасы да бар, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтунун Конституциялык мүнөздөмөлөргө ылайык келиши жагында каршылыктар кирет. Ушул жагдай кандай себептен келип чыкты деген суроо туулат, 1994–жылдан баштап жергиликтүү өз алдынча башкаруу көп учурда мыйзам алдындагы актылар менен жөнгө салынып келген (Президенттин Жарлыктары жана Өкмөттүн токтомдору), аларда 1994–жылдан 2002–жылга чейинки мезгилде ошол кезде колдонууда болгон 1991–жылдын 19–апрелиндеги "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана өлкөнүн Конституциясына башынан эле карама–каршы келген 40тан ашык актылар басылып чыккан.

Ушунун натыйжасы катары 2002–жылы кабыл алынган мыйзам структуралашкан, өз ара байланышкан жана бирдиктүү укуктук актынын жоктугунун маселесин чечти, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу укуктук базасы 1991–жылдагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана бир нече ондогон мыйзам алдындагы актылар жөнгө салып келген. Асыресе жергиликтүү кеңештердин компетенциясы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө жалпы жобо, областтардын, райондордун жана шаарлардын мамлекеттик администрацияларынын ишин уюштуруу, ошондой эле тике демократия формалары (жергиликтүү референдумдар, жарандардын чогулуштары жана башкалар) мыйзамда каралган. Ал эми айылдардагы жана шаарчалардагы айыл өкмөттөрү, райондук баш ийдирүүдөгү шаарларда (шаар башкармалыгы) областтык баш ийдирүүдөгү шаарларда жана республиканын борборунда (мэриялар) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлигинин уюмдары көп сандаган мыйзам алдындагы нормативдик укуктук актыларда чагылдырылып көрсөтүлгөн.

Биринчи жолу мыйзам деңгээлинде жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мамилеси боюнча мамлекеттин позициясы бекемделген. Атап айтканда мамлекет өз органдары аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө жана калк тарабынан белгиленген Конституциялык укуктарын ишке ашырууда көмөктөшүүгө милдеттендирилген. Алардын арасында төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: мамлекеттик бийлик органдары кабыл алган чечимдердин натыйжасында келип чыккан кошумча чыгашаларды жергиликтүү өз алдынча башкарууга компенсациялоо жана ошондой эле жергиликтүү өз

алдынча башкарууну ишке ашырууга анын ичинде, алардын сот тарабынан коргоо тартибин белгилөөгө жарандардын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо кирет.

Экинчи жактан алып караганда мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкаруудан конституциялык принциптердин сакталышын талап кылууга милдеткер гана эмес, укуктуу да, ал эми алар бузулган учурда өлкөнүн Президентинин атынан, алардын аракеттери аркылуу кырдаалдын туруктуулугун бузган шарт түзүлгөн аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин токтотуп коюуга укуктуу. Ушул жагдай биздин пикирибиз боюнча, жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн кармап калуучу фактор болуп калууга тийиш болчу, анткени ал өзүнүн бүткүл өз алдынчалыгын алганы менен, баары бир бүткүл коомдун жыргалчылыгына багытталган бирдиктүү мамлекеттик саясаттын алкагында өз ишмердигин ишке ашыруучу мыйзам алдындагы структура болуп кала берет.

Мыйзам ошондой эле белгилүү бир бөлүгүндө жергиликтүү кеңештердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органдарынын (айыл өкмөттөрү, шаар башкармалыктары, мэриялар) жана шайлануучу кызмат адамдарынын, анын ичинде коомдук өз алдынча башкаруунун аймактык органдарынын жоопкерчилик чегин, компетенция чөйрөсүн бекемдеп гана бербестен, белгилүү бир бөлүгүндө аны кеңейтти. Алсак жергиликтүү өз алдынча башкарууга жашоо турмуштун дээрлик бардык чөйрөсүнө тиешелүү болгон өтө эле кеңири укуктар белгиленди.

Алардын арасында: аймакты башкарууга укук; административдик–аймактык түзүлүшү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу; аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинде чек араларды белгилөө укугу; өз компетенциясынын айрым маселелерин, мамлекеттик укуктарды кошпогондо, аймактын ичинде органдар (үй комитеттери, өз алдынча башкаруу кеңештери жана башкалар) тарабынан түзүлгөн мүлк жана каражаттарды берүү; калктын даттанууларын карап чыгуу; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу тескөөчү органдарынын жетекчилерин жана алардын орун басарларын шайлоо же дайындоого макулдук берүү; аймактын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын чечимдерин жоюу; жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысына жана анын орун басарларына, ошондой эле аймактагы аткаруучу–бөлүктөрдүн жетекчилерине ишеним көрсөтпөөнү билдирүү; калктын атынан чыгуу жана аны бийликтин башка деңгээлдери менен өз ара мамилесинде анын кызыкчылыктарын көрсөтүү укугу сыяктуу административдик–саясий ыйгарым укуктар бар.

Мындан тышкары финансы–экономикалык жана социалдык–маданий ыйгарым укуктардын: жергиликтүү жамааттардын аймагын комплекстүү социалдык–экономикалык өнүктүрүү; туракжай–коммуналдык чарба

жана аймакты көрктөндүрүү; жергиликтүү жамааттын кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрүн башкаруу жана пайдалануу; жер чарбасын башкаруу; менчиктештирүү программаларын бекитүү жана муниципалдык менчиктин объекттерин пайдалануу; жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды белгилөө, жергиликтүү салыктарды жөнгө салуу жана жыйноо; аймактын бюджетин калыптандыруу жана аткаруу бөлүктөрүндө. Ошондой эле жергиликтүү саламаттык сактоону; мектепке чейинки, мектепте жана кесипчилик–техникалык билим берүүнү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү; жергиликтүү жамааттын калкынын тарыхый жана маданий салт санаасын сактап калуу жана өнүктүрүү; дене тарбия маданиятын, спорт менен туризмди өнүктүрүү; коомдук тартипти сактоо жана башкаларды өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү маселелери.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздүк ыйгарым укуктарын ишке ашыруудан тышкары жер–жерлерде мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө көмөктөшүүсү тийиш, ал эми бул аларга берилген мамлекеттик иш милдеттерди аткаруу аркылуу ишке ашырылат. Алардын негизгилери мыйзамга ылайык төмөнкүлөр болуп саналат: калктын жумуштуулугу жана миграциясы программаларын иштеп чыгуу жана аткаруу; аз камсыз болгон адамдарды табуу, алардын даректүү социалдык корголушун уюштуруу; паспорт режими эрежелеринин аткарылышына контрол жүргүзүү жана белгиленген тартипте жарандардын катталышын жана каттоодон чыгышын жүргүзүү; граждандык абалдын актыларын каттоодон өткөрүү; опекундар менен попечителдерди дайындоо, ошондой эле опекунду жана бакма балалуу үй бүлөлөрдүн мониторинги; нотариалдык иш аракеттерди жүргүзүү; жарандарга инсандыгын, үй бүлөлүк, мүлктүк абалын күбөлөндүргөн справкаларды жана мыйзамда каралган башка документтерди берүү; коомдук тартипти чыңдоодо көмөк көрсөтүү; аскердик кызматка чакырууну уюштурууда көмөктөшүү; аймакта мыйзамдуулуктун жана коомдук тартиптин сакталышын камсыз кылуу; митингдерди, көчө салтанаттарын жана демонстрацияларды тийиштүү аймакта өткөрүүгө, чогулуштарды уюштурууга жана өткөрүүгө уруксат берүү тартибин белгилөө; айыл чарбага жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу; айыл чарба өндүрүшүн келечектүү өнүктүрүү боюнча материалдарды жалпылоо, айыл чарба азыктарын өндүрүү боюнча экономикалык болжолдорду түзүү; азыркы замандын ветеринардык–санитардык, эпизоотикага каршы иш чараларды жана мал чарбасында селекциялык асыл тукум иштерин уюштурууга көмөктөшүү; айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоолорун тебелеп тепсөөгө каршы күрөшүү боюнча талаптагыдай чараларды камсыз кылуу, өстүрүлгөн түшүмдү коргоо, токой коргоо тилкелерин жана токойлорду коргоо боюнча тийиштүү чараларды камсыз кылуу; айлана чөйрөнү коргоо боюнча иш чараларды

иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, салыктарды жана алымдарды жыйноо; керектөөчүлөрдүн укугун коргоону камсыз кылуу.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2002–жылдан берки өзүнүн колдонулган мезгилинин ичинде бир катар өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго дуушар болду. Алардын ичинен жергиликтүү кеңештердин деңгээлдер аралык структурасы жана калыптандыруу жагын козгогон жаңылыктар (2005–жылдын февралы жана 2006–жыл) көңүл буруууга арзыйт. Эгерде жаңылык киргизилгенге чейин жергиликтүү кеңештер баштапкы райондук жана областтык звено (айылдын, шаарчанын, шаардын, райондун жана областтын жергиликтүү кеңештери) болуп үч деңгээлдүү системасы болсо, анда 2005–жылдын 2–февралындагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин областтык жана райондук жергиликтүү кеңештер жоюлду.

Ошону менен бирге эле ушул кадамдын шашылыш болгонун жана негизсиз экендигин практика көрсөттү, анткени дароо эле жергиликтүү райондор менен областтардын мамлекеттик администрация башчыларын дайындоо, тийиштүү бюджеттерди жана аймакты социалдык–экономикалык өнүктүрүүнүн программаларын бекитүү жана контролдоо бөлүгүндө конституциялык жана мыйзамдык нормаларды ишке ашыруу жагында маселелер келип чыкты. Анткени ушул жана башка бир катар ыйгарым укуктар жалаң гана жергиликтүү кеңештердин компетенциясында турган. Атап айтканда республиканын Президенти 1993–жылдын 5–майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46–статьясынын 1–пункутунун 5–пунктчасынын негизинде жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын (эскертүү.; райондордун жана областтардын) дайындоого укуктуу болгон, бирок ушул конституциялык норманы ишке ашыруу үчүн дайындоо учурунда тийиштүү жергиликтүү кеңештердин, башкача айтканда райондук жана областтык деңгээлдеги жергиликтүү кеңештердин сөзсүз макулдугу талап кылынган.

Натыйжада 2006–жылдын башталышында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" 2006–жылдын 6–февралындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде кеңештердин статусу калыбына келтирилген, бирок райондук деңгээлде гана болгон.

Ушуга байланыштуу бүгүнкү күндө республикада жергиликтүү кеңештердин эки деңгээлдүү системасы ишке ашырылууда: баштапкы жана райондук деңгээли, анын үстүнө райондук деңгээлдеги кеңештерди калыптандыруу жаңы принцип боюнча мүмкүн болуп калды. Атап айтканда райондук кеңештер тике шайлоо укугунун жолу менен калыптандырылбастан, "тийиштүү аймактагы кеңештердин айылдык, шаарчалык, райондук маанидеги шаардык кеңештердин депутаттарынан турат. Райондук кеңештерге тийиштүү аймактагы айылдык, шаарчалык, райондук маанидеги шаарлардын кеңештеринин бардык депутаттары кирет"[16].

Мына ошентип, райондун аймагында райондук маанидеги шаарлардын 10–12ге жакын жергиликтүү кеңеш иш жүргүзө турган болсо мыйзамда белгиленген болжолдуу сан ар бир кеңеште 9дан 21 депутатка чейин белгиленген. Өз кезегинде калыптана турган райондук кеңештин курамы 120дан 200гө чейинки депутаттын санына чейин жетиши мүмкүн, алар:

– райондуу социалдык–экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитүү;

– райондуу өнүктүрүүнүн программаларын аткаруунун үстүнөн контролду жүргүзүү;

– аймактын административдик–аймактык түзүлүшү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана башка ушул сыяктуу зарыл милдеттерди талкуулоо жана чечүү үчүн чогулушат.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын укуктук статусу, атап айтканда: депутаттын укуктарынын келип чыгышы жана мөөнөтүнөн мурда токтотулушу, жергиликтүү кеңештеги жана анын органындагы депутаттын ишмердиги, шайлоо округундагы иши, шайлоочулардын сунуш талаптары менен иштөөнү уюштуруу, ошондой эле депутаттык ишмердиктин негизги кепилдиктери "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен регламенттелет. Мыйзам жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу айрым кызматтар жана ишмердиктин түрлөрү менен сыйышпастыгын белгилейт. Натыйжада "жергиликтүү кеңештин депутаты: жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы же анын орун басары, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын структуралык бөлүгүнүн, аткаруу бийлигинин борбордук органынын аймактык бөлүгүнүн жетекчиси, ошондой эле прокурор, сот, укук коргоо органдарынын кызматкери; шаардын мэри,

[16] Кара.: 2006–жылдын 6–февралындагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы. –Ст 1. пункт 2,3.

шаардын биринчи вице–мэри жана вице–мэри; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысынын биринчи орун басары жана орун басары, ошондой эле шаардын мэриясынын структуралык бөлүгүнүн, шаардык, айылдык жана шаарчалык башкармалыктардын – департаменттин, башкармалыгынын, бөлүмүнүн жетекчиси боло албайт"[17].

Мындан башка мыйзамдар да жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу–укуктук негиздерин түзөт. Алсак, айрым аймактардын маселелери, асыресе Бишкек жана Ош шаарларыныкы алардын республикалык статусун аныктоочу мыйзамдар менен кошумча жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарынын бөлүгүнө карата, алардын өкүлдөрүн жергиликтүү кеңешке шайлоо, ошондой эле тийиштүү аймактардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчыларын шайлоолор Кыргыз Республикасында шайлоолор жөнүндө Кодекс менен жөнгө салынат.

Бардык ушул мыйзамдар, ошондой эле аксакалдар сотунун, жамааттардын жана башкалардын ишмердигин регламенттеп турган мыйзамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу–укуктук чөйрөсүндө келип чыккан мамилелерди түздөн–түз жөнгө салып, адистешкен мүнөзгө ээ болот.

Атайын актылардан тышкары тармактык мыйзамдардын да саны бир далай, алар тигил же бул деңгээлде жер–жерлердеги өз ара мамилелерди жөнгө салып турат. Асыресе жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тийиштүү аймакта жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүүгө укуктуу. Аларды киргизүүнүн тартиби, тескөө–башкаруу жана башка салык аракеттерин аткаруу Салык кодекси тарабынан жөнгө салынат, ал республикалык мааниде болсун, ошондой эле жергиликтүү мааниде болсун бардык салыктар боюнча мыйзам жоболорунун жыйындысы болуп эсептелинет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар түрдүү жарандык укуктук мамилелерге тартылышын өлкөнүн Жарандык кодекси күчүнө киргизди, ал жарандык карым–катышка катышуучулардын укуктук абалын, менчикке укуктун келип чыгыш негизин жана аткаруу тартибин жана башка мүлккө укуктарды, интеллектуалдык ишмердиктин натыйжасында укуктардын тартибин аныктайт, келишимдик жана башка милдеттенмелерди, ошондой эле мүлктүк жана мүлктүк эмес жекече мамилелер менен байланыштуу мамилелерди жөнгө салат.

[17] Кара.: "Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө" 2000–жылдын 13–январындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2006–жылдын 6–февралындагы ред.) –Ст.5.

1998–жылдан баштап республиканын Конституциясында жерге болгон муниципалдык менчик укугунун бекемделиши жерге болгон укуктун келип чыгыш негизин, ишке ашыруу жана токтотуу тартибин жана аны каттоодон өткөрүүнү, ошондой эле жерге болгон менчик формаларынын көп түрдүүлүгүнүн шартында жер–базар мамилелерин түзүүнү, аны туура пайдаланууну жана коргоону аныктап турган Жер кодексине кайрылуунун зарылчылыгына алып келди.

Ушундай эле тармактык мүнөздөгү актыларга билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык камсыздоо, архитектура тууралуу, жолдор жана башкалар жөнүндө мыйзамдарды да кошууга болот, аларда башкаруунун муниципалдык органдарынын компетенциялар чөйрөсүнө карата, жер-жерлерде жашоо турмушту уюштуруу жана камсыздоо системасына тиешелүү мамилеси болгон укуктук нормалар камтылган.

МЫЙЗАМ АЛДЫНДАГЫ АКТЫЛАР

Мыйзам алдындагы актылар – бул мыйзамдарды аткаруу үчүн анын негизинде ошого ылайык мамлекеттик же башка буга укуктуу органдар, ошондой эле кызмат адамдары чыгарган нормативдик-укуктук актылар. Алар мыйзамга караганда азыраак юридикалык күчкө ээ болот, ошондуктан мыйзамга карата мамиледе экинчи болуп эсептелет. Жалпы укуктук структурада башкы жана аныктоочу орунду Конституция менен мыйзамдар ээлеп тургандыгына карабастан, мыйзам алдындагы актылар да кайсыл коомдун болбосун турмушунда маанилүү, алар жардамчы жана чечмелеп берүүчү, деталдаштыруучу ролду ойноо менен мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылууда алмаштыргыс каражат болуп саналат.

Бул өңдүү мыйзам алдындагы актылардын түркүмү ар кандай, алар Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары менен буйруктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен Өкмөтүнүн токтомдору, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин буйруктары, министрликтердин жана ведомстволуктардын актылары, ошондой эле бийликтин жергиликтүү органдары кабыл алган чечимдер. Мыйзам алдындагы актыны чыгарган органдардын абалына жараша жана тийиштүү компетенциясына, ошондой эле актылардын өзүнүн мүнөзүнө жана багытталышына жараша, мыйзам алдындагы актылар бир нече түрлөргө бөлүнөт, жалпы ведомстволук жана жергиликтүү актылар.

Жалпы мыйзам алдындагы нормативдик актылар жалпы компетенциядагы укук чыгаруучу органдар тарабынан (Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши) чыгарылат, мындай актылардын жардамы менен саясий,

экономикалык, социалдык–маданий жана башка маселелерди оперативдүү мамлекеттик чечүү жүзөгө ашырылат.

Мыйзам алдындагы нормативдик актылардын жалпы системасында Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекет башчысы катары чыгарган Жарлыктарына артыкчылыктуу маани таандык. Алар мыйзамдан кийинки эң жогорку юридикалык күчкө ээ болот, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде чыгарылат жана мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын регламенттейт. Ал эми айрым учурларда эгерде кайсыл бир коомдук мамиле мыйзам тарабынан жөнгө салынбаган болсо, анда Президенттин жарлыгы мыйзамдын күчүнө да ээ болушу мүмкүн.

Өкмөттүн токтому оперативдүү мүнөздөгү акты болуп саналат, мыйзамдардын ошондой эле, Президенттин Жарлыктарынын негизинде жана аларды аткаруу үчүн иштелип чыгат. Аларды даярдоонун тийиштүү тартиби алар коллегиалдуу актылар болуп саналгандыктын күчүнөн улам аларды Өкмөттүн курамына кирген бардык структуралар менен макулдашып чыгууну түшүндүрөт.

Мыйзам алдындагы жалпы актыларга эгерде жөнгө салуучулугу ведомствонун жана ага баш ийдирилген мекемелердин чегинен чыгып турса, андай актылар башка адамдарга таркалса, анда министрликтердин, мамлекеттик ведомстволордун актылары да жалпы мыйзам алдындагы актыларга кириши мүмкүн. Атап айтканда финансы, юстиция, эмгек жана социалдык камсыздоо, билим берүү жана башка министрликтердин көрсөтмөлөрүнүн аракети жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аткаруучу тармактык милдеттерди регламенттеп турушу мүмкүн.

Ведомстволук актылар, эреже катары бул тийиштүү министрликтер менен ведомстволуктардын актылары, алар тийиштүү мекемелердин ичинде келип чыккан мамилелерди жөнгө салып турат.

Жергиликтүү актылар аймактык башкаруунун жана бийликтин ыйгарым укуктуу, компетенттүү органдары тарабынан кабыл алынат, ушул аракеттин күчүнөн улам бул өңдүү актылар тийиштүү аймактар менен гана (айыл, шаарча, шаар, район, област) чектелет.

Жаңы редакцияда "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынганга чейин узак убакыт бою жергиликтүү өз алдынча башкарууну негизги укуктук жөнгө салууну мыйзам алдындагы актылар аткарып келди, атап айтканда республиканын Президентинин Жарлыктары жана Өкмөттүн токтомдору менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги укуктук жөнгө салынышы жүзөгө ашырылып келди. Алардын көпчүлүгү жергиликтүү бийликти реформалоодо маанилүү рол ойногонуна карабастан тийиштүү мыйзамдын күчүнө киришинен кийин өз күчтөрүн

жоготушту, бирок, ошого карабастан элдик бийликтин уюштуруу–укуктук негиздерин толук элестетип келтирүү үчүн ушул мыйзам алдындагы актылардын айрымдарын эске сала кетүү жөндүү.

Алардын арасында концептуалдуулугу "Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу негиздери тууралуу" Жобону бекитүү жөнүндө" 1994–жылдын 22–сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы болуп калды. Анын өзгөчөлүгү жарлык менен бекитилген жобо 1991–жылдагы "Кыргызстан Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө мыйзамдан принциптүү түрдө айырмаланган жергиликтүү өз алдынча башкаруу концепциясын бергендигинде болду. Мындагы жаңылык муниципалдык башкаруунун өкүлчүлүктүү гана эмес, ошондой эле башкаруунун аткаруучу бутагын да камтыган тутумдаш моделдин түзүлүшүндө болду, ал үчүн негиз түзгөн принциптер катары – өзүн–өзү жөнгө салуу, өз алдынча каржылануу жана өз алдынча камсыз болуу принциптеринин кабыл алынышынан туюндурулуп турат. Ушул эле документ менен бир катар жаңы жоболор киргизилди, алып айтсак жергиликтүү жамаат, жергиликтүү маанидеги маселе, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы жана аткаруучу органы сыяктуу жоболор киргизилди.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык, финансылык негиздери да, коммуналдык менчик түшүнүгү да башкача таризделип берилген.

Өлкөнүн Президентинин жана Өкмөтүнүн республиканын борбору – Бишкек шаарын жана бардык калган шаарларды, шаарчаларды жана айыл кыштактарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптерине которуу; аймактарда аткаруучу–тескөөчү органдардын – айыл өкмөттөрүнүн, шаар башкармалыктарынын жана мэриялардын киргизилиши; айрым мамлекеттик ыйгарым укуктардын берилиши; коммуналдык менчиктин курамын аныктоо бөлүктөрүндө ушундай эле маанилүү актылар болуп калды. Ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчыларын пилоттук шайлоолорду өткөрүү, жергиликтүү жамааттардын уставдарын киргизүү, элдик демократияны өнүктүрүү – курултайлар жана башка коомдук өз алдынча башкаруу түрлөрүнүн киргизилиши да ушул маанидеги окуялар болуп калды.

Өкмөттүн токтому менен жактырылган жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 1997–жылдын 12–майындагы жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана анын органдарын мамлекеттик колдоо программасы айрыкча орунду ээлейт, ал Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун торолушун жана өнүгүшүн камсыз кылууга чакырылган. Анын ичинде жергиликтүү

Ошондуктан ушундай координациялоо максатында өз убагында (2000–жылы) Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана аймактык өнүктүрүү иштери боюнча министринин кызматы киргизилген, ал 2005–жылдагы кайра уюушулганга чейин өз ишмердигин жүргүзүп келди, андан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу болуп, жаңы структурада министрдин кызматы каралбай калды[18]. Ошол эле мезгилде 2005–жылдын күзүндө мамлекеттик башкарууну андан ары борборлошуудан арылтууну жана өлкөдө жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү камсыз кылууга чакырылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук агенттигин түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган[19].

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005–жылдын 28–октябрындагы Жарлыгы менен бекитилген жобого ылайык агенттиктин ишмердигинин негизги багыттары болуп төмөнкүлөр аныкталган:

– жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү жолу менен мамлекеттик башкарууну демократиялаштыруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүргүзүү;

– мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда өз ара аракеттенүүнүн жана функцияларын чектеп бөлүштүрүүнүн оңтойлуу системасын иштеп чыгуу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук негиздерин өркүндөтүү, анын финансылык жана материалдык базасын чыңдоо, ошондой эле республиканын жергиликтүү жамааттарынын социалдык–экономикалык өнүгүшү үчүн шарттарды түзүү.

УКУКТУК МУНИЦИПАЛДЫК АКТЫЛАР

Азыркы кезде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук актылары жетиштүү түрдө таркалууга ээ болду жана тийиштүү нормативдик негизи бар, башкача айтканда аларды чыгаруунун мүмкүндүгү жана тартиби мыйзам жана башка нормативдик актыларда белгиленген. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында кабыл алынган укуктук актыларды муниципалдык укук мамилелеринде

[18] Кара.: Кыргыз Республикасынын Президентинин "Мамлекттик башкаруунун борбордук органдарын кайра уюштуруу жөнүндө" 2000–жылдын 28–декабрындагы Жарлыгы.; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана аймактык өнүктүрүү иштери боюнча Кыргыз Республикасынын Министринин ишмердигин уюштуруу маселелери" 2001–жылдын 8–августундагы токтому.

[19] Кара.: Кыргыз Республикасынын Президентинин "жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук агенттиги жөнүндө" 2005–жылдын 28–октябрындагы Жарлыгы.

уюштуруучулук жактан тариздelген жана бийлик субъекттери тарабынан чыгарылат (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кызмат адамдары). Ошондой эле жергиликтүү жамааттардын түздөн–түз эрк ыктыярын билдирүүнүн натыйжасы болуп саналган актылар.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү кеңештер, мэриялар, шаардык жана айылдык башкармалыктар (айыл өкмөттөрү) жана алардын кызмат адамдары аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдары тийиштүү укуктук актыларды чыгарууга укуктуу. Мында жалпынын пикири боюнча жана укуктук системага ылайык алда канча маанилүү укуктук актылар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын милдеттери болуп саналат. Бул өзүнүн социалдык багытталышы, түзүлүш ыкмасы, курамы жана уюштуруу укуктук формасы боюнча өкүлчүлүктүү мекеме катары чыккан анын табиятынан келип чыгат, ал кыйла даражада нормаларды чыгаруу процессин уюштуруу үчүн ыңгайлашкан жана ушул процессте жергиликтүү жамааттын элдик мүдөөсүн алда канча толук билдирүүгө жөндөмдүү болуп саналат.

Жергиликтүү кеңештин кароосуна берилген маселелер боюнча анын чечимдери мыйзамда башка тартип каралган учурларды кошпогондо шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добуш берүүсү менен кабыл алынат. Атап айтканда жергиликтүү кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысына жана анын орун басарларына, шаардын мэрине жана анын орун басарларына, ошондой эле райондук администрация башчыларына ишеним көрсөтпөөнү билдирген учурда депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин көпчүлүк добуш берүүсү менен чечим кабыл алат. Кеңештин чечими токтом түрүндө чыгарылат жана кеңештин төрагасы тарабынан кол коюлат.

Өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган жергиликтүү кеңештердин чечимдери тийиштүү аймакта жашаган бардык жарандардын, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун аймактык органдары, ошондой эле менчиктин түрүнө карабастан ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан мыйзамда белгиленген ыйгарым укук чегинде аткаруу үчүн милдеттүү.

Эгерде мыйзамда башкача белгиленбесе, адамдын жана жарандын укугун, эркиндигин жана милдеттерин козгогон жергиликтүү кеңештердин нормативдик укуктук актылары юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүүгө жатат жана массалык маалымат каражаттарында жарыяланган күндөн тартып ошол аймакта күчүнө кирет. Жергиликтүү кеңештердин чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоюлушу, же болбосо, күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн, башкача айтканда жергиликтүү кеңештин өзү өз актысы боюнча

тийиштүү чечим кабыл алат, же болбосо, Кыргыз Республикасынын Конституциясына каршы келген учурда Конституциялык сот тарабынан жана республиканын мыйзамдарына жана башка актыларына каршы келген учурда жалпы юрисдикциядагы сот тарабынан жоюлат[20].

Өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары (айыл өкмөтү, шаар башкармалыгы, мэрия) да токтом түрүндө тийиштүү укуктук актыларды чыгарышат. Анын үстүнө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын нормативдик актылары жалпысынан жардамчы ролду ойнойт жана тийиштүү деңгээлдеги башкарууну уюштуруу функциясын аткаруу үчүн зарыл, ошондой эле мыйзамдарга ылайык, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын укуктук актыларына ылайык жергиликтүү иштерди күндөлүк чечүү үчүн зарыл. Бирок, бул айтылган жагдай аларды эч качан төмөндөтүп көрсөтпөйт. Көрсөтүлгөн актылардын өз алдынча мааниси бар, анткени өлкөнүн мыйзамында белгиленген өз чегиндеги өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын компетенциясынын чегинде кабыл алынгандыктан өз алдынча мааниге ээ болот.

Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын укуктук актылары, асыресе өз ыйгарым укугунун чегинде чыгарылган айыл өкмөтүнүн укуктук актысы кандайдыр бир мамлекеттик орган тарабынан бекитүүгө жатпайт жана тийиштүү аймакта аткаруу үчүн милдеттүү. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келип калса, айыл өкмөтүнүн актыларын аткаруу тийиштүү кеңеш, райондун, облустун мамлекеттик администрация башчылары жана шаардын мэри тарабынан соттун чечими чыгарылганга чейин токтотулуп турушу мүмкүн.

Албетте, өз компетенциясынын чегинде кабыл алынган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери соттун чечими боюнча жоюлмайынча мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары тарабынан жоюлушу мүмкүн эмес экендигин белгилей кетүү керек. Бул – маанилүү мамлекеттик кепилдик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин аткарбай койгондугу үчүн кызмат адамдарына жаза жоопкерчилиги, ал эми кызмат адамдары менен жарандарга административдик жоопкерчилик белгиленгендиги бекеринен эмес.

Укуктук муниципалдык актылар системасында токтом гана эмес, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын буйрук түрүндө чыгарылган актылары да кеңири таркалууга ээ болгон. Алар көбүнчө жалпы милдеттик мүнөздө болбостон, айрым жекече мүнөзгө ээ болот. Атап айтканда бул өңдүү укуктук актылар иш сапарына жөнөп кетүү, акча

---

[20] Кара.: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" 2002–жылдын 12–январындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. –Ст. 28–30.

каражаттарын бөлүп берүү, материалдык жардам көрсөтүү, сыйлыкка көрсөтүү жана сыйлоо, дайындоо, иштен бошотуу, ар кандай комиссияларды түзүү жөнүндө чыгарылат.

Ошентип, укуктук муниципалдык актыларга республиканын жалпы укуктук системасындагы – нормативдик–укуктук актыларына таандык мүнөздүү белгилер ыйгарылган:

Биринчи, алар жергиликтүү укуктук мамилелер субъекттеринин функцияларын жана ыйгарым укуктарын мыйзам алкагында ишке ашырууга компетенттүү органдар жана кызмат адамдары тарабынан кабыл алынат.

Экинчи, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык укуктук актылары мыйзам алдындагы мүнөзгө ээ болот, алардын мыйзам алдындагы белгиси аларга салыштырганда жогорку юридикалык күчкө ээ болгон тийиштүү колдонуудагы мыйзамдарга жана башка актыларга ылайык келиши тийиш.

Үчүнчү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук актылары тийиштүү эрк ыктыярды билдиришинин жана юридикалык натыйжага алып келишинин күчүнөн улам алар расмий мүнөзгө ээ.

Төртүнчү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чечимдери, аны кабыл алуунун жол жоболору сакталган жана тийиштүү түрдө тариздelген шартта гана укуктук акты болуп калат.

Ошону менен бирге эле жергиликтүү маанидеги чечимдер бийликтин аймактык, элдик органдарынын деңгээлинде гана кабыл алынбастан, алар калктын түздөн–түз эрк ыктыярын билдирүүсүнүн натыйжасы да болуп калышы ыктымал. Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык, жашоочулардын чогулуштары, жыйындары, курултайлары өз аймагындагы жашоо турмуштун ар түрдүү маселелерин карап чыгууга да, ошондой эле алар боюнча тийиштүү чечимдерди кабыл алууга да укуктуу.

Түздөн–түз талкуулоого алып чыккан жамааттардын аймактык жашоо турмушунун маанилүү маселелери атап айтканда, курултайларга коюлган маанилүү маселелер Кыргыз Республикасынын Президентинин 2001–жылдын 2–майындагы Жарлыгы менен бекитилген “Жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн элдик курултайы жөнүндө” Жобого ылайык төмөнкүдөй болгон:

– жергиликтүү жамааттын Уставын кабыл алуу, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү; жергиликтүү жамааттын аймагында өз алдынча каржылоо, өз алдынча камсыз болуу, өз алдынча жөнгө салуу жана өз алдынча тарбиялоонун негизги принциптерин жана уюштуруу эрежесин бекитүү;

– жергиликтүү бюджетти, ошондой эле жергиликтүү жамааттын бюджеттен тышкаркы каражатын калыптандыруу, аткаруу жана пайдалануу;

– аймакты социалдык–экономикалык өнүктүрүү жана жергиликтүү калкты социалдык коргоо программаларынын долбоорлорун карап чыгуу;

– курултайдын чечимдерин турмушка ашыруу боюнча аткаруу органдарынын ишмердиги жөнүндө айыл, шаарча жана шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчыларынын, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын отчетторун угуу;

– коомдук тартипти сактоо, экологиялык жана санитардык талаптардын сакталышы, тойлорду, диний ырым–жырымдарды жана ар түрдүү элдик иш чараларды жана жергиликтүү жамааттын жашоо турмуш жагдайына таасир көрсөтө турган башка иш чараларды уюштуруу боюнча негизги эрежени жана иш чараны белгилөө;

– өзгөчө кырдаалдарда жана коомдук таламдарда жергиликтүү жамааттын күчүн жана каражатын мобилизациялоону талап кылган башка шарттарда жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан коомдук кызматты аткаруунун милдеттүү нормаларын белгилөө.

Мыйзамга ылайык элдик курултайдын чечимдери үстөмдүкчүл эмес, сунуш иретинде болоорун эскерте кетебиз, андыктан, укуктук актынын статусуна ээлик болушу үчүн анын чечимдери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү же аткаруучу органдарынын кароосуна жиберилет. Алсак, курултайларда жергиликтүү жамааттардын уставы каралат жана кабыл алынат, бирок ошого карабастан ал биротоло ишке кирип колдонулушу үчүн устав юстиция органдарында юридикалык экспертизадан өтүшү жана жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилиши тийиш.

Республиканын мыйзамдарында айтылгандай жергиликтүү жамааттардын уставдары жергиликтүү маанидеги ишти жөнгө салуучу жергиликтүү жамааттын негизги укуктук актысы болуп эсептелет. Жалпыга кабыл алынгандай жергиликтүү жамааттардын уставы– бул жалпы жашоонун формалдуу эрежеси, белгилүү бир жүрүш–туруштун нормаларын белгилөөчү, чектеш аймакта канатташ жашаган коомчулуктун мүчөлөрүнүн ынтымактуулугун ырастоочу жекече жана жамааттын байлык дөөлөттөрүн белгилеп көрсөтүүчү жашоо эрежеси, мунун натыйжасында макулдашуунун тийиштүү жол–жобосу бүткүл коомчулук үчүн жалпы болуп калат.

Укуктук акты катары устав республикада 1996–жылдан баштап жайылтыла баштады. Бул Президенттин тийиштүү Жарлыгы менен жергиликтүү жамааттын болжолдуу уставы бекитилгенден кийин айрыкча кеңири таркалды. Ал ушул документте аймактык коомдук турмуштун тийиштүү эрежесин калыптандыруу, иштеп чыгуу жана бышыктап бекемдөө жолу менен жергиликтүү маанидеги иштерди башкарууга жергиликтүү

жамаатка таасир тийгизүүнүн орчундуу ыкмаларынын бири болуп калууга тийиш эле.

Бирок, ушул жылдардын ичинде иш жүзүндө уставдар тийиштүү колдонууга ээ болбой, урматталбай ара жолдо кала берди. Ага азыр деле өтө сейрек кайрылышат, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана калктын өзү анын кандай мааниси бар экендигин унутуп да калышты. Балким уставга мындай мамиле жасоо өзү кабыл алган нормага ылайык жашоонун тийиштүү социалдык жана укуктук каада салтынын караманча жоктугунан болуп жүрбөсүн деген ой да туулат, а балким жамаат уставда өзүнүн бөтөнчөлүгүн, өзгөчөлүгүн ойдогудай чагылдырбай, башка бирөөнүн жетегинде калып, өлкөнүн мыйзамдарында жана башка нормативдик укуктук актыларда чагылдырылган жоболорду кайталап, эски жолго түшкөндүн себебинен болгондур. Дегинкиси, бул маселе жалпы журттун көйгөйлүү маселесине айлангандыгы анык.

3-ГЛАВА.
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ФИНАНСЫ-ЭКОНОМИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Эл бийлигинин негиздерин куруунун эл аралык тажрыйбасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу качан гана өз бийлигин анык жүзөгө ашырганда, ал үчүн экономикалык жана финансы мүмкүнчүлүктөрү, башкача айтканда бекем материалдык–финансы базасы болгондо гана чыныгы натыйжалуу системага айлана тургандыгын көрсөттү. Мына ушунун өзү тийиштүү органдары аркылуу маани–маңызы боюнча татыктуу түрдө өзүнүн аймактык милдеттерин ишке ашыруу жана берилген функциялардын жардамы менен жер–жерлерде жалпы мамлекеттик саясатты жүргүзүү аркылуу татыктуу боло турган жергиликтүү жамаат болушунун негизи.

Коомдун келип чыгышы өндүрүштүк–экономикалык мамилелердин, менчиктин жана финансынын өнүгүшү менен тике байланышкан. Ансыз адамзат эволюциялык жол менен өнүгө албайт эле, анткени зарыл керектөөлөр өндүрүш натыйжасында коомдук жашоо жана прогресс үчүн турмуштук зарыл нерсе болгон. Ал эми экономика менен финансы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн гана эмес, бүткүл мамлекеттин да эң негизги пайдубалдуу түркүктөрүнөн болуп саналат. Анын үстүнө финансы–экономикалык ал–абалына элдик бийликтин өзүнүн абалы, ал мамлекеттик болобу же муниципалдык болобу толугу менен көз каранды, анын мамлекеттик жана жергиликтүү маселелерди чечүүгө нукура жөндөмдүүлүгү, демек асыресе адамдын татыктуу өмүр сүрүп жашоосу үчүн жана жалпысынан тийиштүү калктын жана коомдун татыктуу жашоосу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү жөндөмдүүлүгү толугу менен ушуга жараша болот.

Ошол эле кезде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздерин мүнөздөөдө, мамлекеттеги экономиканын жалпы абалы менен учурун эске албай коюуга мүмкүн эмес. Алардын өз ара байланышы ушунчалык тыгыз чырмалгандыктан, өлкөнүн өндүрүштүк-экономикалык жана жалпы мамлекеттик чөйрөсүнүн солгундугу жергиликтүү материалдык–чарбалык базага тикеден–тике таасирин тийгизбей койбойт. Же болбосо тескерисинче жергиликтүү өндүрүштүк, социалдык жана башка инфраструктуралардын жеткилең өспөй калышы бүткүл мамлекеттик системага оор жүк болот, түйшүгүн кыйындатат. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана мамлекеттин экономикалык жана финансы негиздери көп жагынан өз ара байланышкан жана бири–бирине көз каранды болгон элементтер болуп эсептелет, алар жергиликтүү жамааттардын өз алдынчалыгын жана өлкөнүн жалпы өнүгүшүн камсыз кылууга чакырылган.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун экономикалык негизи – республиканын мыйзамдарына ылайык – кыймылсыз жана кыймылдагы муниципалдык мүлк, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акча каражаты, баалуу кагаздар, ошол аймакта турган жаратылыш ресурстары, жарандык укуктардын башка объекттери, ошондой эле тийиштүү аймакта ишмердигин жүргүзгөн ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт[21].

Демек, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык базасы деп негизинен жамааттын менчиги менен финансысы түшүнүлөт, бирок булар эң негизги болуп шексиз түрдө эсептелгени менен бүткүл муниципалдык–экономикалык айдыңды камтый албайт. Анын үстүнө жергиликтүү өнүп–өсүүгө экономикалык гана эмес, социалдык мамилелер да өз таасирин тийгизет, башкача айтканда эң башкы нерсеге жетишүүгө – жашоочулардын жыргалчылыгына, демек, тийиштүү аймактын социалдык–экономикалык өсүшүнө жетишүүгө мүмкүндүк бергендердин бардыгы кирет.

МУНИЦИПАЛДЫК ЭКОНОМИКА Муниципалдык экономика илимдин жана тийиштүү адабияттын көз карашынан алганда, – бул экономикалык мамилелер системасы, мында аймактагы өндүрүш, материалдык жыргалчылыкты бөлүштүрүү, алмашуу жана керектөө процессинде бийликтин жергиликтүү элдик органдары чыгышат[22].

"Муниципалдык экономика" термини же болбосо Кыргыз Республикасында кыйла кеңири колдонулган "Жергиликтүү (регионалдык) экономика" термини – табигый түрдө "Мамлекеттин экономикасы", "Аймактык экономика", "Шаардык же айылдык экономика" сыяктуу түшүнүктөр менен тыгыз байланышкан. Булардын бардыгы тең салттуу түрдө ачык–айкын аймакта (республика, област, район, шаар, айыл) келип түзүлгөн экономикалык процесстердин жыйындысын түшүндүрөт, башкача айтканда менчик, бюджет, чарба жүргүзүүчү ишканалардын жана башка субъекттердин ишмердиги, ыңгайлуу ишкердик чөйрөнү түзүү, жеке демилгени өөрчүтүү, тышкы жана ички инвестицияларды тартуу жана

[21] Кара.: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы–экономикалык негиздери жөнүндө" 2003–жылдын 25–сентябрындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамы. Ст. 16

[22] Кеңирирээк кара.: Основы муниципальной экономики./ М.Б. Горный, В.Н. Иванова, А.Т. Ошурков, Н.И. Скрябина. / Санкт/П., 2000.; Гаврилов А.И. Региональная экономика и управление: Учебное пособие для вузов. / М., 2002.

башкалардын ишмердиги менчик, бюджет менен түздөн-түз операцияларда кошулган процесстерди түшүндүрөт.

Бул өтө татаал процесс экендиги кадиксиз, ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясынын жана жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүнүн алкагында дайым эле боло бербеген (мындайча айтканда дайым эле анда турууга тийиш болбогон) татаал процесс. Атап айтканда аймакта ар түрдүү ишканалар иш жүргүзүшү мүмкүн, алар жумуш ордун камсыз кылышат, аймактын бюджетинин киреше бөлүгүн жана ишкана менен тике же кыйыр байланышта болгон адамдардын кирешесин камсыз кылышат (өзү же үй бүлөдө кимдир бирөө анда иштейт, ишкананын төлөгөн салыгы аркылуу эмгек маяна алат жана башкалар). Бийликтин муниципалдык органдары көп учурда ушул сыяктуу ишканалардын ишине таасирин тийгизет, аймакты жалпы социалдык–экономикалык өнүктүрүүдө аларды эске алат. Башка бир учурда ишкана өзү бир аймакта жайгашуусу (шаарда), ал эми башка аймакта жашаган адистер келип анда иштеши мүмкүн (айыл, шаарча). Ошого карабастан ишкана шаарга да, айылга да таасирин тийгизбей койбойт, ошондуктан жергиликтүү органдар аймактык–экономикалык өнүгүүнү болжолдоодо ушундай жагдайды да эске алуулары керек.

Асыресе муниципалдык экономиканы, жалпысынан алганда аймакты өнүктүрүүнүн эң негизги жактарынын бири тышкы инвестицияларды тартууга жана ички инвестициялардын пайда болушуна өбөлгө түзө турган жагымдуу ишкердик чөйрөнү түзүү болуп саналат. Мында менчик ээсинин туруктуу ортоңку классын түзүү – бул мамлекеттин стратегиялык милдети гана болбостон, бийликтин жергиликтүү органдарынын негизги түзүүчү экономикалык саясаты да болуп саналат. Республикада көпчүлүктү түзгөн айрым аймактар үчүн чакан жана орто бизнести өнүктүрүү ошол аймакта жашаган калктын да, бийликтин муниципалдык органдарынын өздөрү үчүн да аманчылыкта турмуш өткөрүүнүн жападан–жалгыз ыкмасы болуп саналат. Анткени коомчулуктун бюджетинин өздүк киреше бөлүгү жер-жерлерде башкаруу органдары жүргүзгөн экономикалык саясатка тике көз каранды.

Ушунун күчүнөн улам элдик муниципалдык структуралар аймакты өнүктүрүүгө жана калктын ишкердүү демилгесин өрчүтүүгө өбөлгө түзгөн экономикалык процесстерге активдүү таасир көрсөтүүлөрү тийиш. Мында жергиликтүү колдо бар артыкчылыкты гана пайдаланбастан, жаңыларын түзүү да чоң мааниге ээ. Анткени экономикалык активдүүлүктү өнүктүрүү менен гана жергиликтүү жамааттын турмушундагы тигил же бул жагынын илгерилешине жетишүүгө жана калктын турмуш жыргалчылыгынын деңгээлин көтөрүүгө, ошондой эле аймактын инвестициялык жактан жагымдуу турпатын түзүүгө болот.

Шаардын стратегиялык, экономикалык жана инвестициялык милдеттерин бир эле мезгилде чечүүгө өбөлгө түзүүчү бизнес менен бийликтин өз ара активдүү аракеттенишинин мисалы катары Москвадагы "Сити" жана "Манежная площадь" долбоорлорун келтирсек болот. Жалпысынан шаардын экономикалык жана социалдык өнүгүшүнө өбөлгө түзүүчү масштабдуу узак мөөнөттүү долбоорлор болуп саналуу менен бирге эле алар жеке менчик уюмдар менен шаардын мэриясынын биргелешкен күч аракетинин аркасында ишке ашырылып жатат. Бийликтин да, капиталдын да өз ара аракеттенишин жана таламдарын канааттандыруунун башка бир өрнөктүү мисалы бир эле учурда жеңилдетилген преференциалуу "жүгү бар" объекттердин курулушун уюштуруу практикасы болуп саналат, мында жеке менчик инвестор курулушка укуктуу (же имаратты капиталдык оңдоого укуктуу) жалпы шаардык тармактарды, коммуникацияларды же башка социалдык инфраструктураларды калыбына келтирүү же кеңейтүү боюнча кошумча шарттарга макул болгон учурда гана алат.

Бирок, ата мекендик практикада бийлик менен бизнестин аймактык органдарынын анык өз ара мамилеси демөөрчүлүк идеясына гана келип такалат, бул айрыкча шайлоо өнөктүгүндө, социалдык программаларды ишке ашырууда, кошумча финансы жана башка салымдар аркылуу тигил же бул муктаждыкка каражат издеп табуу милдетин чечүүдө, бийликтин мамлекеттик институттарынын тапшырмасын аткарууда айрыкча байкалат.

Муниципалдык экономиканы өнүктүрүү – эң маанилүү милдет, буга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын социалдык–экономикалык программасын иштеп чыгууга жана бекитүүгө, ошондой эле өсүштүн стратегиялык артыкчылыктарын аныктоого укуктуу негизги субъекттер катары таламдаш болушу тийиш. Муниципалдык органдарда аларга ведомстволук баш ийдирүүдөгү аймактын экономикалык өнүгүшүнө түздөн–түз таасир тийгизген чарбалык мамилелерди жөнгө салуу боюнча тийиштүү функциялары топтоштурулган. Ал эми жер участкаларына базар мамилеси киргизилгенден баштап жерди пайдалануу эрежесин белгилөөгө укуктуу администрациянын ролу өстү. Ошондуктан, туракжай жана өнөр жай курулушу үчүн жерди пайдалануунун тийиштүү аймагын рационалдуу бөлүү, ар түрдүү бизнести уюштуруу жамааттын экономикалык турмушунда өтө олуттуу натыйжа алып келиши мүмкүн. Ал түгүл муниципалдык органдардын өздөрү экономикалык мамилелердин толук укуктуу субъектисинин ролунда чыгышы мүмкүн, анткени өзүнүн ресурстук кудуретин (муниципалдык менчиктин курамын толуктоо, жергиликтүү бюджетти чыңдоо жана башка ушул сыяктууларды) өз алдынча кеңейтүүгө укуктуу.

Ошентип, муниципалдык экономика аймактагы бардык экономикалык ресурстардын жана аларга байланыштуу келип чыккан мамилелердин,

тийиштүү калайык калктын социалдык жана башка керектөөлөрүн камсыз кылуучу бардык экономикалык ресурстардын жыйындысы болуп чыгат. Ошондуктан муниципалдык экономикалык саясаттын маңызы мында турат, жергиликтүү жамааттын таламдарында колдо бар бардык ресурстарды алда канча натыйжалуу пайдалануу.

Ошону менен бирге эле Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын азыркы кездеги экономикалык саясаты, негизинен, аймактагы материалдык жыргалчылыктын олуттуу бөлүгүн түзгөн муниципалдык менчик объекттерин пайдаланууга жана башкарууга ыкташып курулган.

МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК Муниципалдык менчик – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун киреше алуу булагы болуп саналган жана тийиштүү калайык калктын социалдык–экономикалык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн кызмат кылган муниципалдык органдардын ээлигинде, пайдалануусунда жана тескөөсүндө турган жамааттын менчиги.

Менчик жана менчик укугу түшүнүктөрү, балким коомдун социалдык–экономикалык жашоо турмушунун тарыхында эң байыркы түшүнүктөрдүн биридир. Тарыхый жактан алганда менчик категориясы түрдүү формаларда: жекече, коомчулук, жамаат, мамлекет түрүндө, ошондой эле бизге белгилүү болгон колхоздук, профсоюздук жана башка түрдө өнүгүп келген.

Кийинки жылдарда, айрыкча жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптери колдонулгандан тартып биздин турмушка муниципалдык менчик катары (же болбосо кээде коммуналдык деген термин колдонулат) формасы көбүрөөк колдонула баштагандыгын белгилөө керек. Менчиктин ушунчалык көп түрдүүлүгүнө карабастан алардын бардыгынын мазмун жагынан окшоштугу бирдей жана өз маңыздык мүнөздөрүнө жооп бериши тийиш.

Алсак, өзүнүн кандай түрдө экендигине карабастан менчик түшүнүгүнүн мазмуну менчик ээсине таандык мүлктү ээлөө, пайдалануу жана тескөө боюнча укуктуулугу түзөт.

Ээлик кылууга укук мүлктү түздөн–түз иш жүзүндө ээлөө мүмкүндүгү дегенди билдирет. Менчик менчик ээсинин анык ээлеп алган абалында турат: адам өз үйүндө жашайт, айыл өкмөтү өз имарат жайында орун алган жана башка ушул сыяктуу. Мүлккө ээлик кылуу мыйзамдуу жана мыйзамсыз да болушу мүмкүн, мыйзамдуу дегендик мында кандайдыр бир укуктук негизге таянып ээлик кылуу, башкача айтканда тийиштүү юридикалык актыга таянып ээлөө болуп саналат.

Пайдаланууга укук мүлктү пайдалануу учурунда, башкача айтканда азык–түлүктөрдү алуунун, киреше табуунун жүрүшүндө мүлктүн пайдалуу касиетин урунуу мүмкүнчүлүгү дегенди билдирет. Атап айтканда менчик

ээси өзүнүн жер участкасынан түшүм алат, же болбосо өз мүлкүн ижарага берүүдөн пайда көрөт. Мына ушул укук ээлик кылуу укугу менен өз ара байланыштуу, анткени жалпы эреже боюнча мүлккө ким ээлик кылса, ошол гана аны пайдаланууга акылуу. Бирок кээде мүлккө ээлик кылбай туруп эле аны пайдаланууга болот. Мисалы, шаар башкармалыгы өз транспорт мүлкүн бирөөгө тапшырды дейли, ким аны пайдаланат, бирок анын ээси болбогон адам пайдаланды; айыл өкмөтү айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун мамлекеттик жерин (ФПС) ижарага берди дейли, бирок ал ушул эле учурда иш жүзүндө анын ээлик кылуучусу эмес.

Ээлик кылуу жана пайдалануу уктарынан тышкары менчикти тескөө укугу өзгөчө бөлүнүп турат, аны бир нече позициядан карап чыгуу зарыл. Биринчи жактан алганда аны менчик ээсинин иш аракети катары түшүнсө болот, анын натыйжасында пайдалануу жана (же) менчикти ээлик кылуу укугу менчик ээсинин макулдугу боюнча башка адам тарабынан ишке ашырылат. Келишимдик негизде менчик ээси өз менчигин ээлик кылуу жана пайдалануу функциясын башка бирөөгө толугу менен же жарым–жартылай өткөрүп бериши мүмкүн. Экинчи жактан алганда тескөө укугу мындан да көрүнүшү мүмкүн: мүлктүн менчик ээси мүлккө менчик укугунан такыр эле баш тартып коюшу мүмкүн, бул ага таандык мүлктү жатыркатуу боюнча өз иш аракетинин күчүнөн улам келип чыгат.

Жыйынтыктап айтканда тескөөгө укук менчик ээси өз каалоосу жана өз кароосу боюнча өз мүлкүн сатышы, ижарага бериши, тартуу кылышы же такыр эле кароосуз калтырып коюшу мүмкүн дегендикти билдирет, башкача айтканда менчик ээси мүлктүн андан аркы тагдырын кандай аныктайм десе өзү билет жана ага укуктуу. Ушуга карабастан бул аракет өзүнө таандык мүлккө карата мамиледе менчик ээсинин бийлиги чексиз турбайбы дегенди билдирбейт.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ылайык менчик ээси чындыгында эле өз мүлкүнө карата мамиледе каалаган иш аракетин жасоого акылуу, бирок анысы мыйзамга каршы болбошу керек жана укук тартибин бузбагандай жана мыйзам менен корголгон башка адамдардын таламдарына тийишпегидей болуш керек. Атап айтканда жерге жана жаратылыш ресурстарына менчик ээсинин укуктарын ишке ашыруу курчап турган айлана чөйрөгө зыян келтирбегидей өлчөмдө жана чекте жол берилет. Анын ичинде мыйзам тарабынан же келишимдик мамилелердин күчү менен башкача тартип белгиленбесе, менчик ээсинин дал өзү мүлктү күтүү боюнча бардык чыгашаларды тартат. Ошондой эле менчик ээсине республиканын мыйзамдарында каралган учурларда, шарттарда жана чектерде анын мүлкүн башка бирөө тарабынан пайдаланууну чектеп коюуга (сервитут) милдет жүктөлөт.

Ушул укук атап айтканда жалпысынан менчикке укук сыяктуу эле менчик ээсинин юридикалык жана иш жүзүндө камсыз кылынган жүрүш-туруш мүмкүнчүлүгүн берет. Ошону менен менчик ээсинин укугу ал аны ишке ашырууга мүмкүн болгонго чейин, демек менчик ээси болуп кала бергенге чейин таандык болот. Менчик ээси мүлктүн менчик ээси болуп качан эсептелет жана канчага чейин? Мына ушул бардык укуктар (ээлик кылуу, пайдалануу, тескөө) ээлик кылуучунун (ээлик кылуучулардын) колунда топтоштурулганда гана менчик ээси ошол мүлктүн менчик ээси болуп эсептелет. Бирок, кандайдыр бир имараттын, квартиранын, машинанын жана башкалардын менчик ээсинин укуктарын толук деп эсептөөгө жарабайт, эгерде ошол мүлктү ээлеген жана пайдаланган менчик ээсиндеги мүлктөрдү тескөө башка бир адамдын ыйгарым укугунда турса, анда толук укуктуу деп эсептөөгө жарабайт. Ошого карабастан мындай учурлар практика жүзүндө өтө көп кездешет. Менчик ээси болбогон адам мүлктү ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугун ага ошол укуктар таандык болгон чекте ишке ашырбастан, менчик ээси менен түзүлгөн келишимде жана мыйзамда каралган чекте гана жүзөгө ашырат.

Муниципалдык мүлккө карата менчикке ээлик кылуунун, тескөөнүн жана пайдалануунун мындай чектелген укугу республиканын жарандык мыйзамдарында чарба жүргүзүү жана оперативдүү башкаруу укуктарын ишке ашыруунун алкагында каралган. Атап айтканда муниципалдык менчикте турган мүлк чарба жүргүзүү укугунда муниципалдык ишканаларга бекитилип берилет, ал эми мекемелерге – оперативдүү башкаруу укугунда бекемделет[23].

Чарба жүргүзүүгө укук бул өндүү мүлктөрдү белгилүү бир таасын менчик ээси менен сүйлөшүлгөн чекте ээлик кылууга, пайдаланууга жана тескөөгө мүмкүндүк берет. Мындай мүлктүн менчик ээси ишкананы түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу маселесин чечет, анын ишмердигинин өңүттөрүн жана максатын аныктайт, ишкананын жетекчисин дайындайт, мүлктүн максатка ылайыктуу пайдаланышына жана анын сакталышына контрол жүргүзөт. Муниципалдык ишкана өз милдеттенмеси боюнча ага таандык бардык мүлк боюнча жоопкер жана анын мүлкүнүн менчик ээсинин милдеттенмеси боюнча жоопкерчилик тартпайт. Чарба жүргүзүү укугуна негизделген ишкана түзүү жөнүндө чечимди менчик ээси кабыл ала тургандыгын эске алып, анын уставын да ал бекитет, уставдык жана резервдик фонддор өлчөмүн белгилейт, анын үстүнө менчик ээси ал түзгөн ишкананын чарба жүргүзүүсүндө турган мүлктү пайдалануудан түшкөн киреше бөлүгүн алууга укуктуу.

[23] Кара.: 1996–жылдын 8–майындагы Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси. –Ст.227,230,231.

Чарба жүргүзүү укугунда мүлккө ээлик кылуу, башкаруу жана тескөө маселелеринде чектөөлөр төмөнкүлөрдөн билинет: чарба жүргүзүүгө берилген кыймылсыз мүлктү сатуу, аны ижарага берүү, күрөөгө коюу катары пайдалануу чарбалык шериктештиктердин жана коомдоштуктардын уставдык капиталына аманат катары киргизүү, менчик ээсинин макулдугусуз жол берилбейт. Мындан тышкары чарба жүргүзүү укугундагы мүлккө тескөө жүргүзүүдө башка чектөөлөр да белгилениши мүмкүн.

Ошону менен бирге эле чарба жүргүзүү укугунда турган муниципалдык ишкана мыйзамда каралган чектөөгө жатпаган мүлккө карата гана мамиледе (пайда жана киреше бөлүгү жана башкалар) өз алдынчалыкка ээ. Ошону менен мүлкү чарба жүргүзүү укугуна таандык болгон муниципалдык ишкана ал мүлктү республиканын жарандык мыйзамдарында аныкталган жана менчик ээси белгилеген чекте гана ээлик кылат, пайдаланат жана тескей алат.

Өз кезегинде оперативдүү башкаруу укугу өз ишмердигинин максатына, менчик ээсинин тапшырмасына жана ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө уктары бекемделген мүлктүн пайдаланыш багытына ылайык мыйзам тарабынан белгиленген чекте ишмердигин жүргүзүшкөн мекемелерге (билим берүү, саламаттык сактоо жана башка объекттер) бекемделип берилет. Мекеме өзүнө бекитилип берилген мүлктү, ошол мүлктүн менчик ээсинин макулдугу менен гана жатыркатып алууга же болбосо башкача ыкма менен тескөөгө укуктуу.

Мекемеге оперативдүү башкаруу укугунда бекемделип берилген мүлктүн менчик ээси мүлктүн багытталышы боюнча пайдаланылбаган же туу эмес пайдаланылган артыкбаш мүлктү алып коюуга жана өз каалоосу жана кароосу боюнча тескөөгө укуктуу. Ал түгүл ошол мекеменин кирешелерин бөлүштүрүү тартибин да анын мүлкүнүн менчик ээси тарабынан аныкталат. Мекеме өзүнө бекитилип берилген мүлктү же смета боюнча ага бөлүнгөн каражат эсебинен алынган мүлктү жатыркатууга же башкача ыкма менен тескөөгө укуксуз. Эгерде уюштуруу документине ылайык мекемеге ишкердиктин түрү киреше алып келген ишти жүргүзүү укугу берилсе, анда андай киреше жана анын эсебинен алынган мүлк мекеменин өз алдынча тескөөсүнө келип түшөт жана өзүнчө айрым баланста эсепке алынат.

Ушул чектелген укуктар (чарба жүргүзүү жана оперативдүү башкаруу) мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган объекттерге карата гана колдонулат.

Качан белгилүү бир шарт келип чыкканда гана менчикке укук пайда болот, башкача айтканда менчик өз кожоюнуна ээ болуш үчүн тийиштүү негиздер келип чыгышы керек. Ошондой эле Кыргызстандын муниципалдык менчиги да көптөгөн саясий–укуктук жана социалдык–экономикалык кырдаалдардын кыйчалыш тоомунда калыптанды.

Биринчи жолу Кыргыз Республикасында өздүк мүлккө жергиликтүү жамааттын саясий жана юридикалык укугу 1991–жылдын 19–апрелиндеги "Кыргызстан Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамында бекемделген, анда 36–статьяда мындай деп белгиленген, "Коммуналдык менчик жергиликтүү чарбанын негизин түзөт. Коммуналдык менчикти тескөөнү жана башкарууну жергиликтүү советтер жүргүзөт". Кийинчерээк коммуналдык менчик объекттерин башкарууну жергиликтүү мамлекеттик администрация жана анын ыйгарым укуктуу органдары жүргүзө баштады, мына ушунун күчүнөн улам жамааттын менчигинин өзү мыйзамда мамлекеттик менчиктин бөлүгү деп атала баштады.

Бирок, 1996–жылы менчиктин өз алдынча түрү катары коммуналдык менчик конституциялык жактан бекемделгенден жана республиканын Президентинин бир катар жарлыктары жана Өкмөттүн токтомдору чыгарылгандан кийин жергиликтүү жамааттардын мүлкүн калыптандыруу боюнча алгачкы кадамдар жасалды. Аларга мурда мамлекеттик менчик болуп келген объекттер: билим берүү мекемелери (ПТУ, мектептер, жатак мектептер, балдардын өспүрүмдөрдүн спорт мектептери, бала бакчалар, яслилер) саламаттык сактоо (айыл кыштактагы ооруканалар, дарыканалар жана башка медицина мекемелери), маданият жана спорт (маданият сарайлары, маданият үйлөрү, китепканалар, музейлер, спорт комплекстери, кинотеатрлар жана башка) жана жергиликтүү бюджеттин күтүүсүндө турган башка объекттер таандык боло баштады.

Башкаруунун жергиликтүү органдарына 1996–жылдан баштап 2002–жылдын аралыгында жалпы суммасы 8,4 млрд. сомдук 10 минден ашуун социалдык инфраструктура объекттери берилген. Ошого карабастан ушул объекттерди толук өлчөмдө жергиликтүү жамааттардын менчиги деп айтууга тил барбайт, анткени менчик ээсинин бардык укуктарын ишке ашыруунун жол–жобосу мыйзам тарабынан олуттуу чектелип коюлган. Мындан тышкары мамлекет тарабынан берилген объекттер анығын айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздеринин курамына кирбестен, калктын социалдык керектөөлөрүн канааттандыруучу жамааттын социалдык маданий базасын түзө турганын айта кетүү керек.

Ал эми чын–чынына келгенде муниципалдык менчик өз алдынча башкаруунун чыныгы материалдык базасы катары жерди жарандык–укуктук жүгүртүүгө киргизгенден тартып жана жерге болгон жеке жана мамлекеттик менчик менен бир катарда муниципалдык менчик түрүн да конституциялык жактан бекемдөөдөн кийин гана реалдуу түрдө калыптана баштады.

1998 жана 2003–жылдардагы конституциялык өзгөртүүлөр жер маселесин гана козгобостон, коммуналдык менчик чөйрөсүндө терминологиялык тактоолорго да тиешелүү болгондугу, башкача айтканда "коммуналдык" түшүнүгү "муниципалдык" болуп өзгөрүлгөнүн көрсөтүү өзгөчө кызыктуу ойду туудурат. Ушул терминдердин мазмун жагынан тактыгын жана айырмачылыктарын салыштырып ой жүгүртүүнүн зарылчылыгы деле жоктур, анткени аталышына карабастан эң башкысы коммуналдык болобу же муниципалдык менчик болобу жергиликтүү жамааттардын турмуш шартынын жакшырышына өбөлгө түзсө болду, бул анын эң башкы максаты жана маңызы.

2002–жылдын 15–мартындагы "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамдын ишке киргизилиши менен (2005–жылдын 19–августундагы мыйзамдын редакциясында" жергиликтүү жамааттардын менчик курамы олуттуу түрдө кеңейтилди. Алсак, мыйзамга ылайык төмөнкүдөй мүлк муниципалдык менчик болушу мүмкүн:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын карамагында турган ишканалардын имарат жайлары, жабдуулары жана башка кыймылдагы мүлктөрү, ошондой эле билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт жана туризм объекттери;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин камсыз кылуу үчүн зарыл керектүү туракжай–коммуналдык, ондоо–куруу жана транспорт чарбасынын объекттери, жабдуулар жана материалдар. Анын ичинде тийиштүү аймакты тейлеген жана мамлекеттик жана жеке менчикте болбогон ишканаларга таандык эмес транспорт, энергетика, суу менен жабдуу, канал курулуштары жана коммуникациялар инфраструктурасынын тармактары менен объекттери, бүтпөгөн курулуш объекттери бар;

– соода, коомдук тамактануу жана турмуш тиричилик ишканаларынын мүлк комплекстери, ошондой эле аларды пайдалануу, күтүү жана тейлөө үчүн курулуш жайлары менен жабдуулар;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык менчиктештирилбеген туракжай жана туракжай эмес фондулар, көчөлөр, көпүрөлөр жана жергиликтүү жолдор;

– парк үчүн бөлүнгөн коомдук парктар жана жерлер көрктөндүрүүнүн жана жашылдандыруу чарбасынын башка объекттери, жергиликтүү маанидеги тарых жана маданият эстеликтери;

– токой жана айыл чарбасына жарактуу жерлер, көл жана көлмөлөр, суу булактары жана мамлекеттик жаратылыш ресурстарынын тизмесине киргизилбеген жергиликтүү маанидеги пайдалуу кен чыккан жерлер;

– жер участкалары, анын ичинде тийиштүү долбоор менен чек арасы каралган муниципалдык мүлк объекттерине жаткан жерлер, ошондой эле өздөштүрүлбөгөн жерлер.

Муниципалдык менчик ар түрдүү ыкмаларда түзүлөт, алардын негизгилеринин бири Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик менчиктин объекттерин өткөрүп берүү болуп саналат. Муниципалдык менчик ар түрдүү жарандык–укуктук аракеттердин натыйжасында да алынышы ыктымал.

Алардын арасында жарандык–укуктук бүтүмдөр боюнча (сатуу жана сатып алуу, алмашуу, тартуулоо, өз келишимдик милдеттенмесин башка бир тараптын аткарбай коюшу) жарандардан жана юридикалык жактардан объекттерди муниципалдык менчикке алуу бар.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алдында берилген милдеттенмеси боюнча же сот чечими боюнча башкача ыкмада, ошондой эле мүлк сот тарабынан ээсиз деп табылган учурда менчикти мажбурлап алуу жана менчик укугунан ажыратуу жолу кирет.

Муниципалдык менчикти ижарага алгандыгы жана пайдалангандыгы үчүн жарандар жана юридикалык жактар, мамлекеттик органдар жана мекемелер тарабынан киргизилген милдеттүү төлөмдөр, суммалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жергиликтүү салыктар, жыйымдар жана башка түрүндө жергиликтүү бюджетке келип түшкөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражатынын эсебинен жаңы объекттерди түзүү же куруу, өндүрүү натыйжасында, анын ичинде дивиденддер жана пайыздар, мыйзамдык тартипте тартылып алынган мүлктү сатып өткөрүүдөн түшкөн каражаттар, кайрымдуулук жыйноолор жана мыйзамда тыюу салынбаган башка келип түшүүлөр.

Муниципалдык менчиктин курамына кире турган объекттердин тизмеси жана тийиштүү укуктардын келип чыгышы үчүн негиздер мыйзам тарабынан, калкка кызмат көрсөтүү үчүн зарыл болгон башка объекттер да жана ушул тапта мыйзам тарабынан каралбай калган учурларда болушу мүмкүн деп белгилеп, ачык бойдон калтырылган.

Ошону менен бирге эле менчик өзү менен өзүнчө турганда эч кандай мааниге ээ болбойт, эгерде ал адамдын же жамааттын керектөөлөрүн канааттандыруунун каражаты болуп кызмат кылбаса, ал эми бул үчүн менчиктин иштеши, пайда алып келиши, акыр аягында албетте коомдун анык экономикалык пайдубалы болуп калышы тийиш. Менчиктин пайда алып келиши жана жамааттын социалдык жана экономикалык керектөөлөрүн канааттандырышы үчүн аны натыйжалуу башкара билүү зарыл. Ал эми бул бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айрыкча талуу маселеси бойдон калууда.

Оперативдүү башкаруу же пайдалануу маселелери республиканын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органдарынын (мэриянын, шаар башкармалыгынын, айыл

өкмөтүнүн) компетенциясында турат. Алар муниципалдык менчиктеги объекттердин өндүрүштүк жана финансы–чарбалык ишмердигин координациялап контролдоосу, ошондой эле жергиликтүү жамааттын жыргалчылыгын жогорулатуу максатында муниципалдык мүлктү оңтойлуу пайдалануу боюнча мыйзамдуу күч аракеттерди ишке ашыруулары тийиш.

Ал эми практика жүзүндө болсо муниципалдык мүлктү жалпы жамааттын жыргалчылыгында өзүнүн багыты боюнча пайдаланбастан, өзүнүн кызыкчылыгын канааттандыруунун ыкмасы катары пайдаланган учурлар кездешет. Маселен, Ош областынын Кызылкыштак айыл өкмөтүндө административдик имарат жайлардын бири бузулган, материалдары сатылып кеткен, ал эми 1,2 млн. сом суммасындагы каражат кайра уюштуруу дегенге шылтоолошуп өздөрүнө ыйгарып алышкан[24].

Ошол эле мезгилде мүлктү тескөө маселеси, асыресе муниципалдык менчиктин андан аркы тагдырын аныктоо жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарынын чөйрөсүндө турат, алар тийиштүү объекттерди менчиктештирүүнүн же жатыркатуунун программасын карап чыгып, бекитүүлөрү тийиш. Жергиликтүү жамааттын аймагындагы чарбалык ишмердиктин жана муниципалдык менчикти пайдаланган субъекттер көрсөткөн кызматтарга баалар менен тарифтерди аныктоо боюнча жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарынын да чоң мааниси бар.

Ар кандай мүлк сыяктуу эле, муниципалдык менчик да жана ага укук дайым эле чексиз боло бербейт, анткени мүлк өзүндө пайдалануу ресурсун күтө билгендей эле ал эскирүүгө, жыртылууга жана акырында моралдык жактан жараксыз болуп калууга дуушар болот. Мындай учурларда мүлккө менчик укугунун токтотулушу келип чыгышы ыктымал. Айтмакчы, менчикке укуктун токтотулушуна мүлктүн бузулушу, бүлүнүшү же биротоло “эскириши” гана себеп болбостон, мындан башка да учурлар бар. Алып айтсак, мыйзамда белгиленгендей мамлекеттик менчикке же үчүнчү жактын менчигине мүлктү жатыркатуу жөнүндө чечим кабыл алынса, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдеттенмеси боюнча мүлккө болгон укук алынып салынса, муниципалдык менчикке укук токтотулушу мүмкүн.

Муниципалдык менчикке укук туура эмес иш аракеттердин натыйжасында же белгилүү бир жол–жоболорду сактабаган учурда токтотулуп коюлган жагдайлар өтө көп кездешет. Менчикке укук эки ыкма аркылуу бузулушу мүмкүн: менчик ээсинен анын мүлкүн ажыратат,

[24] Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары менен болгон республикалык кеңешмеде 2006–жылдын 13–мартында Кыргыз Республикасынын Президенти К.С. Бакиевдин сүйлөгөн сөзүнөн.

ошондуктан ал аны ээлөөгө, пайдаланууга жана тескөөгө мүмкүнчүлүк таба албай калат; же болбосо менчик ээси өз мүлкүнө ээлик кылуудан иш жүзүндө ажыратылбаганы менен аны пайдаланууга жана тескөөгө тоскоолдук келип чыгат.

Мындай жагдайларда менчик ээси муниципалдык менчикке өзүнүн укугун коргоп калууга баруу керек, ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык мыйзамдуу ыкмалар менен мамлекеттик жана жеке менчиктин түрү менен бир катарда эле муниципалдык менчикке укук да корголот жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен башка тараптар ортосунда түзүлгөн контракттардын же макулдашуулардын жоболоруна ылайык корголот.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы–экономикалык негиздеринин эң маанилүү бөлүгү болуу менен бирге муниципалдык менчик ошол эле кезде анын бүткүл маңызы менен ажытын камтый албайт. Тийиштүү финансы негиздеринин же ресурстарынын болушу жамааттын материалдык экономикалык базасынын маанилүү бөлүгү болуп эсептелет.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН ФИНАНСЫ НЕГИЗДЕРИ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы негиздерин жергиликтүү коомчулуктарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекемделип берилген кирешенин салыктык жана салыктык эмес булактары, муниципалдык менчикти пайдалануудан кирешелер, ошондой эле кредиттик жана башка финансы ресурстары түзөт.[25]

Жалпы кабыл алынган эреже боюнча жана илимдин көз карашынан алганда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы негиздери жергиликтүү бюджеттерге, бюджеттик эмес фондуларга, жергиликтүү салыктарга жана жыйымдарга, трансферттерге, гранттарга, ссудаларга, зайымдарга, кредиттерге, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн каражаттарга, баалуу кагаздарга жана башка ресурстарга байланыштуу келип чыккан мамилелердин жыйындысы катары ачылып берилет. Демек, финансы негиздери – бул мамлекеттик жана аймактык маанидеги маселелерди чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу ээ болгон финансы каражаттарынын жыйындысы.

Жогоруда белгиленгендей, жергиликтүү жамааттардын финансы ресурстары менен муниципалдык менчик түрүндөгү материалдык база өз ара байланыштуу жана ич ара бири–бири менен шартталган. Аларды

[25] Кара.: 2002–жылдын 12–январындагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. –Ст. 55

туура өз ара аракеттендирүүдө жана пайдаланууда гана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чарбалык өз алдынчалыгы камсыз болушу, күндөлүк керектөөсү канааттандырылышы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын да, ошондой эле калктын да жагымдуу турмуш жашоосу үчүн шарттардын түзүлүшү камсыз болушу мүмкүн.

ФИНАНСЫ РЕСУРСТАРЫ

Коомдо финансы объективдүү түрдө зарыл керектүү, бирок ал кыяпаттуу түрдө келип чыкпастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун план ченемдүү иш жүргүзүшүнүн, атап айтканда жалпысынан мамлекеттин да план ченемдүү ишмердигинин процессинде гана көрүнөт. Финансы айланасында келип чыккан мамилелер негиз болгон акча каражаттарынын белгилүү бир көлөмүн түзүүгө, бөлүштүрүүгө жана пайдаланууга багытталган ушундай ишмердикте гана келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун финансылык түзүмү мыйзамдарга ылайык белгилүү бир булактардын эсебинен калыптанат:

– жергиликтүү бюджеттин каражатынан;
– жогору турган аймактык деңгээлдеги бюджеттен, категориялык, теңөөчү жана стимулдоочу гранттардан;
– бюджеттик эмес фонддордон;
– кредиттик ресурстардан жана трансферттерден;
– ыктыярдуу төгүмдөрдөн жана кайрымдуулук берүүлөрдөн;
– муниципалдык баалуу кагаздардан жана жергиликтүү зайымдардан түшкөн кирешелерден;
– жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдөн;
– жергиликтүү салыктардан жана жыйымдардан;
– административдик айыптарды төлөөнүн натыйжасында келип түшкөн сумманын толук көлөмүнөн;
– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурган иш чаралардан келип түшкөн башка кошумча кирешелерден, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын муктаждыгы үчүн түзүлгөн ишканалар менен уюмдардын ишмердигинен алынган кирешелерден.[26]

Ошентип, жергиликтүү жамааттын финансы ресурстары же жергиликтүү финансы бир нече булактардан түзүлүшү мүмкүн, аларды шарттуу түрдө төмөнкүдөй негизги каражаттарга классификациялоого болот:

[26] Кара.: 2002–жылдын 12–январындагы “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. –Ст. 55

– киреше статьялары түрүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жиберилген жалпы мамлекеттик булактардан түзүлгөн каражат жана тийиштүү финансы–бюджет укуктары (трансферттер, гранттар, салыктар);

– өз алдынча башкаруу органдарынын финансы–экономикалык ишмердигинин натыйжасында жергиликтүү жамааттын өз булактарынан калыптанган каражат (жергиликтүү салыктар жана жыйымдар, муниципалдык менчиктин объекттерин, муниципалдык жерди пайдалануудан кирешелер, ар түрдүү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер, баалуу кагаздардан алынган дивиденддер, ыктыярдуу төгүмдөр жана кайрымдуулук берүүлөр, айып төлөөлөр жана башкалар);

– зайымдык же кредиттик фонддордон карызга алынган каражат (ссудалар, зайымдар, кредиттер).

Албетте, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы саясаты өзүнүн киреше базасынын эсебинен мамлекеттик жана кредиттик уюмдарга көз каранды болбостон туруп өзүнүн ички милдеттерин ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу бөлүгүндө өз ишмердигинин арбын бөлүгүн каржылай алгыдай кылып түзүлүшү жана жолго коюлушу тийиш. Бирок, мындай келечектүү иш өтө алыста тургандай көрүнөт (эгерде ал акыры жүрүп, ишке аша турган болсо) анткени айыл кыштактардын, шаарчалардын жана шаарлардын көпчүлүгү өздөрүнүн финансы жагынан керектөөлөрүн көбүнчө мамлекеттик каражаттын эсебинен жаап жатышат.

Мунун көп себептеринин бири бирдей эмес экономикалык мүмкүнчүлүк жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык менчиктин пайдалуу касиетинен туура пайда алууга жана аны өз аймагынын экономикасын көтөрүү үчүн инвестициялык ресурстардын бири катары пайдаланууга багытталган өздөрүнүн финансы–экономикалык ишмердиктерин кайра кура албай жаткандыгынан болуп отурат.

Финансынын маанилүү экендигинин дагы бир себеби ал жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ыйгарым укук көлөмдөрү менен тикелей байланышта болгондугунда. Ыйгарым укуктар канчалык деңгээлде финансы жагынан камсыз болсо, ошончолук аларды ишке ашыруунун натыйжасы да майнаптуу болот. Финансы ресурстары менен ыйгарым укуктарды салыштыруу жөнүндө тезис далилдөөнү талап кылбайт, анткени аймак финансы планында канчалык жакшы болсо, өз алдынча башкаруунун аймактык органдарынын өз ыйгарым укуктарын талаптагыдай ишке ашырууда мүмкүнчүлүгү ошончолук кең кесири болот деген сөз адилеттүү айтылган аксиома.

Мында эң оболу бийликтин жергиликтүү органдары таламдаш болушу зарыл, алардын натыйжалуу ишмердигине көп нерсе көз каранды, аймактын географиялык, табигый, маданий жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алуу

менен экономикалык саясатты жүргүзүүдө жана колдонууда, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүн өз аймактарын өнүктүрүүгө кызыктыра билүү жөндөмдүүлүгүнө ошол жергиликтүү жамааттын жыргалчылыгы көз каранды болот.

Ар түрдүү булактардан калыптанган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы ресурстарынын жыйындысы аларды бирдиктүү структуралык түргө келтирүүнү сунуштайт. Мына ошондой бирдик болуп, жергиликтүү бюджет чыгат.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТ

Жергиликтүү бюджет – бул айрым өзүнчө административдик–аймактык бирдиктин финансы реурстарынын борборлоштурулган фондусу, өлкөнүн мыйзамдарында каралган жана бийликтин жергиликтүү органдарына ыйгарылган функцияларды жана компетенцияларды камсыз кылуу үчүн ылайыкталган салыктардын, жыйымдардын, башка милдеттүү төлөмдөрдүн жана башка келип түшүүлөрдүн эсебинен калыптандырылган акча каражаттарын түзүүнүн жана сарптоонун формасы[27].

Жергиликтүү бюджеттер мамлекеттин бирдиктүү бюджеттик системасынын курамдык бөлүгү болуп саналат. Бюджеттик укук жөнүндө Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык областтардын, Бишкек шаарынын, райондордун, шаарлардын, шаарлардагы райондордун, айылдардын жана шаарчалардын бюджеттери узак мезгил бою жергиликтүү бюджеттер деп эсептелип келди. Өз кезегинде областтын бюджети областтык бюджеттен жана областтык баш ийдирүүдөгү райондор менен шаарлардын бюджеттеринен турган. Шаардын бюджети – шаардык бюджеттен, ал эми райондору жана шаарчалары болгондордуку – шаардык райондор менен шаарчалардын бюджеттеринен турган. Райондун бюджети – райондук бюджеттен, райондук баш ийдирүүдөгү шаарлардын бюджеттеринен, айылдын жана шаарчалардын бюджеттеринен турган[28].

Ошону менен жергиликтүү бюджеттердин системасы республиканын административдик–аймактык бөлүнүшү менен логикалуу өз ара байланышта болгон. Мында эреже катары жергиликтүү бюджеттердин структурасы ар дайым мамлекеттик түзүлүштөн жана мамлекеттин тийиштүү административдик–аймактык бөлүнүшүнөн келип чыга тургандыгын белгилей кетүү керек. Мисалы АКШда штаттардын, графстволордун, муниципалитеттердин бюджеттери аларга бекитилген кирешелердин

---

[27] Кеңирирээк кара.: Государственные и муниципалльные финансы: Учебное пособие/Под ред. Г.Б. Поляка. /М., 2004; Бабич А.М., Павлова Л.Н. Государственные и муниципалльные финансы: Учебник. / М., 1999г.

[28] Кара.: 1998–жылдын 11–июнундагы “Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. –Ст. 46 (1999–жылдын 13–июлундагы редакциясы).

булактары жана чыгашалары менен жергиликтүү бюджеттердин курамына кирет; ФРГда жер, жамаат бюджеттери бар.

Ал эми Кыргызстанда азыркы кезде мурдагы бюджеттик структура али да болсо сакталып келе жатат, атап айтканда айыл, шаарча, шаар, район жана област бюджеттери болуп, бирок ошого карабастан 2007–жылдан баштап жергиликтүү бюджеттер системасы жөнүндө жаңы жобо негиз болуп алынган башкача схеманы киргизүү пландаштырылган.

Республикада жергиликтүү бюджеттин жаңы түшүнүгү "Түзүлүшүн, бекитилишин жана аткарылышын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашыруучу айылдын, шаарчанын жана шаардын жергиликтүү жамааттарынын бюджети"[29] катары Мыйзам түрүндө таризделген. Жергиликтүү бюджеттин жаңыланган интерпретациясы айылдык, шаарчалык жана шаардык жамааттардын алкагы менен чектелген, анын үстүнө кирешелердин жана чыгашалардын жазмасы катары түшүнүлгөн административдик бирдиктин призмасы аркылуу ачылып берилген салттуу түрдөгү мааниси сакталып калган.

Ошол эле учурда өз алдынча чарбалык ишмердикти сунуштаган өздүк жана мамлекеттик финансы–экономикалык милдеттерди жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бөлүнүшү жана жүргүзүшү салттуу түшүнүктү бир кыйла кеңейтти. Мына ушул позициядан коомчулуктун бюджети кирешелердин жана чыгашалардын жазмасы катары гана жөнөкөй түрүндө чыкпастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы–экономикалык саясатын турмушка ашыруунун негизги документи, механизми катары да чыгууга тийиш. Ал түгүл коомчулуктун бюджеттери салык аркылуу көптөгөн өз ара мамилелер менен байланыштуу болоорун эске алып, аймакта жайгашкан бардык ишканалар, уюмдар, мекемелер, ошондой эле жеке адамдар менен бюджеттик каражаттарды бөлүү жергиликтүү деңгээлде башкаруунун аспабы катары чыгат (жергиликтүү бюджеттер).

Жамаатта финансы–экономикалык жана социалдык–саясий кырдаалга таасир көрсөтүү ыкмаларынын бири болуп саналуу менен, белгилүү бир стратегиялык функцияларды аткарат, аны бөлүштүрүүчү жана контролдоочу функция катары тариздөөгө болот.

Бөлүштүрүүчү функция, "бөлүштүрүү" деген сөздүн маанисинен эле көрүнүп тургандай, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансы–экономикалык ишмердигинен, жалпы мамлекеттик салыктардан жана транферттерден чегерүүлөрдөн, жергиликтүү жамааттардын бюджетине топтоштурулган башка каражаттардан келип түшкөн финансы ресурстарын бөлүштүрүүдө турат. Демек, ушул функциянын чыныгы ролу

[29] Кара.: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы–экономикалык негиздери жөнүндө" 2003–жылдын 25–сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. –Ст. 1.

каражаттардын келип түшүү булактары жана өлчөмдөрү белгилүү болуп калган бюджеттин киреше бөлүгүн калыптандыргандан кийин аткаруу башталат, башкача айтканда аларды бөлүштүрүүнүн зарылчылыгы туулат.

Бюджетти ишке ашырууда эң маанилүүлөрдүн бири аны аткарууну контролдоо жол–жобосу болуп эсептелет, бул каражаттын келип түшүү баскычында да, ошондой эле каражатты сарптоо баскычында да керек. Контролдоо функциясы финансы каражаты канчалык өз убагында жана толук көлөмүндө түшүп жаткандыгын билүүгө, келип түшкөн каражаттын фактылай болушун жана алардын пайдаланышын билип турууга мүмкүндүк берет. Мына ошентип, бюджеттик эң маанилүү функцияны структуралык жагынан жергиликтүү бюджетти киреше жана чыгыша бөлүктөрү боюнча байланыштырып турат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү бюджеттин кирешелери салык, салыктык эмес жана башка булактардан түзүлгөн акча каражаты, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тескөөсүнө жергиликтүү бюджетке келип түшкөн акысыз акча которуулар болуп саналат. Ал бекемделген (же болбосо өздүк) жана жөнгө салынган кирешелерден, ар түрдүү формалардагы финансылык жардамдан (трансферттер, гранттар, жергиликтүү жамааттарды финансылык колдоо фондунун каражатынан жана башка каражаттардан турат). Ушундан көрүнүп тургандай, жергиликтүү бюджеттердин кирешелери бекемделген жана жөнгө салынган кирешелер болуп классификацияланат:

– бекемделген кирешелер Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жергиликтүү бюджеттерге туруктуу негизде ыйгарылган кирешелер түрү болуп саналат;

– жөнгө салынган кирешелер – алдыдагы финансы жылына жергиликтүү бюджеттерге жалпы мамлекеттик салыктар жана башка төлөмдөр боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген ченемдер боюнча узак мезгилге чегерүүлөрдөн түшкөн кирешелер.

Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгү төмөнкүдөй булактардын эсебинен калыптанат: жергиликтүү салыктар жана жыйымдар; жер салыгы; муниципалдык менчикти, жергиликтүү жамааттын аймагындагы жерди ижарага берүүдөн түшкөн киреше; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген өлчөмдөгү мамлекеттик алым; мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнө киргизилген атайын каражаттардан жергиликтүү баш ийдирүүдөгү бюджеттик уюмдардын кирешелери; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын менчигинде турган мүлктү пайдалануудан түшкөн кирешелер; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын менчигинде турган мүлктү сатуудан же мүлктү башкача ордун толуктоо үчүн

жатыркатуудан түшкөн кирешелер; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кароосунда турган бюджеттик мекемелер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көрсөткөн акы төлөнүүчү кызматтан түшкөн кирешелер; жарандык–укуктук, административдик жана кылмыш жоопкерчиликтеринин чараларын колдонуунун натыйжасында, анын ичинде айыптар, конфискациялоо жана башка мажбурлоо жаза чараларынын натыйжасында алынган суммалардын натыйжасында түшкөн каражаттар; оперативдүү башкаруу укугунда кайрадан түзүлгөн же чарба жүргүзүү укугунда кайрадан түзүлгөн ишканалардан жана уюмдардын, алардын иштей баштаган алгачкы беш жылынын ичинде келип түшкөн салыктар менен жыйымдардын бардык түрлөрү; жекече ишкерлерден келип түшкөн патент үчүн акы төлөө түрүндөгү кирешеден алынуучу салык; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймагында турган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган өлчөмдөрдө, менчиктештирүүнүн мамлекеттик программасына ылайык өткөрүлгөн мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүдөн түшкөн кирешелер; мыйзамдарга ылайык жыйымдар, төлөмдөр, кирешелер жана санкциялар түрүндө жергиликтүү бюджетке келип түшкөн салыктык эмес төлөмдөр; жалпы мамлекеттик салыктардын бардык түрлөрү жана башка кирешелер үчүн бирдей ченемдер боюнча чегерүүлөр, ошондой эле салык органдары тарабынан ошол салык түрүнө жана башка кирешелер боюнча салынуучу айыптардан, пениялардан жана башка санкциялардан келип түшкөн суммалардан чегерүүлөр; башка салыктык эмес кирешелер жана акысыз акча которуулар.

Өздүк каражаттын көлөмү көбүнчө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз алдынча финансы–чарбалык ишмердигине жана натыйжалуу жергиликтүү салык саясатын жүргүзүүсүнө жараша болот. Ачыгын айтканда, өздүк кирешелер бюджетке жергиликтүү салыктык жана салыктык эмес келип түшүүлөрдөн калыптанат, мында салыктык эмес булактарга төмөнкүлөр кирет:

– муниципалдык мүлктү башкаруудан жана тескөөдөн түшкөн кирешелер;

– айыл чарбага жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү Фондунун жерлерин пайдаланууга укук үчүн алынуучу ижаралык акы;

– жергиликтүү бюджеттик уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген азык – түлүктөрдү сатып өткөрүүдөн, иш аткаруудан жана кызмат көрсөтүүдөн келип түшкөн кирешелер жана жалаң гана азык–түлүктөрдү сатып өткөрүү, иш аткаруу жана кызмат көрсөтүү боюнча чыгашаларды жабуу үчүн пайдаланылган кирешелер;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка салыктык эмес келип түшүүлөр.

Өз кезегинде, жамааттардын бюджетинин өздүк киреше базасын толуктоонун салыктык булактары жергиликтүү салыктар жана жыйымдар болуп саналат. Аларга республиканын салык мыйзамына ылайык соңку мезгилге чейин 16 түрү таандык болуп келген. Алар төмөнкүлөр болуп эсептелет: курорт салыгы; жарнама салыгы; ит ээсинен алынуучу жыйым; коммерциялык максатта өткөрүлүүчү жергиликтүү аукциондор жана лотерея ойнотуулар, сынактар менен көргөзмөлөрдү өткөрүүгө укук үчүн жыйым; автотранспортун токтоткондугу үчүн жыйым; жергиликтүү шаң белгисин пайдаланууга укук үчүн салык; товар–чийки зат биржаларында жасалуучу бүтүмдөрдөн алынуучу жыйым; калктуу конуштардын аймагынан таштандыларды ташуу үчүн жыйым; жылытмалуу шарттарда гүл өстүрүүчү жана аларды калкка сатып өткөрүүчү жарандардан салык; мейманкана салыгы; аңчылыкка жана балык уулоочулукка укук үчүн салык; алыскы чет өлкөгө баруучу туристтерден салык; видеосалондорго жана оюн–зоок иш чараларга салык салуу; калкка акы төлөнүүчү кызмат көрсөткөндүгү жана чекене соода жүргүзгөндүгү үчүн салык; пайдаланылбаган өндүрүштүк жана соода турмуш тиричилик аянтына же алардын айрым бөлүгүнө салык; унаа каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык.

Ушул салыктардын көпчүлүгү турмушка жөндөмсүз болгондуктан иш жүзүндө өтө сейрек колдонулду. Алсак, жергиликтүү салыктар менен жыйымдардын 16 түрүнөн эң көп саны Бишкек шаарында колдонулган, эсептөөлөр боюнча анын 10–12 түрү колдонулуп келген. Ал эми калган аймактарда алардын колдонулуш саны өтө аз. Атап айтканда гүл өстүрүүгө салык же ит ээсинен алынуучу жыйым сыяктуу жергиликтүү салыктар жана жыйымдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан айыл жеринде дээрлик киргизилген эмес, ал эми аны киргизген учурда бардык жерде тескөө–башкаруу менен байланыштуу жаңжалдуу маселелер келип чыккан.

Ошондуктан жергиликтүү салык базасын оңтойлоштуруу боюнча чечим кабыл алынган, анын натыйжасында Кыргызстандын салык мыйзамында жергиликтүү салыктар менен жыйымдардын мурдагы санынан 8и гана калтырылган. Алардын арасында :

– курорт салыгы;
– жарнамага салык;
– автотранспортун токтоткондугу үчүн жыйым;
– калктуу конуштардын аймагынан таштандылардын ташылышы үчүн жыйым;
– мейманкана салыгы;
– калкка акы төлөнүүчү кызмат көрсөткөндүгү үчүн жана чекене соодасы үчүн салык;
– унаа каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык.

Андан сырткары, дүйнөдө өтө кеңири таралган жергиликтүү салыктын дагы бир түрү – кыймылсыз мүлккө салык[30].

Мына ошентип, жергиликтүү жамааттардын бюджетинин киреше бөлүгү негизинен өздүк жана мамлекеттик каражаттардын эсебинен калыптанат. Анын үстүнө 2006–жылдагы жүргүзүлгөн талдоолор көрсөткөндөй учурда республикада жергиликтүү жамааттардын 25% гана өздүк кирешелердин эсебинен өз чыгашаларын реалдуу түрдө тындырышы мүмкүн. Алып айтсак 472 айыл жамаатынан 120ы гана же болбосо төрттөн бир бөлүгү гана өз кирешелери менен өз чыгашаларын толук тындырышы мүмкүн, алардын ичинен Чүй областында – 69, Жалалабат областында – 4, Ысыккөл областында – 25, Ош областында – 6, ж.б. калган жамааттар республикалык бюджетке кайсыл бир жерде толугу менен, кайсыл бир жерде жарым жартылай көз каранды, алар гранттарды борборлоштуруп бөлүп берүү аркылуу жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толукташат, демек мындайча айтканда зарыл чыгашаларын жабышат.

Мындай өздүк булактар менен бюджеттик камсыз болбогондуктун шартында бюджеттик каражаттарды пайдалануудагы финансылык тартип бузуулар өтө кейиштүү факты болуп саналат. Алсак, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын маалыматы боюнча 2005–жылы 170 айыл өкмөтүндө 37,1 млн. сомдук финансылык тартип бузуулар ашкереленген, анын ичинде мыйзамсыз чыгыштоолор – 3,8 млн. сом, жетишпей калуу жана уурдоолор 1 млн. сом, мамлекеттик каражатты максатсыз пайдалануу – 1,9 млн. сом, Соцфонд – 16,6 млн. сом, башка финансылык тартип бузуулар – 13,1 млн. сом[31].

Жергиликтүү бюджетке келип түшкөн жана тийиштүү коомдоштуктун жашоо турмушун уюштуруу боюнча бийликтин жергиликтүү органдарынын функциялары менен компетенцияларын финансы жактан камсыз кылууга багытталган акча каражаты жергиликтүү бюджеттин чыгашалары болуп эсептелет. Алар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык эки түргө бөлүнөт:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттенмелери боюнча гранттар

[30] Кара.: 1996–жылдын 26–июнундагы Кыргыз Республикасынын Салык кодекси (2006–жылдын 3-июнундагы редакциясы). – Ст. 182–197. (Эскертүү: азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын жаңы салык мыйзамы иштелип чыгууда, анда жергиликтүү салыктар жана жыйымдар системасы башкача маани менен мазмунду алып калышы ыктымал).

[31] Кеңирирээк кара.: Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары менен республикалык кеңешмеде 2006–жылдын 13–мартында Кыргыз Республикасынын Президенти К.С.Бакиевдин сүйлөгөн сөзүнөн.

аркылуу республикалык жана жергиликтүү бюджеттен биргелешип каржылануучу (мисалы – билим берүү системасын каржылоо) чыгашалар;

– жергиликтүү бюджеттен каржылануучу чыгашалар.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден Кыргыз Республикасынын Өкмөтү республиканын мыйзамдарында белгиленген гранттар аркылуу каржылоо боюнча аларга карата жоопкерчиликти тең бөлүшкөн иш чаралар каржыланат. Ал эми жергиликтүү бюджеттерден аткарылышына калктын билим жана жыргалчылыгынын жалпы деңгээли көз каранды болгон иш чаралар каржыланат, ал боюнча жоопкерчилик толугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына жүктөлөт.

Кирешелер структурасында, жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын жабууда республикалык бюджеттен дотациялар олуттуу үлүштү ээлейт, анын деңгээли 65%дан 87%га чейин барат. Мисалга алсак, трансферттер (категориялдык жана теңөөчү гранттар) Нарын областы боюнча 87%ды түзсө, Баткен областында – 78%.

Мамлекеттик каражаттын эсебинен жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн тындыруу практикасы жаңылык деле эмес, ал дүйнөлүк коомчулукта бардык жерде кездешет. Жергиликтүү органдардын кирешелери көбүнчө бардык чыгашаларды тындыруу үчүн жетишсиз, ошондуктан, мисалы Италияда мамлекеттик бюджеттин жана атайын өнүктүрүү фондусунун каражат эсебинен жергиликтүү органдардын агымдагы чыгашаларынын 85%га жакыны тындырылат, Румынияда – 84%, Израилде – 70%, Францияда – 65%, Данияда – 50%, Канадада – 50%.

АКШда абал башкача. Эгерде федералдык борбор тарабынан жергиликтүү органдарга берилген дотациялар 1948–жылы алардын өздүк ресурстарына карата алганда 44%ды түзсө, 1978–жылы бул көрсөткүч 77%га чейин өскөн, бирок ошого карабастан, азыркы кезде федералдык борбордун үлүшү кыйла кыскарган, азыр ал болгону – 40-45%.

Улуу Британияда 1992–жылдагы маалымат боюнча жергиликтүү органдардын чыгашаларынын 84%ы өкмөттүк дотациялар менен субсидиялар эсебинен тындырылып келген болсо, 2000–жылга карата бул тенденция бир топ өзгөрүп, борбордун эсебинен жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын 75%га жакыны калыптанган, ал эми 25%ы өздүк кирешелер менен жабылган.

Японияда жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин 40–45%га жакыны өздүк булактардын эсебинен калыптанат, алардын ичинен бардык жергиликтүү кирешелердин 30–35%ы салыктык төлөмдөр түзөт, калган 10–15%ы салыктык эмес төлөмдөр. Ушунун күчүнөн улам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар бир органынын бюджети мамлекеттик казынадан

келип түшүүлөргө абдан чоң көз каранды, орто эсеп менен алганда 67%ык деңгээлге чейин көз карандылык өкүм сүрүп турат[32].

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн башкаруу боюнча финансы–бюджеттик ишмердиги республиканын мыйзамдарында регламенттелген тартипте же башкача айтканда бюджеттик жол–жоболорго ылайык ишке ашырылат.

Жергиликтүү бюджеттик процессти уюштуруунун негизинде ар кандай деңгээлдеги бюджеттер үчүн таандык болгон жалпы принциптер жатат.

Мыйзам тарабынан регламенттелген категория катары бюджеттик процесс бюджеттер долбоорлорун түзүү жана карап чыгуу, аларды бекитүү жана аткаруу, ошондой эле алардын аткарылышына контролдук жүргүзүү жол–жоболорун уюштуруу боюнча бюджеттик мамилелер субъекттеринин өзгөчө ишмердиги катары чыгат[33].

Ушуга негизденип, бюджеттик процесстин төмөнкүдөй негизги баскычтарын бөлүп көрсөтүүгө болот:

- бюджет долбоорун түзүү;
- бюджет долбоорун карап чыгуу;
- бюджетти бекитүү;
- бюджетти аткаруу;
- бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетту бекитүү.

Ар бир этаптын өз багытталышы бар жана ошондуктан алардын бардыгы өлкөнүн мыйзамдарында каралгандай сакталышы жана мөөнөтүндө аткарылышы тийиш. Демек, жергиликтүү бюджеттик процесстин баштапкы этабы жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүү болуп саналат. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүү боюнча иштер аймактык финансы органдары аркылуу бийликтин жергиликтүү органдары жана башкармалыктары тарабынан ишке ашырылат.

Финансы жана башка мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана юридикалык жактардан керектүү маалыматтарды жыйноо бюджет долбоорун түзүү боюнча алгачкы аракет болуп саналат. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүү үчүн зарыл керектүү маалыматтар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн ченемдери;
2) гранттардын сунушталган көлөмдөрү;

---

[32] Кара.: Евдокимов В.Б. Старцев Я.Ю. Местные органы власти зарубежных стран: правовые аспекты./ М., 2001.–С.79,115,211.

[33] Кара.: "Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери тууралуу" 1998–жылдын 11–июнундагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. –6–бөлүм; "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы–экономикалык негиздери жөнүндө" 2003–жылдын 25–сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. –Ст 13.

3) чыгашалардын түрлөрү жана көлөмдөрү;
4) берилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө финансылык сарптоолордун ченемдери;
5) минималдуу бюджеттик камсыз болуунун ченемдери;
6) башка зарыл керектүү маалымат.

Мына ушул маалыматтын бардыгы жергиликтүү бюджеттин долбоорун өз убагында, сапаттуу жана так түзүп чыгуу үчүн керек болот. Мында жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын бүткүл бюджеттик системасынын ажырагыс бөлүгү болуп санала турганын эске алып, жергиликтүү коомдоштуктун бюджеттерин бүткүл бюджеттик–деңгээлдик структуралары менен карап чыгуу жана байланыштыруу жол–жобосу өткөрүлөт. Кирешелер жана чыгашалар боюнча, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн ченемдери, жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлүүчү категориялык жана теңөөчү гранттардын өлчөмдөрү боюнча такталган максаттуу көрсөткүчтөр алынгандан кийин гана коомдоштуктун аткаруучу органдары өз бюджеттеринин алгачкы долбоорун дагы бир жолу тактап чыгат жана аларды бекитүү үчүн тийиштүү кеңешке берет.

Бюджет биротоло бекитилгенден кийин жергиликтүү коомдоштуктун аткаруучу–тескөөчү органдары аны ишке ашырууга киришет. Өз кезегинде жергиликтүү кеңеш кайсыл баскычында болбосун бюджеттин аткарылышына контрол жасоого укуктуу, анда контрол жасоонун аяктоочу баскычы жана жалпысынан алганда бүткүл бюджеттик процессти ишке ашыруу жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун бекитилиши болуп калат.

БЮДЖЕТТЕР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Жергиликтүү бюджеттер өлкөнүн жалпы бюджеттик структурасына шайкеш коюлган. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы – укук нормалары менен регламенттелген, Кыргыз Республикасында экономикалык мамилелерге жана мамлекеттик түзүлүшкө негизделген республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди, бюджеттик эмес фондуларды түзүү, карап чыгуу, бекитүү жана аткаруу боюнча мамилелер системасы[34].

Тийиштүү адабияттарда бюджеттер аралык мамилелер түшүнүгү: "Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда бюджеттик укуктарды чектеп бөлүштүрүүгө жана бекемдөөгө, бюджеттерди жана бюджеттик процессти түзүү, бекитүү жана

[34] Кара.: "Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери тууралуу" 1998–жылдын 11–июунундагы Кыргыз Республикасынын мыйзамы. –Ст 1.

аткаруу жагында бийлик органдарынын укуктарды, милдеттерди жана жоопкерчиликти сактоого байланыштуу мамилелер жыйындысы"[35] катары же болбосо: "Бийликтин регионалдуу жана жергиликтүү органдарына каржылык жардам көрсөтүүнүн объективдүү шартталган системасы катары финансы ресурстарын кайра бөлүштүрүү"[36] катары түшүнүлөт.

Кыргызстанда бюджеттер аралык мамилелер системасы республика көз карандысыздык алган учурдан баштап, кийинки мезгилге чейин реворматорчулук өзгөрүштөргө дуушарланбаган чөйрө болуп келгендигин жана бюджеттик процесстерди тик баскычтуу башкарууга умтулууга негизделгендигин белгилөө керек. Бул төмөнтөн баштап (айыл, шаарча жана шаар) бийликтин жана башкаруунун жогорку органдарына чейин баштан аяк мамлекеттик органдардын бирдиктүү структурасынын натыйжасы болгон. Андыктан ар түрдүү деңгээлдеги бюджеттер ортосундагы өз ара мамилелер маселеси мамлекеттик системанын ичинде бюджеттик ыйгарым укуктар бөлүштүрүлмөйүнчө чыккан эмес. Мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда функцияларды бөлүштүрүү (же чектеп бөлүштүрүү) принциби конституциялык жактан бекемделгенден баштап, бюджеттер аралык өз ара аракеттенүү маселеси чыга баштады.

Биринчи жактан алганда мамлекеттик институттар жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү менен финансылык таасир көрсөтүү жолу менен контролду сактап калууга умтулушса, экинчи жактан – өз алдынчалыктын конституциялык принцибине таянып жана мамлекеттик бийлик органдары менен тике баскычтуу байланыштын жоктугунан өз алдынча башкаруунун жергиликтүү органдары тийиштүү финансылык рычагдарды алууну талап кыла башташты. Ушунун күчүнөн улам бирдиктүү системанын, бюджеттер аралык өз ара мамилелер маселеси туулду, бирок ал бюджеттердин ар түрдүү менчик ээлери ортосунда (мамлекеттик жана муниципалдык менчиктер) келип чыкты.

Биздин пикирибиз боюнча, ушул маселенин эки багыты бар. Биринчи учурда республикалык жана жергиликтүү бюджеттер ортосунда өз ара мамилелер финансы жардамын көрсөтүү түрүндө (гранттар) финансы агымдарын бөлүштүрүүнү козгойт, анткени ал көп деңгээлдүү бюджеттик системанын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири (республика – област – район – жергиликтүү жамаат) болуп саналат[37]. Экинчи учурда – бирдиктүү

[35] Кара.: Бабич А.М., Павлова Л.Н. Государственные и муниципальные финансы: Учебник. /М., 1999. –С.147.

[36] Государственные и муниципальные финансы: Учебное пособие. / Под ред. Г.Б. Поляка. /М., 2004.–С.83.

[37] Эскертүү: Соңку мезгилге чейин жергиликтүү бюджеттер системасы областтык, райондук, шаардык, шаарчалык жана айылдык бюджеттерди кошуп келген. Жергиликтүү бюджеттин жаңы түшүнүгү киргизилиши менен андайлар болуп айылдык, шаарчалык жана шаардык бюджеттер гана эсептелет. Областтык жана

бюджеттик системанын ичинде бюджеттик ыйгарым укуктарды онтойлоштуруога тиешелүү болот.

Белгиленген милдеттин чечилиши ушул көрсөтүлгөн эки багыттын айдынында гана жаткан жери жок, ал жалпы мамлекеттик мүнөздөгү болсун, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын өзүнүн натыйжалуулугу болсун, алар дагы көп сандаган маселелер менен тыгыз байланыштуу. Алсак, бюджеттер аралык мамиле өлкөнүн административдик–аймактык түзүлүшүнөн түздөн–түз келип чыгат, ошондуктан алардын оңтойлошуусу аймактык–деңгээлдик классификация менен өз ара байланышып турат, анткени бюджеттик ыйгарым укуктар да, кандай болгон күнү да бардык административдик деңгээлдерде болбой койбойт.

Ошол эле мезгилде өлкөнүн көпчүлүк аймагынын начар камсыз болушу күчтүү киреше бөлүгү жетиштүү болгон аймактар менен кескин айырмаланып турат. Бирок мындай айырмачылыктар өзүнүн материалдык–техникалык базасын чыңдоо боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын натыйжалуу ишинин туундусу эмес, узак жылдар бою калыптанган объективдүү кырдаалдардын натыйжасы болуп саналат. Анын үстүнө муниципалдык менчиктин натыйжасыз пайдаланышынын орун алган практикасы өз бюджеттеринин киреше бөлүгүн көбөйтүүгө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздөрүнүн таламдаш болуу деңгээлин айкын көрсөтөт.

Бюджеттик милдеттенмелердин туура эмес бөлүштүрүлүш маселеси да бюджеттер аралык мамилелерди өркүндөтүү үчүн бир топ маанилүү факторго ээ. Айрыкча бул жергиликтүү бюджеттер каржылоо булактарын бербестен туруп, мамлекеттик бийлик органдары тарабынан аларга тагылган милдеттенмелердин көптүгүнөн көрүнөт. Анын үстүнө жергиликтүү бюджеттердин салыктык кирешелеринин негизги бөлүгү жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн жана ар түрдүү трансферттердин (гранттардын) эсебинен калыптанат, ушунун күчүнөн улам алдын ала жазылган чыгаша милдеттенмелери менен жогортон берилген кирешелердин эсебинен аларды каржылоо мүмкүнчүлүгүнүн кескин түрдө балансталбай калышы келип чыгат.

БЮДЖЕТТИК БОРБОРЛОШУУДАН АЖЫРАТУУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002–жылдын 17–декабрындагы Жарлыгы менен бекитилген улуттук стратегиянын, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы–экономикалык негиздери жөнүндө" 2003–жылдын 25–

райондук бюджеттер иш жүзүндө республикалык бюджетке тутумдашып, өзүнчө айрым статьяларда каралган акча каражаттар сметасы болуп калды.

сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында ишке ашырылуучу мамлекеттик башкарууну борборлошуудан ажыратуунун жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн маанилүү милдеттеринин бири бюджеттер аралык мамилелерди өркүндөтүү болуп саналат.

Мыйзам тарабынан бекемделген стратегиялык багыттарга ылайык 2007–жылдын 1–январынан баштап бюджеттер аралык өз ара аракеттенүү системасын өзгөртүү сунушталды, анын негизинде бюджеттик системанын 4 деңгээлинен 2 деңгээлине өтүү, башкача айтканда ушул структурадан областтык жана райондук түйүндөрдү алып салуу жатат.

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы принциптерине өтүү республикалык бюджеттин жергиликтүү коомдоштуктун (айылдын, шаарчанын жана шаардын) бюджети менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин бөлүктөрү катары чыккан регионалдуу аймактык жана финансы органдары аркылуу тике өз ара мамилелерин түзүүнү карайт.

Ушуга негизденип, башкы максат катары – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бюджетти башкаруу боюнча ыйгарым укукту өткөрүп берүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз алдынчалыгын күчөтүү жарыяланган. Ушул максатка жетишүү жыйынтыгында келип, төмөнкүлөрдү түшүндүрөт:

– жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда өз алдынчалык;

– жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин өздүк булактарын аныктоодогу өз алдынчалык;

– ар бир жергиликтүү жамаат үчүн теңөөчү гранттарды бөлүштүрүүнүн формалдуу жана бирдиктүү тартиби;

– өз аймагын социалдык–экономикалык өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу менен жоопкерчилигин жогорулатуу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше кудуретин арттыруу;

– жергиликтүү өз алдынча башкарууга айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды алардын максаттуу каржы жагынан камсыз болуу шартында өткөрүп берүү.

Мында аймактар деңгээлинде коюлган максаттар менен түпкү натыйжалар жалпысынан республиканын аймактык өзгөчөлүктөрү жана экономикалык өнүгүшү менен өз ара байланыштуу болушу тийиш. Ушундан улам аймактык бюджеттерди калыптандыруу процессинин зарыл керектүү бөлүгү жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде экономикалык статистиканы жана болжолдоону ишке ашыруу болуп калууга тийиш,

анткени реалдуу социалдык–экономикалык көрсөткүчтөр теңөөчү гранттарды эсептөөдө жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнө баа берүү үчүн негиз болуп саналат.

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы принциптеринин киргизилиши менен белгилүү бир тобокелчилик: бийлик вертикалынын солгундашы; бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруунун төмөндөшү, ага ылайык чыгаша милдеттенмелеринин аткарылбай калышы жана мамлекеттик бюджетке басым жасоо; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдаланышы келип чыгышы мүмкүн. Саясий, экономикалык жана социалдык тобокелчиликтин болушу түздөн–түз финансы мамилелеринин чөйрөсүндө турат, алар ар түрдүү деңгээлдеги бийликтин өз ара аракеттенишинин натыйжалуулугуна таасирин тийгизет. Ошондуктан адегенде болжонбогон, алдын ала текшерилбеген кесепетин жокко чыгарган же басаңдатып көрсөткөн бюджеттик түзүлүштүн саясаты мамлекетти начарлатууга, бюджеттик системанын туруктуулугун бузууга, экономикалык саясаттын натыйжалуулугун төмөндөтүүгө алып келиши менен коркунучтуу.

Ушунун күчүнөн улам, бюджеттик борборлошуудан ажыратууну колдонуу маселесинде колдо бар эл аралык тажрыйбаны үйрөнүп, бардык тобокелчилик менен артыкчылыкты салмактап, таразалап көрүү зарыл, анткени анын кесепети бийликтин вертикалынын начарлашы менен гана эмес, ошондой эле бүткүл мамлекеттик механизмдин солгундашы менен да байланыштуу болуп калышы ыктымал. Анын үстүнө анын чечилиши бардык жалпы мамлекеттик мамилелердин түркүмү менен: оңтойлуу административдик–аймактык бөлүнүү, функциялар менен ыйгарым укуктарды чектеп бөлүштүрүү; экономика, башкаруу, укук жана жалпы маданият, коомдук аң – сезим чөйрөсү жана башкалар менен байланышта болууга тийиш. Ошону менен бардык ушул жагдайларды эсепке албастан туруп, натыйжалуу бюджеттик борборлошуудан ажыратууну жүргүзүү өтө кыйынчылык менен аткарыла турган милдет болуп калат.

Оңтойлуу бюджеттер аралык баланстуулукту издөө проблемасы ар бир мамлекеттин алдында турган жана тура бермекчи. Демек, колдо бар эл аралык тажрыйбаны үйрөнүү бюджеттер аралык мамилелердин моделин саясий тандап алууну ишке ашыруу үчүн мааниси чоң, бул акыры келип, калайык калктын үстүнөн "тажрыйба" жүргүзүүдөн сактап калууга мүмкүндүк берет.

Россиялык адис В. Христенконун пикири боюнча[38] дүйнөдө бюджеттер аралык мамилелерди түзүүнүн ар кандай модели бар, аларды жалпылап

[38] Кенирирээк кара.: Христенко В.Б. Межбюджетные отношения и управление региональными финансами: опыт, проблемы, перспективы. /М., 2002.– С. 38–63.; В. Христенко В., Лавров А. Экономика и политика российского бюджетного федерализма. /" Деловой Урал", от 25 декабря 1998 года / № 31. – с.9.

келип, ал бюджеттик өз ара аракеттенүү чиймеси боюнча олуттуу айырмаланган бешөөнү бөлүп көрсөтөт. Атап айтканда: 1. Советтик; 2. Кытайлык; 3. Америкалык; 4. Канадалык; 5. Германиялык.

Советтик модель

"Матрешкалар" принциби боюнча түзүлгөн бирдиктүү бюджет (жогору турган бийлик, төмөн турган бюджетти бекитет, жыйынтыгында СССРдин мамлекеттик бюджети келип чыгат). Чыгашалар жогортон төмөнгө чейин жазылып коюлган, жер–жерлерде алардын кандайдыр бир нерсесин өзгөртүүгө мүмкүн эмес. Бирок, ар бир бюджетке бекитилген керектөөлөрдү жаап турган кирешелер кыстырмаланган. Бюджетке салыктардан чегерүүлөрдүн ченемдери аймактардыкы өзүнчө (жүгүртүүдөн алынган салык 2ден 100%га чейин). Эгерде кимдир бирөөгө 100% чогултулган салык жетпей калса, жогору турган бюджеттен жекече дотация берилет. Аймактык жана жергиликтүү бийликтердин бюджеттик кандайдыр бир өз алдынчалыгы жөнүндө сөз кылууга да мүмкүн эмес.

Мындай модель партиялык–административдик мамлекетте гана өкүм сүрүшү мүмкүн. Натыйжалуулугу төмөн (кирешени көбөйтүүгө жана чыгашаларды туура пайдаланууга эч кимде стимул болбойт), эң жогорку деңгээлдеги бюджетке оордук дайыма күчөй берет, ал эртедир–кечтир акыры кыйроого дуушарланат. Мына ошондо бардыгы колдон келишинче анын калган-катканын тезирээк ташып кетүүгө ашыгышат. Айтылган ураанга карабастан социалдык адилеттүүлүк дегенден дайын жок, ал эч качан камсыздалбайт (акчаны бардыгына "жетишилгенден" аз–аздан берип турат).

Кытайлык модель

Өткөн кылымдын 70–жылдарынын аягында башталган реформалар Кытайды кыйла борборлошуудан ажыраткан бюджеттик системалуу өлкөгө айландырды. Реформа башталганга чейин регионалдык бийликтер өз салык базасын өнүктүрүү үчүн эч кандай стимулду билишкен эмес: киреше бирдиктүү улуттук бюджетке келип түшкөн, андан чыгашалар каржыланып турган. Бюджеттин киреше базасын көбөйтүүгө аракет кылып, өкмөт борбордук жана жергиликтүү бийликтер ортосунда кирешелерди бөлүштүрүү системасын киргизген. Жергиликтүү бийликтер салыктарды чогулта башташкан жана борбор менен кирешелерди бөлүштүрүү жөнүндө узак мөөнөттүү макулдашууларды түзүшкөн, анда борборго берилүүгө тийиш болгон салык кирешесинин жалпы көлөмү айтылган, ал эми калган бардыгы региондордун карамагында калтырылган.

Мына ушундай система өзүнүн башталышынан тартып эле бизнести өнүктүрүү үчүн кубаттуу стимул түздү, бирок, өлкөдө экономикалык абалдын өзгөрүшүнө жараша бюджеттер деңгээлдери ортосунда салыктык келип түшүүлөрдү бөлүштүрүүнүн колдонулган системасы борборго туруктуу кирешени камсыз кыла албай калган. Ошондуктан кытайлык салык системасы салыктык келип түшүүлөрдүн негизги булагы мамлекеттик ишкана болуп калгыдай түзүлгөн, ал ички базарда атаандаштыктын күчөшүнө байланыштуу төмөндөй баштаган.

Принцибинде кытайлык модель "Бир каналдуу" системанын элементтери бар советтик моделдин эле бир варианты болгон. Салыктар регионалдык бийликтер тарабынан чогултулат, борбор болсо кимге канча калтыруу керек экендигин аныктайт (көбүнчө формула боюнча, ал эми негизинен келишим боюнча). Борбордук бюджетке салыктык төлөмдөрдү санап өткөрүү боюнча тапшырмалар тайрыйбаланган. Тапшырманы аткарган провинциялардын ишине эч ким кийлигишпейт, иш жүзүндө алар регионалдык төбөлдөрдүн "туйтунуусуна" берилген. Ал эми салыктык "салымды" аткара албай калгандардын башчыларын кызматтан алышкан, ал түгүл партиядан да чыгарышкан.

Принципте мындай модель алда канча өскөн же артыкчылык алган аймактардагы экономикалык өсүш менен сыйыша алган. Бирок, бюджеттик каражаттарды туура пайдалануу үчүн стимул караманча болгон эмес (коррупция, жең ичинен жеп-ичүү, мамлекеттик аппараттын бизнес менен алакасы, бюджеттик ресурстар айланасында соодалашуу орун алган). Социалдык адилеттүүлүк деген камсыз болгон эмес (провинциялар ортосунда кайра бөлүштүрүү чеке жылытаарлык эмес).

Америкалык модель

Американын бюджеттик системасы регионалдык бийликтердин автономиясынын жогорку деңгээли менен мүнөздөлөт, бул каражатты сарптоо бөлүгүнө да, ошондой эле бюджеттин киреше бөлүгүн калыптандыруу чөйрөсүнө да тиешелүү.

Федерация, штаттар жана муниципалитеттер өздөрүнүн "башкалар менен кесилишпеген" салыктарына жана а түгүл автономдуу салык кызматтарына ээ. Федералдык салыктардан штаттардын бюджетине чегерүүлөр деген жок. Канча жыйнасаң бардыгы сеники, аны эч ким тартып албайт. Жакшы жашагың келеби, ченемдерди көтөр, жаңы салык киргиз же облигацияларды чыгар, бирок борбордон акча сураба.

Финансы жардамы негизинен формулалар боюнча максаттуу субвенциялар түрүндө (соодалашуу аларды аткарууда эмес, аларды конструкциялоо баскычында орундуу) бөлүштүрүлөт. Максаттар жалпы

улуттук артыкчылыктарга негизденип аныкталат. Эң жогорку экономикалык натыйжалуулук. Социалдык адилеттүүлүк советтик жана кытайлык моделдерге караганда жогору, бирок Канадалык жана Германиялык моделдерге караганда төмөн. Финансы ресурстарын кайра бөлүштүрүү көлөмү анча деле чоң эмес, региондор аралык айырмачылыктар бир топ. Мындан жалпы федералдык–социалдык программалар менен калктын мобилдүүлүгү сактап турат (жакпай калдыбы – жашоо үчүн башка штатка кете бер). Бюджеттер аралык мамилелер жагында бюджеттик теңештирүү программалары болбойт, бюджеттерди теңештирүү принциптери мектеп гранттары жана башкалар сыяктуу максаттуу программаларга киргизилген.

Канадалык модель

Американлык моделдин эле социалдык жагына багыт алдырылган варианты. Канадада кайра бөлүштүрүү саясатынын негизги максаты минималдуу улуттук стандарттарды камсыз кылуу болуп саналат. Тик түшүрүлгөн кайра бөлүштүрүүнүн үч негизги багыты бар:

– колдо бар программаларды каржылоо – билим берүү, саламаттык сактоо чөйрөсүндө борбордон белгиленип берилген стандарттуу максаттуу блоктук гранттар;

– жардамдашуунун канадалык планы – социалдык жардам көрсөтүү чөйрөсүндөгү үлүштүк максаттуу гранттар;

– салыктык кудурети стандарттык деңгээлден төмөн турган провинцияларга ар жыл сайын максаттуу эмес гранттар түрүндө ишке ашырылуучу бюджеттик теңештирүүнүн канадалык программасы.

Салыктар айрым алганда “башкалар менен кесилишпейт”, бирок жалпысы да бар. Салыктык келип түшүүлөрдү бөлүштүргөн учурда чендерди “жеткире жасоо” ыкмасы кеңири колдонулат: провинциялар менен муниципалитеттер базалык федералдык ченге өздөрүнүн ченин кошууга укуктуу. Бюджеттик камсыз болууну теңештирүүнүн ар түрдүү жана өтө эле амалдуу чиймеси орун алган. Экономикалык натыйжалуулук менен социалдык адилеттүүлүктү оңтойлуу айкалыштырууга жакындап барат.

Германиялык модель

Конституция негизги принципти – минималдуу стандарттарды колдоону эмес, бүткүл улут үчүн жашоо-турмуштун бирдей шартын түзүүнү бекемдейт. Бюджеттик теңештирүүнүн принциптерине ылайык ар бир немец жашаган жеринин ордуна карабастан, элдик бийлик органдарынын

кызмат көрсөтүүсүнүн бирдей деңгээлине укуктуу. Теңештирүүнүн маңызы ар түрдүү аймактык коомдоштуктар ортосунда финансы каражаттарын которуштурууда турат, бул алардын ортосунда каражаттарды алда-канча текши бөлүштүрүү максатын көздөп жасалат.

Германиялык бюджеттик система "жалпы" салыктарга негизделген, алардан келип түшүүлөр анын бардык деңгээлдеринин ортосунда бөлүштүрүлөт. Мында аларды жарым-жартылай кайра бөлүштүрүү жүргүзүлөт (башкача айтканда чегерүүлөр ченемдерин дифференциялаштыруу орун алган), бул герман жериндеги "байлар" менен "жакырлар" ортосунда ажырымды азайтуу үчүн жасалат.

Жогору турган бюджеттерден тике финансы жардамы анча чоң эмес болсо да, көп сандуу жана өтө ири аймакты өнүктүрүүнүн федералдык жана биргелешкен программалары бар. Чыгашалар ыйгарым укугу бюджеттик принциптерге ылайык бөлүштүрүлгөн. Социалдык адилеттүүлүк камсыз болгон, бирок ал экономикалык натыйжалуулукка бир аз зыян келтирүүнүн эсебинен жасалат.

Бюджеттик борборлошуудан ажыратууну чечүүнүн бардык көп сандаган мүмкүндүктөрү Христенконун көз карашынан алганда, ар түрдүү өлкөлөрдөгү ушул моделдердин тигил же бул элементтерин алардын мамлекеттик түзүлүштөрүнө карабастан, айкалыштырууга келип такалат.

Буга карабастан мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттер аралык өз ара мамилесинин талуу жери балким финансы агымдарын жана тийиштүү ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү гана эместир, а эң башкысы балким аны азыркы учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ата мекендик органдары балээсиндей көрүп, четтеп жатышкан бийлик органдары менен ар түрдүү деңгээлдеги башкаруу ортосунда жоопкерчиликти чектеп бөлүштүрүүдө жаткандыр.

Жоопкерчиликти чектеп бөлүштүрбөстөн туруп, жергиликтүү жамааттар аймактагы өз ишмердигине анык жооп бергидей болмоюнча, жергиликтүү маселелерди (социалдык, өнөктөштүк, экономикалык жана башкаларды) мамлекеттик органдардын "мойнуна" тагып коюудан арылмайынча, жамааттардагы бардык болгон саясий–укуктук жана финансы–экономикалык проблемаларды чечүүнүн механизмдери катары борборлошуудан ажыратууну натыйжалуу кадам жасоо деп кабыл алуу туура эмес.

4-ГЛАВА.
МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТЫН НЕГИЗДЕРИ

Советтик доордун кеңири таркалган ураандарынын бири – "Кадрлар бардыгын чечет" – деген сөз балким бардык мезгилде актуалдуу бойдон кала берет көрүнөт, анткени дал мына ушул адамдын өзүнүн ишмердигинин натыйжасында бүткүл коомдук өзгөрүүлөр келип чыгат. Айрыкча эл журттун арасындагы мамилелер чөйрөсүндө адамдын иши, бийлик–башкаруу функцияларын аткаруу менен байланыштуу болгон анын жүрүш–туруш аракеттери көңүл бурууга арзыбай койбойт. Анткени мамлекеттин саясий, экономикалык, социалдык, укуктук, маданий мейкиндигин түзүүнүн бүткүл маңызы элдик (мамлекеттик же жергиликтүү) башкарууну ишке ашыруунун натыйжалуулугуна жараша болот.

Мамлекеттүүлүктүн торолушу азыркы мезгилдеги Кыргызстандын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Анын чечилиши көбүнчө бийликтин мамлекеттик жана жергиликтүү органдарында иштеген – мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын өзүнө, алардын адиске маштыгына, компетенттүүлүгүнө жараша болот. Кыргызстандын азыркы этабында мамлекеттик жана жергиликтүү (муниципалдык) башкаруу жагында элдик бийликтин ишмердиги алардын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат катары конституциялык жактан чектеп бөлүштүрүүдөн жана саясий-укуктук бекемдөөдөн келип чыгат.

Ошондой болсо да, башкаруу ишмердигин жүзөгө ашыруунун өзүнчө бир бөтөнчө институту катары муниципалдык кызмат түшүнүгү Кыргызстанда 2002–жылы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясынын кабыл алынышы менен гана мыйзамдык чагылдырылууга ээ болгон. Анын үстүнө 2004–жылдын экинчи жарымынан кийин гана Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматын жана муниципалдык кызматчылардын ишин уюштуруусун регламенттөөчү тийиштүү мыйзам ишке киргизилген.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн он беш жылдык тажрыйбасына карабастан, эмдигиче муниципалдык кызматтын түшүнүгү жана уюштурулушу мамлекеттик курулуштун ата мекендик тарыхында бир топ жаңы көрүнүш бойдон кала берүүдө. Анткени муниципалдык кызмат түздөн-түз байланыштуу болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун өнүктүрүү бул чөйрөдөгү негизги куралды – жергиликтүү башкаруучуну толугу менен өзгөртө алган жок.

Себеби жакынкы мезгилде эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга бөлүштүрүү деген болгон эмес, бийликтин бүткүл вертикалы боюнча башкаруу системасынын бардык кызматкерлери, анын ичинде

жергиликтүү советтер менен аткаруу комитеттеринин кызматкерлерин кошуп алганда, бардыгы тең мамлекеттик кызматчы деп эсептелген. Тийиштүү конституциялык норма киргизилип, өз алдынча башкаруу башталышында жергиликтүү бийликти уюштурууга өтүү жүргүзүлө баштагандан кийин гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы ишмердик башкача түшүнүлүп жана башкача атала баштады.

Мына ушундай чектеп бөлүштүрүүнүн натыйжасында бүгүнкү күндө 472 айылдык, шаарчалык, 25 шаардык кеңештерде, 497 айылдык жана шаардык башкармалыктарда, шаарлардын мэрияларында иштеп жаткан муниципалдык кызматчылардын саны 8,5 миңден ашып кетти.

МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ

Муниципалдык кызмат – бул жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен акы төлөнүүчү негизде ишке ашырылган, шайлануучу кызмат болбогон, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтарда жарандардын адистик ишмердиги[39].

Кыргыз Республикасынын жарандары жынысына, расасына, улутуна, тилине, ата тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, жашаган жерине, динге мамилесине, ынаным-ишенимине, коомдук бирикмелерге, саясий партияларга таандык экендигине карабастан муниципалдык кызматка киришүүдө бирдей мүмкүндүктөрү бар. Анткен менен муниципалдык кызмат бул, барыдан мурда тийиштүү билим, адиске маш-сапат жана машыккандык болуп саналат.

Ушуларга негизденип, муниципалдык кызмат жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында иштеген кадрлардын даярдалышын, тандалышын, аттестациядан өткөрүлүшүн, кызматтан жогорулашын профессионалдуу жолго койгон таасирдүү системасы болууга тийиш. Кыргызстанда мына ушундай система барбы, деген суроого так жооп бериш өтө татаал. Анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын структурасында иштеген азыркы адистер жалпысынан алганда талапка ойдогудай жооп бербейт, анын үстүнө муниципалдык кызмат системасынын өзү да оңолуп түзөлүп кете элек: “Көч бара-бара түзөлөр”. Муниципалдык кызматчылардын да жаңы мууну жаралаарында ишеним чоң.

Бул ойду ырастап кете турган болсок, жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруудагы талылуу түйүндөрдүн бири “2010–жылга чейин Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкарууну борборлошуудан ажыратуу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү” улуттук стратегиясы муниципалдык кызматчылардын адистик деңгээлинин төмөндүгүн жана таасирдүү кадрлар менен иштөөнүн жоктугу баса белгиленип кеткендиги оюбузду ырастап турат.

[39] Кара.: “Муниципалдык кызмат жөнүндө” 2004–жылдын 21–августундагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. – Ст 1.

Муниципалдык кызмат системасын адистик багытка бет алдырып түзүү өтө машакаттуу процесс экендигин танууга болбойт. Азыркы мезгилде ал торолуу этабын басып өтүүдө. Анын алгачкы кадамы "Муниципалдык кызмат жөнүндө" 2004–жылдын 21–августунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мыйзамы болуп калды, анда муниципалдык кызматты түзүүнүн негизги принциптери көрсөтүлгөн:

1. Укуктун улуктугу;
2. Профессионалдуулук, туруктуулук жана жоопкерчилик;
3. Өз милдеттерин чечүүдөгү мамлекеттик жана муниципалдык органдардын өз алдынчалыгы.

Муниципалдык кызмат татаал социалдык–укуктук институт болуп саналат, ал кызматчылардын укугу менен милдетин, чектөөлөрдү, тыюу салууларды стимулдаштырууну жоопкерчиликти регламенттөөчү, кызматтык мамилелердин башталыш жана токтолуш тартибин, анын ичинде муниципалдык кызматтын моралдык–этикалык жактарын жөнгө салуучу укуктук нормалардын системасы катары чыгат. Мында муниципалдык кызмат өз алдынча башкаруунун ыйгарым укуктарын аткарууну уюштуруу ыкмасы гана болбостон, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун да ыкмасы.

Бул жагынан алганда чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы көңүл бурууга арзыйт. Аларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн башкармалык аппаратынын кадрлар маселесине, алардын даярдалышына, квалификациясын жогорулатышына, кайрадан квалификациядан өтүшүнө чоң көңүл бурулат, ошондуктан асыресе батыш Европа өлкөлөрүндө жыл сайын бийликтин жергиликтүү органдарынын кадрларынын жалпы курамынын 10%ы даярдоодон жана кайра даярдоодон өтүп турат.

Кээ бир өлкөлөрдө муниципалдык кадрларды даярдоо бийликтин борбордук органдарынын милдеттер деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Буларга Греция, Испания жана Люксембург кирет.

Белгияда көрүнүш мындан такыр башкача, анда жергиликтүү органдар муниципалдык кызматчыларды даярдоо, окутуу маселелеринде өз алдынча болушат, ошондуктан жалпы улуттук деңгээлде жергиликтүү кадрларды даярдоо боюнча милдет деген жок.

АКШда көбүнчө башкаруу персоналын даярдоону муниципалитеттер жүргүзөт, анда квалификациялуу жана сынак экзамендерин өткөрүү системасы жайылтылган. Экзамендер кызматтан жогорулатууга талапкерлерди тандоодо да өткөрүлөт. Муниципалдык департаменттердин жетекчилери өздөрүнө баш ийдирилген кызматчылардын жыл сайын аттестациясын жүргүзүшөт, алардын материалдары кызматтан чиновниктерди көтөрүү боюнча маселелерди чечүүдө муниципалдык кеңеш комитеттери тарабынан пайдаланылат.

Айрым өлкөлөрдө кызматчыларды даярдоону бийликтин жергиликтүү органдарынын улуттук союздары уюштурат же болбосо алар муниципалдык кадрларды даярдоо системасына активдүү катышат (Швеция, Норвегия, Финляндия, Улуу Британия жана башка өлкөлөр)[40].

Муниципалдык кызматты уюштуруунун Япониядагы тажрыйбасы кызыгууну туудурат, анын муниципалдык органдарын тандоо жагын алсак болот. Өлкөдө аймактык–административдик түзүлүштүн эки звенолуу тепкичтүү системасы бар: үстүнкү звеносу префектураны түзөт, төмөнкүсү муниципалитетти түзөт, аларга шаарлар, шаарчалар, айыл жамааттары кирет. Ошондой эле аймактык уюштуруунун эки кошумча деңгээли бар, аларда бийликтин шайлануучу органдары болбогону менен, кээ бир мамлекеттик кызматты бөлүштүрүү орун алган, алар региондор (сегиз) жана округдар, булар өз кезегинде көпчүлүк префектурага бөлүнгөн. Префектурада муниципалдык кызмат боюнча өзүнүн агентчилиги иштейт, анда префектуранын муниципалдык кызмат боюнча бүткүл маалыматы топтолгон. Ошого карабастан, округдарда муниципалитеттер муниципалдык кызмат боюнча биргелешкен комитет түзүшкөн, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында бош орундарды ээлөө боюнча сынак жарыялашат жана экзамен кабыл алышат. Муниципалитеттер комитетке кайсыл бир адистин зарыл керек экендиги жөнүндө билдирме беришет. Ошентип конкурс жарыяланат, эгерде конкурстан бош орунга бир нече талапкер өтүп кетсе, анда муниципалитеттин өзүндө экинчи тур өткөрүлүп, биротоло тандап алуу жүргүзүлөт.

Мунун кызыктуу жагы өмүр бою жалдоонун жапан салтын эске алып, мэриянын кызматкери өз кызматы үчүн же карьерасы үчүн анын түздөн–түз адистиги менен байланышпаган ар кандай кызматтарда иштей берет. Демейде бөлүмдөр жана иш чөйрөсү боюнча ар бир эки, үч жылда кадрлардын ротациясы тайрыйбаланат, башкача айтканда социалдык чөйрөнүн кызматкери салык жыйноо боюнча бөлүмгө, ал эми салык инспектору жалпы бөлүмгө алмашып келип калышы ыктымал.

Кадрларды ротациялоо (кызматкерлерди алмаштыруу) принцибин колдонуу Япониянын башкаруу системасында кеңири таркалган, бул атап айтканда муниципалитеттин ичинде гана эмес, элдик бийликтин бардык деңгээлинин ортосунда кеңири таркалган. Министрликтин кызматкери белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин бир нече мөөнөткө префектура

[40] Кара,6 Административное право зарубежных стран. /Под ред. А.Н. Козырина. / М., 1996.; Гневкр В.А. Проблемы кадрового обеспечения местного самоуправления: повышение квалификации муниципальных служащих. /СПб. 1996.; Сикингер И. Вопросы кадровой политики в местных органах управления западноевропейских стран. / / Государственная служба. Кадровая политика. Зарубежный опыт. / М., 1995.–С. 59–60.

бийлигинин органдарына иштөөгө иш сапарына, ал эми префектура болсо өз кызматкерин министрликке иштөөгө жибериши мүмкүн. Башкача айтканда тажрыйба алмашуу болуп өтөт, ушунун күчүнөн улам Япония саясатында кадрлар ротациясы коммуникациянын жана бийликтин ар түрдүү деңгээлинин ортосунда байланышып баарлашуунун жана окутуунун таасирдүү куралы катары кабыл алынат. Бийликтин жергиликтүү органдары ортосунда да кадрларды "алмашуу" процесси дал ушунун өзүндөй өтөт, префектура өз кызматкерин муниципалитетке жөнөтөт, алар болсо өз кезегинде ал жактан иш сапарына жөнөтүлгөн кызматкерди кабыл алышат[41].

Жалпысынан алганда чет өлкөлөрдүн практикасы (айрыкча Япониянын, АКШнын, Германиянын жана башкалардын) башкаруучу персоналдар менен иштөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин натыйжалуулугуна таасир көрсөтүүчү чечүүчү факторлордун бири болуп санала тургандыгы жөнүндө далилдейт.

Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы үчүн профессионалдуу башкаруучуларды даярдоо мамлекеттик органдардын эң маанилүү милдети жана артыкчылыктары болуп эсептелет. Ошондуктан бул милдетти Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002–жылдын 17–декабрындагы Жарлыгы менен бекитилген "2010–жылга чейин Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкарууну борборлошуудан ажыратуу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү" улуттук стратегиясында туюнтулган мамлекеттин негизги багыттарынын алкагында ишке ашыруу керек.

Аны ишке ашыруу бир жактуу мааниден алганда өтө түйшүктүү процесс, анын үстүнө ал азыркы кезде муниципалдык кызматтын улуттук системасынын түзүлүшүнөн гана татаалданып бара жатпастан, иш жүзүндө мамлекеттик кызмат системасынын өзүндө профессионализм принциптери эми гана жаңыдан башталгандыгы менен да татаалдашууда. Алдыга коюлган милдеттин татаалдыгы али да болсо муниципалдык кадрлар жергиликтүү жамаатка сапаттуу кызмат көрсөтүүдө жана аны өнүктүрүүдө өз ролун жакшы түшүнүшпөй жаткандыгынан улам да болуп жатат. Анын үстүнө жергиликтүү элдик бийликтин институттары башкаруунун көнүмүш адатка айланган административдик буйрук берүүчүлүк принциптен демократиялык принципке өтүүдөгү оош–кыйыштыктар себеп болууда. Мезгил өткөн сайын өз мерчемине келип, оңолуп кетүү эртеңки күндүн милдети. Эгемендүү Кыргызстандын жаркын келечекке карай кадамында

[41] Эскертүү.: Хоккайдо префектурасы, Обихиро округу, Икеда шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу тажрыйбасынан, эл аралык кызматташтык Япония агенттиги линиясы боюнча стажировка алкагында авторлор тарабынан үйрөнүлгөн.

жергиликтүү бийликтин алдындагы асыл милдеттеринин бирине айланган жергиликтүү жамааттын, жалпы калайык калктын жашоо турмушун жакшыртуунун башкы өбөлгөсү болуп калаарында шек жок.

Муниципалдык кызмат жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында белгилүү бир кызматтардагы профессионалдык ишмердик катары Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында белгиленип көрсөтүлгөн, анда муниципалдык кызмат жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу–тескөөчү органдарында ыйгарым укуктар менен жоопкерчиликтин тийиштүү көлөмүнө ээ болгон саясий же административдик кызмат болуп эсептелет.

Мында саясий муниципалдык кызматтарга төмөнкү кызматтар таандык – бардык аймактык деңгээлдеги жергиликтүү кеңештердин депутаттары, айылдардын, шаарчалардын жана шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчылары, шаарлардын мэрлери жана тике же кыйыр шайлоолор жолу менен шайлануучу башка кызмат адамдары кирет. Ал эми административдик–муниципалдык кызматтарга – өткөрүлгөн конкурстун натыйжасы боюнча эмгек келишимин (контракт) түзүү жолу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси дайындаган муниципалдык кызматтар. Мына ошентип, муниципалдык кызматтын башкы принциби бекемделип отурат, ал саясий жана профессионалдык ишмердикти бөлүү болуп саналат.

Профессионалдуу туруктуу карьердик кызмат жөнүндө идея дал мына ушул жобонун сакталышында турат, ал ар түрдүү саясий жана таруударга карабастан жана ага көз каранды болбостон өкүм сүрө берет. Анткени иш жүзүндө көп сандаган учурлар кездешет, шайлоолордун натыйжасында саясий кызматты ээлеген жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысы адегенде эле шымаланып профессионалдык сапаттарына карабастан бүткүл аппаратты алмаштырып, анын ордуна өз чөйрөсүнө жакын турган жана көзүнүн агы менен тең айланган адамдарды тандап алган учурлар жокпу. Дал мына ушул кесепеттин кендирин кесе турган Жобо ушул.

Мындай кырдаал, башкача айтканда жан бактыларды жанына топтоп алган учур эч кандай профессионализм жана жоопкерчилик менен эсептешпейт, муниципалдык кызматкердин корголушу деген эмне экендигин көңүлүнө алып да койбойт, тескерисинче Аппараттын ар бир жолку жаңыланышы кызматкерлердин бардык ишти башынан баштоого мажбурлайт, акыр аягында келип иш ыргагынын солгундап, жергиликтүү жамаатка көрсөткөн кызматтын сапатына таасирин тийгизе баштайт. Ушунун айынан өзүнүн профессионалдык жана турмуштук тажрыйбасы эске алынып, ылайык келе турган чөйрөнү издөөгө мажбур болгон кадрлардын башка жакка көбүрөөк кетиши байкала баштайт. Бул биринчи көрүнүшү болсо, экинчи жагынан, мамлекеттик кадр системасы жапа чеге

баштайт. Ал үчүн бийликтин жергиликтүү органдары бүткүл коомго пайда келтирүүгө жөндөмдүү профессионалдуу кызматкерлерди тандоонун негизги куралдарынын бири болуп саналат (же саналууга тийиш), анткени муниципалдык кызмат, принцибинде ишке ашыруу деңгээлинде гана мамлекеттик кызматтан айырмаланбаса, алардын стратегиялык максаты бир, жергиликтүү жамааттардын турмуш жыргалчылыгын жакшыртуу аркылуу жалпы мамлекеттик коомдук таламдарды канааттандыруу.

Дал мына ушул нукта мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын кызмат орундарынын өз ара катышы жөнүндө тезис мыйзам тарабынан бекемделген, бул ар кандай маселелерсиз эле кадрлардын өз ара аракетин өнүктүрүүгө жана мамлекеттик кызматтан муниципалдык кызматка же болбосо тескерисинче муниципалдык кызматтан мамлекеттик кызматка өзү үчүн эч кандай зыян тартпастан эркин өтүүнү камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Жогорку профессиналдуу муниципалдык кызматты түзүү механизмдеринин бири, аттестация болуп саналат, ал баа берүү жолу менен мыкты кызматкерлерди тандап алууну жана аларды кызматтык ордун которуштурууга жардам берет, кадрлардын тандалышын жана жайгаштырылышын жакшыртууга өбөлгө түзөт, тыянагында келип, муниципалдык менджмент сапатын жогорулатат.

Дал ушул муниципалдык кызматчылардын сапаттык жактан өркүндөшү боюнча милдеттерди ишке ашыруу үчүн, ошондой эле муниципалдык кызматтын натыйжалуулугун жана туруктуулугун камсыз кылуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасындагы кызматкерлердин профессионализмин, демилгелүүлүгүн жана жоопкерчилүүлүгүн жогорулатуу максатында республиканын Президенти тарабынан 2006–жылдын 28–июнунда “Кыргыз Республикасында муниципалдык кызматты камсыз кылуунун жана уюштуруунун негизги маселелери тууралуу” тийиштүү Жарлыкка кол коюлган.

Ушул Жарлык менен Кыргыз Республикасындагы саясий жана административдик муниципалдык кызматтардын тизмеги, ошондой эле “Кыргыз Республикасында муниципалдык кызматчылардын аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндө”; “Кыргыз Республикасында муниципалдык кызматтын орду бош административдик кызматын ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө”; “Кыргыз Республикасында административдик кызматты ээлеген муниципалдык кызматчыларга класстык чиндерди ыйгаруунун тартиби жөнүндө” жоболор бекитилген.

МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫ

18 жашка жеткен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте муниципалдык кызматтын квалификациялуу талаптарына жооп берген, Кыргыз Республикасынын жараны муниципалдык

кызматчы болуп саналат[42]. Муниципалдык кызматчылардын категориясына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин техникалык жактан камсыз кылуу боюнча милдетти аткарган адамдар кирбейт.

Тигил же бул муниципалдык кызматты ээлөөгө коюлган квалификациялуу талаптар төмөнкүлөр болуп саналат:

– тийиштүү укуктук билимин кошуп алганда, муниципалдык кызматтын тобу жана адистешүүсү эске алынган, кесипчилик билим деңгээли;

– адистиги боюнча иш стажы менен тажрыйбасы, мында башкы муниципалдык кызмат үчүн муниципалдык же мамлекеттик кызматтык стаж кеминде үч жылды түзүшү керек же адистиги боюнча иш стажы беш жылдан кем болбоого тийиш, ошондой эле муниципалдык кызматтагы профили боюнча кайра даярдоодон өтүү менен жогорку кесипчилик билими болушу тийиш.

Улук муниципалдык кызматтар үчүн – муниципалдык же мамлекеттик кызмат стажы кеминде эки жыл же адистик боюнча иш стажы үч жылдан кем болбоого тийиш, муниципалдык кызмат профили боюнча кайра даярдоодон өтүү менен жогорку кесипчилик билими же башка жогорку билими болушу тийиш.

Кенже муниципалдык кызматтар үчүн – муниципалдык кызмат профили боюнча кайра даярдоодон өтүү менен орто кесипчилик билими же орто билими болушу керек.

Муниципалдык кызматчы тийиштүү укукка жана милдетке ээ, алар жалпы болуп саналат жана ээлеген муниципалдык кызматына карабастан жалпы кызматчыларга тиешелүү. Атап айтканда муниципалдык кызматчы төмөнкүлөргө укуктуу:

– белгиленген тартипте мамлекеттик бийлик органдарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, ошондой эле муниципалитеттин аймагында жайгашкан ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан алар кызматтык милдетин аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды суратууга;

– мамлекеттик кызматка өтүүнү кошуп алганда, кызматы боюнча көтөрүлүүгө, иш натыйжасы, иш стажы жана квалификация деңгээли эске алынып, акчалай күтүү өлчөмүн көбөйтүшүнө;

– өз демилгеси менен орду бош муниципалдык кызматты ээлөөгө конкурска катышууга;

[42] Кара.: "Муниципалдык кызмат жөнүндө" 2004–жылдын 21–августундагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. –Ст 8.

– өзүнүн өздүк ишиндеги бардык материалдар, өз ишмердиги жөнүндө пикирлер, аттестациялардын натыйжасы жана өздүк делого киргизгенге чейинки башка документтер менен таанышууга, ошондой эле өздүк делосуна өз түшүндүрмөсүн кыстырмалап коюуга;

– белгиленген тартипте өз укугун, социалдык–экономикалык жана кесиптик кызыкчылыгын коргоп, муниципалдык кызмат менен байланышкан талаштарды чечүүгө сотко, профсоюздук жана башка органдарга кайрылууга. Ошондой эле муниципалдык кызматты өркүндөтүү жөнүндө сунуш киргизүү боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылууга.

– жергиликтүү бюджеттин каражатынын эсебинен кесипчилик деңгээлин көтөрүүгө (даярдоо, кайра даярдоо, квалификациясын көтөрүү);

– ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын уюштуруу укуктук формаларына жана менчик түрлөрүнө карабастан алардын жетекчилеринин макулдугу менен чогулуштарына барууга жана катышууга, ошондой эле аларды аймакты өнүктүрүү маселелерин талкуулоого белгиленген тартипте чакырууга.

Албетте, муниципалдык кызматчы укук менен тең катар эле тийиштүү милдетти да алып жүрөт, ал милдеттер төмөнкүлөр:

– ага берилген укуктардын чегинде жана кызматтык милдеттерине ылайык ыйгарым укуктарын ишке ашырууга;

– өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын, жергиликтүү жамааттын уставын жана мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка укуктук актыларын жетекчиликке алууга;

– жетекчиликтин ыйгарым укуктарынын чегинде чыгарылган буйруктарын, буйрутмаларын жана көрсөтмөлөрүн аткарууга;

– өз кызмат милдеттеринин чегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жарандардын, коомдук бирикмелердин, ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуусун карап чыгууга, аларга байланыштуу келип чыккан маселелерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөттө чечүүгө;

– мыйзам жана башка нормативдик укуктук актылар менен корголгон мамлекеттик жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды, ошондой эле өзүнүн кызматтык милдеттенмесин аткаруу менен байланышта ага белгилүү болуп калган, жарандардын жеке турмушун, ар намысын жана абийирин козгогон

маалыматтарды ачыкка чыгарбоого, анын ичинде муниципалдык кызматын токтоткондон кийин да ачыкка чыгарбоого;

– өз кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл билим жана квалификация деңгээлин күтүүгө жана жогорулатып турууга;

– муниципалдык менчиктин сакталышын жана өнүгүшүн камсыз кылууга;

– кызматтык этиканын нормаларын, иш тартибин, кызматтык көрсөтмөлөрдү сактоого, муниципалдык кызматтын беделине шек келтирген аракеттерди жасабоого.

Мындан тышкары жергиликтүү жамааттын уставы менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген, муниципалдык кызматчынын кошумча укуктары менен милдеттери белгилениши ыктымал.

Республиканын мыйзамдарына ылайык муниципалдык кызматчы элдик – бийлик ыйгарым укуктарын ишке ашыруучу адам катары өз укуктарында чектелип коюлушу мүмкүн. Алсак, ал төмөнкүлөргө укуксуз;

– педагогикалык, илимий жана башка чыгармачыл ишмердиктен тышкары акы төлөнүүчү башка ишти ээлөөгө;

– жеке өзү же болбосо ишенимдүү адамдары аркылуу ишкердик ишин алып барууга, ошондой эле эгерде Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында башкача каралбаса, коммерциялык уюмдарды башкаруу органдарынын мүчөсү болууга;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында ал өзү муниципалдык кызматта турса же болбосо ал түздөн–түз баш ийсе же ага баш ийсе же анын көзөмөлүндө болсо, анда ал органда үчүнчү адамдын иши боюнча ишенимдүү же өкүлдүк берилген адамы болууга;

– кызматтык маалыматты, материалдык–техникалык, финансылык жана маалыматтык жактан камсыз кылуу каражаттарын жана башка мүлктү кызматтык эмес максаттарга пайдаланууга;

– жеке же юридикалык жактардан сыйлык алууга, өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу менен байланыштуу сыйланууга (белек, акчалай сыйлык, ссуда, кызмат көрсөтүү, оюн–зоок, эс алуу транспорт сарптоолорун төлөп берүүнү жана башка сый–урматты);

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары башка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен, ошондой эле чет мамлекеттердин, эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик бийлик органдары менен келишим боюнча өз ара негизде ишке ашырылуучу иш сапарына

барууларды кошпогондо, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен иш сапарына барууга;

– иш таштоолорго катышууга, шайлоо өнөктүгүнүн жана референдумдарды өткөрүүнүн мезгилинде шайлоо алдындагы үгүттөөлөрдү жүргүзүүгө, ошондой эле мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин функцияланышын бузган башка аракеттерди жасоого;

– өзүнүн кызмат абалын саясий партиялардын, диний жана башка коомдук бирикмелердин кызыкчылыгында пайдаланууга, ошондой эле динге карата мамилени үгүттөп жайылтууга. Анын үстүнө муниципалдык органдарда өкүлчүлүктүү органдарда жана кесипчилик союздарда фракцияларды түзүүнү кошпогондо, саясий партиялардын, диний жана башка коомдук бирикмелердин структураларынын түзүлүшү мүмкүн эмес.

Бир эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында өз ара жакын тууганчылыкта же туушкандыкта турган адамдардын (ата–энелер, жубайлар, бир туугандар) чогуу иштешине тыюу салынат, эгерде алардын иши Кыргызстандын мыйзамдарында башкача каралбаса, алардын бирөө башкасына баш ийдирилген же көзөмөлгө алынган болсо жана кызматтары ушуга байланыштуу болсо. Муниципалдык кызматта иштөө үчүн квалификациялуу талаптарга жооп бербеген; жашы жетпеген; сот тарабынан ишке жараксыз деп табылган; мыйзам тартибинде соттолгондугу алынбаган же жабылбаган же болбосо соттолгон; Кыргыз Республикасынын жараны болбогон адамдар муниципалдык кызматчы боло албайт.

Муниципалдык кызматты уюштуруунун татаалдыгына жана муниципалдык кызматчынын сапатынын түйшүк тарттырган салмагына карабастан кадр системасы төмөнкүдөй максаттарга бап келиши тийиш: жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн ишке ашырууда тактык, адилеттик жана ийкемдүүлүк; тийиштүү ыйгарым укукту алда канча туура аткарууда өтө аз сарптоолорго барууга мүмкүндүк берген аймактын финансы жана адам ресурстарын натыйжалуулук жана сарамжалдык менен тейлөө; муниципалдык чөйрөдө иштөө үчүн туруктуулук, корголгондук жана жагымдуу шарт түзгөндүк сыяктуу максаттарга ылайык келиши керек.

Азыркы мезгилдеги муниципалдык технологияларды жана муниципалдык менеджмент ыкмаларын билген квалификациялуу, теориялык жана практикалык жактан даярдалган, демек базар чөйрөсүндө аймактык инфраструктуралардын объекттерин натыйжалуу башкарууга, өнүктүрүүнүн муниципалдык программаларын жана инвестициялык долбоорлорун иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, буга калктын

кеңири катмарын тартып жана катыштырып иштөөгө жөндөмдүү болгон кадрлардын мааниси бар экендигин айтпай коюуга болбойт. Мына ушундай шартта гана жергиликтүү өз алдынча башкаруудан күткөн үмүт албетте акталбай койбойт.

Ошону менен бирге эле, ушул максаттарга жетишүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга мамлекеттик органдардын таасирдүү колдоосу керек. Анткени Кыргызстанда бийликтин муниципалдык органдарынын өз алдынчалык принциптери жөнүндө канчалык бекемделип сөз айтылбасын, баары бир алардын ишинин илгерилеши үчүн мамлекеттик структуралардын жардамы талап кылынат, ансыз базар шартына ыңгайлашып көнгөн муниципалдык менеджментти, жаңы шартта иштей билүүгө жөндөмдүү жана азыркы замандын категориялары менен ой жүгүртүүгө жана жергиликтүү жамааттардын социалдык керектөөлөрүн ишке ашырууга жетишүүгө жөндөмдүү сапаттуу башкаруучуларды даярдоо мүмкүн эмес.

II–БӨЛҮК

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУ СУРООЛОРДО–ЖООПТОРДО

5-ГЛАВА.
УЮШТУРУУ-УКУКТУК СУРООЛОР

(Конституция негиздери, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түшүнүгү жана системасы, курултайлар, аксакалдар соту, укуктук актылар)

КОНСТИТУЦИЯ НЕГИЗДЕРИ

Конституция эмнени түшүндүрөт?

Конституция (латынча constitio – түзүлүш, белгилөө) – бул өлкөнүн коомдук жана экономикалык түзүлүшүнүн негиздерин, башкаруу жана мамлекеттик түзүлүш формаларын, инсандын укуктук абалын, борбордо жана жер–жерлерде бийлик менен башкаруу органдарын уюштуруунун жана компетенциясынын, сот адилеттигин, шайлоо системасын уюштуруунун жана принциптеринин тартибин бекемдөөчү, мамлекеттин негизги мыйзамы.

Конституция саясий, юридикалык жана идеологиялык документ болуп эсептелет.

Саясий өңүттөн алганда ал мамлекеттик бийликти ишке ашыруунун принциптерин, белгилүү бир саясий жана социалдык топтордун, партиялардын ж.б. өз ара катышын бекемдеп турат. Юридикалык планда өлкөдө мыйзамдуулук менен укуктук түзүлүштү өнүктүрүү үчүн негиз, укуктук база болуп чыгат. Мамлекеттин негизги мыйзамы катары Конституция өлкөдө эң жогорку юридикалык күчкө жана тике аракетке ээ, бул башка бардык нормативдик жана укуктук актыларда анын улуктугун билдирет. Ушул кырдаалдын күчүнөн улам бардык мыйзамдар менен нормативдик–укуктук башка актылар мамлекетте кыйшаюусуз түрдө Конституциялык нормалардын негизинде кабыл алынышы жана ишке ашырылышы тийиш.

Коомдук турмушту уюштуруунун жогорку саясий, социалдык жана укуктук инструменти катары ал социалдык көз караштарды билдирүү жана коомдук өнүгүүнүн багыттарын, келечегин белгилөө менен өзүндө белгилүү бир идеологиялык мүнөздү алып жүрөт.

Мамлекеттик түзүлүштүн формасы деген түшүнүк кандай?

Мамлекеттик түзүлүштүн формасы – бул мамлекеттин улуттук – аймактык бөлүнүшүн, мамлекеттик бийликтин жогорку органдары менен мамлекеттин курамдык бөлүктөрүнүн бийлик органдарынын ортосундагы

өз ара мамилелерди мүнөздөп турган мамлекеттин ички структурасы. Мамлекеттик түзүлүш формасы боюнча өлкөлөр эл аралык жамаатта унитардык, федеративдик, конфедеративдик мамлекетке бөлүнөт. Алардын ичинен азыркы дүйнөдө эң көп таралганы мамлекеттик түзүлүштүн унитардык формасы болуп эсептелет, Кыргызстан да мына ушуга жатат.

Унитардык мамлекет (французча unitaria, латынча unitas – биримдик), мамлекеттик же улуттук мамлекеттик түзүлүштүн формасы, мында мамлекеттин аймагы административдик–аймактык бирдикке (областка, районго, департаментке ж.б.) бөлүнөт. Айрым учурларда унитардык мамлекеттин курамына автономиялуу түзүлүштүн өзгөчө статусуна ээ болгон бир же бир нече аймактык бирдиктер кириши мүмкүн. Унитардык мамлекетте бүткүл өлкө үчүн бирдиктүү жогорку өкүлчүлүк, аткаруучулук, соттук органдар системасы болот. Борбордук бийлик органдарына административдик–аймактык түзүлүштөрдүн органдарынын көзөмөлдүктө болушунун даражасы өлкөнүн борборлошуусунун даражасына жараша болот.

Федеративдик мамлекет (Federaition – бирикме, союз), юридикалык жактан белгилүү бир саясий өз алдынчалыкка ээ болгон, аймактык түзүлүштөрдөн турган өзүнчө татаал мамлекет болгон мамлекеттик түзүлүштүн формасы. Федерация субъекттери болуп саналган аймактык түзүлүштөр (республика, штат, кантон ж.б.) өзүнүн административдик аймактык түзүлүштөрүнө ээ болушат. Федеративдик мамлекетте мамлекеттик бийликтин жогорку органдарынын эки системасы сунушталат: федералдык органдар жана федерация субъекттеринин тийиштүү органдары.

Конфедерация – көз карандысыздыкты сактап калышкан, бирок маселелердин белгилүү бир чөйрөсү боюнча жалпы органы жана ишке ашырыла турган бирдиктүү ыйгарым укуктары болгон мамлекеттердин союзу. Мындайча айтканда конфедерация белгилүү бир максаттарга жетишүү үчүн түзүлгөн эгемендүү мамлекеттердин убактылуу бирикмеси катары көрүнөт.

монархия, республика

Мамлекетти башкаруу формасы деген түшүнүк кандай?

Башкаруу формасы мамлекеттик бийликтин жогорку органдарынын укуктук абалы, (мамлекет башчысы, парламент, өкмөт), алардын ортосунда түзүүнүн, уюштуруунун жана өз ара мамилелердин белгиленген тартиби катары түшүнүлөт. Азыркы кездеги адабиятта башкаруунун эки негизги формасы – монархия жана республика болуп ажыратылат.

Башкаруунун монархиялык формасындагы өлкөлөрдө мамлекеттик бийлик мамлекеттин жеке башчысы–монархка таандык болот. Монарх өзүнүн бийлик иш милдетин жекече жана өмүр бою жүргүзөт, анын үстүнө ал бийлик мурас боюнча атадан балага берилет.

Республика – мамлекеттик бийлик белгилүү мөөнөткө калк тарабынан шайлануучу мамлекеттик органга таандык болгон башкаруу формасы. Республика Президенттик, парламенттик жана аралаш башкаруу катары классификацияланат. Алардын ортосундагы айырма, илимде жана адабиятта белгиленип көрсөтүлгөндөй, өкмөттү ким түзгөндүгүнө, анын ишин ким уюштурганына жана ал кимдин алдында жоопкер экендигине жараша көрүнүп турат.

Парламенттик республикада президентке жалаң гана өкүлчүлүктүү иш милдет таандык, өкмөт толугу менен парламент тарабынан түзүлөт жана анын алдында жоопкер болот.

Президенттик республикаларда өкмөттү түзүү боюнча ыйгарым укук Президентке таандык болот, ал аны анча–мынча парламенттик көзөмөл астында ишке ашырат. Анын үстүнө Президент көп учурда мамлекет башчысынын да, аткаруу бийлигинин башчысынын да иш милдетин аткарат.

Аралаш башкаруу (жарым президенттик же жарым парламенттик) формасынын айырма белгиси өкмөттүн үстүнөн болгон көзөмөл тигил же бул өлчөмдө президент менен парламент ортосунда бөлүштүрүлгөн.

Өз кезегинде көпчүлүк адистердин пикири боюнча азыркы Кыргызстан башкаруу формасы боюнча аралаш башкаруу (президенттик–парламенттик) түрүнө жакын.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик кандай принциптерге негизделген?

Республиканын колдонулуп жаткан Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден бир туткасы жана эгемендүүлүктүн ээси Кыргызстандын эли гана болуп эсептелет, ал өз бийлигин түздөн–түз, ошондой эле мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу жүргүзүлөт.

Ошондуктан Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликти ишке ашыруунун башкы принциптеринин бири бүткүл эл тарабынан шайланган мамлекет башчысы–Кыргыз Республикасынын Президенти ишке ашырган

жана камсыз кылган элдик бийликтин улуктугунун принциби болуп саналат. Мындан тышкары мамлекеттик бийлик: мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бутактарына бөлүнүш, алардын ырааттуу иш аткарышы жана биргелешип аракеттениши, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдында жоопкерчилиги жана элдин таламдары алардын өз ыйгарым укуктарын ишке ашыруусу; мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так бөлүштүрүү сыяктуу эң башкы принциптерге негизденет.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликти ким көрсөтөт жана ишке ашырат?

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарына бөлүнгөн. Ушуга негизденип Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликти Кыргыз Республикасынын конституциясында белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде: Кыргыз Республикасынын Президенти Мыйзам чыгаруу бийлиги катары; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши; Аткаруу бийлиги катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана ага баш ийдирүүдөгү органдар; бийликтин сот бутагынын органдары катары Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттору көрсөтүшөт жана ишке ашырышат.

Кыргыз Республикасынын Президенти бийликтин кайсыл бутагына таандык?

Кыргыз Республикасынын Президенти мамлекеттин башчысы, Кыргыз Республикасынын эң жогорку кызмат адамы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндигинин кепилдиги болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Президенти элдин жана мамлекеттик бийликтин (мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот) биримдигинин символу болуп саналгандыгынын күчүнөн, ал Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясына ылайык мамлекеттик бийликтин ар бир бутагы үчүн таандык болгон белгилерди ээлейт:

Ls President ① сот → НК мыйзам долбоор кол коет.

Мыйзам чыгаруу ыйгарым укугу бөлүгүндө – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине (Парламент) мыйзам долбоорлорун киргизет, өлкөнүн парламенти кабыл алган мыйзамдарга ж.б. кол коет.

Аткаруу ыйгарым укугу бөлүгүндө–Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин кызматына бекитет, КР Премьер-министринин, Өкмөтүнүн отставкага кетүүсү же анын айрым мүчөсүнүн отставкасы жөнүндө чечим кабыл алат, КР Өкмөт мүчөлөрүн өз демилгеси боюнча же КР Премьер-министринин сунушу боюнча кызматтан бошотот ж.б.

Сот ыйгарым укугу бөлүгүндө – мунапыс берүүнү жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекетти башкарууга кантип катышат?

Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекетти башкарууга эки формада катышат: түздөн–түз (шайлоолор, референдумдар ж.б.) жана өз өкүлдөрү аркылуу (мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары). Кыргыз Республикасынын жарандары республикалык жана жергиликтүү маанидеги Мыйзамдарды жана чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга укуктуу. Ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга укуктуу.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууда өз укугун ишке ашырып, жарандар түздөн–түз шайлоолорго, элдик курултайларга, жыйналыштарга, жыйындарга катышат. Анын үстүнө жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызмат адамдарына кайрылууга, ошондой эле мыйзамдарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердиги жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

Мындан тышкары өлкөнүн жарандары Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңештин депутаттары жана Өкмөтү менен бир катарда мыйзам чыгаруу демилгеси менен чыгуу укугуна ээ (кеминде 30 миң шайлоочу).

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүргүзүүгө укук кимге берилген?

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүргүзүү укугу тийиштүү аймакта (айылда, шаарчада, шаарда) жашаган калкка берилген, ал жергиликтүү маанидеги маселелерди башкарууга өз

алдынча жана өз жоопкерчилигине алып жүргүзүүгө укуктуу. Өз алдынча башкарууга өзүнүн укугун калк түздөн–түз эркин билдирүү түрү (жыйындар, курултайлар, жыйналыштар) аркылуу, ошондой эле калк калыптандырган же Кыргызстанда мыйзамда белгиленген тартипте өкүлдүгү аркылуу калыптанган жергиликтүү кеңештер ж.б. органдар аркылуу ишке ашырат.

Сот системасына аксакалдар соту киреби?

Кыргыз Республикасынын сот системасы Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунан, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунан жана жергиликтүү соттордон турат. Демек аксакалдар соту сот бийлигинин системасына кирбейт.

Ошону менен бирге эле Кыргыз Республикасынын Конституциясы мыйзамда каралган учурларда жана тартипке Кыргыз Республикасынын жарандары сот адилеттигин ишке ашырууга катышууга укуктуу деп белгиленген. Демек жарандардын сот адилеттигин жүргүзүүгө катышуу формаларынын бири шаарлардын, шаарчалардын жана айылдардын аймагында түзүлгөн тийиштүү түрдөгү аксакалдар соту да болушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн демилгечиси болууга ким укуктуу?

Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн демилгечиси укугуна төмөнкүлөр ээ: Кыргыз Республикасынын Президенти; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү; кеминде 300 миң шайлоочу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуш Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш келип түшкөн күндөн алты айдан кечиктирбестен, бирок үч айдан эрте эмес мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун корутундусун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан каралат.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА СИСТЕМАСЫ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түшүнүгү жана максаты кандай?

Тийиштүү адабият булактары ырастагандай "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу" термини Англияда XVII кылымдын акырында пайда болгон жана эң оболу Парламент жардамы менен өзүн–өзү башкарган элдин абалын жана өкмөттүк Аппарат тарабынан административдик тике камкордук жасоону билбеген жергиликтүү өкүлчүлүктүү органдарды билдирген.

Илимде жана адабиятта жергиликтүү өз алдынча башкаруу ар түрдүү көз караштардан каралат, ошондуктан башкаруунун ушул институтунун маңызын ачып берген бир катар концепциялар бар. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамлекеттик бийликтин ортосундагы өз ара мамилелер, ошондой эле мамлекеттик иш милдетти жүзөгө ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун катышуу даражасы эске алынат. Ушундан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эки негизги теориясы өкүм сүрүп келе жатат: англо–саксондук теория, мында жергиликтүү өз алдынча башкарууга мамлекеттик органдардын таасири минималдуу жана континенталдуу, анда мамлекет жер–жерлердеги өз өкүлдөрү аркылуу муниципалдык органдардын ишин көзөмөлдөйт. Ошого карабастан тигил же бул учурда да жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруу үчүн белгилүү бир шарт зарыл, атап айтканда анын негизгилеринин бири болуп төмөнкүлөр эсептелет: тийиштүү укуктук база; жергиликтүү маанидеги иштин белгилүү бир чөйрөсү, аны чечүүгө өз күчтөрү жана каражаты жетиши мүмкүн; Финансылык бюджеттик булактар жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруу үчүн менчиктин болушу; квалификациялуу кадрлардын жана өз иштерин өз алдынча чечүүгө жарандардын каалоосунун болушу.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн тарыхый жана азыркы заман тажрыйбасынын натыйжасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Европа Хартиясында белгиленген аныктамасы (Ст. 3) жалпыга таанымал болуп калды, анда:–"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу деп, жергиликтүү жамааттардын мыйзам чегинде коомдук иштердин кыйла бөлүгүн өз жоопкерчилигинин астында жана калктын жыргалчылыгында контролдоого жана башкарууга укугу жана чыныгы жөндөмдүүлүгү түшүнүлөт".

Өз кезегинде Кыргыз Республикасында “жергиликтүү өз алдынча башкаруу” түшүнүгү мазмуну боюнча Европа Хартиясында чагылдырылган аныктамага өтө жакын. Алсак, жергиликтүү өз алдынча башкаруу– республиканын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык – бул Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилдик берилген укук жана жергиликтүү жамааттардын бийликтин өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдары аркылуу, ошондой эле жарандардын түздөн–түз катышуу жолу менен жергиликтүү маанидеги иштерди башкарууну жүзөгө ашырууга болгон чыныгы жөндөмдүүлүгү. Башкача айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул өз проблемаларын өз алдынча чечүүгө, же шайлоолор жолу менен калк өзү калыптандырган органдар аркылуу чечүүгө жашоочулардын укугу жана жөндөмдүүлүгү. Ушуга негизденсек, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун максаты калкты аймакты башкарууга бара–бара тартуу болуп эсептелет. Буга бийликтин жергиликтүү органдарындагы өз өкүлдөрү аркылуу, же тикелей түрдө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү аркылуу барат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу кандай формаларда ишке ашырылат?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз мазмуну боюнча өтө эле ар түрдүү болгон башкаруу институту. Ал калктын тике катышуусу же өкүлдүү катышуусу түрүндө ишке ашуусу мүмкүн.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга калктын өкүлдүү катышуусунун түрлөрүнө шайлануучу органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызмат адамдары (жергиликтүү кеңештер, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчылары), ошондой эле тийиштүү аткаруу органдары кирет.

Элдик курултайлардын, жыйналыштардын жана жыйындардын жана тикелей демократиянын башка түрлөрүнүн жолу менен ошондой эле өкүлчүлүктүү органдарды шайлоолордо коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык маанилүү маселелерин талкуулоо жана кабыл алган чечимдерди ишке ашыруу, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишмердигин көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууда, шайлануучу кызмат адамдары менен жергиликтүү кеңештердин депутаттарын чакырып алуу, элдик укук чыгаруу демилгеси, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жарандардын кайрылуусу түздөн–түз катышуу түрлөрү болуп саналат.

Мында Кыргыз Республикасынын жарандары жергиликтүү өз алдынча башкарууга укуктарын жүзөгө ашырууда кандайдыр бир чектөөлөр жок. Кыргызстандын бардык жарандары жынысына, расасына, улутуна, тилине, ата тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, динге карата мамилесине, ынанымына, коомдук бирикмелерге таандык экендигине карабастан жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга бирдей укуктуу.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө мамлекеттик бийлик органдарынын ролу кандай?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуулугу өз проблемаларын өз алдынча чечүүгө калктын өзүнүн демилгесине жана каалосуна гана эмес, байланышпастан, башкаруунун ушул формасын өнүктүрүүгө мамлекеттин мамилесине да түз байланыштуу болот. Мамлекеттин жана анын органдарынын ролу, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун торолушу жана өнүгүшү үчүн зарыл укуктук, уюштуруучулук, материалдык–финансылык шарт түзүүдө жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга укугун ишке ашырууга калкка көмөк көрсөтүүдө турат. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагында мыйзамдарды кабыл алуу жана алардын сакталышына контрол жүргүзүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын кабыл алуу;

– Конституцияда жана мыйзамдарда белгиленген жергиликтүү өз алдынча башкаруу жагындагы мамлекеттин милдеттенмелерин ишке ашырууда кепилдиктерди камсыз кылуу;

– мыйзамга ылайык мамлекеттик менчиктин объекттерин муниципалдык менчикке өткөрүп берүү тартибин жөнгө салуу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тийиштүү мамлекеттик ыйгарым укуктарды бөлүп берүү, ошондой эле аларга нормативдик жана укуктук актыларга ылайык айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көрсөтүлгөн мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн зарыл материалдык жана финансы каражаттарын өткөрүп берүү, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жана каражаттардын ишке ашырылышына контрол жасоо;

– мамлекеттик минималдуу социалдык ченемдерди белгилөө жана камсыз кылуу;

– мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык мектепке чейинки, мектеп жана кесипчилик билим берүү;

– мамлекеттик стандарттарга ылайык саламаттык сактоо;

– республикалык бюджет менен жергиликтүү бюджет ортосунда мамилени жөнгө салуу, минималдуу бюджеттик камсыз болуу ченемдеринин негизинде жергиликтүү бюджеттердин баланстуулугун камсыздоо;

– мамлекеттик бийлик органдары кабыл алган чечимдердин натыйжасында келип чыккан кошумча сарптоолорду жергиликтүү өз алдынча башкарууга компенсациялоо;

– жергиликтүү өз алдынча башкарууга финансылык өз алдынчалыктын мамлекеттик кепилдигин камсыз кылуу;

– административдик–аймактык бирдиктерди түзүүнүн, бириктирүүнүн, кайра өзгөртүүнүн, же жоюунун тартибин белгилөө жана өзгөртүү, мамлекеттин административдик–аймактык түзүлүшүн эске алуу менен алардын чек араларын, ошондой эле алардын аталыштарын белгилөө жана өзгөртүү;

– чектеп бөлүштүрүү тартибин белгилөө жана мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосунда, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда, анын ичинде ар түрдүү аймактык деңгээлдеги органдар ортосунда ыйгарым укуктарды жана алып барууну чектеп бөлүштүрүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга жарандардын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо;

– жергиликтүү шайлоолорду өткөрүү тартибин жана аларды өткөрүүдө жарандардын шайлоо укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин белгилөө;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктарын соттук коргоо тартибин белгилөө жана соттук коргоо;

– мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызмат адамдарынын жоопкерчилигин жөнгө салуу жана белгилөө;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызмат адамдарынын ишмердигинде мыйзамдуулуктун сакталышына прокурордук көзөмөлдү ишке ашыруу;

– мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу зарылчылыгы менен шартталган өзгөчө статусу бар аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун бөтөнчөлүгүн жөнгө салуу;

– тийиштүү тарыхый жана башка жергиликтүү салт–санаалар менен шартталган айрым аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун бөтөнчөлүгүн жөнгө салуу;

– жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруу менен байланышкан маселелер боюнча административдик укук бузуулар тууралуу мыйзамдарды кабыл алуу жана өзгөртүү;

– жергиликтүү жамааттардын уставдарын каттоодон өткөрүү тартибин белгилөө;

– мамлекеттик жана гуманитардык жардамдардын материалдык, акчалай жана башка түрлөрүн бөлүштүрүүнү уюштуруу;

– айлана–чөйрөнү коргоо, жердин жана жаратылыш ресурстарынын пайдаланышына шаар курулушу менен архитектура нормаларынын жана эрежелеринин сакталышына, санитардык нормалардын сакталышына, мыйзамда белгиленген тартипте экологиялык иш–чаралардын жүргүзүлүшү жөнүндө мыйзамдардын аткарылышы боюнча ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, чарба жүргүзүүчү башка субъекттердин ишмердигине контрол жасоо.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн оңтойлуу шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик органдын ушул укуктары жана милдеттенмелери толук бүткөн деп эсептелбейт жана мамлекет өзүнө дагы кошумча милдеттенмелерди алууга укуктуу.

Мамлекеттик бийлик органдары кабыл алган чечимдердин натыйжасында келип чыккан кошумча сарптоолорду жергиликтүү өз алдынча башкарууга компенсациялоого мамлекеттик органдар милдеттүүбү?

Мамлекеттик бийлик органдары кабыл алган чечимдердин натыйжасында келип чыккан кошумча сарптоолорду жергиликтүү өз алдынча башкарууга компенсациялоо Кыргызстандын мамлекеттик органдарынын мыйзам тарабынан белгиленген негизги милдеттенмелеринин бири болуп эсептелет. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мамлекеттин бул сыяктуу милдеттенмеси дүйнөлүк практикада жетиштүү түрдө таркалган. Атап айтканда, Россия Федерациясында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сарптоолоруна алып келген мамлекеттик органдардын

чечимдери мамлекет тарабынан кошумча мамлекеттик казынадан финансы же болбосо башка материалдык каражаттарды бөлүп берүү жолу менен компенсацияланат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин токтотуп коюуга мамлекеттик органдар укуктуубу?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана анын органдарынын ишмердиги абсолюттуу жана тийиштүү чекти билбеген ишмердик болушу мүмкүн эмес. Кайсыл коомдо болбосун белгилүү чектөөлөр өкүм сүрөт, анын алкагынан чыгууга жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укугу жок, же болбосо ал өз иш аракетинде өз алдынчалыккка карабастан кандай болгон күнү да башкаруу формасынын мамлекеттик институттары тарабынан жөнгө салынган мыйзамга баш ийген бойдон кала берет. Демек мамлекет тийиштүү түрдө бул өңдүү органдардын ишмердигин чектөөгө укуктуу.

Бул маселеге дүйнөлүк практикада ар башкача мамиле жасалат, атап айтканда Чыгыш Европа өлкөлөрүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү бюджеттин тартыштыгына 25%дан ашык жол берген учурда токтотулушу мүмкүн, мындай болгон учурда муниципалитет банкрот деп жарыяланат жана тике административдик башкаруу киргизилет. Балтика боюндагы өлкөлөрдө (Литва) өз алдынча башкаруу өлкөнүн мыйзамдарын системалуу түрдө буза турган болсо, анда Өкмөт Сеймге 2 жылдык мөөнөткө тийиштүү аймакты тике башкарууну киргизүү жөнүндө сунуш кылат. Мындай болгон учурда мамлекет тарабынан администратор дайындалат, ал өкүлчүлүктүү жана аткаруучу жергиликтүү органдын бардык милдетин аткарат. Башка жактан алып караганда, Өкмөт жергиликтүү кеңешке берилген мамлекеттик ыйгарым укукту натыйжасыз аткаргандыгы үчүн мэрдин отставкасы жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу. Эгерде жергиликтүү кеңеш Өкмөттүн сунушуна кулак түрбөсө, анда мамлекеттик орган тике административдик башкарууну киргизүү демилгесин коет.

Кыргыз Республикасында тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттеринде мыйзамда белгиленген укуктук эмес аракеттер аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын Президенти буга күнөөлүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин токтотуп коюуга жана ошол аймакта тике мамлекеттик башкарууну киргизүүгө укуктуу. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук эмес аракеттери деп конституциялык

түзүлүшкө жана улуттук коопсуздукка түздөн–түз коркунуч келтирген мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузууга, улуттар аралык жана диний араздашууну үгүттөөгө жана тутандырууга, адамдардын өмүрүнө коркунуч келтирүү жана зордук–зомбулук менен коштолгон массалык баш-аламандыктарга багытталган аракеттер эсептелинет.

Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруунун системасы жана принциптери кайсылар?

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын жергиликтүү кеңештер, аткаруучу – тескөөчү органдар, (айыл өкмөттөрү, шаар башчылары, мэриялар), шайлануучу кызмат адамдары, жергиликтүү депутаттар, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу, аксакалдар соту, курултайлар, жыйналыштар, жыйындар, жамааттар, ошондой эле башка коомдук органдар (ардагерлер, жаштар кеңештери, аялдар кеңеши,"Кырк Чоро" элдик кошууну ж.б.) түзөт. Эл аралык практикада жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына жергиликтүү референдумдар да кирет.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруунун негизги принциптери: – мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк; – өзүн камсыздоо, өз алдынча каржылоо жана өз алдынча жөнгө салуу;–жергиликтүү кеңештер аркылуу, алардын аткаруучу–тескөөчү органдары, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары, калктын өзү калыптандырган башка органдар аркылуу жарандардын эрк–ыктыярын билдирүүсү, ошондой эле жарандардын жыйналышы жана жыйыны; – жергиликтүү жамааттардын укуктарын жана мыйзам тарабынан корголгон таламдарын сактоо; – демократия, айкындуулук жана коомдук пикирди эсепке алуу; – тийиштүү маселелерди чечүү учурунда коллегиялдуулук, эркин талкуулоо; өз компетенциясындагы маселелерди чечүүдө жергиликтүү кеңештердин көз карансыздыгы болуп эсептелет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу компетенциясы деген түшүнүгү кандай?

"Компетенция" термини (латынча competehtja – жетишемин, ылайыктуумун, туура келемин) адабиятта мамлекеттик же болбосо коомдук органдын, кызмат адамынын ыйгарым укугунун, укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы катары түшүнүлөт. Компетенция чөйрөсү өлкөнүн Конституциясынын, мыйзамдарынын жана башка нормативдик укуктук актыларынын нормалары

менен аныкталат. Демек, жергиликтүү өз алдынча башкаруу компетенциясы мамлекеттин тийиштүү нормативдик укуктук актылары менен белгиленген, өз алдынча башкаруунун милдетин, атап айтканда тийиштүү аймактын жашоочуларынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, башка коомдук структуралардын, ал эми жалпысынан, жергиликтүү жамааттын милдетин жүргүзүү жана ишке ашыруу үчүн укуктар менен милдеттердин жыйындысы катары чыгат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айырмалуу касиеттеринин бири жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясынын татаал системасына ээ болгондугунда турат. Теорияда жана практикада муниципалдык органдардын компетенциясы өздүк, берилген мамлекеттик жана биргелешкен иш (маселе) болуп бөлүнөт.

Өздүк ыйгарым укуктар – бул сырттан кийлигишүүсүз тийиштүү аймактын калкынын жашоо турмуш тиричилик аракетин камсыз кылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана анын органдары тарабынан гана өз алдынча чечиле турган маселелер.

Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар – бул тийиштүү аймакта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырган айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар. Ыйгарым укук берүү аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы тарабынан ага таандык кайсыл бир маселени чечүүгө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органына бир жолу, белгилүү бир мөөнөткө же мөөнөтсүз убакытка кандайдыр бир маселени чечүүгө өзүнө таандык болгон укукту берүү дегендик. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары, тийиштүү түрдө мамлекеттик орган алдында алардын ойдогудай аткарылышы үчүн жоопкерчиликти тартышат. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү нормативдик–укуктук актылардын негизинде (мыйзамдардын, Президент Жарлыктарынын, Өкмөт токтомдорунун) негизинде ишке ашырылат. Анын үстүнө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары калк конуштарында тийиштүү мамлекеттик органдардын жоктугу мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүү шарттарынын бири болуп караган.

Ошону менен бирге эле Мыйзамда келишимдик негизде айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү мүмкүндүгүнө жол берилет, бул келишимдин ар бир субъектисинин таламдарын макулдашуунун бир кыйла татаал жол–жобосун түзөт, анткени Келишимдик мамиленин маанилүү элементтеринин бири келишим түзгөн тараптардын эркиндиги менен теңдиги болуп эсептелет. Ошондуктан көбүнчө жергиликтүү жамааттардын жеке-

че өзгөчөлүктөрүн кайып өтүп (географиялык, демографиялык, экономикалык жана башка) үстөмдүкчүл жол менен айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү практикаланып келе жатат.

Биргелешкен ыйгарым укук – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен мамлекет биргелешип жүргүзгөн ыйгарым укуктар. Атап айтканда бюджеттик укук жөнүндө Мыйзамга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн биргелешкен ыйгарым укуктары Билим берүү, Саламаттык сактоо жана башка системаларды финансы материалдык камсыздоо чөйрөсү болуп саналат. Мындан тышкары аймактагы орун алган милдеттерди натыйжалуу ишке ашыруу максатында айрым ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар (коомдук, жеке жана башка) менен бирдикте ишке ашырылышы жокко чыгарылбайт жана мындай өңүт да орун алып келе жатат.

Жергиликтүү маанидеги маселелерге кайсыл иштер кирет?

Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык жергиликтүү маанидеги негизги маселелер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– аймактын жашоо турмушун камсыз кылуу системасын иштетүүнү жана өнүктүрүүнү уюштуруу;

– калкка социалдык жана маданий кызмат көрсөтүү;

– жергиликтүү жамааттын жерин туура пайдалануу;

– жергиликтүү жамааттардын аймагын комплекстүү социалдык–экономикалык өнүктүрүү;

– туракжай муниципалдык чарба жүргүзүү жана аймакты көрктөндүрүү;

– коммуналдык транспорт жана жол;

– турмуш–тиричилик жана соода жактан тейлөө;

– жергиликтүү деңгээлде мектепке чейинки, мектеп жашында жана кесипчилик билим берүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүү;

– жергиликтүү деңгээлде саламаттык сактоону өнүктүрүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүү;

– жергиликтүү жамааттын калкынын тарыхый жана маданий салт-санааларын сактап калуу жана өнүктүрүү;

– дене тарбия маданиятын, спортту жана туризмди өнүктүрүү;

– коомдук тартипти сактоо.

Жергиликтүү маанидеги иштерге жергиликтүү жамааттардын натыйжалуу жашоо турмуш аракетин жолго коюу үчүн зарыл болгон мындан башка

да маселелер кириши ыктымал, аларды жамаат өз каражатынын, күч аракетинин жана каалоо мүдөөсүнүн эсебинен ишке ашырышы мүмкүн.

Кайсыл мамлекеттик маселелер жергиликтүү өз алдынча башкарууга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарга кирет?

Кыргызстандын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарга калк конуштарында тийиштүү мамлекеттик органдар болбосо, мыйзам тарабынан төмөнкүлөр кирет;

– калктын жумуштуулук жана миграция программасын иштеп чыгуу жана аткаруу;

– аз камсыз болгон адамдарды табуу, алардын даректүү социалдык корголушун уюштуруу;

– паспорт режиминин эрежелерин аткаруу үчүн контролду ишке ашыруу жана белгиленген тартипте жарандардын катталышын жана каттоодон чыгарылышын жүргүзүү;

– Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык жарандык абалдын актыларын каттоодон өткөрүү;

– опекундар менен попечителдерди дайындоо ошондой эле опекундук жана бакма балдарды кабыл алыган үй–бүлөлөрдүн мониторингин жүргүзүү;

– Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык нотариалдык иштерди жүргүзүү;

– жарандарга инсандыгын, үй–бүлө, мүлк абалын ырастаган справкаларды, мыйзамда каралган башка документтерди берүү;

– коомдук тартипти чыңдоого көмөктөшүү;

– аскер кызматына чакырууну уюштурууга көмөктөшүү;

– аймакта мыйзамдуулуктун жана коомдук тартиптин сакталышын камсыз кылуу;

– мыйзамдарга ылайык тийиштүү аймакта жыйналыштарды, митингдерди, көчө салтанатын жана демонстрацияларды уюштурууга жана өткөрүүгө уруксат берүү тартибин белгилөө;

– айыл чарбага жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;

– айыл чарба өндүрүшүн келечектүү өнүктүрүү боюнча материалдарды жалпылоо, айыл чарба азыктарын өндүрүү боюнча индикативдүү пландарды түзүү;

– мал чарбасында ветеринардык–санитардык, эпизоотикага каршы иш чараларды жана селекциялык – асыл тукум иштерин өз убагында өткөрүүнү уюштурууга көмөктөшүү;

– айыл чарба эгиндеринин, өстүрүлгөн түшүмдүн тебелеп–тепселишине каршы күрөшүү, токой тилкелерин жана токойлорду коргоо боюнча талаптагыдай чараларды камсыз кылуу;

– айлана чөйрөнү коргоо боюнча иш чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;

– салыктарды жана алымдарды жыйноо;

– керектөөчүлөр укугун коргоону камсыз кылуу.

Ыйгарым укуктардын ушул келтирилген тизмеси жалпы жана ал өлкөнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бардыгына тиешеси бар. Ошого карабастан келтирилген тизме ачык бойдон калат анткени мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкарууга берген ыйгарым укуктардын кошумча тизмесин белгилөөгө укуктуу.

Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнү финансылык–материалдык камсыздоо милдеттүү шартпы?

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга мамлекеттин өз ыйгарым укуктарын берүү мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жалпы мамлекеттик маанидеги милдеттерди ишке ашыруу боюнча өз ара мамилелерди түзүүнүн маанилүү тетиктеринин бири болуп эсептелет. Ушул тетик Кыргызстандын Конституциясында бекемделген, ага ылайык жергиликтүү өз алдынча башкарууга мамлекеттик милдетти аткаруу жүктөлүшү ыктымал, ал боюнча чыгашалар мамлекеттик бюджеттин эсебинен жабылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүдө аларды финансылык–материалдык камсыздо-онун конституциялык жактан белгиленишинин күчү милдеттүү шарт жана мамлекеттин милдети болуп саналат. Мында ушул милдеттүү шарт аткарылбаса, анда мамлекеттик ыйгарым укуктарды ойдогудай аткаруу үчүн мүмкүнчүлүктүн кетишине алып келет, жалпысынан, бүткүл мамлекеттик механизмге көлөкө түшүрөт.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕР

Жергиликтүү кеңештер деген эмнени түшүндүрөт?

Жергиликтүү кеңештер (мурдагы эл депутаттарынын жергиликтүү советтери) тийиштүү калайык калктын таламдарын жана эркин билдирген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы болуп саналат. Тийиштүү аймакта жашаган жарандардын тике шайлоолордун негизинде өз өкүлдөрүн шайлоонун натыйжасында калыптанат. Өз убагында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" 2002–жылдын 12–январындагы КР Мыйзамынын негизинде жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 5 жылга эсептелгенин белгилей кетүү керек, кийин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95–статьясына ылайык (2003–жылдагы редакциясында) 4 жыл болуп калган.

Мында республикада узак мезгил бою жергиликтүү кеңештердин үч чынжырлуу системасы өкүм сүрүм келди:

– баштапкы аймактык деңгээл (айылдык, шаарчалык жана шаар кеңештери);

– райондук аймактык деңгээл (райондук кеңештер);

– областтык аймактык деңгээл (областтык кеңештер).

2005–жылдын 2–февралындагы жана 2006–жылдын 6–февралындагы Мыйзам чыгаруу жаңылыктарынын натыйжасында жергиликтүү кеңештер системасы өзгөрүүгө дуушар болду. 2005–жылы райондук жана областтык кеңештер жоюлду. Бирок бул өзгөрүүлөрдүн натыйжасыз болгондугун жана ойлонулбай жасалгандыгын практика көрсөттү, андыктан 2006–жылдын февралында райондук кеңештердин курамын калыптандыруунун жаңыртылган принциптери менен райондук кеңештердин статусун калыбына келтирген мыйзам кабыл алынды. Райондук кеңештер эми тике шайлануу укугунун жолу менен калыптандырылбайт, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" 2006–жылдын 6–февралындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө КР мыйзамына ылайык "тийиштүү аймактын айылдык, шаарчалык, райондук маанидеги шаардык кеңештердин депутаттарынан турат. Райондук кеңештерге тийиштүү аймактагы айылдык, шаарчалык, райондук маанидеги шаардык кеңештердин бардык депутаттары кирет".

Жергиликтүү кеңеште жамааттардын өкүлчүлүктөрүнүн сандык курамы белгилүү бир административдик – аймактык бирдиктин калкынын саны эске алынып, Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен белгиленет. Алсак, бүгүнкү күндө жергиликтүү кеңештердин сандык курамы төмөнкүдөй;

– Бишкек шаардык кеңеши – 30-45 адам;
– областтык маанидеги шаардык кеңештер – 15-30 адам;
– райондук маанидеги шаардык кеңештер – 11-21 адам;
– айылдык, шаарчалык кеңеш – 9-21 адам.

Жергиликтүү кеңештердин сандык курамы болжолдуу болуп эсептелет, башкача айтканда жергиликтүү кеңеш курамынын төмөнкү жана жогорку чеги менен аныкталат.

Бардык деңгээлдеги жергиликтүү кеңештер юридикалык жак болуп саналат жана мыйзам тарабынан алардын компетенциясына жаткан маселелердин бардыгын өз алдынча чечүүгө укуктуу. Мында жергиликтүү кеңештер юридикалык статусту юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өтүүнүн натыйжасында албастан, республиканын конституциясынын жана мыйзамдарынын негизинде алынат. Ушул жобо "Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө" КР мыйзамынын үчүнчү статьясын жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 84–статьясын чечмелөө жөнүндө" 1998–жылдын 3–декабрындагы №149 КР мыйзамынын нормалары менен ырасталат, ага ылайык жергиликтүү кеңештер юридикалык жактардын укук жөндөмүнө ээ жана каттоодон өтүүгө жатпайт, анткени башка юридикалык жактардан айырмаланып, алардын укук жөндөмдүүлүгү уюштуруу документтери менен жөнгө салынбастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мыйзамдары жана башка нормативдик–укуктук актылары менен регламенттелет.

Жергиликтүү кеңештердин иш формасы кандай?

Жергиликтүү кеңештердин негизги уюштуруу–укуктук иш формасы алардын сессиясы болуп эсептелет, ал кварталына бир жолудан кем эмес жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн бир бөлүгүнүн талабы боюнча өткөрүлүшү тийиш. Анын үстүнө жергиликтүү кеңештер өз сессияларын мындан да көбүрөөк өткөрүшү ыктымал, бирок мыйзамда белгиленген тартиптен аз өткөрүүгө укугу жок. Жергиликтүү кеңештердин сессиясы пландуу, башкача айтканда жыл

башында бекитилген план боюнча же болбосо токтоосуз чечүүнү талап кылган маселелерди карoo үчүн пландан тышкары да болушу мүмкүн.

Ошону менен бирге эле жергиликтүү кеңештин ишмердиги болгон бардык депутаттар биргелешип катышууга тийиш сессия түрүндө пленардык отурумдарды өткөрүү менен гана чектелбейт. Сессияга маселени алып чыгууга чейин аларды депутаттар талкуулай турган туруктуу комиссиялардын отурумдары өтө чоң иштерди алып барат.

Жергиликтүү кеңештин сессиясын өткөрүү тийиштүү уюштуруу иштерин жүргүзүүнү талап кылат, ал сессияга даярдануу мезгилинде, аны өткөрүү учурунда жана кабыл алынган чечимдерди ишке ашырууда жүргүзүлөт. Мына ушул маселеде негизги рол кеңештин төрагасына таандык, ал жергиликтүү кеңешти гана башкарбастан жергиликтүү кеңештин жана аппараттын бүткүл ишин уюштурат, ошондой эле жергиликтүү кеңештин ишмердиги менен байланышкан уюштуруу маселелерин чечет.

Биринчи сессияны өткөрүү тартиби өзүнчө белгиленет. Алсак, кайрадан түзүлгөн кеңештин биринчи сессиясы мурдагы чакырылыштагы кеңештин төрагасы тарабынан жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоодон кийин эки жумалык мөөнөттөн кечиктирбестен, ал эми райондук деңгээлде бир айлык мөөнөттөн кечиктирилбестен чакырылат. Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясын тийиштүү жергиликтүү кеңештин курагы боюнча аксакал жашындагы депутат ачат.

Кайрадан түзүлгөн райондун жергиликтүү кеңешинин биринчи сессиясы Кыргыз Республикасынын шайлоолор жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан кайрадан түзүлгөн райондун кеңешине шайлоолорду өткөргөн күндөн тартып үч жумалык мөөнөттөн кечиктирилбестен чакырылат.

Кайрадан түзүлгөн шаардагы, шаарчадагы жана айылдагы шаардык, шаарчалык жана айылдык кеңештердин биринчи сессиясы тийиштүү кеңешке шайлоолор өткөн күндөн эки жумалык мөөнөттөн кечиктирбестен кеңештин төрагасы тарабынан чакырылат.

Райондук кеңештин биринчи сессиясы Кыргыз Республикасынын шайлоолор жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясы тарабынан айылдык, шаарчалык, шаардык кеңештерди калыптандырган күндөн тартып бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен чакырылат.

Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясынын күн тартибине көбүнчө уюштуруу мүнөзүндөгү маселелер: кеңештин төрагасын жана анын орун-басарларын шайлоо, кеңештин ишмердигин уюштуруу, жергиликтүү

кеңештин түзүлө турган туруктуу жана убактылуу органдарынын саны сыяктуу маселелер киргизилет.

Жергиликтүү кеңештин сессиясы ошол аймактын ар бир жашоочусу депутаттардын ишине түздөн–түз көз салып байкап турушу үчүн ачык жана айкындыкта өткөрүлүшү тийиш. Ошого карабастан жергиликтүү кеңеш жабык сессияны өткөрүүгө да укуктуу, мындай учурлар кездешпей койбойт, эреже катары мамлекеттик жашыруун сырды камтыган жана жалпыга жарыя кылууга жатпаган маселелер күн тартибине коюлса, анда мындай сессиялар жабык өткөрүлөт.

Кандай маселелер жергиликтүү кеңештин сессияларында гана чечилет?

Өз мааниси боюнча жергиликтүү кеңеш өзүнүн компетенциясында турган маселелер боюнча чечимдерди коллегиалдуу кабыл ала турган орган болуп саналат. Ошондуктан тигил же бул проблема боюнча чечим кабыл алуу үчүн талкуулоо жүргүзүлөт. Тийиштүү чечимдерди карап чыгуу жана бекитүү өткөрүлөт, алардын ар бири боюнча жергиликтүү кеңештин депутаты өз сын–пикирин жана сунушун айтууга укуктуу. Кыргызстандын мыйзамдарында сессияларда гана чечиле турган маселелердин тизмеси белгиленген;

– аймакты социалдык–экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитүү жана аткарылышына контрол жүргүзүү;

– жергиликтүү бюджетти бекитүү жана анын аткарылышы жөнүндө отчет алуу, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө жана бюджеттик эмес фонддордун пайдаланышы маалымат угуу;

– Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында каралган жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана төлөмдөрдү киргизүү;

– жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин жумшоо тартибин белгилөө жана анын пайдаланылышына контролду жүргүзүү;

– кеңештин регламентин кабыл алуу;

– кеңештин төрагасын жана анын орун басарларын мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, шайлоо жана милдетинен бошотуу;

– мыйзамда каралган учурларда депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу;

– мамлекеттик бийликтин тийиштүү органдарына киргизүү максатында административдик–аймактык түзүлүш боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

– Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына каршы келген кеңештин төрагасынын буйруктарын алып салуу;

– жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү.

Ушул маселелер жергиликтүү кеңештердин алардын административдик–аймактык статусуна карабастан, бардыгына таандык. Ошондой болсо да республиканын мыйзамдарында биринчи деңгээлдеги жергиликтүү кеңештер үчүн (айыл, шаарча жана шаар) анын ичинде Бишкек шаары үчүн да алардын компетенциясына кирген маселелердин кошумча чөйрөсү белгиленген.

Атап айтканда, Бишкек шаар кеңеши жана областтык маанидеги шаар кеңеши;

– шаардын мэрин шайлайт;

– шаар мэринин ишмердигине контрол жүргүзөт;

– шаар мэринин чечими анын өзүнүн ыйгарым укугунан ашып кеткен учурда анын чечимдерин жокко чыгарат;

– шаардын вице–мэрлерин, шаардын бөлүктөрүнүн жана кызматтарынын жетекчилерин, мэриянын аппаратын кошпогондо, ал эми Бишкек шаарында–райондук администрациялардын башчыларын кошпогондо, дайындоого макулдук берет;

– мыйзамда бекитилген шаар жерине салыктын базалык ченинде шаар жерине салыктын дифференциялык ченемин белгилейт;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык муниципалдык менчиктеги жерди ижарага берүү тартибин белгилейт;

– шаардын муниципалдык менчиктеги объекттерин менчиктештирүү программасын бекитет;

– шардын мэрине жана анын орун басарларына, ошондой эле райондук администрациялардын башчыларына ишеним көрсөтпөөнү билдирүү жөнүндө депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин көпчүлүк добуш менен чечим кабыл алат;

– шаардын бөлүктөрүнүн жана кызматтарынын жетекчилерине ишеним көрсөтпөөнү билдирүү жөнүндө депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин добуш берүүсү менен чечим кабыл алат, бул алардын кызматтан четтетилишине алып келет.

Райондук маанидеги шаар, шаарча, айыл кеңештери жалпы мүнөздөгү өз ыйгарым укуктарына кошумча төмөнкүлөргө укуктуу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын орун басарларын дайындоого макулдук берет;

– райондук маанидеги шаардын, шаарчанын, айылдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын өз ыйгарым укугун ал ашырып жиберген учурда чечимин жокко чыгарат;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысына жана анын орун басарларына ишеним көрсөтпөөнү билдирүү жөнүндө депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин добуш берүүсү менен чечим кабыл алат.

Мындан тышкары айылдык жана шаарчалык кеңештер тийиштүү район үчүн мыйзамда бекитилген базалык ченемдин негизинде эсептелген айыл, шаарча үчүн белгиленген жер салыгынын жалпы суммасынын чегинде кыртыштын бонитет баллын эсепке алуу менен айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандыгы үчүн дифференцияланган чендерди, ошондой эле айыл чарбасына жарактуу чабынды жерлерди интенсивдүү пайдалануу зонасында жана алыскы жайыттарда жайгашкан жайлоолорду кошпогондо тийиштүү аймак үчүн чабынды жерлерди жайыттарды кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин ижарага берүү тартибин белгилөөгө укуктуу. Ал эми райондук маанидеги шаарлардын жергиликтүү кеңештери мыйзамда бекитилген шаардык жерге салыктын базалык ченинин алкагында тийиштүү аймактагы шаардык жерге салыктын дифференцияланган ченемин белгилөөгө, ошондой эле шаардын муниципалдык менчигинде турган жерди ижарага берүү тартибин бекитүүгө укуктуу.

Өз органын түзүүгө жергиликтүү кеңештин укугу барбы?

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" 2002–жылдын 12–январындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жергиликтүү кеңештер туруктуу же убактылуу мүнөздөгү комиссиялар түрүндө ар кандай органдарды түзүүгө укуктуу. Алар кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала карап чыгуу жана даярдоо үчүн, ошондой эле кеңештин чечимдерин ишке ашырууга катышуу үчүн түзүлөт, ведомстволук баш ийдирүүдөгү аймакта жайгашкан мекемелер жана уюмдар тарабынан бул чечимдердин аткарылышына контрол жүргүзөт.

Туруктуу комиссиялар шайланган депутаттардын жалпы санынан, анын курамына кеңештин төрагасы жана анын орун басары кириши мүмкүн эмес, тийиштүү кеңештин ыйгарым укуктуу мөөнөтүнө түзүлөт. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын укугу, милдети,

уюштуруу тартиби жана ишмердиги "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталаган, ал эми комиссиялардын тизмеги, алардын сандык курамы жана шайлануу тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары тийиштүү ыйгарым укукка ээ жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын ишмердигин уюштурууда маанилүү элемент болуп саналат. Алсак, туруктуу комиссиялар: тийиштүү аймактын экономикалык, социалдык жана улуттук–маданий өнүгүшү менен байланышкан жана кеңештин кароосуна коюла турган маселелерди даярдоого катышат; тийиштүү аймактагы социалдык маданий жана өндүрүштүк инфраструктураларды өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздерин чыңдоо маселелери боюнча кеңешке сунуш киргизет; өз аймагынын экономикалык өнүгүшүнүн план жана бюджет долбоорлорун алдын ала карап чыгат, пландардын орундалышы менен бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетторду угат, алар боюнча өз сын–пикирлерин даярдайт, зарыл учурларда аларды кеңешке берет; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кабыл алган чечимдеринин аткарылышына, жана уставдын талаптарын орундатуунун сакталышына контролдук жүргүзөт; ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында жана тийиштүү кеңештин регламенттеринде аларга берилген башка ыйгарым укуктарды да жүзөгө ашырат.

Практикада жергиликтүү кеңештер көбүнчө белгилүү бир тармактар боюнча туруктуу комиссияларды түзүп жүрүшөт: бюджет жана экономика боюнча; көрктөндүрүү жана муниципалдык чарба жүргүзүү боюнча; социалдык–маданий маселелер боюнча (билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык саясат); укук тартиби жана мыйзамдуулуктун сакталышы боюнча; административдик жана текшерүү комиссиялары. Өз ыйгарым укугунун мөөнөтү ичинде кеңеш зарыл болгон учурларда жаңы туруктуу комиссияларды түзүшү, мурда түзүлгөндөрдү жоюшу жана кайра уюштурушу, алардын курамына өзгөртүү киргизиши мүмкүн.

Туруктуу комиссиялар менен катар эле, жергиликтүү кеңеш убактылуу мүнөздөгү комиссияларды да түзүүгө укуктуу. Мындай структуралар зарыл учурда жана айрым маселени үйрөнүп чыгып чечүү үчүн түзүлөт. Келип чыккан маселе чечилээр замат убактылуу комиссия аны түзгөн комиссиянын өкүлчүлүктүү органынын чечими менен жоюлат же болбосо убактылуу комиссияны түзүү жөнүндө актыда адегенде эле анын ыйгарым укук мөөнөтү көрсөтүлөт.

Жергиликтүү кеңешти мөөнөтүнөн мурда таркатуу мүмкүнбү жана ал кандай учурларда болуп өтөт?

Жергиликтүү кеңештер мыйзамга ылайык өз ишмердигин мөөнөтүнөн мурда токтотушу мүмкүн. Мындай жол–жобо жергиликтүү кеңештерге гана эмес, башка органдарга да мүнөздүү. Атап айтсак, Президенттин, Жогорку Кеңештин (Парламенттин), Өкмөттүн, же болбосо башкаруунун жана бийликтин ар кандай башка органы менен кызмат адамынын ишмердигин мөөнөтүнөн мурда токтотуу учурлары мүмкүн.

Жергиликтүү кеңешти мөөнөтүнөн мурда таркатуу үчүн белгилүү бир кырдаал келип чыгууга тийиш. Андай кырдаал болуп булар эсептелет: депутаттардын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин көпчүлүк добушу менен кабыл алынган тийиштүү кеңештин чечими боюнча өзүн–өзү таркатуу; аймагында жергиликтүү кеңеш ишмердигин жүзөгө ашырган тийиштүү административдик–аймактык бирдиктин шайлоочуларынын жарымынан көбүнүн сунушу боюнча.

Жергиликтүү кеңешти таркатуу укугу Кыргыз Республикасынын Президентинде да бар, ал жергиликтүү кеңештин укукка каршы аракети болгон учурда өзүнүн конституциялык укугун колдонушу жана тийиштүү кеңештин ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө жарыялашы мүмкүн.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН СТАТУСУ

Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун түшүнүгү кандай?

Жалпы мааниде алганда, депутат (латынча deputatus – жиберилген) – бул мамлекеттик бийликтин, мыйзам чыгаруучу же башка өкүлчүлүктүү органына же болбосо жергиликтүү өз алдынча башкарууга жалпы мамлекеттик милдеттерди эске алуу менен тийиштүү калайык калктын эркин жана таламдарын көрсөтүү үчүн эл (шайлоочулар) тарабынан шайланган адам.

Депутаттын укуктук статусу тийиштүү мыйзамдар менен жөнгө салынат, алсак жергиликтүү кеңештин депутаттарынын абалы "жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" 2000–жылдын 13-январындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен регламенттелген.

Жергиликтүү кеңештин депутаты жалпы, бирдей жана тике шайлоо укугунун негизинде республиканын мыйзамдарында белгиленген мөөнөткө жашыруун добуш берүү менен жергиликтүү кеңешке аны шайлоонун натыйжасында өз ыйгарым укугуна ээ болот. Жергиликтүү кеңештин депутаты болуп курагы 20 жашка жеткен жана тийиштүү жергиликтүү кеңештин аймагында жашаган, иштеген, кызмат өтөгөн, окуган же жашаган жери боюнча тийиштүү шайлоо округунун шайлоочулары, саясий партиялар, шайлоо блоктору тарабынан же болбосо өз алдынча демилге менен көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын каалаган жараны шайланышы мүмкүн.

Депутаттын ыйгарым укугу тийиштүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күндөн тартып башталат жана кийинки чакырылыштагы кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү аяктайт. Чыгып кеткен депутаттын ордуна шайланган (ордун ээлеген тартипте) депутаттын ыйгарым укугу депутатты шайлоолордон кийин кеңештин кезектеги пленардык отуруму башталган күндөн башталат жана ал шайланган кеңештин ыйгарым укугунун мөөнөтү аяктаганга чейин күчүндө болот.

Республиканын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү кеңештин депутаты төмөнкүлөргө укуктуу:

1) тийиштүү жергиликтүү кеңештин органына шайлоого жана шайланууга;

2) жергиликтүү кеңеш жана анын органы тарабынан кароо үчүн маселе сунуш кылууга;

3) жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын отурумдарында күн тартиби боюнча сунуштарды жана сын–пикирлерди киргизүүгө, талкууланып жаткан маселелерди карап чыгуу жана алардын маани маңызы боюнча кароо тартибинде киргизүү;

4) карап чыгуу үчүн жергиликтүү кеңеш же анын органдары кабыл алган чечимдердин, документтердин долбоорлорун киргизүүгө жана аларга түзөтүүлөрдү берүүгө;

5) жергиликтүү кеңеш органы түзө турган персоналдуу курамы боюнча жана жергиликтүү кеңеш тарабынан шайлануучу, дайындалуучу же бекитилүүчү кызмат адамдарынын талапкердиги боюнча пикир айтууга;

6) жергиликтүү кеңеш түзгөн органдарга анын курамына кирген адамдарга, ошондой эле жергиликтүү кеңеш шайлаган, дайындаган же бекиткен адамдарга ишеним көрсөтпөө жөнүндө маселе коюуга;

7) талаш–тартыштарга катышууга, отурумда доклад жасагандарга кошумча докладчыларга, төрагалык кылуучуга суроо–талап менен кайрылууга, суроолорду берүүгө;

8) жергиликтүү кеңештин пленардык отурумунда кайсыл органдын же кызмат адамынын болбосун отчетун же маалыматын угуу жөнүндө сунуш киргизүүгө, жергиликтүү кеңешке жооптуу же болбосо контрол астында болгон органга же кызмат адамына, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү кеңештин, анын аймагында иштеген башка органдардын жана кызмат адамдарынын компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуш киргизүүгө;

9) добуш берүү мотивдери боюнча да өз сунуштарын негиздөө менен чыгып сүйлөөгө, справка берүүгө;

10) жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын отурумдарында жарандардын же алардын бирикмелеринин кайрылуу, билдирүү, резолюция, петиция текстин эгерде алардын коомдук мааниси болсо жергиликтүү кеңеш белгилеген тартипте жарыя кылууга.

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңеште жана анын органдарында тийиштүү жергиликтүү кеңештин компетенциясынын чегинде анын аймагында жайгашкан ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин менчик түрүнө карабастан, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жарандардын бирикме органдарынын ишмердигине текшерүүлөрдү жүргүзүү зарылчылыгы жөнүндө маселени коюуга укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын белгиленген ыйгарым укуктарын жана ишмердигин ишке ашыруунун негизги формасы күн тартибине коюлган маселелер боюнча чечимдерди талкуулоонун жана кабыл алуунун жүрүшүндө сессияда, жергиликтүү кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссияларында өз шайлоочулары менен иштөө, ошондой эле тийиштүү даттануу, билдирүү жана кайрылуу менен чыгуу болуп саналат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укугун өндүрүштүк же кызматтык ишинен бошонбостон туруп аткарат. Бирок, жергиликтүү кеңештин депутаты тийиштүү кеңеште шайлануучу кызматка шайланган учурда, анда ал өз милдетин адистик негизде аткарат.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу кандай кызматтар менен сыйышпайт?

Жергиликтүү кеңештин депутатынын укуктук статусу тийиштүү түрдө айрым кызматтар менен сыйышпастык принциптери менен чектелет.

Атап айтканда Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары жергиликтүү кеңештин депутаты:

– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты;
– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөт мүчөсү;
– Жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы;
– Жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысынын орун басары;
– Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын структуралык бөлүгүнүн жетекчиси;
– Аткаруу бийлигинин борбордук органынын аймактык бөлүгүнүн жетекчиси;
– Шаардын мэри;
– Шаардын биринчи вице–мэри жана вице–мэри;
– Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы;
– Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысынын биринчи орун басары жана орун басары;
– Шаардын мэриясынын, шаардык, айылдык жана шаарчалык башкаруулардын структуралык бөлүктөрүнүн жетекчиси;
– Департаменттин, башкармалыктын, бөлүмдүн жетекчиси;
– Прокурор;
– Сот;
– Укук коргоо органдарынын кызматкери болууга укугу жок.

Анын ичинде, бир эле адам бир эле айылдык, шаарчалык же шаардык кеңештин гана депутаты болушу мүмкүн, мында райондук маанидеги шаардык кеңештин, айылдык, шаарчалык кеңештин депутаты өз ыйгарым укуктарына ээ болуу менен бир эле учурда райондук кеңештин депутаты болуп саналган учур кошулбайт.

Депутат менен жергиликтүү кеңештин өз ара мамилеси кандай болот?

Мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин курамына шайланган жергиликтүү кеңештин депутаты, жергиликтүү кеңештин, туруктуу комиссиялардын жана ал курамына кирген анын башка органдарынын ишине катышат, алардын чечимдеринин ишке ашырылышына ар тараптан көмөк көрсөтөт, кеңештин жана анын органдарынын тапшырмасын аткарат.

Жергиликтүү кеңеш жана анын органдары депутаттын ишмердигине төмөнкүдөй жолдор менен көмөк көрсөтөт: тийиштүү шартты түзүү; депутаттарды документтер маалыматчыл кабар жана депутаттык ыйгарым укугун натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка материалдар менен камсыз кылуу; колдонулган мыйзамдарды жергиликтүү кеңештердин иш тажрыйбасын депутаттардын үйрөнүшүн уюштуруу жолу менен көмөк көрсөтөт.

Жергиликтүү кеңеш тийиштүү кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткаруу жөнүндө депутаттын отчетун угууга укуктуу. Мандаттык комиссиянын, депутаттык ишмердик жана этика маселелери боюнча комиссиянын алдын–ала берген корутундусу боюнча жергиликтүү кеңеште депутат өз милдеттерин аткарбаган учурда, белгиленген иш тартибин системалуу бузган кезде төмөнкүдөй чечим кабыл алууга укуктуу: депутатты белгилүү мезгилге депутат катары ай сайын төлөөлөрдөн жарым–жартылай же толук ажыратууга; шайлоочуларга алардын депутатынын өз милдетин аткарууга мамилеси жөнүндө билдирүүгө.

Экинчи жактан алганда депутат менен жергиликтүү кеңештин өз ара мамилеси тыгыз байланышкан, ошондуктан административдик–аймактык бирдиктин статусу өзгөргөндө жана жергиликтүү кеңештин статусу өзгөргөндө депутаттын статусу да өзгөрөт. Мисалга алсак, практикада административдик–аймактык башкарууну оңтойлоштуруу максатында айрым аймактар жоюлган же болбосо өзгөртүлгөн учурлар көп эле кездешет. Алсак, калктуу пункттарды алардын аймагындагы республикалык же областык баш ийүүдөгү шаарлардын категориясына киргизген учурда ошол калктуу пункт баш ийген жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укугу токтотулат. Административдик–укуктук статусу жаңыланган жергиликтүү кеңештер түзүлөт жана тийиштүү түрдө шайлоолор өткөрүлөт.

Депутаттык суроо-талап менен депутаттык суроо түшүнүктөрүнүн ортосунда кандай айырма бар?

Депутаттык суроо-талап – бул алдын ала билдирилген же жергиликтүү кеңештин пленардык отурумунда жергиликтүү кеңештин, аткаруу комитеттин төрагасына, төрагасынын орун басарына, аткаруу комитетинин башка органдарынын жана бөлүмдөрдүн, башкармалыктардын жетекчилерине, жергиликтүү кеңештин аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерине карата менчиктин

түрүнө карабастан, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысына, анын орун басарларына, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын бөлүмдөрүнүн, башкармалыктарынын жана башка кызматтарынын жетекчилерине, коомдук мааниге ээ болгон жана жергиликтүү кеңештин карамагына таандык маселелер боюнча расмий түшүндүрмө берүү же позициясын билдирүү, же маселени чечүүгө болгон депутат талабы. Депутаттын суроо талабы жергиликтүү кеңештин пленардык отурумунун күн тартибине киргизүүгө жатат, ал боюнча талкуулоо жүргүзүлүшү мүмкүн жана чечим кабыл алынат. Суроо-талап депутат же депутаттар тобу тарабынан жазуу же оозэки түрүндө киргизилиши мүмкүн. Жергиликтүү кеңештин төрагасы суроо-талаптын тексттин ал кайрылып жаткан тийиштүү органга же кызмат адамына чейин жеткирет. Суроо-талап менен кайрылган орган же кызмат адамына жергиликтүү кеңеш белгилеген мөөнөттө ага оозэки же жазуу жүзүндө жооп берүүгө милдеттүү. Суроо–талапка берилген жооп жергиликтүү кеңештин пленардык отурумунда каралат.

Депутаттык суроо – бул тигил же бул проблема боюнча депутаттын маалымат же түшүндүрмө алуучу каражаты. Депутаттык суроо–талаптан айырмаланып, депутаттык суроо сессиянын күн тартибине киргизилбейт, талкууланбайт жана ал боюнча чечим кабыл алынбайт. Суроого жооп жергиликтүү кеңештин сессиясында жарыяланышы мүмкүн же болбосо депутатка жекече тартипте берилиши мүмкүн.

Депутаттын кайрылуусуна мамлекеттик же башка органдар жана алардын кызмат адамдары кандай түрдө мамиле жасайт?

Жергиликтүү кеңештин депутаты менчик түрүнө карабастан, жергиликтүү кеңештин аймагында турган уюмдарга жана мекемелерге тийиштүү маалымат же болбосо түшүндүрмө алуу максатында кайрылууга укуктуу. Мамлекеттик жана башка органдар, кызмат адамдары депутаттын кайрылуусун карап чыгууга жана ал боюнча токтоосуз жооп берүүгө, ал эми кошумча үйрөнүп чыгуу жана текшерүү зарыл болгон учурда бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен жооп берүүгө милдеттүү. Тийиштүү жергиликтүү кеңештин аймагында жайгашкан ишканалардын, мекмелердин жана уюмдардын жетекчилери депутаттын өтүнүчү боюнча ага депутаттык ыйгарым укугун ишке ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматчыл материалдарды жана башка маалыматтарды берет.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандарынын бирикмелеринин, менчик түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрацияларынын кызмат адамдары, ошондой эле депутаттын талабы кайрылган милиция кызматкерлери тартип бузууларды четтетүүгө токтоосуз чара көрүүгө, ал эми зарыл учурда – күнөөлүүнү, ал тууралуу депутатка кийин билдирүү менен жоопкерчиликке тартууга милдеттүү.

Ошону менен бирге эле бул өңдүү кайрылуулар, талап коюулар депутаттык ишмердиктин чегинен чыгууга тийиш эмес, анткени практикада коомдук статусту пайдаланып, өзүнүн жеке максатын көздөгөн маселени чечүүгө аракеттенген учурлар кездешет.

Депутат иштеген ишкананын администрациясы өз демилгеси менен аны ээлеген кызматынан бошотууга укугу барбы?

Жергиликтүү кеңештин депутаты белгиленген тартипке ылайык өзүнүн ыйгарым укуктарын өндүрүштүк же кызматтык ишинен бошонбостон туруп аткарат. Демек ага эмгек мыйзамынын бардык нормалары таркалат, бирок жергиликтүү кеңештин депутатынын берилген статусу эмгек жөнүндө кодекстин айрым нормаларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн бир нече жолу оңдоп коюуда. Атап айтсак жергиликтүү кеңештин депутаты ишкананын, мекеменин, уюмдун, окуу жайдын администрациясынын (менчик ээсинин) демилгеси боюнча:

– иштен чыгарылышы же ээлеген кызматынан бошотулушу;

– колхоздон, кооперативден же окуу жайдан (ишкананын, мекеменин, уюмдун толук жоюлган учурунан тышкары) чыгарылышы;

– аз төлөнгөн ишке (кызматка) дисциплинардык жаза берүү тартибинде которулушу мүмкүн эмес.

Эгерде жергиликтүү кеңештин депутаты аскер кызматчы болсо же кызматы устав жана жоболор менен жөнгө салынган жарандар категориясына кирсе, анда командование (же администрация) кызматтан гана бошотууга эмес, чинин же кызматын дисциплинардык жаза тартибинде төмөндөтүүгө да укугу жок.

Ишкананын, мекеменин, уюмдун, окуу жайдын, аскер бөлүктүн администрациялары демилге көтөрүп чыкса, жергиликтүү кеңештин депутатына карата мындай аракет болсо, анда администрация жергиликтүү кеңештин алдын ала макулдугун алууга, ал эми жергиликтүү кеңештин пленардык отурумдарынын аралыгында – мандаттык комиссиянын,

депутаттык ишмердик жана этика маселелери боюнча комиссиянын алдын ала корутундусу боюнча жергиликтүү кеңештин төрагасынын макулдугун алууга тийиш.

Атүгүл ишкана администрациясы (мекеме, уюм) тийиштүү макулдуксуз иштен чыгарууга (кызматтан кетирүүгө) же башка ишке (кызматка) которууга жергиликтүү кеңештин депутатына гана укуксуз болбостон, шайлоо процессине катышкан белгиленген тартипте каттоодон өткөн депутатка талапкерлерге да ушул өңдүү чектөөлөр колдонулат. Анын үстүнө шайлоолор бүткөндөн кийин депутатка талапкер мурдагы иштеген ордуна кайра келүүгө жана шайлоого чейин ээлеген кызматына турууга укуктуу.

Жергиликтүү кеңеште шайлануучу кызматта иштеген депуттаттын иш мезгили кандай стажга жатат?

Жергиликтүү кеңеште депутаттык ишмердик коомдук башталышта, ошондой эле адистик негизде да болушу мүмкүн. Адистик негизде жергиликтүү бюджеттен депутаттын ишмердигине акы төлөнө турган кызмат катары тийиштүү кеңеште шайлануучу кызматка депутат шайланган учурунда болот.

Жергиликтүү кеңеште шайлануучу кызматка депутаттын иштеген мезгили жалпы жана үзгүлтүксүз иш стажына (кызматына) эсептелет, ошондой эле депутат жергиликтүү кеңеште шайлануучу кызматка шайлангандa чейин ал иштеген адистик боюнча да иш (кызмат) стажы эсептелет. Мындан тышкары депутат үчүн тийиштүү ишкананын, мекеменин, уюмдун кызматкерлери пайдаланган бардык укуктар жана жеңилдиктер сакталып калат.

Ошону менен бирге эле шайлануучу кызматка депутаттын адистик иши өзүнүн белгиленген мыйзамдык мөөнөтүнө ээ, ал бүткөндөн кийин жергиликтүү кеңеште депутаттын адистик ишмердиги да аякталат. Мындай болгон учурда жергиликтүү кеңеш, жергиликтүү кеңештин шайлануучу кызматына шайланган депутатты кийин ишке коюуга милдеттүү.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укугу мөөнөтүнөн мурда кандай учурларда токтотулат?

Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары төмөнкүдөй учурларда: Кыргыз Республикасынын жарандыгынан депутаттын ажырашы; мыйзам боюнча депуттаттын ыйгарым укуктарын аткаруу менен сыйышпаган кызматта иштөөсү же депутаттын ошол кызматка шайланышы же

дайындалышы; республиканын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо аны башка кеңештин депутаты кылып шайлаганда; сот тарабынан депутат ишке жараксыз деп же дайынсыз жоголгон, ошондой эле өлгөн деп табылганда; депутат болуп саналган адамдын эркинен ажыратуу жөнүндө соттун айып өкүмү күчүнө киргенде; Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакка туруктуу жашоого көчүп кеткенде; жергиликтүү кеңеш таркаганда мөөнөтүнөн мурда токтотулат.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары тийиштүү кеңештин чечими боюнча төмөнкүлөргө байланыштуу: соттун айып өкүмү күчүнө киргенден тартып ага ылайык депутат жаза тартууга соттолсо, бирок эркинен ажыратуу менен байланышпаса да; шаардын аймагында иштеген жана жашаган шаардык кеңештердеги райондук депутаттарды кошпогондо тийиштүү кеңештин аймагынын чегинен тышкары жакка туруктуу жашоого көчүп кеткен учурда жана ал аймакта ишин токтоткондо; депутаттын ыйгарым укуктарын өзүнөн алып таштоо жөнүндө депутаттын жеке арызы менен мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары жалпы санынан добуштардын көпчүлүгү менен тийиштүү кеңештин депутатын бир жылдын ичинде жергиликтүү кеңештин сессияларына эч кандай себепсиз системалуу катышпай койгон учурда, ошондой эле жергиликтүү кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткарбагандыгы үчүн чакырып алуу жөнүндө маселени козгоого укуктуу.

Мөөнөтүнөн мурда чыгып кеткен депутаттын ордуна шайлоо өткөрүлөбү?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шайлоо өткөрүлбөйт, жергиликтүү кеңештин орду бошогон мандатын ээлөө принциби колдонулат. Бул принциптин маңызы мындай, Кыргыз Республикасында шайлоолор жөнүндө Кодекске ылайык жергиликтүү кеңештин депутаты мөөнөтүнөн мурда чыккан учурда анын мандаты областтык, Бишкек, Ош шаардык шайлоо комиссияларынын токтому менен шайлоочулардын добуштарынын алда канча көп санын алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге берилет. Эгерде талапкерлер калбай калса, анда анын мандаты кийинки шайлоолорго чейин бош боюнча кала берет.

Шайлоо практикасында бир депутат шайланган бир мандаттуу шайлоо округу да, ошондой эле бир нече депутаттар шайлана турган, анын үстүнө алардын ар бири үчүн шайлоочулар жекече добуш берген көп мандаттуу

шайлоо округдары да кездешип жүргөндүгүн белгилей кетүү керек. Атап айтсак Кыргыз Республикасында ар түрдүү аймактык деңгээлдеги (област, район, шаарча жана айыл) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн бир мандатка шайлоочулардын болжолдуу бирдей саны болгон көп мандаттуу шайлоо округдарынын системасы колдонулат. Алсак, областтын жана Бишкек шаарынын деңгээлинде – ар бир област, Бишкек шаарында жыйырмага чейин көп мандаттуу шайлоо округу бар. Райондук жана областтык маанидеги шаар деңгээлинде ар бир райондо, шаарда онго чейинки көп мандаттуу шайлоо округу бар. Райондук маанидеги шаар, шаарча жана айыл деңгээлинде – ар бир шаарда, шаарчада, айылда жетиге чейинки көп мандаттуу шайлоо округу бар.

Мамлекеттик органдарда иштеген жергиликтүү кеңештин депутаттары өз максаттарында жергиликтүү кеңешке шайлоолорго катышуу мезгилинде кызматтык абалын пайдаланууга укуктуубу?

Эгерде мамлекеттик кызматта же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматта турган, же болбосо массалык маалымат каражаттарында иштеген кеңештин депутаты каалоосун билдирсе же болбосо аны шайлоочулар депутатка талапкер кылып кайрадан көрсөтүшсө, анда ал өз максатында өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга укугу жок. Ушунун күчүнөн депутатка талапкер болуп катталгандар шайлоолорго катышуу мезгилинде кызматтык милдетин аткаруудан бошотулат, бул тийиштүү шайлоо комиссиясына берилген тастыкталган буйруктун көчүрмөсү менен ырасталышы тийиш. Мында Кыргыз Республикасында шайлоолор жөнүндө Кодекске ылайык кызматтык абалынын артыкчылыгын пайдаланды деп төмөнкүлөр түшүнүлөт:

– кызматтык иш мезгилинде талапкер кылып көрсөтүүгө жана (же) шайланууга өбөлгө түзө турган өзүнө баш ийүүдө болгон же кызматтык жагынан көз каранды болгон башка мамлекеттик кызматчыларды шайлоо өнөктүгүнө тартуу;

– мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ээлеп турган имарат жайларды талапкер кылып көрсөтүүгө жана (же) шайланууга өбөлгө түзө турган ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн пайдалануу, эгерде башка талапкерлер ошол эле имарат жайды ушундай эле шартта пайдалана алышпаса;

– мамлекеттик мекемелердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдетин аткаруусун камсыз кылган телефон, факс жана

байланыштын башка түрлөрүн, маалымат кызматын, оргтехникаларды талапкер кылып көрсөтүүгө жана (же) шайланууга өбөлгө түзө турган ишмердикти ишке ашыруу үчүн пайдалануу;

– талапкер кылып көрсөтүүгө жана (же) шайланууга өбөлгө түзө турган ишмердикти ишке ашыруу үчүн мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорт каражаттарын акысыз же жеңилдетилген шартта пайдалануу. Бул Жобо мамлекеттик күзөт жөнүндө тийиштүү мыйзамдарга ылайык көрсөтүлгөн транспортту пайдаланган адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына таркатылбайт;

– Кызматтык иш сапарларында мамлекеттик кызматчылардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчыларынын кол топтоону жана шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү;

– кол топтоо, же шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү максатында массалык маалымат каражаттарына артыкчылыктуу жетишүүсү (башка талапкерлерге салыштырмалуу).

Жергиликтүү кеңештин депутаты кимдин алдында отчет берет?

Шайланган адам катары депутат, аны шайлаган адамдардын таламдарын жана эркин билдирген шайлануучу катары тийиштүү түрдө отчет бериши, баарыдан мурда ал өзү мезгил–мезгили менен бирок жылына бир жолудан кем эмес өз иши жөнүндө отчет бере турган өзүнүн шайлоочулары алдында жооп берүүгө тийиш. Бирок депутаттын отчету аны депутатка талапкер кылып көрсөтүшкөн жамааттын же болбосо жарандардын бирикмесинин талап коюусу боюнча, ошондой эле шайлоочулардын жыйналышынын талап коюусу боюнча кайсыл мезгилде болбосун өткөрүлүшү мүмкүн. Ошол эле мезгилде депутат менен анын шайлоочулары отчеттук чогулуштарды өткөрүүнүн формасы менен мезгилдүүлүгүн өз алдыларынча аныктоого укуктуу. Анткени депутаттын отчет берүү жол–жобосу бул белгилүү бир мезгилдин ичинде аткарылган иш жөнүндө маалымдоо гана эмес ал ошондой эле шайлоочулардын таламдары менен каалоолорун аныктоо, тактоо мүмкүндүгү да болуп эсептелет.

Мындан тышкары депутаттын отчетун жергиликтүү кеңеш да угууга укуктуу, эгерде шайлоочулар алдында депутат шайлоо алдында берген убадасын, шайлоочулардын сунуш–талаптарын аткаруу боюнча өзүнүн депутаттык ишмердиги жөнүндө отчет берсе, анда тийиштүү кеңеш алдында ошол кеңештин чечимдери менен тапшырмасынын аткарылышы жөнүндө отчет берет.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН (МЭРИЯ, ШААР БАШКАРМАЛЫГЫ, АЙЫЛ ӨКМӨТҮ) АТКАРУУЧУ-ТЕСКӨӨЧҮ ОРГАНДАРЫ

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруучу–тескөөчү органдары кандай болот?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул барыдан мурда белгилүү бир аймактагы тийиштүү милдеттерди чечүүнүн жана башкаруунун системасы. Ошондуктан кайсыл башкаруу структура болбосун анын ажырагыс элементи болуп оперативдүү башкарууну тике аткарган же ишке ашырган орган болуп саналат. Алсак "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" 2002–жылдын 12–январындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 2–статьясына ылайык "жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу тескөөчү органы – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын чечимдерин даярдоону жана аткарууну камсыз кылуу үчүн түзүлгөн, ошондой эле тийиштүү аймакта аткаруу бийлигин ишке ашырган мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген орган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органдары айыл өкмөтү, шаар башкармалыгы жана мэрия болуп саналат" деп белгиленген.

Кыргызстандын жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында мэрияга, шаар башкармалыгына жана айыл өкмөттөрүнө маанилүү рол тандык. Алар жергиликтүү иштерди жана жалпы мамлекеттик маанидеги иштерди жүзөгө ашыруу боюнча оперативдүү–тескөөчү мүнөздөгү иш милдетти аткарышат. Мында республикалык (Бишкек, Ош) же областтык маанидеги шаарда шаардык мамлекеттик администрациялардын базасында түзүлгөн мэриялар иштейт, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мэр тарабынан жетекчиликке алынган жана тийиштүү аткаруучулук иш милдетти жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу боюнча алардын ишмердигин камсыз кылган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органдары катары түзүлөт. Райондук маанидеги шаарларда шаар кеңештеринин алдында түзүлгөн шаар башкармалыгы иштейт. Шаар башкармалыгын шаар башчысы жетектейт, ал бир эле мезгилде шаардык кеңештин төрагалык милдетин да аткарат. Айылда жана шаарчада айыл жана шаарча кеңештеринин алдында – айыл өкмөттөрү түзүлгөн, алар өз ишмердигинде тийиштүү айыл же шаарча кеңештерине отчет берип турушат жана жооптуу, ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктары боюн-

ча райондун мамлекеттик администрация башчысына же шаардын мэрине жоопкер.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органдары- мэриянын, шаар башкармалыгынын, айыл өкмөтүнүн компетенциясын эмнелер түзөт?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органдарынын компетенциясы алардын формаларынын ар түрдүүлүгүнө карабастан принцибинде бирдей жана тийиштүү аймактагы жашоо турмуш процессин жана оперативдүү башкарууну уюштурууда турат. Ушуга негизденип жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын компетенциясын финансылык–экономикалык, социалдык–маданий жана уюштуруу–укуктук чөйрөлөргө бөлүштүрүп кароого болот.

Алсак, финансылык–экономикалык чөйрөдө аткаруучу органдар: – аймактын бюджет долбоорун иштеп чыгуу жана жергиликтүү кеңеште бекитилгенден кийин аны аткаруу; – аймактын социалдык–экономикалык өнүгүшү, калкты социалдык жактан коргоо программаларынын долбоорун иштеп чыгуу жана жергиликтүү кеңеште бекитилгенден кийин алардын аткарылышын камсыз кылуу; – аймакты өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартып келишет; –муниципалдык менчиктеги жерлер менен объекттерди, ошондой эле айыл чарбага жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин туура пайдалануу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу; – ишканаларды менчиктештирүүгө жана тийиштүү органдар менен макулдашуу боюнча социалдык–маданий, турмуш–тиричилик жана чарбалык багыттагы объекттерди, ошондой эле алардын иштеши үчүн зарыл жабдууларды балanска кабыл алууга катышуу жагында иштешет.

Социалдык–маданий чөйрөдө аймактын жашоо турмушун социалдык–маданий жактан камсыз кылуу чөйрөсүндө аткаруучу органдар: – аймактын жашоо турмушун камсыз кылуу системасынын иш милдетин уюштуруу жана өнүктүрүү, жашоочуларга социалдык жана маданий кызмат көрсөтүү; – аймактын үй курулушунун башкы планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык архитектура жана шаар курулушу нормалары менен эрежелеринин сакталышына контрол жүргүзүү; – тарых, архитектура жана маданият эстеликтерин коргоо боюнча иш чараларын аткаруу;– туракжай фондун, туракжай муниципалдык чарба жүргүзүү жана жашылдандырууну өнүктүрүү боюнча чараларды иштеп

чыгуу жана жүзөгө ашыруу; – бөөдө кырсыктардын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана болтурбоо боюнча, ошондой эле алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук практикалык чараларды камсыз кылуу, ошондой эле башка социалдык–маданий ыйгарым укуктарды аткарышат.

Уюштуруу–укуктук ишмердик чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу бийлиги: – өз ыйгарым укуктарынын алкагында тийиштүү укуктук актыларды чыгарат; – кадр маселелерин жүргүзөт; – республикалык жана жергиликтүү маанидеги ар кандай иш чараларды уюштурат; – мамлекеттик бийлик органдары жана башкаруунун башка органдары менен өз ара алаканы алып барат; – мамлекеттик жана бийликтин жергиликтүү органдарынын чечимдерин аткарууну камсыз кылат, ошондой эле шайлануучу кызмат адамдары тарабынан тийиштүү иш милдетинин жүзөгө ашырылышына көмөктөшөт; жашоочулар менен иш алып барат ж.б.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын компетенциясынын түркүн түсү жогоруда көрсөтүлгөндөрү менен гана чектелип калбайт, ал жетиштүү түрдө кеңири, анткени ал (компетенция) тийиштүү аймактагы аткаруучу–тескөөчү жана башкаруучу ишмердик жагындагы укуктар менен милдеттердин жыйындысы катары түшүнүлөт. Ушунун күчүнөн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлигинин компетенциясы аткаруучу органга түздөн–түз таандык болгон республиканын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктар аркылуу да, ошондой эле ишмердигин аткаруучу орган камсыз кылган шайлануучу кызмат адамынын ыйгарым укуктары аркылуу да туюнтулушу мүмкүн.

Шаар мэринин укуктук статусу кандай?

Мэр – республикалык же областтык маанидеги шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар системасындагы шайлануучу кызматтык киши, аткаруучу–тескөөчү органдын – мэриянын жетекчиси, шаарда мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө жана мамлекет тарабынан ага берилген ыйгарым укуктардын чегинде аткаруу бийлигинин иш милдетин ишке ашырууга жоопту жетекчи. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шайлануучу кызмат адамы катары мэр бул кызматка кыйыр жол менен, шаардык кеңеш аркылуу шайланат. Алсак, Бишкек жана Ош шаарларынын, областтык маанидеги шаарлардын мэрин шайлоолор альтернативдүү негизде Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин ара-

сынан 4 жылдык мөөнөткө жашыруун добуш берүү жолу менен шаардык кеңештин депутаттары тарабынан жүзөгө ашырылат. Шаар мэрин шайлоо болуп өттү деп табуу үчүн шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынан кеминде үчтөн экисинин катышуусу зарыл. Мында мэр кызматына шайланыш үчүн тийиштүү депутаттардын жөнөкөй эле көпчүлүк добушу керек болот.

Шаар кеңешинин депутаттары анын эрк ыктыярын билдирүүсүн көзөмөлгө алуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган жашыруун добуш берүү жолу менен республикалык же болбосо областтык маанидеги шаарлардын мэрин шайлашат. Демек, шаар мэринин кызматына көрсөтүлгөн талапкерди колдойбу же колдобойбу, бул жергиликтүү кеңештин депутатынын гана жеке укугу болуп саналат. Эгерде шаар мэринин кызматына көрсөтүлгөн талапкер шаар кеңешинин депутаттарынын арасында тийиштүү колдоону таппаса, анда жаңы шайлоо дайындалат жана жаңы талапкерлер көрсөтүлөт.

Шаарда мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү жана оперативдүү жетекчиликти ишке ашыруучу шаардын кызмат адамы болуп саналуу менен шаар мэри аймактагы жашоо турмушту уюштурууда негизги мааниге ээ болот. Анткени "жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" 2002–жылдын 12–январындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 35–статьясына ылайык, шаар мэри:

– Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн актыларынын, ошондой эле анын ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган шаардын уставынын жана шаардык кеңештин чечимдеринин сакталышын жана аткарылышын уюштурат;

– мэриянын, шаардык бөлүмдөрдүн жана кызматтардын шаардын жашоо турмушун камсыз кылуу боюнча иштерин жетектейт, ушул иштердин натыйжасы үчүн жооп берет;

– бийликтин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүктөрүнүн ишин координациялайт, алардын жетекчилерин, соттордон, прокурорлордон, улуттук коопсуздуктун мамлекеттик органынын, ички иштер органынын, мамлекеттик өрткө каршы кызмат органдарынын, Кыргыз Республикасынын Казыначылык системасынын, Бажы органдары менен мамлекеттик статистика органдарынын аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилеринен тышкары дайындоого макулдук берет, жогоруда көрсөтүлгөн кызмат адамдарын өз милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда аларды кызматтан четтетүү жөнүндө маселе коюуга укуктуу;

– берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды талаптагыдай аткарууну уюштуруу үчүн түздөн–түз жоопкерчилик тартат;

– мамлекеттик бийлик органдарында, Кыргыз Республикасынын өкмөттүк эмес, коомдук жана башка уюмдарында жана чет өлкөлөрдө шаардын атынан чыгат;

– кызматка киришкен учурдан тартып үч айдан кечиктирбестен шаарды социалдык–экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоорун иштеп чыгууну камсыз кылат жана шаардык кеңешке бекитүүгө берет;

– шаар бюджетинин долбоорун шаардык кеңештин бекитүүсүнө берет, жылына эки жолудан кем эмес шаардык кеңештин алдында шаардагы иштин жалпы абалы, бюджеттин аткарылышы, муниципалдык менчиктин жана бюджеттик эмес фонду каражаттарынын пайдаланышы, шаарды социалдык–экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө отчет берет;

– эки жылда бир жолудан кем эмес шаардык курултайда ишмердигинин натыйжалары жөнүндө калкка маалымат берет;

– мыйзамга ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча шаардык кеңешке сунуш киргизет;

– опекундарды жана попечителдерди дайындайт, алар өз милдеттерин аткарышына контрол жүргүзөт;

– Бишкек шаарынын мэри белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президентинин алдында мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндө өтүнүч кат жолдойт;

– Кыргыз Республикасынын нормативдик–укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат".

Шаардын мэри кандай учурда ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн ?

Шаардын мэри ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн:

– өзүнүн арызынын негизинде;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн мыйзамдарын, нормативдик–укуктук актыларын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарын аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунуштоосу боюнча; депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин көпчүлүк добуш берүүсү менен шаардык кеңештин сессиясынын макулдугу менен;

– соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргендигинин негизинде;

– сСот тарабынан аны ишке жөндөмсүз деп табылган учурда;

– аны өлдү, дайынсыз жоголду деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген учурда, ошондой эле дүйнөдөн кайтканда;

– Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоо үчүн көчүп кеткен учурда;

– Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда же Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажыраганда;

– туруктуу эмгекке жарамсыздык натыйжасында өзүнүн кызматтык милдетин аткарууга мүмкүн болбой калган учурда;

– шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин талап коюусу боюнча.

Мында шаар мэрин мөөнөтүнөн мурда бошотуу укугу Кыргыз Республикасынын Президентине таандык экендигин белгилей кетүү керек.

Ошону менен бирге эле мэрди мөөнөтүнөн мурда бошотууга демилгечи болуу укугу шаардык кеңеште да бар, ал кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин талап коюусу боюнча шаардын мэрине ишеним көрсөтпөөнү билдирүүгө жана өз чечимин Кыргыз Республикасынын Президентине жөнөтүүгө укуктуу. Шаардык кеңеш тарабынан мэрге ишеним көрсөтпөө билдирилген учурда, Кыргыз Республикасынын Президенти эки жумалык мөөнөттө аны кызматтан мөөнөтүнөн мурда бошотот же болбосо шаардык кеңешке негиздүү түрдө баш тартуу берет. Эгерде республиканын Президенти шаардык кеңештин далилдерине макул болбосо, анда кеңеш мэрге ишеним вотуму жөнүндө маселени депутаттардын добуш берүүсүнө кайталап коюуга укуктуу, шаардын мэрине кайрадан ишеним көрсөтпөө билдирилсе, Кыргыз Республикасынын Президенти эки жумалык мөөнөттө аны ээлеген кызматынан бошотууга милдеттүү.

Мэрди кызматтан мөөнөтүнөн мурда бошотуу үчүн шарт келип жеткен учурда Кыргыз Республикасынын Президенти жаңы мэрди шайлоону өткөрүүгө чейин өз актысы менен 4 айга чейинки мөөнөткө мэр милдетин аткаруучуну дайындашы мүмкүн.

Шаардын, шаарчанын жана айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын кызматына шайланууга ким укуктуу?

Райондук маанидеги шаардын, шаарчанын жана айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын кызматына шайлануу укугу мыйзамда белгиленген тийиштүү шартта Кыргыз Республикасынын ар бир жараны-

на таандык болгон укук. Атап айтканда КР шайлоолор жөнүндө кодекстин 88–статьясына ылайык курагы 25 жаштан төмөн болбогон жана 65 жаштан өтпөгөн КР Республикасынын жараны болот.

Өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын кызматын ээлөө үчүн шарт бир кезде көбүрөөк болгонун белгилей кетүү керек. Алсак, райондук баш ийүүдөгү айылдын жана шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун башчылыгына 25 жаштан төмөн болбогон жана 60 жаштан жашы өтпөгөн жогорку же атайын орто билимдүү, мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кеминде 2 жыл иш стажы болгон Кыргыз Республикасынын жараны шайланышы мүмкүн болгон. Бирок билими жана иш стажы боюнча чектөөлөрдүн натыйжасыздыгын практика көрсөттү, акырында аны алып салууга туура келди.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчыларын шайлоолор Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан шайлоолор күнүнө 60 календардык күн калганга чейин дайындалат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда шайлоолор бош орун пайда болгондон тартып бир айдан кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан дайындалат. Шайлоолорду белгилеген учурдан тартып жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын кызматына талапкерлерди көрсөтүү башталат жана шайлоолор күнүнө 35 календардык күн калганда аякталат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын кызматына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө:

– иштеген, кызмат өтөгөн, окуган же жашаган жери боюнча шайлоочулардын чогулушуна, эгерде анда кеминде 25 киши катышса;

– саясий партиялардын съездине (конференциясына) же болбосо анын регионалдык (айылдык, шаардык, райондук, областтык) бөлүмдөрүнүн чогулуштарына (конференцияларына);

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын кызматына өзүн–өзү көрсөтүү формасында, округдук шайлоо комиссиясына өзүн көрсөтүү ниети жөнүндө арыз берүү жолу менен жаранга таандык;

– талапкерди көрсөткөндөн кийин өзү же анын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоолор күнүнө 30 календардык күн калгандан кечиктирбестен тийиштүү түрдө округдук шайлоо комиссиясында каттоодон өтүүгө тийиш, ага КР шайлоолор жөнүндө кодекстин 27–статьясынын 1–пункутуна ылайык төмөнкү документтер керек:

1) жергиликтүү кеңештин депутаттарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысын шайлоолор учурунда талапкерди көрсөтүү

жөнүндө саясий партиянын съездинин (конференциянын), шайлоо блогунун, шайлоочулар чогулушунун ошондой эле саясий партиялардын регионалдык бөлүмдөрүнүн чогулуштарынын (конференциялардын) чечимдери жазылган протокол;

2) талапкердигин көрсөтүүгө макулдугун бергендиги жөнүндө арыз. Талапкердин арызында ал шайланып калган учурда шайлануучу кызматтын статусу менен сыйышпаган ишмердикти анын токтотушу жөнүндө милдеттенме камтылышы тийиш, ээлеген кызматынан аларды бошотуу жөнүндө жогору турган органдын чечимдерин берүү менен.

3) талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган датасы иштеген жери, ээлеген кызматы (жүргүзгөн ишинин түрү) жана жашаган жери көрсөтүлүп жазылган талапкердин өмүр баян маалыматтары;

4) шайлоо күрөөсүн киргизгенин ырастаган документ;

5) өзүн–өзү көрсөткөн учурда талапкердигин добушка коюуга ниети жөнүндө арызы.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысына талапкер каттоого чейин жана берилген документтери текшерилип бүткөндөн кийин өзүнүн жеке каражатынан же өз шайлоо фондунун каражатынан областтык, Бишкек шаардык шайлоо комиссияларынын атайын фондусуна мыйзамда белгиленген айлык акынын минималдуу элүү эсе өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн киргизет. Киргизилген шайлоо күрөөсү талапкерге райондук, шаардык комиссияларынын протоколу боюнча белгиленген, шайлоочулардын тизмесине киргизилген кеминде 15% шайлоочулар анын талапкерлигине добуш беришсе талапкерге шайлоо өткөрүлгөндөн кийин кайтарылып берилет. Күрөөнүн калган суммасы бюджетке кошууга жатпайт жана областтык, Бишкек шаардык шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоолорго даярданууга жана өткөрүүгө, шайлоо системасын өркүндөтүүгө максаттуу багытта пайдаланылат.

Бардык белгиленген жол–жоболор сакталгандан кийин тийиштүү шайлоолор өткөрүлөт, анда добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын эң көп добуш санын алган талапкер жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын кызматына шайланды деп табылат.

Райондук маанидеги шаардын, шаарчанын, айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын ыйгарым укуктары кандай?

Райондук маанидеги шаардын, шаарчанын, айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын ыйгарым укуктары “Жергиликтүү өз ал-

дынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" КР Мыйзамында аныкталган. Атап айтканда райондук маанидеги шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысы тийиштүү аймакта шайлануучу кызмат адамы болуп саналат, шаар башчысы кеңеш берүүчү добуш укугуна ээ, шаардык кеңештин төрагасынын иш милдетин аткаруучу жана шаар башкармалыгын жетектичиси болуп саналат. Мындан тышкары ал: Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн актыларын, шаардын уставын, ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган шаардык кеңештин чечимдерин аткарууну камсыз кылат; берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай аткарылышын уюштуруу үчүн жекече жоопкерчилик тартат, шаарды мамлекеттик бийликтин жана өз алдынча башкаруунун органдарында, Кыргыз Республикасынын өкмөттүк эмес, коомдук жана башка уюмдарында, ошондой эле чет өлкөлөрдө өкүлдүк кылып көрсөтөт; кызматка кирген күндөн тартып үч айдан кечиктирбестен шаардык кеңештин бекитүүсүнө шаарды социалдык–экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоорун коет; шаардык бюджеттин долбоорун шаардык кеңештин бекитүүсүнө берет, жарым жылда бир жолудан кем эмес шаардагы иштин жалпы абалы жөнүндө, шаардык бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчиктин пайдаланышы, шаардын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык коргоонун программаларынын аткарылышы жөнүндө шаардык кеңештин алдында отчет берет; эки жылда бир жолудан кем эмес шаардык курултайда өз ишмердигинин натыйжалары жөнүндө калк алдында отчет берет; шаардык кеңешке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча сунуш киргизет; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик санкцияларды берет; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында башка маселелерди чечет.

Айыл жана шаарчанын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысы: айыл өкмөтүнүн ишмердигин жетектейт жана анын натыйжалары үчүн жоопкерчилик тартат; айыл, шаарча кеңештерине айылдык, шаарчалык бюджеттер долбоорун берет, жарым жылда бир жолудан кем эмес кеңеш алдында айылдагы, шаарчадагы иштин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышы, аймакты социалдык–экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө отчет берет; жылына бир жолудан кем эмес жергиликтүү жамааттын курултайында өз ишмердигинин натыйжалары жөнүндө калк алдында отчет берет; берилген

мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай аткарылышын уюштуруу үчүн жекече жоопкерчилик тартат; жергиликтүү кеңешке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча сунуш киргизет; мамлекеттик мекемелер менен уюмдардын тийиштүү аймактык бөлүктөрдүн жетекчилерин дайындоого жана ээлеген кызматынан бошотууга макулдук берет; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында башка маселелерди чечет.

Буга кошумча "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" КР мыйзамына киргизилген 2006–жылдын 2–февралындагы кийинки өзгөртүүлөргө чейин шаарча менен айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчылары бир эле мезгилде айылдык же болбосо шаарчалык кеңештин төрагасынын иш милдетин да аткарууга укуктуу болуп келишкен.

Райондук маанидеги шаардын, шаарчанын жана айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчылары кандай учурларда ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн?

Райондук маанидеги шаардын, шаарчанын жана айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчыларын бошотуунун жол–жоболору жана негиздери жалпысынан алганда бирдей келет, мында бар болгону шаардын башчысын мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө биротоло чечим кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Президентине таандык экендигинде, ал эми шаарчанын же айылдын башчысына карата областтык мамлекеттик администрация башчысы – губернаторго таандык.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысын мөөнөтүнөн мурда бошотуу үчүн негиз болуп төмөнкүлөр эсептелет; өздүк арызы; Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн мыйзамдарын, нормативдик–укуктук актыларын, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарын аткарбоо же талаптагыдай аткарбагандык болуп эсептелет. Мында депутаттардын жалпы санынан добуштардын үчтөн экисинин көпчүлүк добушу менен шаардык же болбосо айылдык шаарчалык кеңештин сессияларынын макулдугу менен жүргүзүлөт; соттун айыптоо өкүмүнүн күчүнө кириши; жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысын сот тарабынан ишке жараксыз деп табылышы; өлгөн, дайынсыз жоголгон деп жарыялоо жөнүндө соттун чечиминин мыйзамдуу күчүнө кириши, ошондой эле дүйнөдөн кайтышы; Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакка туруктуу жашоого көчүп кетиши; Кыргыз Республикасынын жарандыгынан

чыгышы же болбосо Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажырашы; узак убакытка ишке жараксыз болушунун натыйжасында өзүнүн кызматтык милдеттенмесин аткаруу мүмкүн болбой калган учурда; шаардын, шаарчанын же айылдын шайлоочуларынын кеминде үчтөн биринин талап коюуусу боюнча; шаардык, шаарчалык, айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин талап коюуусу боюнча.

Анын үстүнө тийиштүү кеңештин депутаттарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысын ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө талап коюуусу биротоло чечим кабыл ала турган кызмат адамында дайым эле колдоого алына бербей тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Атап айтканда Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине эреже катары кеңештин чечимине макулдук берүү жана шаар башчысын ээлеген кызматынан бошотуу укугу да, ошондой эле кеңештин чечими менен макул болбой коюу укугу да таандык. Өлкөнүн Президенти кеңештин чечимине макулдук бербеген учурда, ал эки жумалык мөөнөттө өз баш тартуусун негиздеп, аны тийиштүү шаар кеңешинин кароосуна берүүгө милдеттүү. Бирок, шаар кеңешинин депутаттары тарабынан шаар башчысына кайтадан ишеним көрсөтпөө билдирилсе, анда Кыргыз Республикасынын Президенти эки жумалык мөөнөттө аны ээлеген кызматынан бошотууга жана жаңы шайлоолорду дайындоого милдеттүү. Ушундай эле жол–жобо шаарчанын жана айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчыларына карата да тиешелүү, болгону мында жогоруда белгиленип өткөндөй айыл же шаарча башчысын мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечимди губернатор–мамлекеттик облусттык администрация башчысы кабыл алат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу же өкүлчүлүктүү органы бийликтин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилерин кызматтан четтетүүгө укуктуубу?

Мамлекеттик бийликти ишке ашыруунун башкы Конституциялык принциптеринин бири бийликтин мамлекеттик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш милдеттерин чектеп бөлүштүрүү принциби болуп саналат. Ушул Конституциялык тезисти өнүктүрүп Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары бийликтин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилерин кызматтан четтетүү укугун жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органына да, өкүлчүлүктүү органына да берген эмес. Ошого карабастан, "Жергиликтүү өз алдынча

башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык шаар деңгээлинде мамлекеттик бийликтин аймактык бөлүктөрүнүн кызмат адамдарын кызматтан четтетүү жөнүндө маселенин көтөрүп чыгууга соттордон, прокурорлордон, улуттук коопсуздуктун мамлекеттик органынын, Ички иштер органынын, мамлекеттик өрткө каршы кызматы органдарынын, Кыргыз Республикасынын казыначылык системасынын, бажы органдары менен мамлекеттик статистика органдарынын аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилеринен тышкары өз милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда шаардын мэри укуктуу. Айыл жана шаарча деңгээлинде аймак башчысы менен мамлекеттик мекемелер менен уюмдардын тийиштүү аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилерин дайындоого гана эмес, ээлеген кызматынан бошотуу да макулдашылышы керек.

Мындан тышкары өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы, тийиштүү жамааттын эрк ыктыярын билдирүүчү катары жергиликтүү кеңеш сессияларда мамлекеттик бийликтин аймактык бөлүктөрүнүн ишин (архитектура, билим берүү, саламаттык сактоо ж.б.) угууга жана алардын ишин канаатандырарлык эмес деп табуунун негизинде мындай бөлүктөрдүн жетекчилерине ишеним көрсөтпөөнү билдирүү жөнүндө чечим чыгарат.

Мамлекеттик бийликтин аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилерин бошотуу жөнүндө биротоло чечим ошентсе да тийиштүү мамлекеттик орган тарабында кала берет.

Айыл башчысы түшүнүгү кандай?

Кыргыз Республикасында бирдиктүү административдик–аймактык бирдикти түзүү менен айрым айыл кыштактар ага карабастан бир–биринен өтө алыс жайгашуусу мүмкүн, бул кээде аймакты башкаруу процессин кыйындатат. Ошондуктан "жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" КР мыйзамына ылайык өзүнчө жайгашкан калктуу пункттарда жергиликтүү иштерди оперативдүү башкарууну уюштуруу максатында жана айыл өкмөтүнүн эмгек маянасы фондунун чегинде, айылдык жана шаарчалык кеңештердин чечими менен айыл башчысы (старосты аила) кызматы киргизилиши ыктымал. Ал айылдын, шаарчанын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысы тарабынан дайындалат жана айыл Өкмөтүнүн чечими менен ага берилген тийиштүү иш милдетин аткарат.

Бирок, айыл башчысы болуп ар ким эле иштеп кетиши мүмкүн эмес. Жашоочулар арасында белгилүү бир урмат сыйга ээ болгон адам гана ал милдетти алып кетиши мүмкүн. Ушуга байланыштуу мыйзамчылар айыл башчысын дайындаган учурда тийиштүү айылдын жыйынында жашоочулардан макулдук алуунун милдеттүү шарт катары койду.

Айыл башчысынын (старосты аила) укуктук статусу жана ишмердигин укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006–жылдын 6-октябрындагы №720 токтому бекиткен (№1–тиркемени кара) айыл башчысы (старосты аила) жөнүндө типтүү жободо регламенттелет. Ошого карабастан жергиликтүү жамааттын жана анын органдарынын укугунда типтүү жобонун негизинде өз жоболорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу калтырылган, ага ылайык жергиликтүү каада салтка жараша айыл башчысынын (старосты аила) кошумча статусун жөнгө салуучу нормалар киргизилген.

АЙМАКТЫК КООМДУК ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ

Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу деп эмнелер түшүнүлөт?

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруу формаларынын бири аймактык коомдук өз алдынча башкаруу болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аймактык коомдук өз алдынча башкаруу деп жарандардын жашаган жери боюнча – айыл, шаарча, шаар аймагынын бөлүгүндө алар түзгөн аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги иштерде өз демилгелерин өз жоопкерчилиги астында өз алдынча чечүү жана жүзөгө ашыруу үчүн жарандардын өз алдынча уюшулушу түшүнүлөт. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарына тийиштүү аймактын жашоочулары жергиликтүү шартына жана салт санаасына негизденип түзө турган кеңештер жана кичи райондор комитеттери, туракжай комплекстери, үй, көчө, квартал комитеттери, кондоминиумдар жана башка органдар кирет.

Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердиги белгилүү бир микроаймактын чек арасы менен чектелген, алардын жашоочулары өз алдынча уюшуу жөнүндө каалосун билдирип, өз органынын ишмердиги өткөн аймакты коомдук өз алдынча башкаруу органына айлантууга укуктуу. Ошону менен бирге эле өз чечими жөнүндө жашоочулар жергиликтүү кеңешти маалымдоого тийиш, анткени аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин чек арасын белгилөө тийиштүү кеңештин компетенциясында турат. Ошондуктан чек

араны белгилеп жана жергиликтүү кеңеште тийиштүү катталуудан өткөндөн кийин гана аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы түзүлдү деп эсептелиши мүмкүн, анткени бул өңдүү каттоодон өтүү юридикалык жактын укуктарын бербейт. Юридикалык жактын укуктарын алууга ниет кылган учурда аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы юстиция мекемелеринде катталуу жол–жобосунан өтүүгө тийиш.

Жарандардын ыктыярдуу бирикмеси катары аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы өзүнүн структурасын жана кызматкерлеринин санын өз алдынча аныктоого укуктуу. Алар: өздүк чарбалык ишмердиктин; жекече жана юридикалык жактардан келип түшүүлөрдүн; бийликтин жергиликтүү органдары менен келишим боюнча аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органына жиберилүүчү жергиликтүү бюджет каражатынын; ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен каржыланат.

Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары өз ишмердигинде: аларды шайлаган жарандардын жалпы чогулушуна; аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы катары аларды каттоодон өткөргөн жергиликтүү кеңешке отчет берип турууга милдеттүү. Мындан тышкары бийликтин жана башкаруунун жалпы элдик органы келишимдик негизде аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органын аймактын социалдык–экономикалык өнүгүшүн жүзөгө ашыруу боюнча өз иш милдетин жүктөсө анда алар өз ара келишимдин шартында каралгандай отчет талап кылууга укуктуу.

Кыргызстандын аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы кандай милдеттерди аткарышы мүмкүн?

Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары:

– мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында тийиштүү аймактын жашоочуларынын таламдарын көрсөтөт;

– ошол аймакка тиешелүү маселелерди талкуулаган учурда жергиликтүү кеңештин ишине катышат;

– социалдык чөйрөнүн объекттерин кабыл алууга, жашылдандырууга, оңдоп–түзөө жана аймакты санитардык тазалоо боюнча иштерге катышат;

– жергиликтүү кеңештин, алардын аткаруучу–тескөөчү органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын чечимдерин аткарууга көмөктөшөт;

– жарандардын курултайлары, чогулуштары жана жыйындары кабыл алган чечимдеринин аткарылышын уюштурат;

– тийиштүү жергиликтүү кеңешке, алардын аткаруучу тескөөчү органдарына, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, ошондой эле мамлекеттик органдарга, ишканаларга, уюмдарга, мекемелерге Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына кирген маселелер боюнча сунуштарды даярдайт жана өтүнүч менен чыгат;

– үй куруулардын нормалары жана эрежелери сакталышына, туракжайларынын пайдаланышына, турак үйлөрүнүн жана короо жай аймактарынын күтүлүшүнө, өрт коопсуздугунун жана санитардык нормаларынын сакталышына, жердин, суунун жана башка жаратылыш ресурстарынын туура пайдаланышына ошондой эле тарых, архитектура жана маданият эстеликтеринин корголушуна коомдук контрол жүргүзөт, тийиштүү органдарга ашкереленген кемчиликтердин четтетилиши жөнүндө сунуштарды киргизет;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мындан башка да ыйгарым укуктарды да ишке ашырат.

Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары чарбалык иш жүргүзүүгө укуктуубу?

Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары юридикалык жактын статусун алган учурда, алар чарбалык иш жүргүзүүгө укуктуу, анын ичинде:

– банк мекемелеринде эсеп ачууга;

– аймакты социалдык–экономикалык өнүктүрүү боюнча чарбалык ишмердикти өз алдынча жүзөгө ашырууга бул максатта чарбалык эсептеги бөлүктөрдү түзүүгө;

– белгиленген тартипте чакан ишканаларды, кооперативдерди ышкыбоздук боюнча клубдарды, ышкыбоздук бирикмелерди, бош убакта эс алуу борборлорун жана башка ишканаларды жана уюмдарды түзүүгө;

– тийиштүү жергиликтүү кеңештер, алардын аткаруучу тескөөчү органдары жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, ошондой эле ишканалар, мекемелер, уюмдар, кооперативдер жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттер менен келишимдик негизде өз ара аракеттенүүгө;

– өз аймагын көрктөндүрүү боюнча, туракжай фондусун жана социалдык-маданий объекттердин, турмуш тиричилик жана чарбалык багыттагы объекттердин курулушу жана оңдолушу боюнча иштерди аткарууга заказчы болуп чыгууга – бул максатка каралган жергиликтүү

бюджеттин каражаттарын жана өздүк финансылык ресурстарын пайдалануу менен заказчы болуп чыгууга;

– өзүнүн менчигинде турган имарат жайды, туракжай болбогон жайларды ижарага берүүгө;

– ыктыярдуу негизде аймактын социалдык инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн калктын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын каражаттарын топтоштурууга, жергиликтүү демилгелер фондун түзүүгө укуктуу.

Мында коомдук өз алдынча башкаруунун аймактык органдары юридикалык жак катары алар каттоодон өткөрүлсө, коммерциялык эмес уюмдар үчүн каралган тийиштүү салык алынаарын белгилей кетүү керек.

Участкаларды курулушка бөлүп берүүдө бийликтин жергиликтүү органдары өз чечимдерин аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашууга милдеттүүбү?

Эгерде жергиликтүү кеңештин чечими менен аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органынын ишмердигинин чек арасы аныкталган болсо, анда ошол аймактагы курулуш же бийликтин жергиликтүү органдарынын башка иш аракети аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуусу тийиш.

Атап айтканда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001–жылдын 10–октябрындагы №625 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары менен алдын ала макулдашуу үчүн милдеттүү болгон аймактарды өнүктүрүү маселелери жөнүндө" токтомунун жоболоруна ылайык аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары менен алдын ала макулдашуусуз чечим кабыл алынбай турган маселелердин тизмегине төмөнкүлөр кирет; ушул аймакта ишканалардын жана башка өндүрүштүк, социалдык–маданий багыттагы объекттердин курулушу жана кеңейтилиши үчүн аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун тийиштүү органынын аймагындагы жерди бөлүп берүүгө уруксат берүү.

Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкарууну түздөн–түз ишке ашыруунун кайсыл формасы таркалган?

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну түздөн–түз ишке ашыруунун эң маанилүү түрлөрү жарандардын жыйындарында, чогулуштарында

курултайларында жана башка тикелей демократиянын башкача формаларында коомдук турмуштун бардык эң маанилүү маселелерин талкуулоо жана алар боюнча кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруу болуп саналат.

Кыргызстанда жарандардын өз алдынча башкарууга түздөн–түз катышуусунун эң көп таркалган формасы курултайлар болуп эсептелет. Өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү формасы катары, курултайлар жашоочулардын шайлоо жолу менен курултайларга б.а. жергиликтүү жамааттын жашоо турмушунун өтө маанилүү маселелери талкуулана турган курултайга өз делегаттарын шайлоо жолу менен түзүлөт. Курултайлардын иши "Кыргыз Республикасында жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүнүн элдик курултайы жөнүндө" КР Президентинин 2001–жылдын 2–майындагы жарлыгы менен бекитилген жободо жөнгө салынган.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга жашоочулардын катышуусунун мындан башка кеңири таркалган түрү жыйындар же болбосо жашоочулардын чогулушу болуп саналат. Жыйындар – бул жергиликтүү жамаат мүчөлөрүнүн жамааттын жашоо турмушун камсыз кылуу жана турмуш тиричилик өткөрүү маселелерин талкуулоо жолу менен жергиликтүү маанидеги иштерди башкарууга жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн катышуусунун тике формасы жана бир көчөнүн, кварталдын, кичирайондун же айылдын аймагында жашаган жарандардын чогулуштарында алар боюнча сунуштарды же чечимдерди кабыл алуунун тике формасы.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергилктүү мамлекеттик администрация жөнүндө" 2002–жылдын 12–январындагы КР мыйзамы кабыл алынганга чейин жергиликтүү жамааттын түздөн–түз эрк ыктыярын билдирүү системасына жергиликтүү референдумдар да киргизилген болчу. Референдум (латынча referendum – маалымдалууга тийиш болгон нерсе). Коомдук турмуштун маселелери боюнча биротоло чечим кабыл алуу максатында шайлоо корпусуна кайрылуу формасы. Жергиликтүү деңгээлде чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга калктын эрк–ыктыярын билдирүүсүнүн бул өңдүү формасы дүйнөлүк коомчулукта жетиштүү түрдө кеңири белгилүү болуп калды. Референдумдар тигил же бул маселелерди чечүүгө жарандардын түздөн–түз катышуусунун башка формаларынан эмнеси менен айырмаланат десек анда муну бөлүп айтууга болоор эле, референдумда ушундай жол менен кабыл алынган чечимдер өз маңызы боюнча үстөмдүкчүл болуп саналат, б.а. аткаруу үчүн милдеттүү жана айрым учурларды кошпогондо кайсыл бир орган тарабынан ырастоону талап кылбаган акт болуп эсептелет.

АКСАКАЛДАР СОТУ

Аксакалдар соту деген түшүнүк эмне?

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өзгөчөлүктөрүнүн бири өз алдынча башкаруу системасында аксакалдар соту сыяктуу жер жерлерде талаш–тартыштарды коомдук чечүүнүн ушундай формасы өз өнүгүүсүн алгандыгы болуп эсептелет.

Аксакалдар сотунун укуктук статусу "Аксакалдар соту жөнүндө" 2002–жылдын 5–июулундагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат. Ага ылайык, аксакалдар соту – бул ыктыярдуу башталышта жана шайлоонун жана коомдук органдын өз алдынча башкаруусунун негизинде түзүлгөн, белгиленген тартипте сот, прокурор, ички иштер органдары жана башка мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнөтүлгөн материалдарды карап чыгууну жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар.

Бул сыяктуу сотторду түзүүнүн негизги максаты оорчулук деңгээли боюнча анча эмес тартип бузууларды кароо, ошондой эле жарандарды ынандыруу жана коомдук таасир көрсөтүү жолу менен тарбиялоо, жаңжалдашкан тараптардын жарашуусуна жетишүү жана мыйзамга каршы келбеген адилеттүү чечим чыгаруу болуп саналат.

Аксакалдар соту жарандардын демилгеси боюнча жана чогулуштарынын чыгарган чечиминин негизинде, ошондой эле айылдардын, шаарчалардын жана шаарлардын аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын жергиликтүү кеңештердин демилгеси боюнча түзүлүшү мүмкүн. Ошого карабастан Аксакалдар сотторунун түзүлүшүн тартипке келтирүү максатында республиканын мыйзамдарында аларды түзүүнүн айрым эрежеси белгиленген, алар аймактын статусуна жараша айырмаланып турат. Атап айтканда айылдарда жана шаарчаларда аксакалдар соту: бир калктуу пунктка – бир аксакалдар соту же болбосо бир айыл өкмөтүнө – бир аксакалдар соту принциби боюнча түзүлөт.

Шаарларда аксакалдар соту жашоочулардын санына жараша түзүлөт, эгерде жашоочулардын саны 25 миңден ашпаса – бир аксакалдар соту, эгерде жашоочулардын саны 25 миңден 50 миңге чейин жетсе–эки аксакалдар соту жана ушул сыяктуу болуп кете берет. Кичи райондору болгон шаарларда аксакалдар соту бир кичи районго – бир аксакалдар соту принциби боюнча жашоочулардын санына карабастан түзүлөт.

Аксакалдар сотунун сандык курамы 5тен кем эмес жана 9 кишиден ашпоого тийиш, мында алардын саны сөзсүз түрдө так сан болууга тийиш. Аксакалдар сотунун курамынын так санын аныктоо укугу ал түзүлүп жаткан органга таандык.

Аксакалдар сотунун курамына Кыргыз Республикасынын жашы жеткен жарандары, айыл, шаарча жана шаар калкынын арасында урмат сыйга жана кадыр баркка ээ болгон ишкердик жана моралдык сапаттары боюнча аксакалдар сотунун алдында коюлган милдеттерди аткарууга жөндөмдүү, мында курагы, жынысына, дин ишенимине, мүлктүк жана кызматтык абалына, улутуна жана башкаларына чектөөлөр коюлбагандыгын айта кетүү керек, Кыргыз Республикасынын жарандары шайланышы мүмкүн.

Аксакалдар соту райондук (шаардык) кеңеш тарабынан катталат. Бул үчүн аксакалдар сотуна төмөнкүлөрдү берүү зарыл: ошол калктуу пункттун жашоочуларынын чогулушунун протоколу же болбосо коомчулуктун тийиштүү кеңешинин конференциясынын протоколу, анда аксакалдар сотун уюштуруу жана анын мүчөлөрүн шайлоону ырасташы керек; ошол аймакта жашаган жашоочулардын сандык курамынын болушу жөнүндө мамлекеттик органдын справкасы; аксакалдар сотуна шайланган мүчөлөрдүн колу коюлган аксакалдар сотун каттоодон өткөрүү жөнүндө арыз, аксакалдар сотуна шайланган мүчөлөрүнүн паспортторунун көчүрмөсү берилиши зарыл.

Аксакалдар соту жылына бир жолудан кем эмес өз ишмердиги жөнүндө аларды уюштурган орган алдында отчет берет: жарандардын жалпы чогулушунда; коомчулук кеңештеринин конференциясында; айылдык, шаарчалык, шаардык кеңештеринин сессияларында отчет берет.

Аксакалдар соту караган иштердин классификациясы жана иш милдети кандай?

Аксакалдар сотунун иш милдетине:

– жергиликтүү сот тарабынан жиберилген жарандык– жазык мыйзамында каралган тартипте жарандык иштер боюнча материалдар боюнча;

– сот, прокурор, тергөө жана жеткире иликтөө органдары тарабынан прокурор санкциясы бар жиберилген материалдар, ал боюнча кылмыш иши токтотулган болуш керек, кылмыш–жаза мыйзамына ылайык коомдук таасир көрсөтүү чарасын колдонуу үчүн жиберилген материалдар;

– тараптардын жарашуусунуа жетишүү максатында мүлктүк жана үй–бүлөлүк талаш–тартышты чечүү үчүн жарандардын өздөрүнүн берген (тараптардын макулдугу менен) арызы боюнча иш боюнча чечимдерди карап чыгуу жана чечим кабыл алуу кирет.

Аксакалдар соту карай турган иштерди төмөнкүдөй түрдө классификациялоого болот:

– мүлктүк талаш–тартыш менен байланышкан иш;
– үй бүлөлүк–никелик маселелер менен байланышкан иш;
– административдик тартип бузуулар менен байланышкан иш.

Ушуга незденип аксакалдар соту төмөнкүдөй иштерди кароого укуктуу:

а) жарандар ортосунда мүлктүк талаш–тартыштар тууралуу, атап айтканда:

– мүлктүк карызды алып берүү;
– башка бирөөнүн мыйзамсыз ээлеп алган мүлкүн талап кылуу;
– башка бирөөнүн мыйзамсыз ээлеп алган мүлкүн кайтарып берүү;
– сактоого берген аманат буюмду кайтарып берүү;
– ижаралык акыны алып берүү;
– зыян келтирилген мүлк үчүн ордун толуктоо;

б) жубайлардын жалпы биргелешип тапкан дүнүйө–мүлкүн бөлүштүрүү жөнүндө;

в) балдарды багып тарбиялоо боюнча милдеттерин ата–энелер жана башка үй бүлө мүчөлөрү аткарбагандыгы жөнүндө;

г) жашы жеткен балдардын ишке жараксыз ата–энелерин же аларды белгиленген тартипте тарбиялап багып өстүргөн адамдарды багуу боюнча милдеттерин аткарбагандыгы жөнүндө;

д) жер участкаларын пайдалануучулар ортосунда сугат суусу боюнча талаштар жөнүндө;

е) эмгек келишими боюнча аткарылган ишке акы төлөө тууралуу;

ж) үй бүлөлүк–никелик мамилелер жагында улуттук салт санаа жана каада менен байланышкан мүлктүк талаш–тартыштар тууралуу.

Жогоруда көрсөтүлгөн иштерди аксакалдар соту тарабынан каралышына төмөнкүлөр негиз болуп эсептелет;

а) тийиштүү айыл өкмөтүнүн, жергиликтүү кеңештин сунуштамасы;

б) мамлекеттик органдар же алардын кызмат адамдары тарабынан берилген материалдар, ал боюнча административдик жаза колдонуу укугу берилген болсо;

в) белгиленген тартипте жеткире иликтөө жана тергөө органдары, ошондой эле сот тарабынан берилген материалдар;

г) жарандардын арызы;

д) башка аксакалдар сотунун арызы.

Аксакалдар сотунун компетенциясында турган иштер боюнча кароо жана чечим чыгаруу тартиби кандай?

Иш аксакалдар сотуна келип түшкөн учурдан баштап ал 15 күндүк мөөнөттө карап чыгууга жана иш маңызы боюнча чечим чыгарууга тийиш. Мында аксакалдар соту аксакалдар сотуна чакырылган адамды, ошондой эле жабырлануучуну жана башка талаш–тартыштын катышуучуларынын колдогу материалдары менен тааныштырып чыгууга милдеттүү. Зарылчылыгына жараша иштин каралыш мөөнөтү материалдарды талап кылып алуу мөөнөтүнө же болбосо сотко катышып жаткандардын кошумча маалыматтарын көрсөтүү мөөнөтүнө узартылышы мүмкүн, бирок 15 күндөн ашык болбошу керек.

Аксакалдар сотунун иш тартибине ылайык аксакалдар сотторунда иштин чечилиши, каралышы ачык жүргүзүлөт. Ошону менен бирге эле төмөнкүдөй негиздер боюнча ишти жабык отурумда кароого жол берилет: соттун себептери көрсөтүлүп жазылган чечими боюнча; иш боюнча тараптардын биринин он алты жашка жете элек тараптардын биринин өтүнүчү боюнча; ишке катышып жаткандардын жашоо турмушунун интимдүү жагы жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарууну болтурбоо максатында үй-бүлөлүк жаңжалдар боюнча жабык отурумдарда ишти кароого жол берилет.

Тийиштүү иштерди карап чыгууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аксакаладр соту үчүн коллегиалдуулук принциби аныкталган, ал аксакалдар сотунун төрагасы жеке өзү ишти кароого жана чечим кабыл алууга укугу жок дегендикти билдирет. Ушул максатта аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн так санын белгилөө киргизилген, ал боюнча өзүнүн курамынын кеминде үчтөн экиси болгондо гана иш кароого укуктуу болот.

Аксакалдар соту чечим чыгарган учурда аксакакалдар сотунун ар бир мүчөсүнүн добушу, төраганын добушун кошуп алганда бирдей болуп эсептелет. Андыктан добуштардын бирдей болуп калган кырдаалы иш жүзүндө дээрлик болушу мүмкүн эмес, ушуга байланыштуу аксакалдар сотунун ишин жөнгө салган мыйзам сот курамын калыптандырууда,

ошондой эле сот чечимин добуштардын көпчүлүгү менен кабыл алууда тең сандуу болуу принцибин белгилеген.

Аксакалдар соту өз чечимин сот отурумунда каралып чыккан далилдерге гана негизделиши тийиш. Эгерде соттун чечими соттун отурумунда каралып чыкпаган материалдын негизинде чыгарылган учурда анда мындай чечим мыйзамсыз деп табылат.

Аксакалдар соту таасир көрсөтүүнүн кандай чараларын кабыл алышы мүмкүн?

Аксакалдар соту колдон таасир көрсөтүү чарасы: эскертүү берүү; жабыр тарткан тарткан тарапка эл көзүнчө кечирим суроого милдеттендирүү; коомдук жаза тартуу жарыялоо; келтирилген материалдык зыяндын ордун калыбына келтиртүү болуп саналат.

Мындан тышкары таасир көрсөтүүнүн өтө чоң таасирдүү чарасы минималдуу эмгек маянанын Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген үч эсе өлчөмүнө чейин аксакалдар соту тарабынан чыгарылган акчалай айып болуп саналат. Жаза берүү катары акчалай айып төлөтүү колдонулган учурда ал тийиштүү айылдын, шаарчанын же шаардын бюджетине келип түшөт. Эгерде аксакалдар соту аймактык өз алдынча башкаруунун коомчулук кеңешинин алдында түзүлсө, анда акчалай айып төмөнкүдөй түрдө бөлүштүрүлөт: 30 пайызы – баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештин бюджетине, аймагында ошол аксакалдар соту турган; 70 пайызы – аксакалдар соту түзүлгөн ошол аймактык өз алдынча башкаруунун коомчулук кеңешинин эсебине бөлүнөт.

Коомдук таасир көрсөтүүнүн ушул айтылган чаралары толук саналган болуп эсептелет, ошондуктан өз алдынча кошумча кеңейтип алууга жатпайт.

Аксакалдар сотунда иши каралып жаткан жаран сот мүчөлөрүнүн бирине өзүнүн ишеним көрсөтпөөсүн билдирүүгө жана анын добушун кайра алып коюуну талап кылууга укугу барбы?

Аксакалдар сотунда иши каралып жаткан кайсыл жаран болбосун өзүнүн пикири боюнча каралып жаткан иштин натыйжасына кандайдыр бир таламдаш болуп турган сот мүчөсүн чакырып алуу тууралуу билдирүү жасоого укуктуу. Аксакалдар сотунун мүчөсүн алып салуу жөнүндө чечим аксакалдар сотунун өзүнүн чечими боюнча жүргүзүлөт. Алып

салуу жөнүндө арызды караганда арыз берүүчүнүн бардык далилдери иликтенет. Анын жыйынтыгы боюнча анын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен маани мазмуну боюнча чечим чыгарылат.

Мыйзамда мындан башка учурларда белгиленген атап айтканда аксакалдар сотунун мүчөсү ишти териштирүүдө катышууга укук берилбеген учурларда кездешет. Анткени аксакалдар сотунун мүчөсү талашкан тараптардын бирөөсүнүн жакын тууганы болуп саналса анда ал материалды кароого (ишти) катышууга мүмкүн эмес.

Аксакалдар сотунун кабыл алган чечими менен жаза тарткан жаран чечим чыгарылган күндөн тартып 10 күн ичинде ал чечимди аймагында ошол аксакалдар соту түзүлгөн райондук же шаардык сотко даттанууга укуктуу. Мында аксакалдар сотунун чечими ишке катышкан башка адамдар тарабынан да даттанылышы мүмкүн.

Эгерде аксакалдар сотунун чечими аткарылбаса, аксакалдар соту аны мажбурлап аткартуу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуубу?

Чечимдерди мажбурлап аткартуу маселеси аксакалдар сотунун компетенциясына кирбейт, ал аймагында ошол аксакалдар соту турган райондук же шаардык сот тарабынан кабыл алынат.

Ушул максатта аксакалдар сотунун чечимин мажбурлап аткартууга аткаруу барагын берүү жөнүндө аймактык жайгашуусу боюнча чечим анын пайдасына чыгарылса, райондук же шаардык сотко арыз берилет. Мындай арыз чечимди аткаруунун мөөнөтү бүткөндөн кийин бир айдын ичинде берилиши тийиш. Райондук же шаардык сот тарабынан аны алган күндөн тартып бир айлык мөөнөттө арызды карап чыгуунун натыйжасы боюнча, сот аткаруу барагын берүү жөнүндө же болбосо андай баракты берүүдөн баш тартуу жөнүндө жеке өзү аныктама чыгарат.

Аксакалдар сотунун мүчөсү кандай негизде сот курамынан чыгарылышы мүмкүн?

Аксакалдар сотунун мүчөсү төмөнкүдөй негиздер боюнча анын курамынан чыгарылышы мүмкүн: аксакалдар сотунун мүчөлүгүнөн баш тартканда; аксакалдар сотунун мүчөсү дүйнөдөн кайтканда; ыйгарым укук мөөнөтү аяктаганда; жашаган жерин өзгөрткөндө (ошол калктуу пункттан көчүп кеткенде); кылмыш жоопкерчилигине тартылганда жана соттолгондо; аксакалдар сотунун мүчөсүн чакырып алганда.

Аксакалдар сотунун мүчөсүн чакырып алуу укугуна аны убагында көрсөтүп чыккан жашоочулардын чогулушу ээ болот; эгерде ал тагылган милдеттенмесин аткара албай калса; татыксыз жүрүш–турушуна байланыштуу; укук бузууларды жана башка жазыктуу аракеттерди жасаса, аксакалдар сотунун мүчөсү деген ардактуу наам менен сыйышпаган жорук жосундарды жасаса.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН НОРМАТИВДИК–УКУКТУК АКТЫЛАРЫ

Нормативдик–укуктук акт түшүнүгү деген эмне?

Нормативдик укуктук акт – бул укук чыгаруучу орган тарабынан компетенциясынын чегинде кабыл алынган жана укуктук нормаларды белгилөөгө, өзгөртүүгө жана жоюууга багытталган, башкача айтканда көп жолу колдонууга эсептелген туруктуу же убактылуу мүнөздөгү жалпыга милдеттүү буйрутмалардын белгиленген формадагы жазуу жүзүндөгү расмий документи.

Кыргыз Республикасынын нормативдик–укуктук актылары өзүнө таандык сапаттарга ээ жана аларды мүнөздөөчү белгилери бар: документтин расмий мүнөзү боюнча; субъектинин укук–жарандуулугу, кабыл алынган актынын нормаларынын жалпыга милдеттүүлүгү; нормаларынын узак мезгилге күчүндө болушу жана көп жолу колдонулушу; өзүнүн юридикалык күчү боюнча мүнөздөлүп турган өзүнө таандык белгилери бар.

Актынын расмий мүнөзү тийиштүү талаптагыдай тариздөөнү жана мыйзамда белгиленген талаптарга ылайык; актынын формасына көрсөтмө (мыйзам, жарлык, токтом жана башкалар) актыны кабыл алган органга көрсөтмө, баш темасынын болушу, жөнгө салуу предметин туюндурган, ошондой эле кабыл алынган датасын, ордун жана катталуу номерин, тийиштүү нормативдик–укуктук актыларды кол коюуга расмий ыйгарым укук берилген адамдын кол коюушун туюндурган темасынын болушу сыяктуу талаптарды сунуштайт.

Субъектинин укук жөндөмдүүлүгү тийиштүү укук чыгаруучу орган же укук субъектиси гана укук чыгаруучу компетенцияга ээ болушу мүмкүн дегенди билдирет.

Жалпыга милдеттүүлүгү актынын күчү таркалган персонификацияланган объектинин болбой тургандыгын көрсөтөт, башкача айтканда нормативдик актынын буйрутмасы ошол актынын күчүнө киргендердин бардыгы үчүн жалпыга

милдеттүү болуп эсептелет. Демек күчүнө киришинин узактыгын жана көп жолу колдонулушун мүнөздөп турат.

"Кыргыз Республикасынын нормативдик–укуктук актылары жөнүндө КР Мыйзамына ылайык нормативдик–укуктук актылардын өз системасы бар, аларга: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдары; Кыргыз Республикасынын мыйзамдары; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору; Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, мамлекеттик мүлк фондусунун жана административдик ведомстолорунун актылары; өз компетенцияларынын чегинде кабыл алынган жана укук нормаларын белгилөөгө, өзгөртүүгө жана жоюууга багытталган жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери кирет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары нормативдик–укуктук актылардын кандай түрлөрүн чыгарууга укуктуу?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун нормативдик–укуктук актыларынын белгилеринин бири акты формасы (түрү) болуп саналат. Тийиштүү мыйзамдарды жана адабияттарды талдап көрүү укуктук актылардын төмөнкүдөй түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, аларды өз компетенцияларынын чегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алууга укуктуу;

Жергиликтүү жамааттын уставы – жергилктүү жамааттын статусун аныктоочу негизги нормативдик–укуктук акты;

Жергиликтүү кеңештин регламенти – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын иш тартибин жөнгө салуучу, анын сессияларында маселелерди киргизүүнү жана карап чыгууну, комиссияларды түзүүнү жана башкаларды жөнгө салган укуктук процессуалдык акты;

Жобо – укуктук статуска тиешелүү маселелердин кандайдыр бир тобун деталдуу жөнгө салуучу, белгилүү субъекттердин иш тартибин уюштуруучу, ошондой эле башка органдар, уюмдар, мекемелер жана жарандар менен алардын өз ара мамилесин аныктоочу нормативдик–укуктук акты;

Эреже – ишмердиктин кандайдыр бирин түрүн уюштуруу тартибин жетиштүү түрдө толук регламенттөөчү, нормативдик–укуктук акты;

Чечим – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы кабыл алуучу, же түздөн–түз курултайда же болбосо жашоочулардын жыйынында кабыл алына турган нормативдик–укуктук акты;

Токтом – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү органы тарабынан кабыл алынуучу, нормативдик мазмуну жана жалпы мааниси болгон, адамдын жана жарандын укугун, эркиндигин жана милдеттерин козгогон, ошондой эле экономикалык жана социалдык өнүктүрүүнүн, коомдук тартипти сактоонун, муниципалдык менчикти жана финансы ресурстарын жана башкаларды пайдалануунун ири маселелерин чечүү менен байланышкан нормативдик–укуктук акты;

Буйрутма – оперативдик ачык айкын мүнөздөгү акты;

Буйруктар жана көрсөтмөлөр–оперативдик тескөөчү мүнөздөгү актылар;

Келишим – жарандык укуктардын жана милдеттенмелердин белгилениши, өзгөрүшү же токтотулушу тууралуу эки же бир нече субъекттердин макулдашуусу.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (жергиликтүү кеңештер, мэрия, шаар башкармалыгы, айыл өкмөтү) өз компетенциясынын чегинде чыгарган актылары тийиштүү аймакта жашаган бардык жарандардын, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун аймактык органдарынын, кызмат адамдарынын, ошондой эле ошол аймакта жайгашкан менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин аткарышы үчүн милдеттүү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн бардык чыгарган актыларын юстиция органдарында каттатууга милдеттүүбү ?

КР Юстиция министрлиги бекиткен түшүндүрмөгө (көрсөтмөгө) ылайык мамлекеттик каттоодон өткөрүүгө, жиберүүгө актылардын бардык түрлөрү (буйруктар, көрсөтмөлөр, жоболор, токтомдор, түшүндүрмөлөр жана башкалар) жатат, эгерде аларда бир же бир нече төмөнкүдөй мазмундагы нормалар камтылса:

а) Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзам актыларында бекемделген жарандардын жарандык, саясий, социалдык–экономикалык, маданий жана башка укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын, аларды ишке ашыруунун кепилдигин козгогон, ошондой эле ушул укуктарды, эркиндикти жана мыйзамдуу таламдарды ишке ашыруунун уюштуруу – укуктук механизмдерин актыны каттоодон өткөрүүгө берип жаткан учурда колдонууда болгон механизмдерди өзгөртүүчү, толуктоочу же жоюучу же болбосо кайрадан белгилөөчү мыйзам актылары козголсо;

б) ведомстволор аралык мүнөздө болсо, б.а. аткаруу бийлигинин башка органдары, башкаруунун башка органдары, ошондой эле нормативдик–укуктук актыны бекиткен аткаруу бийлигинин органдарынын системасына кирбеген ишканалар, мекемелер, уюмдар үчүн да милдеттүү болуп эсептелсе.

Ошентип жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары юстиция органдарында адамдын жана жарандын укугун, эркиндигин жана милдетин козгогон же болбосо ведомстволор аралык мүнөзгө ээ болгон нормативдик–укуктук актыларды гана каттоодон өткөрүшөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук актыларын кандай орган жокко чыгарууга же токтотуп коюуга укуктуу?

Нормативдик укуктук актыны жокко чыгаруу же токтотуп коюу укугу барыдан мурда, аны кабыл алган органдын өзүнө таандык. Ушунун күчүнөн улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алар Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына каршы келип калган учурда өз чечимдерин өз алдынча жокко чыгарууга укуктуу.

Ошого карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун актыларын жокко чыгарууга же болбосо токтотуп коюуга укуктуу мамлекеттик же жергиликтүү маанидеги структуралар бар. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Конституциясына каршы келген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан жокко чыгарылат.

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жергиликтүү кеңештин чечимдери каршы келип калган учурда алар жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына каршы келген жергиликтүү кеңештин чечимдери жана жергиликтүү кеңештин төрагасынын буйруктары жергиликтүү кеңештин сессиясында жокко чыгарылат.

Шаардын мэринин же болбосо райондук маанидеги шаардын, шаарчанын жана айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчыларынын чечимдери алар тарабынан өз ыйгарым укуктарынан ашырып кабыл алган учурларда жергиликтүү кеңеш тарабынан жокко чыгарылат, ал эми өлкөнүн мыйзамдарына каршы келип калган учурларда сот тарабынан жокко чыгарылат. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген айыл өкмөттөрүнүн актыларын аткаруу сот чечим чыгарганга чейин: айылдык же шаарчалык кеңештер; райондун, облосттун мамлекеттик адми-

нистрация башчылары; эгерде айыл же шаарча тийиштүү шаардын административдик–аймактык бирдигине кире турган болсо шаардын мэри тарабынан сот чечими чыкканга чейин токтотулуп коюушу мүмкүн.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган актынын колдонулушун прокурордук протест токтото алабы?

Аткаруу бийлигинин системасындагы мамлекеттик орган катары Кыргыз Республикасынын Прокуратурасынын негизги милдеттери министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу түзүлгөн башка органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандар жана коомдук бирикмелер, кызмат адамдары менчигинин түрүнө карабастан чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан мыйзам актыларын так жана бирдей түрдө аткарышына көзөмөл жүргүзүү болуп саналат.

Прокурордун протести жалпы көзөмөл жүргүзүүдө прокурор тарабынан табылган мыйзамды бузууларды четтетүүнүн негизги укуктук куралдарынын бири болуп эсептелет.

Прокурор протест жасоодо мыйзамга каршы келген протест жасалган актыга өзүнүн макул эместигин билдирип жана негиздеп берүүгө, аны жокко чыгаруу же ошол актыны өзгөртүү, же болбосо мыйзамсыз аракетти токтотуу жана бузулган укукту калыбына келтирүү тууралуу талап коюусуз баяндоого милдеттүү.

"Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Прокурордун протести протест жасалган укуктук актынын колдонулушун токтотот. Мыйзамга каршы келген укуктук актыга протест прокурор же орун басары тарабынан ошол актыны чыгарган органга же болбосо жогору турган органга берилет. Четке кагылган учурда – прокурор сотко кайрылууга укуктуу. Кызмат адамынын мыйзамсыз аракетине протест жасоо да ушул эле тартипте жүргүзүлөт.

Протест ал келип түшкөн учурдан тартып он күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен милдеттүү каралоого жатат. Протестти карап чыгуунун натыйжасы жөнүндө токтоосуз түрдө прокурорго жазуу түрүндө билдирилет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары прокурордун протесттин четке кагууга укуктуубу?

Чечимдерине прокурор протест чыгарган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же анын кызмат адамдары келип түшкөн күнүнөн тартып он күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен протестти карап чыгууга милдеттүү. Карап чыгуунун натыйжасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аны кабыл алууга да, ошондой эле четке кагууга да укуктуу, мында карап чыгуунун натыйжасы жөнүндө прокурорго жазуу түрүндө сөзсүз билдирилет.

Эгерде прокурордун протести коллегиалдуу органдын чечимине (жергиликтүү кеңеш) берилсе, анда мындай орган протести кароо учурунда отурумдун өткөрүлө турган күнүн прокурорго билдирет, ал аны карап чыгууга катышууга укуктуу.

6-ГЛАВА.
ЭКОНОМИКАЛЫК СУРООЛОР

(муниципалдык менчик, жер мамилелери, социалдык–экономикалык жана бюджеттик болжолдоо)

МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК

Муниципалдык менчик түшүнүгү деген эмне?

Муниципалдык менчик – бул мамлекеттик, жеке жана башка менчиктин түрлөрү менен катар эле конституциялык жактан бекемделген айрым менчиктин өз алдынча формасы. Менчиктин башка түрлөрү менен аның бирдей маанилүү экендигин муниципалдык менчик мамлекетте болгон бардык мыйзамдуу каражаттар менен корголгондугу жана таанылгандыгы тастыктап турат. Кыргызстанда муниципалдык менчиктин укуктук режими республиканын жарандык мыйзамдары менен, атап айтканда КР жарандык кодекс, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары жана Өкмөтүнүн токтомдору бекиткен мыйзам алдындагы бир катар актылар менен аныкталып турат.

Муниципалдык менчик деп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун киреше алуу булагы болуп кызмат кылган жана калктын социалдык–экономикалык керектөөлөрүн канааттандырган булагы болуп кызмат кылган жергиликтүү жамааттардын менчиги түшүнүлөт. Демек, муниципалдык менчиктин объектисине бардык эле мүлк жата бербейт, жамааттын керектөөсүн канааттандырууга зарыл болгон мүлк гана болушу мүмкүн.

Муниципалдык менчик айрым түрүндө мамлекеттик менчикке окшошуп кетет. Биринчиден ал мамлекеттик менчик сыяктуу эле коомдук, элдик таламдарды камсыз кылууга жетишүүгө чакырылган. Дал мына ушул сапат жеке менчикчил адамдын жеке таламдарын канааттандырууга баш ийдирилген жеке менчиктен жамааттын менчигин кескин айырмалап турат. Экинчиден, мамлекеттик жана муниципалдык менчикке укук тийиштүү мамлекеттик жана жергиликтүү коомчулук тарабынан түзүлүүчү элдик бийликтин органдары тарабынан ишке ашырылат.

Мамлекеттик менчик муниципалдык менчикке же болбосо муниципалдык менчик мамлекеттик менчикке өзгөрүлүшү мүмкүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тийиштүү макулдугу болгон учурда жана белгилүү бир нормативдик–укутук актылардын негизинде мамлекеттик менчикке айландырылышы мүмкүн. Бирок муниципалдык менчиктин курамына бүткүл өлкө үчүн стратегиялык маанидеги мамлекеттик объекттер берилиши мүмкүн эмес.

Ошону менен бирге эле муниципалдык менчик менчиктин башка түрлөрүнөн өзүнүн айырмалуу белгилери бар. Атап айтканда муниципалдык менчик белгилүү бир аймакта жашаган жамааттын гана менчиги болуп эсептелет. Ал эми мамлекеттик менчик болсо мамлекет түрүндө бүткүл элге таандык болот, ал эми жеке менчик бир же бир нече менчик ээсине гана таандык. Тийиштүү аймактын калкы муниципалдык мүлктү башкарууга кыйыр жол менен катышат, башкача айтканда калктын өзү калыптандырган шайлануучу органдар системасы жана кызмат адамдары аркылуу катышат. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө маселесин жергиликтүү жамааттын талкуулоосуна алып чыгууга укуктуу.

Муниципалдык мүлктүн менчик ээси кандай укуктарга ээ?

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ылайык менчикке укук мыйзам актылары тарабынан таанылган жана корголгон субъетинин өз кароосу боюнча ээлөөгө, пайдаланууга жана тескөөгө өзүнө таандык мүлктү жумшоого укугу. Ушунун күчүнөн улам менчик ээси өз мүлкүнө карата; ээлик кылуу укугуна, пайдалануу укугуна; тескөө укугуна ээ болот.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укуктары түрдүү юридикалык мааниге ээ болуп, субъектиге менчик объектисине карата мамиле жасоонун ар түрдүү мүмкүндүгүн берет.

Ээлик кылуу укугу мүлктү иш жүзүндө ээлөө мүмкүндүгүн юридикалык жактан камсыз кылуу катары чыгат.

Пайдалануу укугу мүлктөн табигый сапатындагы пайдалуу нерсени алуу, ошондой эле пайда табуу мүмкүндүгүн юридикалык жактан камсыз кылуу дегенди билдирет.

Өз кезегинде тескөө укугу менчик ээсине мүлктүн андан аркы тагдырын аныктоонун юридикалык жактан камсыз болгон мүмкүнчүлүгүн берет. Анын үстүнө менчик ээси ага таандык мүлккө карата өзүнүн каалашы боюча ар

кандай аракеттерди жасоого, бирок мыйзамга каршы келбеген жана башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын бузууга алып келбеген аракетти жасоого укуктуу. Өз мүлкүнө карата менчик ээсинин каалагандай мыйзамдуу аракеттерди жасашы деп сатуу, тартуу кылуу, күрөөгө коюу, ижарага берүү жана башкаларды жасоо мүмкүндүгү түшүнүлөт.

Муниципалдык менчикке укукту ишке ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда ыйгарым укуктар кандайча чектелип бөлүштүрүлгөн?

Муниципалдык менчикке укукту ишке ашыруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары ар бир органдын статусуна ылайык чектелип бөлүштүрүлгөн. Атап айтканда аймакта саясатты аныктоочу жана иштеп чыгуучу орган катары жергиликтүү кеңеш муниципалдык мүлктү пайдалануу жана тескөө тартибин белгилеген аракеттерди ишке ашырат, анын ичинде мүлктүн андан аркы тагдырын аныктайт. Мындан тышкары "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР мыйзамынын 19–статьясына ылайык жергиликтүү кеңеш ошондой эле: муниципалдык менчиктин пайдаланышына контрол жүргүзөт; муниципалдык менчик объекттерин ипотекага же күрөөгө коюуга макулдук берет; менчиктештирүү программасын бекитет; муниципалдык менчикти камсыздандыруу тартибин белгилейт; муниципалдык ишканалар жана мекемелер ошондой эле муниципалдык менчикти пайдаланган юридикалык жана жекече жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө бааларды жана тарифтерди бекитет; муниципалдык менчикти жараксыз деп жазуу тартибин белгилейт; жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын сунуштоосу боюнча муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча органдын жетекчисин бекитет; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү жамаатын уставында каралган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Өз кезегинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органы же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу–тескөөчү органынын структурасында турган, компетенциясы жергиликтүү кеңеш бекиткен жобо менен белгиленген кызмат адамы муниципалдык менчик объекттерин башкарууну жана тескөөнү жүргүзөт. Ошондой эле: жергиликтүү кеңештин кароосуна жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын нормативдик–укуктук актыларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана муниципалдык менчиктин объекттерине укук берүү тартибин

караган, муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартибин белгилеген менчиктештирүү программаларынын жана башка нормативдик–укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат жана жергиликтүү кеңештин кароосуна коет; муниципалдык ишканалар менен уюмдардын түзүлүшүнө, иштешине, кайра уюштурулушуна жана жоюулушуна жетекчиликти, координациялоону жана контролду жүргүзөт, ошондой эле муниципалдык менчикте турган акционердик коомдордун акцияларын башкарууну ишке ашырат; Муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө менен байланышкан келишимдерди түзөт; муниципалдык менчиктин объекттерин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте муниципалдык менчиктин объекттерин реестрин жүргүзөт жана башка каттоолорун алып барат; муниципалдык менчикти камсыздандырууну ишке ашырат, муниципалдык менчиктин сакталышын камсыз кылуу боюнча башка чараларды кабыл алат; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү жамааттын уставында каралган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Муниципалдык менчикке кандай мүлктөр кирет?

Муниципалдык менчиктин курамы абдан кең, себеби тийиштүү өз аймагында жайгашкан коомдоштуктун менчигинде мүлк катары болуусу мүмкүн жана аймактан тышкары менчик ээси болууга мүмкүндүгү бар же кандайдыр бир мүлктө ылайыктуу үлүшкө ээ болсо болот. Атап айтканда, «Мүлккө болгон муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык муниципалдык менчикке кирген мүлктөр:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана ишканалардын, алардын караманда турган имараттар, жабдуулар жана башка кыймылсыз мүлктөр;

– билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт жана туризм обьектилери;

– муниципалдык туракжай, курулуш-оңдоо жана транспортук обьектилер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш аракетин камсыздоо үчүн керектүү жабдуулар жана каражаттар;

– мамлекеттик жана жеке менчикте болгон жана тийиштүү аймакты тейлөөчү жана ишканаларга тийиштүү эмес тармактар жана транспорт инфраструктурасындагы обьекттер, энергетика, суу менен жабдуу, канализациялык шаймандар жана коммуникациялар;

– соода, коомдук тамактануу жана тиричилик, ошондой эле аларды эксплуатациялоо үчүн куруулар жана жабдуулар, аларды кармоо жана тейлөө мүлктүк комплекстери;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тийиштүү менчиктештирилбеген жашоочу жана жашабоочу туракжай фонддору;

– жергиликтүү маанидеги көчөлөр, көпүрөлөр жана жолдор;

– парк үчүн берилген коомдук парктар жана жерлер жана башка жашылдандыруу чарбасы;

– токойлор жана айыл чарба жерлери, көлдөр, суу булактары, жергиликтүү маанидеги пайдалуу кен казып алуулар, эгер ал мамлекеттик табигый ресурстар тизмесине киригизилбесе;

– жергиликтүү маанидеги тарыхый жана маданий эстеликтер;

– тийиштүү долбоорлор чегинде каралган, муниципалдык мүлк обьектиси алдында болгон, анын ичинде жер участоктору, ошондой эле өздөштүрүлбөгөн жерлер;

– аякталбаган курулуш обьектилери;

– калка кызмат көрсөтүү үчүн керектүү башка обьекттер.

Муниципалдык менчикти калыптандыруунун кандай ыкмалары бар?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында муниципалдык менчикти калыптандыруунун ар кандай ыкмаларын белгилөө менен, алардын санын чектебейт. Ошондой болсо да муниципалдын менчиктин калыптандыруунун бирден бир эң негизги ыкмасы мамлекеттик менчик обьектилерин жергиликтүү эз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү болуп саналат. Андыктан мамлекеттик менчиктеги обьектилер, коомдук-мамлекетик маанилүү жана стратегиялык маанидеги обьектилерден башкасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууга жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жана төмөнкү шарттар аркылуу өткөрүлөт:

– качан менчик жергиликтүү өз алдынча башкаруу уюмдарынын функцияларына ишке ашыруу үчүн керектүү болгондо;

– качан менчик маданий жана тарыхий баалулугу болсо, же болбосо башка коомдук жалпы пайдалуу максаттарга пайдаланылса;

– качан мамлекет жергиликтүү эз алдынча башкаруу органдарын башкаруу жана менчикти өз алдынча пайдалануу, ошондой эле үчүнчү тараптар менен келишим аркылуу финансылык каражаттарды камсыздоосу.

Муниципалдык мүлк төмөнкүдөй калыптандырылуусу мүмкүн: жергиликтүү салык жана жыйымдар түрүндө жергиликтүү бюджетке түшүүлөр каражаттары эсебинен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген башка милдеттүү төлөмдөрүнөн; мыйзам менен бекитилген тартипте сатуудан тапшырылган дивиденддерден жана пайыздардан, каражаттардан, мүлктү конфискациялоодон, кайрымдуулуктардан, мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка келип түшүүлөрдөн. Ошондой эле жарандардан жана юридикалык жактардан жарандык укуктук бүтүм боюнча (сатып алуу-сатуу, алмашуу, белек кылуу, өздүк келишимдик милдеттенмелердин башка тараптардын аткарбашы) менчик обьектилерин сатып алуусу же курулуш натыйжасында, өндүрүш же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттар эсебинен жаңы обьектилерди түзүү.

Анын ичинде, муниципалдык менчик менчик укугунан ажыратуу же жергиликтүү өз алдынча органдары алдында милдеттенмелер боюнча менчикти мажбур кылып алуу же башка ыкма менен сот чечими аркылуу калыптандырылат. Обьектин ээси жоктугу танылуу шартында, мындай обьект муниципалдык мүлккө толугу менен өтүү укугуна ээ.

Муниципалдык мүлктүн обьектилеринин реестри деген эмне?

Муниципалдык менчик обьекттерин камтыган обьектилер реестри бул обьекттер жана муниципалдык менчиктин маалыматтарынын базасы болуп саналат. Муниципалдык менчик реестринин болуусу жана киргизилиши жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн милдетүү талап болуп саналат, ал жергиликтүү коомдоштукта болгон обьектилердин натыйжалуу эсебин алганга жана жергиликтүү коомдоштуктун обьектилерин башкаруусунун натыйжалуу алып барууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан реестрди туура толтуруу жана киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен тийиштүү реестрдин көрсөткүчтөрү бекитилет, ал мындай негизги маалыматтардды камтыйт:

- обьектилерди баяндоо;
- обьектилердин турган жерин көрсөтүү;
- муниципалдык мүлк обьектилеринин укуктуулугун ырастоочу документ, ага жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка юридикалык жана жеке адамдар ээ болот;
- обьектилерди пайдаланууга чектөөлөр тизмеси;
- обьектилердин баалоо баасы;

– спецификасына жана муниципалдык менчик мүлкүнүн обьектилерин пайдаланууга байланыштуу маалымат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары (айыл өкмөтү, шаар башкармалыгы, мэрия) реестрлерди түзүү жана киргизүү тартибин бекитүүгө укуктуу. Бирок тийиштүү кеңештин сессиясында бекитилгенден кийин иш аракетке киргизилет.

Муниципалдык менчиктин реестрин коомдоштукка тааныштыруу үчүн ачык жана анын мүчөлөрүнө жеткиликтүү болууга тийиш, себеби муниципалдык менчик коомдоштуктун менчиги болуп саналат.

Муниципалдык мүлктүн менчиктештирүү программалары кандай максаттарда иштелет?

Муниципалдык мүлктү менчиктештирүү программалары муниципалдык менчик обьектилерин абдан натыйжалуу башкаруу жана тескөө максатында иштелет. Менчиктештирүү программасынын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын өнүгүүсүнө капиталдык салымдын зарылдыгын, тийиштүү обьектилердин инвестициялык жагымдуулугун, кирешелер түшүүлөрүнүн көлөмүн болжолдоону эсептөөсү мүмкүн. Ошентип программа – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык-финансылык ресурстарын көбөйтүүнүн экономикалык ыкмасын бекемдөөчү бирден бир маанилүү негизги документтердин бири болуп саналат.

Муниципалдык мүлктү менчиктештирүү программаларын иштеп чыгууларды жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары жүргүзөт, ал жергиликтүү кеңештин сессиясында каралууга жана бекитилүүгө тийиш. Программа бекитилгенден кийин жергиликтүү кеңеш менчиктештирүү программасынын ишке ашырылышы тууралуу отчет талап кылып угууга укуктуу. Муниципалдык органдардын мындай макулдашылган иш-аракетинен кийин, менчиктештирүү программасын иш-аракетке киргизүүгө болот, же программаны легалдаштыруунун ушундай түрү экономикалык жана административдик-укуктук чараларды айкалыштырууга мүмкүндүк берет.

Менчиктештирүү программасы өзүнө төмөнкүдөй негизги көрсөткүчтөрдү камтууга тийиш:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын менчиктештирүү жаатындагы саясаттын максаттары жана милдеттери;

– муниципалдык мүлктү менчиктештирүү жана соодалоону жүргүзүүдөгү ишке ашыруу тартиби;

– муниципалдык менчик обьектилеринин классификациясы боюнча: менчиктештирүүгө тийиштүү муниципалдык менчик обьектилери; муниципалдык менчикти менчиктештирүү тууралуу чечимди кабыл алганга чейин муниципалдык менчик обьектилери бекемделет; муниципалдык менчик обьектилерин менчиктештирүүгө тыюу салынат;

– муниципалдык мүлктү менчиктештирүүдөн каражаттардын түшүүлөрүнүн болжолу;

– муниципалдык мүлктү менчиктегтирүүнун натыйжасында инвестициялардын түшүүлөрүнүн болжолу.

Менчиктештирүү прогарммасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими боюнча бекитилген башка маалматтарды да камтышы мүмкүн.

Муниципалдык мүлктү менчиктештирүүдөн түшкөн каражаттар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджетинин кирешесине киргизилет, башкача айтканда, менчиктештирилүүчү каражаттар муниципалдык мүлктүн обьектиси жайгашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын бюджетине чегерилет.

Муниципалдык мүлктү ижарага берүү түшүнүгү жана тартиби кандай?

Ижара жалпысынан, жеке мүлк ээсинин өзүнүн мүлкүн колдонуунун бир түрү болуп эсептелет, менчик ээси өзүнүн укугун башка бир адамга мүлкүн колдонуу укугун берүү натыйжасында ал үчүн белгилүү акы алат же башка шарт коет. Мүлктү колдонуу түрүнө жана максатына байланыштуу транспорт, имарат жер, ишкана, жабдуулар ж.б. ижара болуусу мүмкүн.

Муниципалдык менчиктин, өзүнүн багытталышы боюнча, жергиликтүү кеңештин муктаждыктарын канааттандырууга тийиш, бул үчүн аны натыйжалуу пайдалануу зарыл, жеке же юридикалык адамдарга муниципалдык менчик обьектилерин ижарага жана колдонууга берүү бирден бир натыйжалуу ыкмалардын бири болуп саналат. Бирок, ижарага коомдоштуктун баардык мүлкү бериле берилүүгө тийиш эмес, атап айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көп кабаттуу үйлөрдүн жер участкаларын кошкондо, көп кабаттуу үйлөрдүн имараттарын менчик ээлеринин мүлкүн колдонууга берүүгө укуктуу эмес. жер участкасы үй имаратынын ээлеринин жалпы мүлкүн ижарага колдонууга берүүгө укуктуу эмес.

Муниципалдык менчик обьектилерин пайдаланууга жана ижарага берүү, ишканалар жана мекемелер үчүн чарбалык жүргүзүү жана оперативдүү баш-

каруу укугунда мүлктү бекитүү шартын кошпогондо, жергиликтүү кеңештин чечими менен соодалоо жолу менен жүргүзүлөт. Соодалоо жана ижара жөнүндөгү келишимди түзүүдө же кыймылсыз муниципалдык мүлктү пайдаланууну бир жыл же андан ашык мөөнөттө колдонууда тийиштүү жол-жоболор колдонулат. Ошентип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы муниципалдык кыймылсыз менчикти ижарага алуу жана колдонуу укугун алууга өзүнүн ниеттенгени жөнүндөгү кулактандыруунун жарыялайт, же кыймылсыз мүлктү пайдалануунун жазуу билдирмелери коомдук жайларда илинүүгө тийиш жана жергиликтүү массалык маалымат каражаттарына сатуу датасын 30 күндөн кечиктирбестен жарыялашы керек. Анда, сөзсүз түрдө менчиктин аталышы, жайгашкан жери жана баяндалуусу, ижарага берүү же колдонууга укук алуунун минималдык баасы, ижарага алуу же колдонуу укугуна белгиленген шарттар жана чектөөлөр, тендер өткөрүлгөн жер убактысы көрсөтүлүүгө тийиш.

Билдирме берүү мөөнөтү өткөндөн соң ичинде билдирме чапталаган конверттер ылайыктуу коомдук жайда ачык эл алдында ачылат. Ижарага же колдонууга алуу укугуна эң жогорку бааны сунуш кылган жана ушул бүтүм боюнча белгиленген шарттарды канааттандырган адамга берилет. Коомчулукка конкурстун жыйынтыгы жөнүндө жана конкурсту жеңген адамды (аталышты) атоо, бааны, ушул бүтүм боюнча ар кандай шарттарды жана чек коюуларды коомдук жайларда жайгашкан жазуу билдирмелери жана ушул маалыматтын муниципалдык жеке менчик обьектилерин жергиликтүү реестрине киргизүү аркылуу кабарланат.

Бүтүмдү түзүү үчүн тийиштүү ижара укугун берүү же муниципалдык мүлктү пайдалануудан, комиссиондук жана юридикалык кызмат акылардан же башка чыгашаларды чегерүүдөн түшкөн бардык кирешелер жергиликтүү бюджетке түшөт. Муниципалдык мүлктү ижарага же колдонууга алган адам мамлекетик каттоочу органда бүтүмдү мамлекеттик каттоо үчүн ошондой эле ар кандай каттоочулук чыгашаларга жоопкерчиликтүү болот. Бүтүмдү тариздөө шарттарын сактабоо, анын ичинде муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү шарттарын сакталбай калышы, ал бүтүм жараксыз, башкача айтканда юридикалык күчкө ээ эмес деп эсептелишине алып келет.

Мунципалдык менчик укугунун токтотулушу эмнени түшүндүрөт?

Муниципалдык менчик укугунун токтотулушу бул мүлк ээсинин ошол мүлккө болгон укугун жоготуусу дегенди түшүндүрөт. Бул үчүн менчик

укугу өзүнүн иш- аракетин токтотулуусу үчүн төмөндөгүдөй тийиштүү негиздер болушу зарыл:

– мүлктү, ошондой эле башка юридикалык адамдардын жана жарандардын менчигин мамлекеттик менчиктен ажыратуу;

– мүлктүн жок болушу же жоюлушу, мүлккө болгон менчик укугунун жоготушу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттенмелери боюнча менчик укугунан ажыратылышы;

– муниципалдык менчик укугуна ээ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоюлушу.

Бул негиздер кайра каралбоочу болуп саналбайт, азыркы учурда каралбаган башка шарттар болуусу да мүмкүн, бирок, эгерде мыйзам чыгаруучу муниципалдык менчик укугун токтотуучу кырдаалдардын тизмесин кеңейтүүнү чечсе, келечекте мүмкүн болуучу башка учурлар да болушу ыктымал.

Тийиштүү аймактарды кайра түзүлүү жана биригүү шартында муниципалдык менчикте эмне жүргүзүлөт?

Тийиштүү аймактарды кайра түзүүлүү жана биригүү шартында, аларга таандык болгон муниципалдык менчик компенсациясыз тийиштүү жергиликтүү өз алдынча органдын укук улантуучусуна берилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жоюлуп, укук улантуучу жок болгон учурда муниципалдык менчик компенсациясыз мамлекетке өткөрүлөт.

Муниципалдык менчикти жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын укук улантуучусуна же мамлекетке өткөрүп берүү мамлекеттик комиссия тарабынан жүргүзүлөт, анын түзүлүү тартибин жана курамын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

ЖЕР МАМИЛЕЛЕРИ

Айылдын, шаарчанын, шаардын административдик-аймактык чек араларында жайгашкан жерлерге болгон менчик укугун ким жүргүзөт?

Жер, мамлекеттин эң маанилүү мүлктүк обьектиси катары, менчиктин ар түрдүү формасына ээ болушу жана аға ошондой эле ар түрдүү субьектилер ээлик кылуусу мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жер

менчиги мамлекеттик, муниципалдык, жеке жана башка (мисалы, профсоюздук, акционердик, жамааттык) формасында болушу мүмкүн экендигин белгиленген. Ушунун негизинде, айыл, шаарча же шаар аймактарында жер – менчик формасы боюнча мамлекеттик, муниципалдык, жеке же башка болушу ыктымал, ошону менен бирге жерге болгон менчик укугун ар түрдүү субьектилер иш жүзүнө ашырышы мүмкүн.

Атап айтканда, республиканын баардык аймактарында мамлекеттик менчикте турган менчиктүүлүк укугун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана мамлекеттик жергиликтүү администрациялар тарабынан иш жүзүнө ашырылылат.

Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык мамлекеттик менчик формасындагы жерлерге төмөндөгүлөр тийиштүү: токой жана суу Фонддорунун жерлери; өзгөчө корголуучу табигый аймактардын жерлери; запас жерлер; чек ара зонасынын жерлери; айыл чарба жерлерин бөлүштүрүү Фонддунун жерлери; айылдык калк отрукташкан пункттардагы жайыттар; интенсивдүү пайдалануу зонасындагы жайыттар; алыскы жайыттыр; мамлекеттик асыл тукум, үрөн өстүрүүчүлүк, эксперименталдык чарбалардын, тажырыйба станциялардын жана полигондордун, айыл чарба багытындагы окуу жайлардын жана илим изилдөө институттарынын таяныч пункттарындагы жерлери, алар айыл чарба жерлерин бөлүштүрүү Фондундагы жерлерден түзүлгөн, көрсөтүлгөн чарбаларда жашаган жана иштеген жарандарга жер үлүшүнө берилген жерлерден башкасы. Мамлекеттик менчикке таандык жерлерге, жеке жана муниципалдык менчикке өтпөгөн башка жерлер да кирет.

Өз кезегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында муниципалдык жерлерге административдик аймактык чек араларында жайгашкан айыл, шаарча жана шаарларда, мамлекеттик, жеке жана башка менчик формасында турбаган жерлер тийиштүү деп белгиленген. Муниципалдык менчикке тийиштүү жерлерди башкарууну жана тескөөнү төмөндөгүдөй ишке ашырылат: айыл жана шаарча кеңештериндеги чек араларында – айыл өкмөтү; шаар чек араларында – шаар башкармалыгы жана мэриялар. Ошондой эле, кээ бир учурларда (ФПС жерлери) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдын тапшырмасы боюнча мамлекеттик менчиктеги жерлерди жана айыл, шаарча жана шаарлардын чек араларында жайгашкан жерлерди башкарууну жана тескөөнү ишке ашырат.

Белгилеп кетүү керек, жер пайдалануучулар жеке менчик формасына карабастан менчик укугу аларга таандык жерлерди иш жүзүнө ашырууда тең

укуктуу. Ошого карабастан, республиканын мыйзамдарында мамлекеттик жана муниципалдык менчик формасындагы жер пайдалануучулардын мамлекеттик жана муниципалдык жер пайдалануучу юридикалык жана жеке адамдардын укуктук статусунун айрым өзгөчөлүктөрүн карайт:

– жер пайдалануучулардын берилген участогунун максаттуу багытталышы жана максаттык уставынын эсеби менен участоктогу чарбачылыкты иш жүзүнө ашырышат;

– белгиленген тартипте жер участогундагы имараттар жана курулуарды ажыратууга же күрөөгө байланыштуу шарттарды кошпогондо, өзүнүн жер участогун пайдалануу укугун ипотекага берүүдө ажыратууга укуксуз;

– алардын пайдалануусундагы жер участогун убактылуу акысыз пайдаланууга өткөрүп берүүгө укуксуз, кызматтык жер үлүшүн берүүдөн тышкаркы шарттар;

– имараттар жана курулуштар жайгашкан жер участогун башка адамга ижарага берүүгө уруксат берилбейт, ошол имаратты жана курууларды тийиштүү ижарага берүүсүз;

– жер участогунда жайгашкан имараттаргды жана курууларды, ушул жер участогундагы имараттар жана курулуштар бекитилсе жер участогун тийиштүү өткөрүп берүүлөрсүз ижарага башка адамга берүүгө уруксат берилбейт.

Мамлекеттик жана муниципалдык жер пайдалануучунун пайдалануусундагы болгон жер участоктору, жер пайдалануучунун банкроттугун кошкондо, ага таандык имарат жана курууларгажаза кайрылууларын кошпогондо кредиторлордун доосу боюнча предмет болууга тийиш эмес.

Жергиликтүүөзалдынчабашкаруунуноргандарынын(жергиликтүү кеңештер, мэриялар, шаар башкармалыктар, айыл өкмөттөр) жер мамилелеринин чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары кандай?

Жергиликтүү кеңештин алгачкы деңгээлинде (шаар, шаарчалар, айыл) мыйзамдар менен белгиленген компетенцияларга ылайык: шаардын административдик-аймактык түзүлүшүнүн жакшырышы жана шаар курулуштарынын генералдык пландары боюнча сунуштарды карайт; аткаруу органдары менен бирдикте жерди натыйжалуу пайдалануу боюнча програмаларды иштеп чыгат жана шаардын курулушун деталдуу пландоо боюнча долбоорлорду бекитишет.

Шаарчалардагы жана айылдардагы айылдык кеңештер: жеке көмөк чарбаны жүргүзүү үчүн жер участокторунун өлчөмдөрүн, турак үйлөрдү куруу жана тейлөөнү белгилешет; жер кадастрын бекитишет; өздөрүнүн компетенцияларынын чегинде жер мамилелеринин жаатында башка маселелерди чечишет.

Райондук кеңеш: административдик-аймактык түзүлүштөрү боюнча айылдык, шаарчалык жана райондук кеңештердин жана райондун сунуштарын карайт, айылдык жана шаарча кеңештердин макулдугу менен калктуу пункттардын жана шаарчалардын курулуштарынын генералдык планынын долбоорлорун бекитишет; жеке жактын менчигине берилген жер участогунун чектүү өлчөмү белгилейт; райондук мамлекеттик администрация менен биргеликте жерди натыйжалуу пайдалануу боюнча программаларды иштеп чыгат.

Өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруучу-тескөөчү органдары жер эсеби менен (айылдык же шаардык), түздөн-түз тийиштүү жерлерди оперативдүү башкарууну жана тескөөнү ишке ашырат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын жер мыйзамына ылайык айылдык өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары – айыл өкмөтү төмөнкүгө укуктуу: жер участкасын менчикке жана мыйзамда белгиленгендей чектелүү пайдаланууга берүү; интенсивдүү пайдалануу зонадагы жайгашкан жана жайыт жерлерден башка, айылдык калктуу пункттарда жерлерди пайдаланууга берүү жана аларды пайдалануу тартибин белгилөө; жерлерди пайдалануу жана коргоо үчүн контролдукту жүргүзүү; жер реформасын жүргүзүү; көрсөтүлгөн Фонддун карамагында болгон мамлекеттик органдын макулдашуусу менен айыл чарба жерлерин бөлүштүрүү Фондунун жерлерин башкаруу жана тескөө; айылдык калктуу пункттардын куруулар долбоорунун башкы планынын негизинде айылдык калктуу пункттарда жана шаарчаларда чек араларында куруулар үчүн жер участогун архитектура жана курулуш органы (райондун башкы архитектору) менен макулдашуудан кийин бөлүп берүү; мыйзамдарда каралган жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү башка маселелерди чечүү.

Шаардык өз алдынча шаардык аткаруучу-тескөөчү органдары (мэриялар, шаар башкармалыктары) төмөндөгүлөрдү ишке ашырууга укуктуу: шаардын генералдык планына, шаардын деталдуу пландоосуна жана курууларынын долбооруна ылайык жер участогун менчикке жана пайдаланууга берүүгө; жер жана шааркурулуш кадастрын, схемасын жана жерди жайгаштыруу долбоорун бекитүү; шаардык кеңеш менен бирдикте жерди сарамжалдуу пайда-

лануу программасын иштеп чыгуу жана аткаруу; шааркурулуш кадастрын иштеп чыгуу жана алып баруу; жерлерди пайдалануу жана күзөттөө үчүн контролдукту ишке ашыруу; долбоорлук-изилдөөчүлүк иштерди жүргүзүүгө уруксат берүү; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жер маселелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү башка маселелерди чечүү.

Жер участокторун берүү ыкмалары кандай?

Жер участоктору «Калк пункттардагы жер участкаларын менчиктүүлүк жана ижарага берүү укугун акысыз берүү тартиби жана шарттары жөнүндө». Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 5-февралындагы Токтому менен бекитилген типтүү жобого ылайык, атайын ыйгарым укуктуу орган тарабынан менчикке же пайдаланууга акыга же акысыз негизде берилет.

Биринчи шартта (акысыз негизинде) жер участоктору соодалап сатуу жолу менен берилет, ал ачык аукцион формасында же конкурстук сунуштар шарты менен өткөрүлөт.

Аукцион – соодалоо формасы, анда эң жогорку бааны сунуштаган адам жеңүүчү боло алат. Аукциондо жогорку бааны сунушаган аукциондун катышуучусуна соодалоо обьектисинин жер участогун сатуусу иш жүзүнө ашырылат, мында сатып алуучудан жерге жайгаштыруу жана курулуш документацияларындагы чектөөлөр жана убара тартууларга бекитилгендерге ылайык жер участогун пайдаланууну максаттуу багыттагы талабы талап кылынат.

Конкурс – обьектилерди сатуу учурларында сатып алуучулардан соодалоо обьектиси боюнча аныкталган шарттарды аткаруу талап кылынат.Конкурста ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуусу боюнча жергиликтүү комиссия менен алдын ала аныкталган жакшы шарттарды сунуштаган конкурстун катышуучусуна жер участкаларын жана соодалоо обьекттери берүү жүргүзүлөт.

Эгер жер участоктору айыл-чарба жерлеринд кайтадан бөлүштүрүү фондунан көрсөтүлсө, анда соодалоо коммерциялык же инвестициялык конкурс формасында өткөрүлөт. Коммерциялык конкурстун өзгөчөлүгү, жеңүүчү болуп, конкурстун белгилүү шарттарын милдеттүү түрдө сактаган, ижаралык төлөөнүн эң жогорку суммасын сунуштаган билдирүүнү кулактандырган билдирүүчү жеңүүчү болуп саналат. Инвестициялык конкурстун өзгөчөлүгү конкурстун белгилүү шарттарын сактоодон тышкары билдирүүчүнүн милдеттенмесине жер участогун ижарага алуу мезгили үчүн белгилүү

инвестицияларды жана жакшыртууларды кийрүүлөрү тийиш. Инвестициялык конкурс жер участогуна карата аларды пайдаланууда инфраструктураларга инвестицияларды пайдаланууну, жер участокторду сапаттуу көрсөткүчтөрүн жакшыртуу, дренаждык тармакты, насостук станцияларды калыбана келтирүү боюнча иштерди, мелиоративдик чараларды аткарууларды талап кылат.

Айыл чарба жерлердин кайтадан бөлүштүрүү Фондуна жер участоктору айылдык кеңештин аймагында жашоочуларга тийиштүү айылдык жана шаарчалык кеңештердин чечими менен аз камсыз болгон жарандарга конкурстан тышкары берилиши мүмкүн.

Жер участоктор акысыз негизде да берилиши мүмкүн. Атап айтканда, жер участогу бир жолу Кыргыз Республикасынын бардык аймагындагы Кыргыз Республикасынын жарандарына ыйгарым укуктуу орган тарабынан акысыз берилиши мүмкүн: турак үйлөрдү куруу жана тейлөө жана өздүк көмөк чарба жүргүзүү, бекитилген норма боюнча дачалык курулуштар үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган өлчөмдө жер үлүшүнө укугу барларга берилет. Кыргыз Республикасынын жарандарына аз натыйжалуу айыл чарба жерлерин өздөштүрүү жана айыл чарба өндүрүшүн киргизүү үчүн ыйгарым укуктуу орган тарабынан акысыз берилет. Кыргыз Республикасынын жарандары жер участогу жайгашкан жер боюнча ыйгарым укуктуу органга жер участогун алуу жөнүндөгү арызын берет. Ыйгарым укуктуу орган жерди акысыз берүү жөнүндөгү арызды карайт жана бош жерлердин болуусунда кезектүүлүк тартибинде берет.

Анын ичинде, жер участокторду акысыз негизде мамлекеттик жана муниципалдык жер пайдалануучуларга пайдаланууга, ошондой эле жер участокторду алууга укуктары бар башка юридикалык адамдарга да берилет. Бул шартта мамлекеттик жана муниципалдык жер пайдалануучулар, ошондой эле башка юридикалык адамдар жер участогу турган жер боюнча тийиштүү ыйгары укуктуу орган алдына сурам кат(ходатайтво) менен кайрылат. Жер участогун берүү жөнүндөгү сурам катта анын эмнеге керектигинин максаты, өлчөмү, участогунун жайгашуу ордунун документтеринин тиркемеси, участокту берүү зарылдыгын ырастоочу, аны пайдалануунун сунуштаган мөөнөтү көрсөтүлөт. Сурам каттын маалыматтары ыйгарым укуктуу орган тарабынан аларды берүү учурунан үч айлык мөөнөткө чейин каралат жана чечилет.

Жер участогуна укукту күбөлөндүрүүчү кайсы документтер кирет?

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 31-статьясына ылайык ыйгарым укуктуу орган тарабынан жер участогун менчикке же пайдалануу

документтерди ырастоочу жер участогуна укукту күбөлөндүрүүчү документ төмөндөгүлөр болуп саналат:

– жеке менчик укуктуулугу жөнүндөгү мамлекеттик акт жана мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлүүсүз) жеке менчикке жер участогун берүү шартында жер участогун пайдаланууга мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлүүсүз) пайдалануу;

– жер участогун убактылуу пайдаланууга укуктуулук күбөлүгү же мөөнөттүү жер пайдалануучу (убактылуу) ижара келишими;

– жер үлүшүн берүүдөгү жер участогуна жеке менчиктүүлүк укугу жөнүндө күбөлүк.

Ыйгарым укуктуу орган жер участогуна укуктуулукту берүү жөнүндөгү документтердин көчүрмөсүн кыймылсыз мүлккө укуктуулукту каттоо боюнча мамлекеттик органга жөнөтөт жана жана аларды тапшырууда жоопкерчиликтүү болушат. Ушуну менен бирге жер участогуна укуктуулукту күбөлөндүрүүчү документте жерди максаттуу пайдаланусу көрсөтүлөт. Ошондой эле жерге укуктуулукту күбөлөндүрүүчү документтежер участогунун жеке менчик ээсинин каалоосу боюнча же жер пайдалануучуга айыл чарба багытындагы жерлер үчүн сапат сертификаты берилиши мүмкүн.

Жер участоктору кандай мөөнөткө берилүүгө тийиш?

Жер участоктор мөөнөтү көрсөтүлүү менен бирге, мөөнөтү көрсөтүлбөй да берилет. Жер участоктору мөөнөтү көрсөтүлүү менен, башкача айтканда чектүү убакытта юридикалык жана жеке адамдарга – 50жылдык мөөнөткө чейин берилет, жана алар айрымаланат: кыска мөөнөтү боюнча – 5 жылга чейин, орто мөөнөтү боюнча – 15 жылга чейин жана узак мөөнөтү боюнча – 50 жылга чейин берилиши мүмкүн. Мында айыл-чарба багытындагы жерлерди кайрадан бөлүштүрүү Фондунан ижарага берилет, эреже катарында мөөнөтү 5 жылдан кем эмес мөөнөткө жана кыска мөөнөтү ижарага 5 жылдан 7 жылга чейин мөөнөткө берилүүгө тийиш же орто мөөнөтү ижарага – 10 жылга чейин берилиши мүмкүн. Сугарылуучу айдоо жер участкаларынан тышкары, алар кыска мөөнөттүн ижарага 5 жылга гана берилет, ошондой эле айыл-чарба жерлерин кайта бөлүштүрүү Фондунан жер участкалары тийиштүү айылдык кеңештин аймагында жашап жаткан аз камсыз болгон жарандарга берүү шартында алардын ижара мөөнөтү 7 жылдан ашышы мүмкүн эмес.

Калк отурукташкан пункттарда жалпы пайдалануудагы жерлер менчикке берилбейт, ал кыска мөөнөтүү ижарага 5 жылга чейин мөөнөткө жеңилдетилген типтеги курулуштар курууларына жана курууларына уруксат берилет. Мөөнөтү өткөндөн кийин жактардын макулдашуусу боюнча убактылуу пайдаланган жер участогунун мөөнөтү ылышы мүмкүн.

Жер участоктору мөөнөтү көрсөтүлүү менен бирге, мөөнөтсүз пайданууга да берилиши мүмкүн. Мамлекеттик жана муниципалдык жер пайдалануучуларга мөөнөтсүз жер участокторун пайдаланууга, чарбалык жүргүзүү же оперативдүү башкаруу укугундагы мүлктөр бекитилген, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактарга берилет. Чарбаны жүргүзүүдө жана оперативдүү башкаруу укукугундагы мүлктөр аларга бекитилген. Жер мыйзамдары боюнча жерди чет өлкөлүк адамдарга мөөнөтсүз пайдаланууга берилүүсүнө тыюу салынат.

Айыл чарба жерлерин кайтадан бөлүштүрүү Фондунан жер участокторун ижарага берүү тартиби кандай?

Айыл чарба жерлерин кайтадан бөлүштүрүү Фонддунун жерлерин ижарага берилиши айылдык, поселкалык кеңештердин чечими боюнча жүргүзүлөт, алар ижара берүүчү катары чыгышат. Айыл өкмөтү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы катары кеңештин чечимин аткарышат, жана Фонддогу жер участокторун ижара укугун берүү максатында кокурстук комиссияны түзөт, анын курамына төмөндөгүлөр кирет:

а) тийиштүү айыл өкмөтүнүн башчысы – комисиянын төрагасы;

б) тийиштүү айылдык, поселоктук кеңештердин баардык депутаттары;

в) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик каттоо органынын, Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүүчү өнөр жай министрлигинин, Кыргыз Республикасынын финансы министирлигинин, жергиликтүү бирден өкүлдөрү;

г) Коомчулуктун жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү.

Андыктан, айыл чарба жерлерин кайтадан бөлүштүрүү Фонддунун жерлерин ижарага берүү боюнча конкурстук комиссиянын чечими айылдык, поселкалык кеңештер бекитүүгө тийиш. Мында ижаралык келишим милдеттүү түрдө төмөндөгүлөр камтылууга тийиш:

- ижара предметинин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү так көрсөтүлөт, башкача айтканда тийиштүү жер участогун так идентифика-

циялоого мүмкүндүк берүүчү жер участогунун орун алган жерин белгилөө, анын максаттык багытталышы, чек аралары, кадастрдык номуру жана башка белгилери;

- ижара келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп тийиштүү тиркемелер саналат, анын ичинде жергиликтүү жер участогунун жайгашкан ордун аныктоочу жер участогунун схемасы;
- комерциалык конкурс негизинде ижара келишими түзүү шартындагы ижаралык төлөмдөрдү төлөө графиги;
- ижарачынын милдеттенмелери;
- инвестициялык конкурс негизинде конкреттүү конкурстук жана инвестициялык шарттарды жана ижара келишимин түзүү шартында ижара мөөнөтүнүн аякташы боюнча жер участогун тийиштүү жакшыртылган абалында өткөрүүнү аткаруу боюнча ижарачынын милдеттенмеси.

Айыл чарба жерлерди кайтадан бөлүштүрүү Фондунан жер участокторун жер пайдалануучуларга ижарага берүү төмөнкү өлчөмдөрдө берилиши мүмкүн: сугат жерлерин жеке адамдарга – 25 гектарга чейин, ал эми кайрак жерлерди – 50 гектарга чейин, юридикалык жактарга 50 гектарга г чейин, ал эми кайрак жерлерди – 100 гектарга чейин.

Айыл чарба жерлерин кайтадан бөлүштүрүү Фондунан жер участогунун ижара келишиминин мөөнөтүнөн мурда бузууга эмне негиз болушу мүмкүн?

Жер участогунун ижара келишимин мөөнөтүнөн мурда бузуу демилгеси үчүн төмөнкү бузуулар негиз болушу мүмкүн:

- мүлктү пайдалануудагы конкурстук жана инвестициялык шарттарды, ижара келишиминин шарттарын маанилүү бузуулары;
- байкаларлык жер кыртышынын начарлашы;
- бекитилген ижара келишиминин милдеттенмелерине ылайык жер учатогунун инвестициялык милдеттенмелеринин аткарылбашы.

Мында, ижарага берүүчү ижарачыга жазуу жүзүндөгү ижарачыга бузууларды чететтүү жөнүндөгү эскертүүнү киргизет жана ижарачы тарабынан 30 күндүк мөөнөттө чететпесе ал келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу үчүн сотко кайрылат.

Жеке менчик ээси жана жер пайдалануучу өзүнүн жер участогунда эмнени ишке ашырууга укуктуу?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жер участогунун жеке менчик ээси же жер пайдалануучусу анын жер участогуна укуктуулугун

ырастоочу документтер, анын ичинде келишим негизинде, ал төмөнкүлөргө укуктуу:

- жерин максаттуу багытта пайдалануу менен өз алдынча чарбачылык кылууга;
- менчиктүүлүк укугунда айыл чарба жана башка маданий өсүмдүктөрдү отургузууга жана көчөттөрдү, айыл чарба жана башка маданий маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүнү, жер участогун пайдалануу натыйжасында алынган жана аны сатуудаан түшкөн кирешелерди ишке ашырууга укуктуу;
- бекитилген тартипте жер участогунда болгон ачык жаткан (жер үстүндө) жер кеңири таралган чакан пайдалуу кен казып алууларды, токой жерлерин, суу обьектилерин, ошондой эле жердин пайдалуу касиеттерин эксплуатациялоого пайдалануу;
- бекитилген тартипте жер участогунун максаттуу багытта, архитектуралык пландоочу, курулуштук, экологиялык, санитардык гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарына (нормаларды, эрежелерди, ченемдерди) карама каршы келбеген имараттарды, курууларды курууга;
- сугаруу, кургатуу, маданий-техникалык жана башка мелиоративдик иштерди, курулуштук, экологиялык, санитардык-гигиеналык жана башка атайын талаптарга ылайык жүргүзүүгө;
- бекитилген мыйзамдар чегинде жер участогунун укугу менен жарандык-укуктук бүтүмдөрдү ишке ашырууга;
- анын эркинен тышкары жер участогуна басмырлап кирүү, жер участогуна укук бузуу аракеттерин тыюуга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган чыгаша болуу шартында ордун толтурууга.

Жеке менчик ээси айыл чабага багытындагы жерлерди өзүнүн үлүшүн же участогун сатууга укуктуубу?

“Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, айыл чарба жерлердин кайра бөлүштүрүү Фондунун жерлеринен башкасы айыл чарба багытындагы багытындагы жерлер алып сатуу обьектиси болуп саналат.

Айыл чарба жерлердин кайтадан бөлүштүрүү Фондунун жерлери жергиликтүү кеңештердин сунуштоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

бекитишинин негизинде Кыргыз Республикасынын жарандарына менчикке өткөрүлүп берилген жерлерден башкасы, Айыл чарба жерлерин кайтадан бөлүштүрүү Фондунун жерлери сатылбайт.

Айыл чарбага багытындагы жер участогунун жеке менчик ээси майдалабай, жер аянтынын бирдик контуру менен сатууга укуктуу. Айыл чарба багытындагы жердердин сатып алуучусу мыйзамдарга ылайык, жашы 18 ге жеткен жана айыл жергесинде жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары сатып алуучу боло алат.

Жер участогунун менчик ээси, ал жерде белгилүү бир имарат турса, ошол жер участогун өзүнүн укугуна калтыруу менен имаратты сатууга укуктуубу?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бул имарат жана куруулар үчүн бекитилген имарат жана куруулар жер участогундагы укуктан ажыратылбайт. Курулуштардын жана имараттардын менчик ээси мыйзамдарда бекитилген тартипте өзүнүн каалосу боюнча ошол курулуштар менен жана имараттар менен пайдаланууга жана тескөө укугуна ээ.

Ошону менен бирге эле, имаратка жана курууларга же анын кандайдыр бир бөлүгү башка юридикалык же жеке жактарга өткөн шартта, ал ошол курулуштар менен имараттарга бекитилген жер участогуна укуктуу болот. Мында жаңы жеке менчик ээси, мурунку имараттын жана курулуштун жеке менчик ээсиндей имаратка жана жер участогуна ошол эле шарттарда, ошол эле өлчөмдө, эгер жактардын башка макулдашуулугу каралбаса тийиштүү укуктарга ээ болот.

Айыл чарба багытындагы жерлерди алып сатуу мүмкүнбү?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл чарбага багытындагы жерлерди алып сатууга уруксат берилген. “Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында эгер айыл чарба багытындагы жерлерди багытталышы боюнча пайдалануу үчүн сатып алууда мамлекеттик алымдарды төлөө талап кылынбаса, анда алып сатуу шартында айыл чарба багытындагы жер участогунун (жер үлүшүнүн) сатып алуучусу жер учаткасынын(жер үлүшүнүн) сатып алуу баасына байланыштуу мамлекеттик алымды төлөйт: бир жыл аралыгында 40% дан өлчөмүндө; экинчи жылда - 20%дан; үчүнчү жылда - 10% дан.

Айыл чарбага багытындагы жердин жеке менчик ээси өзүнүн жерин күрөөгө коюуга укуктуубу?

КыргызРеспубликасынынжарандарынынменчигиндеболгонайылчабага багытындагы жер үлүштөрү жана участоктору күрөө обьектиси болушу мүмкүн. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында адистештирилген мекемелер, айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү жана участокторун алуу укугуна ээ болгон мекемелерге Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясын алган банктар жана адистештирилген айыл чарба финансылык уюмдары тийиштүү.

Айыл чабага багытындагы жер үлүштөрү жана участокторун ээ болуу укугу банктарга жана адистештирилген финансылык мекемелерге өтүү шартында алар ал жерлерди ачык аукциондук соодалоодо сатууга милдеттүү, анткени өздөрүнүн жеке каалоосу боюнча жерлерди пайдалануу жана тескөөгө укугу болбойт.

Жер участогунун жеке менчик ээси акысыз негизде жерди пайдаланууну иш жүзүнө ашырууга укуктуубу?

Кыргыз Республикасынын жерди пайдалануу жер мыйзамдарына ылайык бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн акылуу болуп саналат. Жерди пайдалануучулар жерди пайдалануу үчүн жер салыгы түрүндө, же кыймылсыз мүлккө, же ижаралык төлөө түрүндө төлөөлөрдү киргизишет. Жер салыгынын өлчөмү: жер катмарынын (түшүмдүүлүк) сапатына; жер участогу жайгашкан ордуна; инженердик коммуникациянын жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу болот.

Ошону менен бирге, мамлекеттик жана муниципалдык жер пайдалануучуларды жер салыгын төлөөдөн бошотууга, анын ичинде аларды бюджеттен каржылоо шартында түзүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мыйзам укук берет.

Менчик ээсинин же жер участогунун жер пайдалануучунун милдеттенмелери кандай?

Жер участогунун менчик ээси жана жер пайдалануучу укуктуулукка гана ээ болбостон, ошондой эле өзүнүн жер участогунун мамилеси боюнча белгилүү милдеттенмелерге да ээ:

- жерди максаттуу багытталышы жана аны берүү шарттарына ылайык, жерди пайдаланууну камсыздоо;
- курчап турган табигый чөйрөнү сактоо боюнча талаптарды сактоо;
- түшүмдү көп берүүчү жерлерди начарлатпоо, жерди иштетүү системасын колдонуу жана өсүмдүктөрдү айдоонун натыйжалуу усулдарын пайдалануу;
- жер үчүн жер салыгын жана ижаралык төлөмдөрдү өз убагында төлөө;
- чектеш жер участоктордун, жер пайдалануучулардын жана башка адамдардын укуктарын бузбоо;
- токой, суу жана башка табигый ресурстарын пайдалануу тартибин сактоо;
- жер участогундагы курулуштардын иш жүзүнө ашырууда иш аракеттеги архитектуралык пландоочу, курулуштук, экологиялык, санитардык-гигиеналык жана башка атайын талаптарды (нормалар, эрежелер, ченемдер) сактоо;
- мамлекеттик органдарга өз учурунда жерди пайдалануу жана жаратылыш ресурстарынын абалы жөнүндө маалымат берип туруу;
- мыйзам белгилегендей тартипте сервитутту көрсөтүүнү камсыздоо;
- жер участогуна укуктуулук жөнүндө мыйзамдарда жана документтерде каралган башка милдеттенмелер.

Жер участогуна ээлик укугун токтотууга эмне негиз болот?

Жер участогуна ээлик укугун токтотууга негиз болуш үчүн төмөндөгүдөй шарттар болууга тийиш:

- жер участогуна укуктуулугун ажыратуу менен башка адамга берүү;
- мыйзамдарга ылайык кредиторлордун талабы боюнча менчиктүүлүк же пайдалануу укугундагы болгон жер участогуна өндүрүп алуулар боюнча кайрылуулар;
- жер участогунун менчик ээсинин каза болушу же жер пайдалануучунун мураскеринин жоктугу;
- жеке менчик ээсинин же жер пайдалануучунун жер учаскасына укуктуулугунан ыктыярдуу баш тартуусу;
- жер участогун пайдалануу мөөнөтү аяктаганда;

- кызматтык жер үлүшү берилгенге байланыштуу эмгектик жана ага карата теңештирилген мамилелердин токтошу;

- табигый кырсык натыйжасында жер участогун андан ары пайдаланууга мүмкүн болбой калышы;

- коомдук бирикмелердин, коомдук фонддордун же диний уюмдардын, мамлекеттик же муниципалдык жер пайдалануучусунун жоюлушу;

- ипотекалык туракжай курулуштар шартын кошпогондо, айыл чарба багытындагы жер учатогунун же жер учаскасынын менчик ээси Кыргыз Республиканын жарандыгынан чыкканда.

Мында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында ылайык сот чечими аркылуу жер участогун алуу жолу менен жер участогуна укуктуулукту мажбурлап токтотуу механизми каралган. Мындай ыкма жер участогундагы бузуулар болгондо менчик ээсине аны чететтүү жөнүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жазуу түрүндөгү эскертүүсү чыгарылганга карабастан жер учасогунун же жер пайдалануучу тийиштүү түрдө мамиле кылбаса, андан кийин укуктуулукту токтотуу өзгөчө чара болуп саналат жана сот менен гана колдонулат. Ошондой эле эгер жер участогунун менчик ээсинин же жер пайдалануучуну административдик жоопкерчиликке тартуу эч кандай натыйжа бербесе.

Өз кезегинде ыйгарым укуктуу органдын эскертүүсүндө төмөндөгүлөр чагылдырылууга тийиш: жер участогунун менчик ээси же жер пайдалануучу тарабынан кетирилген бузуулар, аны чететтүү үчүн тийиштүү чаралар, ал бузууларды чететтүүгө тийиштүү мөөнөттөр, эскертүүнүн аткарылбашынын кесепеттери; жер участогунун менчик ээси же жер пайдалануучу тарабынан ушул эскертүүнү даттануу ыкмасы.

Жер участогун алып коюунун негизи кандай?

Жер участогун алып коюунун негиздери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жер участогун анын максаттуу багытталышын бузуулары менен жер участогунун менчик ээсине төлөөлөр менен же жер участогун жана соодалоо жүргүзгөн уюмдар менен алууга байланыштуу жер пайдалануучуга жер участогунун укук наркын чыгымдарды чегерүү үчүн пайдалануу;

- жер участогун мамлекеттик жана коомдук керектөөлөр менен жер участогуна укук наркын төлөө менен алып коюу жана чыгымдардын ордун толтуруу. Атап айтканда, мамлекет тарабынан жеке же башка менчиктеги жерлерден табылган пайдалуу кендердин запасын иштетүү жөнүндөгү че-

чим кабыл алуу шартында, менчик ээсинин же жер пайдалануучунун жер участогун алып коюуга укуктуу, мында менчик ээсине же жер пайдалануучу тарткан чыгымды ордун толтурулууга тийиш жана башка ушундай тең баадагы жер участогун берүү түрүндө ишке ашырылат.

- жер участогун же айыл чарбалык өндүрүштөр үчүн берилген жер участок бөлүгүн үч жыл аралыгында пайдаланбоо. Жер участогун соодалоону уюштурууга байланыштуу жер участогун алып коюуда жердин менчик ээсине же жер пайдалануучуга жер участогунун нарк укугун төлөө менен чыгымдарын чегерүү жүргүзүлөт.
- шаар курулуш мыйзамдарына ылайык айыл чарбалык эмес өндүрүш үчүн берилген жер участогун бекитилген мөөнөт аралыгында пайдаланбоо. Жер участогун соодалоону уюштурууга байланыштуу жер участогун алып коюуда жердин менчик ээсине же жер пайдалануучуга жер участогунун нарк укугун төлөө менен чыгымдарын чегерүү жүргүзүлөт.
- Салык мыйзамында белгиленген жер салыгын берилген мөөнөт аралыгында төлөбөөсү;
- «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленген камсыздандыруу мөөнөт аралыгында төгүмдөрүн төлөбөөсү.

СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА БЮДЖЕТТИК БОЛЖОЛДОО

Экономикалык болжолдоо дегени эмне?

Экономикалык болжол түшүнүгү республиканын, облустун, райондун, калктуу пункттун (шаар, шаарча, айыл өкмөтү) социалдык-экономикалык өнүгүү багыттарына негизделген иштеп чыгуулар процесси. Экономикалык болжол экономиканын ар кандай секторундагы (өндүрүш, айыл чарба ж.б.) келечегинин максаттары жана багыттарынын өнүгүү негизиндеги маанилүү бирден бир каражаты болуп саналат. Анын жардамы менен бюджетти иштеп чыгууну кошкондо, тармактык жана регионалдык өнүктүрүү программаларын даярдоодо эске алынуучу регионалдык кырдаалдык комплекстүү талдоо, жүргүзүлөт. Эконмикалык болжолдоо төмөнкүлөргө бөлүнөт, узак мөөнөттүү, мисалы, Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн комплекстүү негиздер алкагындагы болжол тийиштүү. Орточо мөөнөттүү – кедейчиликти кыскартуунун Улуттук стратегиясынын чегиндеги болжол. Кыска

мөөнөттүү - жылы негизинде иштелип чыгуучу болжолдор (бюджетти иштеп чыгуу болжолу).

Аймактын жергиликтүү бюджеттик жана социалдык- экономикалык өнүгүүсүнүн экономикалык болжолдун ролу кандай?

Экономикалык болжолдун ролу региондордун потенциалынын (административдик-аймактын бирдигинин) жана аймактын киреше бөлүгүнүн негизинде чагылдырылат, бул регионалдык жана жалпы мамлекеттик экономикалык саясатын артыкылыктарын турмушка ашырууда негизги максаттарын жана багыттарын коррекциялоого мүмкүнчүлүк берет.

Регионалдык болжол Өкмөт үчүн регионалдык жана жалпы мамлекеттик экономикалык саясатты жүргүзүүдө негизги багыт болуп кызмат кылат. Азыркы мезгилдеги финансылык децентралдаштырууну ишке ашыруу процессин жана эки деңгээлдүү бюджетке өтүүнү эске алуу алганда экономикалык болжолдун ролу күчөтүлүүдө. Атап айтканда, экономикалык болжолдун көрсөткүчтөрү теңөө гранттарынын өлчөмүн баалоо үчүн жана жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын толук аныктоодо индикатор катары каралат. Андыктан, киреше потенциалын баалоонун экономикалык көрсөткүчтөрүнүн тийиштүү базасынын жоктугу өздүк кирешелер боюнча бурмалап көрсөтүлгөн маалыматтарына алып келиши мүмкүн, ал мамлекеттик бюджеттин кирешелерди калыптандырууда жана республикалык бюджеттин дефициттин көбөйтүүгө алып келет.

Аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолу үчүн кандай экономикалык көрсөткүчтөр негиз болуп саналат?

Аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолу үчүн эки көрсөткүч пайдаланылат: өндүрүү боюнча жана аткаруу боюнча эсептелүүчү ички дүң продукция (ИДП) жана регионалдык дүң продукция (РДП).

Жергиликтүү бюджеттин кирешесин калыптандырууда жана болжолдоодо негизги көрсөткүчтөр болуп төмөндөгүлөр болуп саналат; өнөр жайдагы, айыл чарбанын дүң продукциянын наркы; чекене товар жүгүртүүнүн жана акылуу кызматтар наркы; эмгек акы төлөө фонду.

Аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолунда мындай факторлор эске алынат, алар: табигый–климаттык шарттар, жана географиялык жайгашуусу, болгон ресурстарга жеткиликтүүлү (коммуникациялар, финансы, маалымат ж.б.); өндүрүштүк

инфраструктураны жайгаштыруу. Бул факторлор региондорду теңөө саясатын ишке ашыруу үчүн байкаларлык мааниге ээ болуп саналат, ал жерде региондордун үзгүлтүгүн кыскартуунун негизги каражаты катары төмөндөгүлөр пайдаланылат: теңөө гранттары; стимулдоочу (үлүштүк) гранттар; региондордун социалдык-экономикалык өнүктүрүү прграммалары; кошумча чыгашаларды компенсациалоо жолу менен тоолуу жана алыскы калктуу пункттарды колдоо.

Аймактар деңгээлинде кандай экономикалык көрсөткүчтөр негизги болуп саналат?

Аймактар деңгеелинде болжолдонуучу негизги экономикалык көрсөткүч болуп регионалдык дүң продукт (РДП) болуп саналат, алар:

- өнөр жайдын дүң продукциясы;
- айыл чарбанын дүң продукциясы;
- чекене товар жүгүртүү кызматтар көлөмү;
- калкка акы төлөнүүчү кызматтар көрсөтүү көлөмү.

Бюджеттин киреше болжолу кандай принциптерде түзүүлүгө тийиш?

Бюджеттик кирешенин түшүүлөрү жалпы макроэкономикалык кырдаалга таасирин тийгизет, ошондой эле маанилүү деңгээлде ага байланыштуу болот. Бюджеттин киреше бөлүгүнүн көрсөткүчүнүн болжолу – салыктык-бюджеттик саясаттын иштеп чыгуу процессинин маанилүү бөлүгү, андыктан себеби бюджеттик кирешелердин жыйынды түшүүлөрүнүн болжолдуу баалоосунун негизинде бюжеттик чаралардын пландоосу жүргүзүлөт.

Натыйжада, кирешелерди болжолдоо төмөндөгү принциптер негизинде түзүлөт:

- экономикалык көрсөткүчтөрүн болжолу, ал ички дүң продукт көлөмүнө, чекене товар жүгүртүүнүн көлөмүнө, калктын акчалай кирешелери жана экономикалык өсүү кирешелердин потенциалын чагылдырат;
- кирешелерди болжолдоо, кирешелер областындагы жалпы мамлекеттик саясатка негизделген фискалдык саясатты чагылдырат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде кирешелердин айрым түрлөрүн администрлөө боюнча. максаттуу багытталышын белгилейт;

- кирешенин болжолу аткаруу үчүн реалдуу болууга тийиш. Кирешелер боюнча негизделбеген ашыра жогору көтөрүүлөр болжолу бюджеттик дефициттин өзүн актабаган тобокелчиликтерге алып келет, себеби бюджеттин чыгаша бөлүгүн пландоо кирешелик түшүүлөр менен тыгыз байланышта турат.

Бюджет кирешелерин болжолдоонун кандай усулдары бар?

Эл аралык практикада кирешелерди болжолдоонун ар түрдүү усулдары жана ыкмалары жайылтылган, аларды шарттуу түрдө төмөндөгү түрлөргө бөлүүгө болот: моделдөө, болжолго синтетикалык ыкмасы, болжолдун комплекстүү усулу, эксперттик баалоо жана башкалар.

Бюджеттин кирешелерин болжолдоонун эң кеңири таралган ыкмаларынын бири (Кыргызыстандын шарттарында жана керектүү маалыматтардын жетишсиздигинде) төмөнкүлөр болушу мүмкүн: салыктын ийкемдүүлүгү негизинде болжолдоо; салыктын натыйжалуу ставкасына негизделген болжол; регрессиондук талдоо ж.б.

Кыргызыстанда бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолу эмнени билдирет?

Бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолу алдыдагы чыгашаларды бүтүндөй алганда жана ар бир тармак боюнча пландоо максаты менен келечектеги ресурстар көлөмүн жөнүндөгү түшүнүк алууга, мамлекеттик иш аракеттин артычылыктуу багыттарын так аныктоого, өзгөчө инвестициялык артыкчылыктуу долбоорлор бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик финансыын башкаруу каражатын билдирет.

Бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолу кийинки агымдагы кийинки агымдагы үчүн үч жылга түзүлөт жана агымдагы бюджеттик жылдын жана кийинки үч кийинки көрсөткүчтөр чагылдырылууга тийиш. Бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолу салыктык-бюджеттик саясат жана экономикалык кырдаал өзгөргөн шартта, жарым жылда бир жолудан кем эмес кайрадан каралып чыгат.

Бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолун иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кандай көрсөткүчтөр кызмат кылат?

Бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолун иштеп чыгуу экономикалык болжолдун көрсөткүчтөрүнүн негизинде ишке ашырылат.

Орточо мөөнөттүү болжол төмөнкү көрсөткүчтөрдү камтууга тийиш:

а) салыктын негизги түрлөрүн айырмалоо менен бюджет кирешелери жана башка кирешелер;

б) агымдагы чыгашаларды айырмалоо менен негизги чыгашалар тобу боюнча бюджеттин чыгашалары, өнүктүрүү бюджети (анын ичинде капиталдык салым, геологдук чалгындоочу иштер, илим ж.б.);

в) бюджет дефицити жана аны жабуу булактары.

Бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолу эмнеге пайдаланылат?

Бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолу кийинки жылга бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн аныктоо үчүн пайдаланылат.

Бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолун кароо жана колдоо жол жобосу кандай?

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги агымдагы жылдын 1-майынан кеч эмес Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн караштуу экономикалык саясат боюнча Кеңешке бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолун тапшырат. Кеңеш 12-майга чейин бюджеттин орточо мөөнөттүү болжолун карап чыгат, андан кийин аны Кыргыз Республикасынын Президентине колдоого берет.

Кыргызыстанда өлкөнүн социалдык- экономикалык өнүктүрүүсүнүн кандай программалары ишке ашырылат?

Кыргыз Республикасында экономикалык өнүктүрүүнүн чегинде бир нече программалар бар.

Өнүгүүнүн комлекстүү негизи (ӨКН) - бул эркиндик, адамдык кадыр-барк жана ар биринин бирдей мүмкүнчүлүктөрү принциптери башчылык кылган шарттарында Кыргызстан элинин саясий жана социалдык тынчылыгында, экономикалык жыргалчылыгында жетишүүгө багытталган узак мөөнөттүү стратегия. Өнүгүүнүн комплекстүү негизинин максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет: на-

тыйжалуу жана ачык айкын мамлекеттик башкаруу; коргоону камсыздоо жана адамдык өнүгүү, экономикалык өсүү.

Кедейчиликти кыскартуунун улуттук стратегиясынын (ККУС) негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет: натыйжалуу мамлекеттик башкарууну калыптандыруу; адилеттүү коомдун курулушу; туруктуу экономикалык өсүүнү камсыздоо; региондордун өнүгүүсү; өлкөнүн коопсуздугун камсыздоо; ККУС ишке ашырууда өнөктөштүккө катышуу жана ресурстук камсыздоо.

Өлкөнүн өнүгүү стратегиясы (ӨӨС) Кыргыз Республикасынын орточо мөөнөттүү болжолун 2006-2010-жылдарга өлкөнүн өнүгүүсүнүн жана ишмердигинин негизги багыттарын көрө алуучулугун аныктоочу маанилүү концептуалдык документ болуп саналат. Стратегия өлкөнүн мамлекеттик органдарынын бардык кызыккан тараптардын катышысуу менен иштелип чыккан жана 2006-жылы августта Кыргыз Республикасынын Улуттук Кеңешинде колдоого алынган. Стратегиянын жалпы максаты жарандардын турмуш деңгээлин жана сапатын жогорулатууну туруктуу экономикалык өсүү жолу, толук баалуу иш орду менен камсыз болуу үчүн шарттарды түзүү, жогорку жана туруктуу кирешелерди алуу, социалдык кызматтардын кеңири спектирине жеткиликтүүлүк жана курчап турган чөйрөдө ден-соолук үчүн жагымдуу жогорку турмуш стандарттарын сактоо болуп саналат.

7-ГЛАВА.
ФИНАНСЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

(бюджет, салыктар, казыналык)

БЮДЖЕТ

«Бюджет» термини кандай түшүндүрүлөт?

Бюджет өзүнүн багытталышы жана мазмуну боюнча мамлекеттин өнүгүүсү үчүн зор мааниге ээ. Бюджеттин жалпы мааниси (англ. Budget-баштык, капчык) – жалпы элдик элдик финансыга пайдалануучу, мыйзам менен же жергиликтүү өкүлчүлүк органдарынын чечимдери менен бекитилүүчү, тийиштүү бийлик органдарынын (мамлекетик жана муниципалдык) функцияларын жана милдеттерин тигил же бул деңгээлде калыптанууну камсыз кылуучу жана өлкөнүн мыйзамдарында каралган салыктар жыйноолор эсебинен, башка милдеттүү төлөмдөрдөн жана башка түшүүлөр эсебинен түзүлүүчү борбордоштурулган акча фонду түшүнүлөт.

Бюджет - мамлекеттин жана анын аймактарынын иштешинин негизи, мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарынын толук жана тикелей карамагында болгон акча каражаттарынын зор маанилүү булагы.

Бюджет - өлкөнүн негизги финансылык планы катары, бюджеттик мамилелердин катышуучуларын юридикалык укуктарын жана милдеттерин бекемдейт, финансы системасынын бардык звенолорунун иш-аракетин уюштурат жана координациялап турат. Чарбалык практикада бюджет мамлекет тарабынан финансылык жөнгө салуунун зор маанилүү каражаты катары каралат жана колдонулат.

Өз кезегинде, бюджет мамлекеттик (консолидацияланган) бюджеттин негизи болуп саналган республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден турган тийиштүү системага ээ.

Бюджеттик система жана анын структурасы түшүнүгү кандай?

Бюджеттик система бул экономикалык мамилелердин, мамлекеттик түзүлүштүн негизинде түзүлгөн жана укук нормалары менен жөнгө салынып туруучу ар түрдүү аймактык деңгээлдэрдин бюджеттеринин жыйындысы болуп түшүнүлөт.

Бюджет структурасынын мамлекеттик түзүлүш формасы ички мамлекеттик түзүлүш формасы менен өз ара байланыштуу. Бул мааниде бюджеттик структура бюджеттин түзүлүү, бюджеттин бекитүү жана аткарылуу процессинде калыптандырылган түрдүү аймактык түзүлүүлөрдүн ортосунда пайда болуучу мамилелердин жыйындысын билдирет.

Кыргыз Республикасынын бюжеттик системасы өлкөнүн мамлекеттик (консолидацияланган) бюджетине кирүүчү өз алдынча республикалык жана жергиликтүү бюджеттер түзүшөт. Бюджеттердин өз алдынчалуулугунун негизи болуп Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен бекитилген, бюджет системасынын бардык звенолорундагы жеке киреше булактарынын болуусу эсептелет. Ошентип, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы төмөнкүлөрдөн турат:

- мамлекеттик (консолидацияланган) бюджет - бюджет системасынын бардык бюджеттик деңгээлдеринин (республикалык жана жергиликтүү) жыйындысы болуп саналган, негизги финансылык түзүлүү планы жана анын акча каражаттарынын фондун пайдалануу жана мамлекеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасын билдирүүчү;
- республикалык бюджет – тиешелүү мыйзам менен бекитилген жана мамлекеттик бийлик органдарын каржылоо үчүн багытталган борбордоштурулган акча фондунан;
- жергиликтүү бюджет - өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерди жана функцияларды камсыздоо камсыздоо үчүн багытталган тийиштүү акча каражаттарын түзүлүү жана чыгашалоо формасын билдирет.

Албетте, бюджеттик система өзүнүн түзүлүү жана өнүгүү принциптерине ээ, алардын катарына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

- бюджет системасынын бирдиктүү принциби, ал акча системасынын, бирдиктүү бюджеттик кассиффикациянын, бирдиктүү бюджеттик жол-жобонун принциптерин колдонууну билдирет;
- бюджеттин деңгээлдер ортосунда кирешелерди жана чыгашалардын чектөө принциби, ал бюджет системасынын түрдүү субьекттери үчүн тийиштүү кирешелер түрлөрүн жана чыгашаларды ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарын бекемдейт;
- бюджеттердин өз алдынчалык принциби Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен бекитилген бюджет системасынын бардык звенолорунда өздүк киреше булактарынын бар экендигин карайт;
- бюджеттердин толуктук принциби Кыргыз Республикасынын бюджеттик жана салыктык мыйзамдары жана башка актылары менен

аныкталган бюджеттердин бардык кирешелери жана чыгашалары, ошондой эле башка милдеттүү төлөмдөр тийиштүү бюджеттерде милдеттүү жана толук чагылдырылууга тийиштүү.

- бюджеттин даректүүлүк жана максаттуулук принциби конкретүү максаттарга жана багыттарды каржылоо үчүн конкреттүү каражаттарды алуучулардын карамагына бөлүнүп берилет;
- бюджеттин ачыктык принциби бекитилген бюджеттердин жана отчеттордун аткарылышы жөнүндө жарыялоо менен камсыз кылынат.

Жергиликтүү бюджет деген эмне?

Жергиликтүү бюджет, Кыргыз Республикасынын мыйзамында бекитилген азыркы кездеги ата-мекендик түшүнүккө ылайык, айылдын, шаарчанын жана шаардын жергиликтүү коомдоштуктардын бюджетин, анын түзүлүшүн, бекитилүүсүн жана аткарылышын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырат.

Ошого карабастан, жергиликтүү бюджеттер, салттуу болгондой, өлкөнүн административдик-аймактык бөлүнүшү менен шартталган жана өз ара байланышкан, ошол себептен Кыргызстанда азыркы убакка чейин, алар төмөнкүдөй деңгээлдерге бөлүнүп келишкен:

- областык бюджет, райондордун жана областык маанидеги шаарлардын бюджетинен турган областык бюджет:
- райондук бюджет, райондук бюджеттен, районго караштуу шаарлардын, айылдык, шаарчалык бюджетинен турат;
- шаардык бюджеттен, шаардагы райондордун бюджетинен турган шаардык бюджет;
- шаарчалык жана айылдык бюджет.

Ошону менен бирге айта кетчүү нерсе, 2007-жылдан баштап бюджеттик өз ара мамилелердин 2 деңгелдүү системсасына (республикалык жана жергиликтүү бюджет) өтүүсү мүмкүн, анын мааниси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына: бюджеттерди башкаруу бобнча ыйгарым укуктарын өткөрүп берүү, ошондой эле өзүнүн аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жана бюджеттик потенциалын өстүрүүдө алардын ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу болуп саналат.

Жергиликтүү бюджеттердин структурасы кандай?

Жергиликтүү бюджет өзүнүн структурасы боюнча кирешелерден жана чыгымдардан турат. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери болуп салыктык, салыктык эмес жана башкача булактардан, ошондой эле

жергиликтүү бюджетке акысыз, кайтарымсыз негизде которуулардан келип түшүүчү акча каражаттары болуп саналат.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү бекитилген жана жөнгө салынып туруучу финансылык жардамдардын ар түрдүү формасындагы трансферттерден (гранттардын) жергиликтүү коомдоштуктардын финансылык колдоо каражаттар фондунунан, заемдук жана башка каражаттар кирешелеринен турат.

Бекитилген кирешелерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен туруктуу негизде жергиликтүү бюджеттерге толугу менен бекитилип берилген кирешелердин түрлөрү тийиштүү.

Өз кезегинде жергиликтүү бюджеттердин жөнгө салынып туруучу кирешелерине жергиликтүү бюджеттерге алдыдагы финансылык жылга жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка төлөмдөрдөн алынуучу чегерүүлөр, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен бекитилген узак мөөнөтөгү мезгилдеги кирешелер тийиштүү.

Жергиликтүү бюджеттердин чыгашалары жергиликтүү бюджетке түшкөн түшүүлөр жана жергиликтүү бийлик органдарынын милдеттери жана компентенцияларын финансылык камсыздоо багытталган акча каражаттары болуп саналат.

Бюджеттик процесс деген эмне?

Бюджеттик процесс деп, салттуу түрдө иштелип чыгуу жол жобосу стадиясынын баштап отчеттун аткарылгандыгы тууралуу бекитилүүгө чейинки бюджеттин түзүлүү жана аткарылышынын ырааттуу жыйындысы болуп түшүндүрүлөт.

Бюджетик процесс, мыйзам менен жөнгө салынган категория катары, бюджеттин долбоорлорун түзүү жана кароо жол жоболорун уюштуруу боюнча бюджеттик мамилелердин субьекттеринин өзгөчө иш аракетин, аларды бекитүү жана аткаруу, жана аларды аткаруу үчүн контролдукту көрсөтөт. Бюджеттик процесс тийиштүү мыйзамдар менен, аны ишке ашыруунун аныкталган тартибин регламенттейт.

Бюджеттик процесс белгилүү этаптарга же стадияларга бөлүнөт:

- бюджеттин долбоорлорун түзүү;
- бюджеттин долбоорлорун кароо;
- бюджетти бекитүү;
- бюджетти аткаруу;

- бюджеттин аткарылгандыгы жөнүндөгү отчетти даярдоо, кароо жана бекитүү.

Ар бир этаптын өзүнүн милдеттери бар, алардын бардыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында карлагандай сакталууга жана мөөнөттө аткарылууга тийиш.

Бюджеттик процесс жергиликтүү деңгээлде кандай болот?

Жергиликтүү бюджеттик процессти уюштуруу негизинде бардык деңгээлдеги бюджеттер үчүн тийиштүү жалпы принциптери болот. Ошондуктан да жергиликтүү бюджеттик процесс бюджеттик долбоорлорду түзүү жана кароо, жол-жоболорун уюштуруу боюнча аймактык субьекттердин бюджеттик мамилелеринин өзгөчө иш аракетин, аларды бекитүү жана аткаруу, ошондой эле аларды аткаруу үчүн контролдукту көрсөтөт. Демек, жергиликтүү бюджеттик процесстин баштапкы этабы жэргиликтүү бюджетин долбоорун түзүү саналат.

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүү боюнча иштер жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өздөрүнүн финансы органдары аркылуу жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү бюджеттин долбоорлорун тиешелүү органдардын жергиликтүү кеңештерине кароого берилет. Андыктан, жергиликтүү бюджеттин долбоорун кароо этабын алдын ала кароо стадиясында жергиликтүү кеңештин тиешелүү бюджеттик комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бөлүмдөрүнүн докладдарын угушат, бюджеттин кирешелерин жана чыгашаларын өзгөртүүгө тийиштүү болгон сунуштарды карайт, бюджеттин долбоорлору боюнча корутундуларды түзүшөт жана тиешелүү кеңештерге кароого берилет.

Жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү бюджеттерди бекитүү боюнча чечимдерди кабыл алуусу бюджеттик прцесстин кезектеги этабы болуп саналат. Бул этапта тийиштүү жергиликтүү кеңештер төмөнкүлөрдү бекитет:

- өзүнүн аймактык деңгээли боюнча кирешелердин жалпы суммасын жана агымдагы чыгашалардын жалпы суммасын, анын ичинен өзүнчө күнүмдүк чыгашалар бюджетин жана өнүктүрүү бюджетин, зарылдыгына карай чыгашалардан кирешелерди ашыруу өлчөмүн бөлүштүрүү менен;
- мыйзам менен бекитилген тартипте белгилүү аймактын киреше булактарын жана чыгашалар багытын;

- жергиликтүү бюджеттер боюнча жыл аягына жүгүртүүчү кассалык акчанын өлчөмүн.

Мындан тышкары, тиешелүү түрдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен менен каралган жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден алынган чегерүүлөрдүн ченемин, ошондой эле республикалык бюджеттен бөлүнгөн категориялык, теңөө гранттарынын суммаларын бекитишет.

Бекитилген жергиликтүү бюджеттер мыйзам менен бекитилген тартипте өзүнөн жогору турган аймактык деңгээлдин финансы органдарына бюджеттик жыйынтыктоого киргизүү үчүн берилет.

Бюджеттик процесстин акыркынын алдындагы стадиясы болуп жергиликтүү бюджеттерди аткарууну Казыналыктын регионалдык бөлүмдөрү, салыктык жана бажы органдары аркылуу бекитилген бюджеттердин негизинде түзүлгөн жергиликтүү финансы органдарынын кирешелеринин же чыгашаларынын жазылышына ылайык аткарылышы болуп саналат.

Мында белгилеп кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, өзгөчө учурларды кошпогондо, жогору турган органдардын жергиликтүү органдары тарабынан жүргүзүлүп жаткан бюджетти иштеп чыгуу жана бекитүү процессине кийлигишүүсүнө жол бербейт. Жергиликтүү кеңештер тарабынан жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден алынуучу чегерүүлөрдүн ченемдерин, ошондой эле гранттардын өлчөмүн сакталбагандыгы менен байланыштуу учурлар болуп саналат.

Бюджетик процесстин акыркы этабы жергиликтүү бюджеттин аткарылгандыгы жөнүндөгү отчеттордутүзүүжанабекитүүэсептелет. Бардык деңгээлдердеги жергиликтүү бюджеттердин аткарылгандыгы жөнүндөгү отчетторду тийиштүү финансылык органдар түзүшөт. Жергиликтүү кеңештерин бюджеттик комиссиялары бюджеттин аткарылгандыгы жөнүндө отчетту карашат, корутундуларды түзүшөт жана аларды тийиштүү кеңешке тапшырышат. Жергиликтүү кеңештер, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тапшырган отчеттору, ошондой эле бюджеттик комиссиялардын бүтүмдөрү жана докладдары боюнча отчетторду бекитишет.

Жергиликтүү бюджеттин аткарылгандыгы жөнүндөгү отчеттор Кыргыз Республикасынын финансы министирлигине жана анын аймактык бөлүмдөрүнө кийинки отчет үчүн жылдын 1-мартынан кеч эмес мөөнөт ичинде тапшырышат.

Бюджеттик процесстин катышуучулары кимдер болуп саналат?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бюджеттик процесстин катышуучулары болуп саналган субьекттердин, алардын функциялдык милдетине жана бекитилген бюджетине ыйгарырым укутарына жараша бюджеттик мамилелерге кирүүнүн тартиби жана ырааттуулугун бекитет.

Бюджеттик процесстин субьекттери же катышуучулары болуп төмөнкүлөр эсептелинет: Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, акча-кредиттик жөнгө салуу органдары; финансы контролдук органдары; жергиликтүү өз алдынчы башкаруу органдары; жана Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан бюджеттик жана башка ыйгарым укуктары жүктөлгөн башка органдар.

Ушуну менен бирге республикалык деңгээлде бюджеттик процесстин катышуучулары болуп төмөнкүлөр болуп саналышат: Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (анын атынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги), Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, республикалык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелер, Кыргыз Республикасынын Эсеп Палатасы, жарандар.

Жергиликтүү деңгээлде – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруу-тескөө органдары (айыл өкмөтү, шаар башкармалыгы, мэриялар); жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдүк органдары (жергиликтүү кеңештер); жергиликтүү финансылык органдар; жергиликтүү бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелер: жергиликтүү коомдоштуктар.

Бюджеттик классификация деген эмне?

Бюджеттик классификация – жалпы принциптерге байланыштуу бюджеттик дефицитти каржылоо булактарынын кирешелер жана чыгашалар топтому (группировкасы). Бюджетти аткаруу боюнча план жана отчетту түзүү үчүн колдонулат, бюджеттик структуранын бардык деңгээлдеринин көрсөткүчтөрүн салыштырууну камсыздайт (экономикалык классификация, функционалдык классификация, административдик классификация)

Бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын классификациясы бюджеттик классификациянын 7 түрүн өзүнө камтыйт.

I. Кирешелер боюнча операциялардын структурасынын классификациясы.

II. Мамлекеттик башкаруу органдарынын функцияларынын классификациясы:

III. Мамлекеттик чыгашалардын жана тындырууну эсептен чыгаруу үчүн ссудалардын экономикалык классификациясы:

IV. Каржылоо менен байланышкан операцияларынын классификациялык системасы (карыздык милдеттенме тиби боюнча).

V. Тындырылбаган карыз классификацияллык структурасы (карыздык милдеттенме тиби боюнча).

VI. Тындырылбаган карыз классификациялык структурасы (карыздык каражат тиби боюнча).

VII. Башкаруу органдарынын административдик класификациясы.

Бюджеттик классификацияга ылайык бюджеттин кирешелери боюнча төмөнкүдөй негизги бөлүктөр каралган:

- жалпы кирешелер;
- агымдагы кирешелер;
- салыктык жана салыктык эмес түшүүлөр;
- капитал операцияларынан алынуучу кирешелер:
- алынган расмий трансферттер.

Мамлекеттик, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн түзүлүшү кандай жана алардын айырмасы эмнеде?

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгү республикалык жана жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнөн турат.

Мамлекеттик бюджет.	Республикалык бюджет.	Жергиликтүү бюджет.
1.Салыктык түшүүлөр. (МСИ, МБИ);	1.Салыктык түшүүлөр. (МСИ, МБИ);	1.Салыктык к түшүүлөр. (МСИ);
2.Салыктык эмес түшүүлөр. (МСИ жана ж.б.);	2.Салыктык эмес түшүүлөр. (МСИ ж.б.);	2.Салыктык түшүүлөр. (МСИ жана ж.б.);
3.Капитал операцияларынан алынуучу кирешелер;	3.Капитал операцияларынан алынуучу кирешелер;	3.Капитал операцияларынан алынуучу кирешелер;
4.Расмий алынган трансферттер;	4.Расмий алынган трансферттер;	4.Алынган расмий трансферттер (теңөө жана категориялык гранттар ж.б.у.с.).

Мамлекеттик жана республикалык бюджет структурасы боюнча бирдей. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы айырмасы жергиликтүү бюджетте бажы органдары тарабынан жыйналган түшүүлөр эске алынбайт. Мындан тышкары, жергиликтүү бюджет дефитцитсиз бекитилет, ал эми республикалык бюджет дефицит менен да, профицит менен да бекитилиши мүмкүн.

Жергиликтүү бюджет кирешелерин калыптандыруу булактары кандай?

Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгү төмөнкү булактар эсебинен калыптанат;

- жергиликтүү салыктар жана жыйноолор;
- жер салыгы;
- жергиликтүү коомдоштук аймагында жайгашкан муниципалдык мүлктү, жерлерди ижарага берүүдөн алынган кирешелер;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген мамлекеттик алым өлчөмдөрү;
- мыйзамдарда бекитилген тартипте жергиликтү бюджеттер киреше бөлүгүнө кошулуучу атайын каражаттардын жергиликтүү карамагындагы бюджеттик уюмдардын кирешелери;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын менчигинде болгон мүлктү сатуудан же мүлктү акы төлөтүп ажыратуудан алынган кирешелер;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана бюджеттик мекемелер көрсөткөн акылуу кызматтардан алынган кирешелер;
- жарандык-укуктук, административдик жана кылмыштык жоопкерчилик чараларын колдонуу натыйжасында алынган каражаттар, анын ичинде, айыптар, конфискациялар жана мажбурлап чара колдонуудан алынган суммалар;
- оперативдик башкаруу же чарбалык башкаруу укугунда кайрадан түзүлгөн ишканалардын жана уюмдардын иштешинин биринчи беш жылында алынган салыктардын жана жыйноолордун бардык түрлөрү;
- жеке ишкерлерден түшүүчү патент үчүн төлөө түрүндөгү жеке киреше салыгы;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган өлчөмдөрдө мамлекеттик менчиктештирүү программасына ылайык жүргүзүлгөн

жергиликтүү өз алдынча башкаруу аймагында жайгашкан мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүдөн алынган кирешелер;

- мыйзамдарга ылайык жергиликтүү бюджетке, түшүүчү жыйымдар, төлөмдөр, кирешелер жана санкциялар түрүндөгү салыктык эмес төлөмдөр;
- жалпы мамлекеттик салыктардын бардык түрлөрү үчүн бирдиктүү ченемдер, ошондой эле ушул салык түрлөрү жана башка кирешелер боюнча салык органдары тарабынан салынуучу айыптардан, туумдардан жана башка санкциялар боюнча чегерүүлөр;
- башка салыктык эмес кирешелер жана акысыз которуулар.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик структурасындагы чыгашалык милдеттенмелер структурасы кандай?

Кыргыз Республикасында бюджетик функциялар боюнча ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүнүн төмөнкүдөй структурасы бекитилген:

1. Өкмөттүн фукциялары – республикалык бюджеттен каржылануучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чыгашалык милдеттенмелери;
2. аралаш функциялар – республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгашалык милдеттенмелери;
3. жергиликтүү функциялар – жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу жергиликтүү өз алдыгча башкаруу органдарынын чыгашалык милдеттенмелери.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тийиштүү мыйзам менен бекитилген гранттар аркылуу каржылоо жоопкерчилигин өзүнө алган чаралар каржыланат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган жергиликтүү бюджеттин каражаттары, башкача айтканда:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аппараттарын, регионалдык архивдерди ассигнованиелерди караган жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы ишканаларды, мекемелерди жана уюмдарды кармоого: билим берүү, социалдык камсыздандыруу жана социалдык камсыздоо; маданиятты, дене тар-

бияны, телекөрсөтүү, радиоуктуруу, басмалар, туракжай-коммуналдык чарба; айыл чарба, суу, токой чарба, балык уулоо жана аңчылык, транспорт;

- негизги топторго тийиштүү эмес башка чаралар;
- бюджеттик ссудаларды берүү жана тындырууга, мамлекеттик акцияларды алууга, муниципалдык менчикти менчиктештирүүгө байланыштуу болгон операцияларды эске алуучу чыгашалар.

Жергиликтүү бюджеттерге бюжеттик ссудалар ким тарабынан жана кандай шарттарда бөлүнөт?

Бюджеттик ссудалар бюджетти аткаруу процессинде биринчи кезекте чыгашаларды каржылоодо кыйынчылыктар пайда болгон учурларда берилет.

Жергиликтүү бюджеттерге бюджеттик ссуданы берүү жөнүндөгү чечим Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан кабыл алынат.

Кайсы статьялар корголгон статьялар категориясына кирет?

Бюджеттин корголгон статьялар категориясына төмөнкүлөр кирет:

- айлык акы;
- акчалай ыраазычылыктар;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөр;
- стипендиялар;
- медикаменттер жана таңуучу каражаттар;
- тамак-аш;
- пенсиялар;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна дотациялар.

Гранттар (трансферттер) деген эмне?

Гранттар (трансферттер) – бул жалпы мамлекетик саясаттын жана республикалык жана жергиликтүү бийлик ортосундагы артыкчылыктарды ишке ашыруу боюнча бюджеттик өз ара мамилелер системасы.

Кыргыз Республикасынын иш аракеттеги мыйзамдарына ылайык трансферттер же гранттар төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

- жергиликтүү деңгээлдеги мүнөздөгү аныкталган минималдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого багытталган категориялык гранттар;

- өзүнчө региондордун бюджеттери ортосундагы кирешелерди теңөө системасы катары багытталган теңөө гранттары;
- бюджеттик каражаттарды натыйжалуу чыгашалоону стимулдоо жана бюджеттик каражаттарды жана артыкчылыктуу багыттар боюнча жергиликтүү бюджеттердин чыгаша бөлүгүн жергиликтүү кирешелер булактары негизинде кош каржылоо үчүн каралган стимулдоочу (үлүштүк) гранттар.

Бул гранттардын ортосундагы айырма максаттуу камсыздоо боюнча жүргүзүлөт, мындай максаттуу гранттарга категориялык жана стимулдаштыруучу (үлүштүк) гранттар кирет. Ал эми максаттуу эместерге теңөө гранттары тийиштүү.

Категориялык гранттар аркылуу жергиликтүү деңгээлдеги белгилүү мүнөздөгү кызмат көрсөтүүнүн минималдык деңгээли каржыланат. Категориялык гранттар билим берүү тармагына көрсөтүлгөн кызматтардын минималдык деңгээлин камсыздоо жана билим берүү тармагынын кызматкерлеринин айлык акысын каржылоого жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөр үчүн бөлүнөт.

Өз кезегинде, стимулдоочу гранттар бюджеттик каражаттарды оптималдуу жана натыйжалуу чыгашалоо максатында жергиликтүү органдарды сыйлоого багытталган.

Теңөө гранттары республиканын айрым региондорунун бюджеттери ортосундагы кирешелерди теңөө үчүн багытталган жана социалдык чөйрө кызматтарын каржылоо маселесинде жергиликтүү бийлик органдарынын туруктуу экономикалык абалын колдоо үчүн колдонулат.

Теңөө гранттары экономикалык начар аймактарга белгиленет, ал республикалык түрдүү региондорунун бюджеттеринин ортосундагы кирешелерди теңөө үчүн багытталат жана өздөрүнүн чыгашаларын жеке кирешелеринин эсебинен жаба албай турган региондор үчүн каралган. Республиканын төмөнкү региондору Бишкек шаары, Ош, Чүй, жана Ысыккөл областары теңөө гранттарын ала алышпайт, себеби алардын кирешелери бюджет бекиткен чыгашаларды жабууга мүмкүнчүлүк берет.

Бюджеттик жыл деген эмне?

Бюджеттик жыл – бул мамлекет же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирешелерин жана чыгашаларын пландаштырган мезгил. Кыргыз Республикасында бюджеттик жыл бир календардык жылга, б.а. 1-январдан 31-декабрга (кошо эсептегенде) чейинки мегилге барабар. (Мисал

үчүн АКШда бюджеттик жыл 1-октябрдан баштап 30-сентябрга чейин, Японияда 1-апрелден 31-мартка чейин).

Жергиликтүү бюджеттерде резервдик фонддор түзүлүшү мүмкүнбү?

Жергиликтүү бюджеттерде алдын ала каралбаган чыгашаларды жабуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгашаларынын көлөмүнүн 1% чейинки чегинде (резервдик фондду эсепке албаганда) резервдик фонддор түзүлүшү мүмкүн.

Бюджеттик мекемелердин эмкек акысын төлөө фондунун түзүлүү тартиби кандай?

Бюджеттик мекемелердин эмгек акысын төлөө фонду Кыргыз Республикасынын бекитилген нормативдик укуктук актыларына ылайык түзүлөт. Башкаруу органдарында эмгек акысын төлөө фонду бекитилген пландаштырылган жылга жогору турган уюмдар тарабынан штаттык расписаниенин негизинде аныкталат, эгер жогору турган уюм жок болсо, мекеменин жетекчиси тарабынан аныкталат. Жыл башындагы жана жыл аягындагы кызматкерлердин саны аныкталат жана анын негизинде кызматкерлердин жылдык орто эсеби чыгарылат. Кызматкерлердин санынын жылдык орто эсеби аныкталгандан кийин, мекеменин штаттык расписаниесинде каралган ылайыктуу кызмат орду боюнча эмгек акысынын фонду жөнүндөгү маалыматтардын негизинде эмгек акысынын орто пландык ставкасы аныкталат.

Социалдык чөйрө мекемелеринде эмгек Бирдиктүү тарифтик торчосунун (БТТ) негизинде аныкталат, ага ылайык тарификациялык тизме түзүлөт, адистиги боюнча эмгек стажы, жылдык иш жүгүнүн жана орточо айлык ставкасынын өлчөмү чагылдырат.

Мугалимдер үчүн «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталган жана Бирдиктүү тарифтик торчосунун (БТТ) негизинде билими, педагогикалык стажын, аттестациянын жыйынтыктарын ж.б. эске алуу менен эмгек акы өлчөмү белгиленет. Ошону мене бирге жергиликтүү ө алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджет каражаттар эсебинен мугалимдердин айлыгына ар бир категориялар чегинде эмгек акыга кошумча акыларды жана кошумча төлөөлөрдү белгилей алышат.

Экономикалык классификация статьялары боюнча бюджеттик мекемелердин жалпы чыгашаларын аныктоо тартиби кандай?

Бюджеттик мекемелердин сметасы боюнча чыгашалардын көлөмүн аныктоонун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп экономикалык классификация эсептелет (мектептердеги, ПТУдагы окуучулардын, балдар бакчасындагы балдардын мектеп-интернаттардагы тарбиялануучулардын саны ж.б.) Ушул маалыматтардын негизинде жылдык орто контингент аныкталат.

Бюджеттик мекемелердин негизги чыгашаларынын бири болуп "Эмгек акы" 1101 статьясы боюнча чыгашалар болуп эсептелет. Социалдык чөйрө мекемелеринде билимине, эмгек стажысына, эмгек акысынын ставкасына жараша болот. Мында, биринчи кезекте, окуган топтор санынан (окуу жайларда), класс-комплекттерден (мектептерде), класс-комплекттерге төлөнүүчү сааттардын санынан жана бирдиктүү тарифтик торчонун негизинде аныкталуучу педогогикалык сааттын орто акысынан байланыштуу болгон педогогикалык персоналдын эмгек акысынын фонду аныкталат. Окуу жылынын башталышына жылдык окуу жүгүнө жана мугалимдердин окуу жылындагы айлык орто ставкасынын көлөмүн аныктоо үчүн негизги документ болуп саналуучу тарификациялык тизме түзүлөт.

Штаттык расписаниенин негизинде аныкталуучу окуу-көмөкчүлүк, административдик-тейлөөчү жана башка персоналдар үчүн эмгек акы бөлөк эсептелет. Кызматкерлердин жылдык орто саны, ошондой эле мекеменин штаттык расписаниенде каралган тиешелүү кызматтар боюнча эмгек акысынын жөнүндөгү маалыматтар негизинде аныкталуучу эмгек акысынын орто ставкасы аныкталат.

1211 статьясы бонча эмгек акы фондунан социалдык фондго чегерүүлөр жүргүзүлөт.

Бюджеттик мекемелерде ошондой эле башка статьялар боюнча да чегерүүлөр жүргүзүлөт, алар:

- "Өлкөнүн ичинде, чет өлкөгө барган иш сапарына чыгашалар" – 1311, 1312. Көрсөтүлгөн максатка ассигнованиелер, эреже катары, мурдагы жылга пландаштырылган суммадан жогору болбоосу керек. Барып келүүлөрдүн тизмеси боюнча, күнүмдүк чыгашалар нормасы, мейманканада жашагандыгы жана жол акысы үчүн төлөөлөр аныкталат;
- "Жабдуулар жана материалдар" – 1321. Бул статья боюнча пландаштырылган жылдагы баадан тышкары, инвентарь, жабдуулар, эмеректер, транспорт каражаттарына болгон инвентарларды жана же жабдууларды эске

алуу менен, сатып алууга белгиленген жаңы жабдуулардын тизмесинин чыгашалары пландаштырылат;

- "Медикаменттер" – 1322. Чыгашалар түрдүү дарылануу профилинде оорулуулардын (дарыланган шарт) санына жана медикаменттердин белгиленген нормасы боюнча аныкталат.
- "Тамак-аш" – 1323. Чыгашалар балдар, окуучулар, оорулуулар ж.б. келүү күндөрүнүн санына жана тамк-аш нормаларына жараша аныкталат. Мисалы, тамак-ашты эсептеп чыгаруу үчүн балдардын мектепке чейинки мекемелериндеги жылдык орто контингенти, 1 баланын тамактануу күнүнүн орточо саны, бул маалыматтар көбөйтүлөт жана, ошентип, балдар-күндөрү аныкталат. Өз кезегинде балдар-күндөрү баланын 1 күндүк тамак нормасына көбөйтүлөт;
- "Буюмдук мүлк" – 1324. Чыгашалар негизинен күч структуралары үчүн аныкталат жана аталышы боюнча формалуу кийимдер санына жана сатып алуулар баасына байланыштуу болот;
- "Коммуналдык кызматтар" – 1334-1339. Бул статьялар боюнча чыгашалар, белгиленген керектөөнүн материалдык нормаларына жана иш аракеттеги мамлекеттик бааны жана тарифтерди алуу менен жылуулукка, жарык кылууга, суу пайдаланууга, газга өзгөчө эсептер жүргүзүлөт;
- "Транспорт" – 1333. Бул статья боюнча кызматтык транспорту жалдоого жана кармоого чыгашалар аныкталат;
- "Башка кызматтар" – 1341. Бюджеттик классификациянын башка статьялары боюнча классификацияланбаган сатып алууларга жана кызмат көрсөтүүлөргө чыгашалар аныкталат. Буларга майда чарбалык жана кеңселик (канцелярииялык) буюмдар, операциялык чыгашалардын бир бөлүгү ж.б тийиштүү;
- "Капиталдык ремонт" – 4004. Имараттардын, курууларлардын капиталдык ремонтуна ассигнованиелер түзүлгөн дефекттик актыларга жана бааларга ылайык, биринчи кезекте аткарылууну талап кылган иштердин тизмесинин негизинде аныкталат.

"Атайын каражаттар" деп эмне түшүнүлөт?

Атайын каражаттар болуп бюджеттик мекемелердин ассигнованиелерден тышкары мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды алуу болуп эсептелет.

Бул каражаттар мамлекеттик бюджетке кошулат жана бюджеттин кирешe жана чыгашалоо бөлүктөрүндө өзүнчө бөлөк сап менен бөлүнөт.

Атайын каражаттарга бюджеттик мекемелердин продукциясын сатуудан, жумуш аткаруудан, же башка иш-аракетти жүзөгө ашыруудан алган кирешелер тийиштүү.

Атайын каражаттар максаттуу багытталышы боюнча чыгашаланат.

Атайын каражаттарды алуу укугу, эгер продукцияны сатуу менен байланыштуу жумуш аткаруу, кызмат көрсөтүү же башка иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу менен байланышкан чыгашаларды алынуучу кирешелерди толугу менен камсыздаса, ошондой эле атайын каражаттарды түзүү жана пайдалануу боюнча негизделген эсептерди көрсөтүү шарттарда көрсөтүлөт.

Атайын каражаттар уруксат берүүлөр болуусунда гана түзүлөт.

Атайын каражаттар боюнча эсептерди ачууга уруксат берүүлөр киреше булактарын жана аларды чыгашалоонун максаттарын аныктоо менен төмөнкүлөргө берилет:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрилиги тарабынан республикалык бюджетте турган мекмелерге;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансы башкармалыктары (бөлүмдөрү) тарабынан – жергиликтүү бюджеттерде турган мекемелерге;

Атайын каражаттарга ээ бюджеттик мекемелер жыл сайын атайын каражаттардын ар бир түрү боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрилиги тарабынан белгиленген нормаларга жана тартипке ылайык сметаларды түзүшөт жана аларды бюджеттик мекеменин чыгашалар сметасынын долбоору менен бирге жогору турган органдарга тапшырат.

Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттарынын сместаларынын негизинде жогору турган органдар атайын каражаттардын жыйынтыктоочу сметаларды түзүшөт.

Атайын каражаттардын сметаларын (жыйынтыктоочу сметаларын) бекитүү төмөнкүлөр боюнча жүргүзүлөт;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрилиги тарабынан - республикалык бюджетте турган мекемелер боюнча;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансы башкармалыктары (бөлүмдөрү) тарабынан – жергиликтүү бюджетте турган мекемелер боюнча.

Атайын каражаттарды сметасы бекитилгенге чейин атайын каражаттарды чыгашалоого тыюу салынат. Эгер бюджеттик мекеме тарабынан бекитүүгө берилген атайын каражаттардын сметасы 1-январга чейин бекитилбесе, тапшырылган сметадагы көрсөтүлгөн сумма чегинде бюджет каражаттарын которуу шартында жылдык чыгашалар суммасынын айына

он экиден бир бөлүгүнөн жогору эмес, 1-апрелден кеч эмес убакытта чыгашалоого уруксат берилет.

Бюджеттик мекемелер бекитилген смета жана атайын каражаттардын ар бир түрү боюнча кирешелердин фактылай түшүүлөрү боюнча атайын каражаттардын чыгашалоого милдеттүү. Атайын каражаттар сметанын иш аракети 31-декабрда токтотулат. Атайын каражаттардын жыл аягында атайын эсепте түзүлгөн калдыктары кийинки жылдын атайын каражаттарынын тиешелүү түрүнүн сметасынын киреше бөлүгүнө которулат.

Бюджеттик мекемеге атайын каражаттардын бардык түрүнө бир атайын эсеп ачылат.

Казыналык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын макулдашуусу менен, Бишкек шаарынын, Кыргыз Республикасынын башка шаарларында жана айылдарында мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынын финансылык операцияларынын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын агенти катары иш аракеттеги коммерциялык банктардын регионалдык бөлүмдөрүн аныктайт. Мындай банк-агенттерде бюджеттик катары жана бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары катары эсепке алынат.

Эгер мекемелерде бир күндө 5000 сомдон жогору суммадагы атайын каражаттар боюнча операциялар жүргүзүлсө, анда башка акчалай каражаттарды күн сайын, ал эми көрсөтүлгөн суммадан төмөн болсо анда 3 күндүн аралыгында тапшырып туруусу керек, мында бул каражаттарды агент-банкка тапшырганга чейин бул каражаттарды пайдаланууга уруксат берилбейт.

Атайын каражаттарды кыскартуу алардын түзүлүшүнө уруксат берүү укуктуу болгон орган тарабынан жүргүзүлөт: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан республикалык бюджетте турган мекемелер жана аймактык финансы башкармалыктары (бөлүмдөрү) тарабынан жергиликтүү бюджете турган мекемелер.

Атайын каражаттарды чыгашалар статьялары боюнча жылдыруу жүргүзүүгө жол берилеби?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгилүү органдардын уруксаты менен операциянын мындай түрүнө жол берилет. Атап айтканда, сметалык каражаттарды атайын каражаттардын бир түрүнүн сметасынан атайын каражаттардын башка түрүнүн сметасына жана атайын каражаттар-

дын бир түрүнүн системасынын ичинде чыгашалардын статьяларынын ортосундагы каражаттарды макулдашуу боюнча жылдырууга болот:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин макулдашуусу менен республикалык бюджетте турган мекемелер боюнча;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынын финансы башкармалыгынын (бөлүмдөрүнүн) макулдашуусу менен жергиликтүү бюджетте турган мекемелер боюнча.

Кайсы мамлекеттик орган жергиликтүү бюджеттердин аткарылышын текшерүүнү жүргүзүүгө укуктуу?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүн жана аткарылышын текшерүүнү Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасы тарабынан жүргүзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттин аткарылышын контролдоо деген кандайча жүргүзүлөт?

Жергиликтүү бюджеттин аткарылышын контролдоо бюджеттик процессти бюджетти башкарууга жана жоопкерчиликтүү мамиле кылууга өбөлгө болуучу манилүү каражаттардын бири болуп саналат. Контролдоону ишке ашыруу формасы жана контролдоочу субьекттери боюнча айырмаланат. Атап айтканда, төмөнкүлөр боюнча айырмаланат:

- мамлекеттик контролдоо, качан мамлекеттик бийлик органдары өздөрүнүн институттары аркылуу тигил же бул максаттар үчүн бөлүнгөн каражаттардын чыгашаланышын контролдойт;
- жергиликтүү контролдоо, качан жергиликтүү өз алдынча башкаруулар өздөрүнүн өкүлдүк органдары аркылуу жергиликтүү бюджеттин аткарылышын контролдойт;
- коомдук контролдоо, коомдоштук бюджеттин аткарылгандыгы жөнүндө отчетту угуу демилгесин көтөргөн учурда.

Контролдоо формасы боюнча айырмаланат:

- алдын ала жүргүзүлүүчү контролдоо, жергиликтүү бюджеттин долбоорун даярдоо, талкуулоо жана бекитүү стадиясында ишке ашырылат;
- агымдагы текшерүү, депутаттардын сурамдарына ж. б. байланыштуу жумушчу топтордун туруктуу комиссияларынын отурумдарында

жергиликтүү бюджеттин аткарылышынын жүрүшүнүн мөөнөттөрү жана айрым маселелерди кароо боюнчаишке ашырат;

- кезектеги текшерүү, жергиликтүү бюджеттин аткарылгандыгы жөнүндөгү отчетторду угуу жана бекитүү формасында өткөрүлөт.

Жергиликтүү бюджеттин аткарылышын контролдоо укугу Конституция боюнча жергиликтүү кеңештерге таандык. Алар төмөнкүлөргө укуктуу:

- жергиликтүү бюджетти кароодо жана бекитүүдө жергиликтүү бийликтин аткаруу органдарынан керектүү материалдарды алууга;
- бюджетти аткарып жаткан органдардан бюджеттин аткаруу тууралуу агымдагы маалыматтарды алууга;
- бюджеттин аткарылгандыгы жөнүндөгү отчетту бекитүүгө же бекитпөөгө;
- жергиликтүү бюджеттин аткарылышына жооптуу болгон органдардын жана кызмат адамдарынын ишмердүүлүгүн баалоого.

Жергиликтүү бюджеттин балансталбоосу, ошондой эле бюджеттин тийиштүү эмес аткаруусуна жана финансылык тартиптин бузуулар үчүн жоопкерчиликти ким тартат?

Жергиликтүү бюджеттин балансталбоосу менен байланыштуу пайда болгон милдеттенмелер боюнча жоопкерчиликти жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары жооптуу болушат. Бюджетти аткарууга байланыштуу бюджеттик каражаттарды чыгашалоо үчүн, финансылык тартипти бузуулар үчүн жана милдеттенмелердин аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчилик кызмат адамдарына - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынын жетекчилерине жүктөлөт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана укук бузуунун оордугуна жараша дисциплинардык, административдик, жарандык-укуктук жана кылмыштык жоопкерчиликке тартылуусу мүмкүн.

САЛЫКТАР

Салыктар жана жыйымдар деген эмне?

Салыктар – борбордук же жергиликтүү ачык бийлик органдары тарабынан юридикалык же жеке адамдардан бир жолку же үзгүлтүксүз негизде кайтарымсыз жана милдеттүү төлөмдөрдү алуу.

Салыктардын мүнөздүү белгилери болуп төлөмдөрдүн милдеттүүлүгү жана кайтарымсыздыгы болуп эсептелет, өз кезегинде төлөөчү төлөгөн салык үчүн эч кандай материалдык же башка укуктарды албастан мамлекет тарабынан бекитилген төлөмдөрдү төлөөгө милдеттүү.

Салыктар мамлекеттик (республикалык жана жергиликтүү) бюджеттин пайдасына юридикалык жана адамдардын кирешелеринен (жүгүртүүчү) алынуучу милдеттүү төлөмдөр болуп эсептелет. Жыйналган салыктар, салык мыйзамдарына ылайык, тиешелүү бюджетке - республикалык же жергиликтүү биргелешкен, мамлекеттик бюджетти түзгөн бюджетке киргизилет.

Жыйымдар – бул мамлекет тарабынын бекитилген, жана мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары жана башка ыйгарым укуктуу органдары, ошондой эле кызмат адамдары тарабынан көрсөтүлүүчү юридикалык жана жеке адамдардан алынуучу белгилүү кызматтар үчүн бир жолку мүнөздөгү милдетүү акчалык төгүмдөр болуп саналат.

Жыйноолордун айырмасы – эгер салыктар бюджеттик фондго түшсө, ал эми жыйноолор, максаттуу мүнөзгө ээ жана эреже катары максаттуу акча фондун түзүшөт.

Түз жана кыйыр салыктар деген эмне?

Түз салыктар – салык төлөөчүлөрдүн кирешесинен же мүлкүнөн тикелей төлөнүүчү салыктар (мисалы: жеке адамдардан кирешесине жараша алынуучу салык, юридикалык жактардан киреше салыгы).

Кыйыр (керектөөчүлүк) салыктар – салык төлөөчүнүн кирешелери же мүлкү менен тикелей байланыштуу эмес, товарларга, иштерге жана көрсөтүүчү кызматтар баасына, тарифке кошумча түрүндөгү бекитилген салыктар (мисалы: КНС, калкка акылуу кызмат көрсөтүү үчүн жана чекене соодадан алынуучу салык ж.б.).

Салыктардын негизги функциялары кандай?

Салыктар, экономикалык категория катары, мамлекеттин болуусу менен тарыхый байланыштуу, себеби салыктар мамлекеттин пайда болушу менен жалпы мамлекеттик милдеттерди жана функцияларды аткаруу боюнча кеткен чыгашаларды жабуу каражаты катары пайда болгон.

Салыктык функцияларды схемалык түрдө төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

Ар бир функция аныталган максаттарга багытталган:

- фискалдык функция, бюджеттердин киреше бөлүктөрүн бардык деңгээлдерин түзүү үчүн багытталган;
- бөлүштүрүүчү функциялары ар түрдүү субьектер, экономиканын тармактары, региондор жана жалпы мамлекеттин ортосунда салыктык төлөмдөрү бөлүштүрүүдө чагылдырылат;
- жөнгө салуучу функция мамлекеттин экономикалык жана социалдык процестерге активдүү таасир тийгизүүсүнө багытталган;
- социалдык функция кирешелердин жана жашоо деңгээлин белгилүү теңөө жолу менен жарандардын конституциялык укутарын коргоого камсыздоого багытталган;
- контролдоочу функция ар бир салыктын натыйжалуулугун баалоо үчүн багытталган.

Азыркы учурдагы салык структурасында салык алуунун кандай жолдору колдонулат?

Салык структурасында салык алуунун бир нече жолдору колдонулат. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- кадастрдык ыкма, тышкы белгилери боюнча классификацияланучу, салык алынуучу бир нече обьекттер тизмесин камтыган, реестерге негизделген (жер участкасынын өлчөмү, башка кыймылсыз мүлк ж.б.);
- субьекттин киреше алганга чейин салык алынуусу, киреше төлөмдөр булактарынан алынуусу (мисалы, киреше салыгынан алынуучу салыкты эсептеп чыгаруу);

- декларациялык ыкма, качан салык төлөөчүнүн жыл ичиндеги бардык алынган кирешелери жөнүндө декларациясын тапшырылгандан кийин салык алуу ишке ашырылат;
- кирешени чыгашалоо учурунда алуу, башкача айтканда,. сатып алынып жаткан учурда алынуу жүргүзүлөт (жүгүртүүдөн, сатуулардан алынуучу салык);
- керектөө учурундагы алуу, мисалы үчүн, авто транспорт каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык;
- административдик ыкма – салык органдары мүмкүн болуучу кирешени ашыкча эсептешет жана потенциалдуу кирешеге таандык кирешеден алынуучу салыкты эсептеп чыгышат.

Салыктар кандайча классификацияланат?

Жалпыга белгилүү, салыктар төмөндөгүдөй түрдө классификацияланат:

1) Бекитүүчү жана тескөөчү органдын деңгээли боюнча салыктар: жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү болуп айырмаланат;

2) Салык төлөөчүлөрдүн түрлөрү боюнча салыктар төмөнкүлөргө бөлүнөт: юридикалык жактардан алынуучу салыктар; жеке адамдардан алынуучу салыктар;

3) Салыкты алуу ыкмалары боюнча төмөнкүлөргө бөлүнөт: түз салыктар, жарандардын кирешелеринен же мүлкүнөн же юридикалык жактан алынат жана алар тикеден тике төлөшөт, кыйыр салык алуу товардын баасына кошумча көбөйтүү жолу менен алынат (адатта кеңири керектелүүчү товарларга) жана, ошону менен, алынуучу салык товарларды сатып алуучуларга жүктөлөт;

4) Салык алуу обьекттери боюнча төмөнкү салыктарга бөлүнөт: белгилүү иш аракеттердин аткарылышы үчүн мүлктөн алынуучу кирешелер; (жарандык-укуктук келишимдер ж.б.у.с.); ренталык; керектөөчүлүккө; бажы чек-аралары аркылуу товарларды алып кирүүгө жана алып чыгууга;

5) Бухгалтердик эсепте чагылдыруу тартиби боюнча салыктар төмөнкүлөргөбөлүнөт: товардын баасын көтөрүүгө тийиштүү (иштер, кызмат көрсөтүүлөр), башкача айтканда кыйыр салыктар; продукциянын өздүк наркына тийиштүү (чыгашалар); финансылык тийиштүү натыйжаларынан (жеке адамдардын кирешелери менен, капитал кирешелеринен алынуучу накталай пайда) накталай пайда эсебинен төлөнөт.

6) Пайдалануу мүнөзү боюнча төмөнкү белгилери боюнча айрымалашат: жалпы салыктар бюджеттердин түрдүү деңгээлиндеги жалпы салыктарын өз бетинчелигинен ажыратуу; бюджеттик эмес фонддорго атайын, максаттык түшүүлөрдүн түшүшү;

7) Салыкты алуунун мезгилдүүлүгү боюнча төмөнкүдөй болушу мүмкүн: үзгүлтүкүү жана үзгүлтүктүү эмес.

Кыргыз Республикасында кандай салыктар алынат?

Кыргыз Республикасында төмөнкүдөй салыктар алынат:

- салык алынуучу обьекттерге, салык төлөөчүлөргө салык ставкасы Кыргыз Республикасынын Салык кодекси менен жыйноо методдору менен аныкталган жалпы мамлекеттик салыктар;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык жергиликтүү кеңештер тарабынан колдонулуучу жергиликтүү салыктар.

Жалпы мамлекеттик салыктарга төмөнкүлөр кирет:

1) жеке адамдардын кирешесинен алынуучу салык;
2) юридикалык жактардын кирешесинен алынуучу салык;
3) кошумча наркка салынуучу салык;
4) акциздик салык;
5) жер салыгы;
6) төлөнгөн пайыздарга алынуучу салык;
7) Кыргызыстандагы туруктуу мекемеси менен байланыштуу болбогон резидент эместердин кирешесинен алынуучу салык;
8) автомобиль жолдорун пайдалануу үчүн алынуучу салык;
9) өзгөчө кырдаалдары алдын алуу жана жоюу фондуна чегерүүлөр.

Жергиликтүү салыктарга, салык мыйзымдарындагы акыркы өзгөртүүлөргө чейин төмөнкүлөр тийиштүү:

1) курорт салыгы;
2) жарнама салыгы;
3) ит ээлеринен алынуучу жыйноо;
4) коммерциялык максатта өткөрүлүүчү жергиликтүү аукциондорду жана лотереяларды, конкурстарды жана көргөзмөлөрдү өткөрүү укугу үчүн алынуучу жыйым;
5) автоунааны токтоочу жайга коюу (парковкалоо) үчүн жыйыам;
6) жергиликтүү символиканы пайдалануу укугу үчүн алынуучу жыйым;

7) товардык-сырьелук биржаларда өткөрүлүүчү келишимдерден алынуучу жыйым;

8) калктуу пункттар аймагынан таштандыларды алып чыгаруу үчүн жыйым;

9) теплица шарттарында гүл өстүрүүчү жана аларды калкка сатууларды жүргүзгөн жарандардан алынуучу салык;

10) мейманканалык салык;

11) аңчылык (мергенчилик) жана балык уулоо укугуна салынуучу салык;

12) алыскы чет өлкөгө баруучу туристтерден алынуучу салык;

13) көрмөсалондордон жана концерттик оюн-зоок чараларынан алынуучу салык;

14) элге акылуу кызмат көрсөтүүдөн жана чекене соодадан алынуучу салык;

15) өндүрүштүк жана соода-тиричилик аянттарды же алардын бөлүктөрүн пайдаланбагандыгына салынуучу салык;

16) транспорт каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык.

Азыркы учурда жергиликтүү салыктардын саны бир кыйла кыскартылган. Ошону менен бирге, салык мыйзамында жергиликтүү салыктардын жана жыйыдардын мурунку санынын 8и гана калды. Алардын ичинде: курорттук салык; жарнамага салык; автотранспортту токтоочу жайга койгондугу үчүн жыйым; калк жашоочу пункттардын аймагынан таштандылардан алып чыгуудан жыйым; мейманкана салыгы; калкка акылуу кызмат көрсөтүүдөн жана чекене соодадан алынуучу салык; транспорт каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык, ошондой эле кыймылсыз мүлккө салынуучу салык.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык алынуучу жогоруда аталган салыктардан тышкары, республиканын мыйзамдары менен бекитилген төлөмдөр каралган: МСБ өнүктүрүү жана кайра өндүрүүгө чегерүүлөр, жерге ижаралык төлөө, мамлекеттик бажы салыгы, башка салыктык эмес төлөмдөр.

Анын ичинде, белгилеп кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасындагы иш аракеттеги бардык салыктар, өзүнүн мааниси боюнча, жөнгө салынып туруучу болуп саналат, башкача айтканда бекитилген мыйзамдарга ылайык бюджеттин түрдүү деңгелдеринин ортосундагы каражаттарды бөлүштүрүү ченемине ылайык бөлүк-бөлүк ажырап кетет (мисалы: өлкөнүн 2006-жылынын бюджетинде жалпы мамлекеттик салыктар республикалык бюджетке – 65%, жергиликтүү бюджетке 35% өлчөмүндө келип түшөт).

Бекитилген салыктар – бул жергиликтүү салыктар жана жыйымдар жергиликтүү бюджетке 100% келип түшөт.

Кыргыз Республикасынын аймагында салыктарды киргизүү же алып таштоо укугуна жалгыз гана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ээ.

Жергиликтүү салыкты төлөө жана эсептеп чыгаруунун тартиби кандай?

Жергиликтүү салыктын төлөө жана эсептеп чыгаруу жана жыйымдар тартибин жергиликтүү бийлик органдары аныктайт. Бул төлөмдөрдүн суммасын бекитилген ставкаларга карай ар бир салык түрү, жыйнам жана салык салуу обьекттери боюнча эсептеп чыгарылат. Жер салыгын төлөө жана жыйноо мөөнөтү, төлөм өлчөмү жана салык салуу обьекттеринин түрүнө байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары белгилейт.

Жергиликтүү салыктар жана жыйымдар суммасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бекитилген райондун райондук бюджеттерине, шаардыкы шаардык бюджетине чегерилет.

Жеке киреше салыгын кандай түшүнөбүз?

Жеке киреше салыгын – календарлык жыл аралыгында алар алган жеке адамдардын кирешелеринен алынуучу салык. Жеке киреше салыгы салык жалпы мамлекеттик салык жана жалпы ставкасы боюнча Кыргыз Республикасынын бардык аймактарынан алынат.

Жеке киреше салыгын төлөөчү ким болуп саналат?

Жеке киреше салыгынын төлөөчүлөр бардык жеке адамдар - инвестиция жана экономикалык иш-аракеттерден иштеген киреше мыйзамына ылайык резиденттер болуп биздин өлкөнүн жарандары жана Кыргызстандын аймагында үзгүлтүксүз жашаган жана календардык жыл аралыгында 183 күндөн ашык жашоочу чет элдиктер жана жарандыгы жок адамдар саналышат.

Резидент эместер болуп Кыргызстандын аймагында календардык жыл аралыгында 183 үзгүлтүксүз күн жашоочу адамдар саналышат.

Ошентип, жеке киреше салыгын төлөөчүлөр төмөнкүлөр болуп саналышат:

- негизги иш орду боюнча туруктуу негизде иштөөчүлөр (кызмат, окуу) ошондой эле. бир нече жерде иштөөчүлүк боюнча жумушчу жана кызматчы катары болуп иштегендер, анын ичинде мезгилдүү жана убактылуу кызматчылар, штаттан тышкары кызматчылар, үйдө иштөөчүлөр, үй кызматчылары, бала багуучулар ж.б.;
- Кыргызстан Өкмөтү жана чет өлкөлүк мамлекеттер ортосундагы келишим негизинде биздин өлкөдө, ошондой эле иштерди жана кызматтарды аткаруу боюнча эмгек келишимдери менен иштеп жаткан чет өлкөлүктөр;
- жарандык-укуктук келишимдер боюнча иштерди аткаруучу адамдар (подряд келишимдери, тапшырмалар автордук келишимдер ж.б.у.с.);
- жеке ишкерлер;
- патент негизинде иштөөчү адамдар.

Ушуну менен бирге дыйкан жана фермердик чарбалардын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, асоциациялар жана башка айыл чарба түзүлүүлөр киреше салыгы алынуучу салыкты төлөөчүлөр болуп саналышпайт, алар үчүн негизги өндүрүш каражаты жана негизги киреше булагы болуп жер саналат.

Кыргыз Республикасынын иш аракеттеги мызамдарына ылайык дыйкан жана фермердик чарбалардын мүчөлөрүнө бул уюмдарга жер үлүшү бар же мүлктүк пайы бар адамдар кирет, ошондой эле бул чарбалардын мүчөлөрү болуп чарбаны бирге жүргүзүшкөн алардын жубайлары, балдары, бир туугандары жана башка адамдар эсептелет. Мында дыйкан чарбасынын курамына дыйкан чарбасына жалданып иштеген жарандар кирбейт.

Дыйкан жана фермердик чарбалардын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, ассоциациялары жана башка айыл чарбалык түзүлүүлөр бир гана жер салыгын төлөшөт.

Жер салыгы деп эмнени түшүнөбүз?

Жер салыгы – жер участогун пайдалангандык укугу үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджетке милдетүү түрдө жылдык төлөм формасы.

Салык салуунун обьектиси болуп - жер участоктору, айыл чарба жерлери жана жерлер эсептелет:

- калктуу пункттар;

- өнөр жай, транспорт, байланыш, башка багыттагы, коргоо багытындагы жерлерди жерлерди кошкондо;
- табигый, саламаттыкты чыңоочу, рекреациялык жана тарыхий-маданий багыттагы;
- токой фондундагы;
- суу фондундагы;
- запас жерлер.

Жер салыгын төлөөчүлөр ким болуп саналат?

Жер салыгын, менчиктин формасына карабастан, жерди пайдалануу укугуна бекитилген үлгүдөгү атайын документ менен "мамлекеттик акт" жер участкасына же жер үлүшүн пайдалануу укугуна ырасталуучу убактылуу күбөлүккө ээ болгон жер пайдалануучулар жер салыгын төлөөчүлөр болуп саналышат.

Мамлекеттик жана муниципалдык жерди ижарага берилсе жер салыгын ижарачы төлөйт.

Жер салыгын жана анын базалык ставкасын бекитүүнүн принциптери кандай?

Жер салыгын бекитүү боюнча негизги принциптер төмөндөгүлөр болуп саналат:

– жердин (жер кыртышынын) сапатына байланыштуу айыл чарба жерлери боюнча жерлерге жер салыгынын өлчөмү;
– инфраструктурасынын жана ар кандай шаар куруу баалуулугун эске алуу менен жер участогунун аянты жана жайгашышы.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунуштоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жыл сайын жер салыгын базалык ставкасын төлөө жана анын төлөнүш тартибин бекитет. Андыктан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бийик тоолуу жана алыскы калктуу пункттарга тийиштүү айыл чарба жерлерине ушул райондор үчүн жер салыгынын базалык ставкасынын жер салыгын төлөөдө 50% өлчөмүндөгү жеңилдиктерди көрсөтөт.

Эгерде жер участкасын четөлколүк субьектилерге берилсе салык алуу тартиби Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекет ортосуданғы түзүлгөн келишим менен киргизилет, андан соң Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде бекитилет.

Жер салыгын төлөө мөөнөтү кандай?

Жер салыгынын спецификалык салык, ал көптөгөн тикеден тике факторлорго анын ичинде жер участогун пайдаланууда географиялык жана табигый-климаттык шарттары, жерлердин сапаты жана багытталышына байланыштуу болот.

Ошондуктан айыл чарба багытындагы жерлерге карата жер салыгынын жылдык суммасы бекитилген жана жер пайдалануучулар тарабынан салыкты этап менен төлөшөт: агымдагы жылдын 25-июнуна чейин -10%; 25-сентябрга чейин - 35%; 25-декабрга чейин – 55%.

Калктуу пункттардагы жана айыл чарба багытындагы эмес үчүн жерлерди пайдалануу укугу үчүн жер салыгын жер пайдалануучулар ар бир айдын 20нан кеч эмес мөөнөттө жылдык суммасынын тең үлүштөрү менен чейин төлөнүүгө тийиш.

Шаардык жана айылдык жерлердеги жарандарга берилген короо жанындагы жер участокторун пайдалануу укугу үчүн жер салыгынын жылдык суммасы агымдагы жылдын 1-сентябрга чейин төлөшү керек.

Кандай жерлер жер салыгына тийиштүү эмес?

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине, жер салыгын төлөөдөн бошотулгандарга ылайык салык салынбай турган жерлердин тизмеси аныкталган, аларга:

- коруктар, резерваторлор, табигый, улуттук жана дендрологиялык парктар, ботаникалык жана зоологиялык бакчалар, заказниктер, табигый эстеликтери, тарыхий-маданий багыттагы обьектилер.
- мамлекеттик чекара боюндагы биригүү тилкелериндеги жайгашкан бөлүнбөгөн запас жерлер;
- коргоочу токой отургузуулары, суу жана токой фонддору ээлеген калктуу пункттардын жалпы колдонуудагы жерлери,
- байланышуу жолдорунун, продукт өткөрүү, байланыш линиялар жана электрберүү, ошондой эле көрсөтүлгөн обьекттердин эксплуатациялык абалын колдоо максатында киргизилген жерлер, айыл чарбалык пайдалануу же башка ишкердик ишмердүүлүк үчүн берилген жерлерден башкасы;
- көрүстөн жерлери;
- жайыттар жана мал жайлоочу аянттар;

- бюджет эсебинен каржылануучу ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин жерлери;
- майыптар уюмдарынын, согуш ардагерлеринин жана ага теңештирилген адамдардын, кайрымдуулук уюмдарынын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин түзөтүүчү-эмгек мекемелеринин жерлери;
- азиздер жана дүлөйлөр уюмдарынын жерлери;
- ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жерлери, ошондой эле жергиликтүү кеңештер бекиткен мөөнөткө айыл чарба муктаждыктары үчүн алган бузулган жерлер (жерлерди рекультивациялоо).

КАЗЫНАЛЫК

Казыналык структурасынын негизги багытталышы кандай?

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казыналык системасы мамлекеттик бюджеттин аткарылуу системасын өркүндөтүү, бюджетти аткаруу процессиндеги кирешелерди жана чыгашаларды натыйжалуу башкаруу жана аларды эл аралык стандарттар талабына ылайык келтирүү, мамлекеттик мекемелерди оперативдүү каржылоону жогорулатуу максатында түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Казыналыгы бирдиктүү борборлошурулган органдар системасы болуп эсептелет, ал Борбордук казыналыктан (БК) жана казыналыктын облусттарда, райондордо жана шаарларда регионалдык бөлүмдөрүнөн (РКБ) турат. Борбордук казыналык Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин структуралык бөлүмү болуп саналат. Азыркы учурда Казыналык структурада 65 казыналык бөлүмдөр, анын ичинен 56 райондук бөлүмдөр, республикалык мааниге ээ болгон 7 областтык жана 2 шаардык казыналык бөлүмдөрү бар.

Казыналыктын негизги милдеттери жана функциялары болуп төмөндөгүлөр болуп саналат:

а) Жогорку Кеңеш жана жергиликтүү кеңештер жактыргандан кийинки өзгөртүүлөр эсеби менен республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы үчүн контролдоосу.

б) бюджетти аткаруу жүрүшүн көзөмөлдөөсү жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бюджетти аткарылуу жүрүшү жөнүндө отчет тапшыруусу;

в) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн банктык төлөө системасын тартипке салуу жана бардык өкмөттүк банктык эсептерге контролдугу;

г) бардык мамлекеттик акча каражаттарын аккумуляциялоо: бюджеттик жана бюджеттик эмес улуттук жана чет өлкө валютасындагы каражаттарын кошкондо;

д) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде жана жергиликтүү кеңештер жактырган чыгашаларды өз убагында ишке ашыруу үчүн бардык акча каражаттардын кыймылын башкаруу жана контролдоо;

е) мамлекеттин ичинде же чет өлкөдө болуп өтүүчү мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше жана чыгаша операцияларын эсепке алуу боюнча жоболорду иштеп чыгуусу чыгым жана киреше аларды пайдалануу үчүн контролдоосу;

ж) мамлекеттик активдерди, ошондой эле мамлекеттик тышкы жана ички карыздарын башкаруу жана алар үчүн контролдоо.

з) эл-аралык стандарттарга ылайык бюджеттин жана эсептин классификациялык системасын иштеп чыгуу жана киргизүү;

и) бюджеттердин жана эсептердин классификация системасына ылайык, кош өткөрүү методу негизинде казыналыктын иерархиялык планын эсебин түзүү;

й) республикалык жана жергиликтүү башкаруу органдарынын операциялары боюнча ай сайынкы жана жылдык казыналык эсептерин даярдоо;

к) мамлекеттик финансы операциялары жана республикалык жана жергиликтүү бюджеттик уюмдардын башка документтери боюнча тийиштүү эсеп жүргүзүүнү камсыздоо үчүн натыйжалуу ички ревизиялык-аудит системаны түзүү;

л) мамлекеттик финансы операцияларын, бухгалтерлик эсебин, мамлекеттик банктык операцияларды, ички аудитти киргизүү боюнча казыналыктын жетектөөчү жоболорун жана башка нормативдик документтерди иштеп чыгуу;

м) казыналык операцияларды компьютерлештирүү.

Бюджетти аткарууда казыналыктын ролу кандай?

Бюджетти аткарууда, жергиликтүү жана республикалык деңгээлде, казыналык органдар бюджетти натыйжалуу аткарууга багытталган иш аракеттерин ишке ашырат.

Атап айтканда, казыналык органдар:

- бюджеттке түшкөн төлөмдөр түшүүлөр жүрүшү жана бюджеттик сметаларды аткаруу жөнүндө отчет даярдашат;
- жогору турган мамлекеттик бийлик органдарына кирешелер түшүүлөрүнү төмөндөөсү, ссудаларды тындыруудагы кармалуулар же бекитилген сметага каршы бюджеттик каражаттарды көп сарпталышы жөнүндө эскертет;
- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кирешеси жана чыгашаларынын өзүнчө эсебин алууну жүргүзүшөт;
- административдик бийликтин макулдашуусу боюнча ар бир бюджеттик мекемелер үчүн казыналыктын жакынкы филиалын аныкташат, ал ушул мекеменин бюджеттин аткаруусу үчүн контролдукту ишке ашырат;
- тийиштүү кызыккан органдарга бюджеттин аткарылышынын жүрүшү тууралуу үзгүлтүксүз маалымат берип турулат.

Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жактырган бюджеттин аткарылышы үчүн натыйжалуу контролдукту ишке ашыруу үчүн казыналык органдар жооптуу болушат.

Кыргыз Республикасынын консолидацияланган фонду деген эмне?

Казыналык Кыргыз Республикасынын консолидацияланган фондун түзөт. Консолидацияланган фондко мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бардык кирешелери жана түшүүлөрүн жиберет. Республикалык жана жергиликтүү уюмдардын бардык эсептик операциялары консолидацияланган фонддон ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын консолидацияланган фондун кайсы орган башкарат жана тескейт?

Кыргыз Республикасынын консолидацияланган фондун Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атынын Борбордук казыначылык башкарат жана тескейт, ошондой эле казыналык казыналыктын эсебине жана консолидацияланган фонддун курамына кирген кошумча эсептердин ээси болуп эсептелет. Казыналыктын буйругусуз Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, бир дагы башка мекемелер же башка адамдар бул эсептер боюнча операцияларды жүргүзүүгө укуктуу эмес. Ошондой эле бир дагы республикалык же жергиликтүү бюд-

жеттик мекеме, казыначылык жобосунда каралган шарттарды кошпогондо Консолидацияланган фонддон каражат алууга ыйгарым укугу жок.

Консолидацияланган фонддун акча ресурстары кайда болууга тийиш?

Консолидацияланган фонддун акча ресурстары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында бирдиктүү агымдагы эсепте турат. Казыналык, өзгөчө шартта кошумча эсебин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачууга укуктуу, себеби мамлекеттик ири максаттык фонддордун төлөмдөрүн жана түшүүлөрүн тейлөө үчүн, алар төмөнкүлөр: Социалдык фонд, милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фонду. Эгер бул кошумча эсептерде каражаттар калып калуу шартында, анда алар Консолидацияланган фонддун ажырагыс бөлүгү катары каралат жана Консолидацияланган фонддун курамындагы эсеп жүргүзүлөт.

Бюджеттин кассалык аткарылышын кимдер ишке ашырат?

Бюджеттик кассалык аткарууну Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы жана анын регионалдык бөлүмдөрүнүн банк-агенттери аркылуу ишке ашырылат.

Кызмат көрсөтүүлөр үчүн комиссиондук төлөм конкурс негизинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы тарабынан аныкталат.

Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын түзүлүүсүнүн максаты жана бекитүү тартиби кандай?

Жүгүртүүчү кассалык накталай акчалар эсептик-кассалык операциялар үчүн колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, жергиликтүү кеңештер бюджеттер курамында тиешелүү бюджет боюнча калдык каражаттарынын эсебинен жүгүртүүчү кассалык накталай акчанын ашыкча каралган чыгашалар көлөмүн бекитет.

Жыл бою жүгүртүүчү кассалык накталай акча убактылуу кассалык токтоолорду жабууга пайдаланылат жана бюджетти бекитүүдө белгиленген өлчөмдөргө чейин ошол эле жылы калыбына келүүгө тийиш.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар өз калоосу боюнча банктан эсеп ачууга укуктуубу?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык казыналыктын атайын уруксатысыз бир дагы республикалык жана жергиликтүү бюджеттик мекемелер, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бир да банкта эсеп ачууга ыйгарым укугу жок.

Казыналык мамлекеттик кызыкчылыгында ал эсеп бюджеттик, атайын, депозиттик жана башка эсеп болгонуна карабастан, мурунку бюджеттик мекемелерге берилген бардык же бул банктык эсептерде эсеп ачуу жана жабуу үчүн ыйгарым укуктарын кайрадан алып салууга укуктуу.

Бюджеттик уюмдар Казыналыктын системасынан тышкары эсеп ачууга укуктуубу?

Борбордук Казыналыктын атайын уруксаты болуусунда бюджеттик мекемелер эсепти каалаган комерциялык банкта ачуусу мүмкүн.

Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары кайсы банктарда эсепке алынган?

Казыналык Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын макулдашуусу боюнча Бишкек шаарында жана Кыргыз Республикасынын башка шаар жана айылдарында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын агенти катары иш аракеттеги мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын финансылык операцияларын ишке ашыруу боюнча коммерциялык банктын регионалдык бөлүмдөрүн аныктайт.

Мындай банк-агенттерде бюджеттик катары жана бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары эсепке алынат.

Казыналыктын транзиттик эсебин кандай түшүнсө болот?

Казыналыктын агымдагы субэсеби бул транзиттик эсептер болуп саналат. Өз учурунда казыналыктын агымдагы эсеби бул бирдик эсеп, ал аркылуу бардык мамлекеттик финансылык операциялар жүргүзүлөт.

Мамлекеттик бюджетке түшкөн бардык түшүүлөр жана төлөмдөр казыначылыктын транзиттик эсебинен (ТЭК) өтөт. Ар бир регионалдык казыналыктын бөлүмдөрү агент-банкы менен банктык эсеп транзиттик эсеп аркылуу иштейт.

Казыначылыктын транзиттик эсеби күндө нолдук балансқа чейин жабылат.

Жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча кандай мамлекеттик отчеттуулуктун негизги түрлөрү каралган?

Казыналык системасында отчеттун 2 негизги түрү каралган:

- Ар ай сайын – бюджеттик киреше боюнча жана бюджеттик чыгашалар боюнча жергиликтүү атайын бюджет боюнча казыналыктын регионалдык бөлүмдөрүнө отчет берет.
- кварталдык – регионалдык казыналык бөлүмдөр жергиликтүү бюджет боюнча, атайын, негизги каражаттар боюнча балансттык отчет кирет.

Республикалык бюджетти аткаруу жөнүндөгү отчет кассалык аткаруу же ачык кредиттер боюнча түзүлөт. Алардын ортосунда айырмачылыктар кандай?

Республикалык бюджетти аткаруу жөнүндөгү отчету кассалык аткаруу боюнча түзүлөт, анткени кассалык аткаруу бюджеттик мекемелерден алынган акча каражатты реалдуу чыгашалары болуп саналгандыктан бюджеттик мекемеде ачылган кредиттердин (мекеменин эсебине которулган сумма) берилген суммасын чыгашалоого укуктуу иштетүүгө болот.

Кассанын чыгаша ордерин кандайча түшүнөбүз?

Кассанын чыгаша ордери – алгачкы бухгалтерлик документ, аны менен отчет берүүчү адам кассадан акча алат. Ордерге мекеме жана уюмдардын жетекчиси же башкы бухгалтери кол коет.

Кредит жана дебет банкттык көчүрмөдө эмне чагылдырат?

Кредити боюнча банктык көчүрмөдө киреше операциялары, ал эми банктык көчүрмөнүн дебети боюнча агымдагы күнгө чыгаша операцияларын чагылдырат.

Чегерүү жүргүзүү үчүн ашыкча төлөнгөн салыктарды бюджетке жыйноодо эмне негиз болот?

Салыктарбоюнчаашыктөлөөлөрдүчегерүүжөнүндөгүчечиммамлекттик бюджет алдында салык төлөөчүнүн салыктык милдеттенмелериинин ар кандай эсебин арыз жок эле кабыл алынат. Салык боюнча ашыкча төлөмдүн бажылык төлөм чегерүүсү милдеттери боюнча пайда болуусунда, салык төлөөчүнүн арызынын негизинде жүргүзүлөт. Корутундунун көчүрмөсү үчүн негиз текшерүүнүн натыйжалары болуп саналат.

Салык боюнча ашыкча төлөмдүн чегерүүсүндө ар кандай салыктык милдеттенмелер эсебин салык органы STI-012 корутунду формасында жазып берет.

Салыкты төлөөчүнүн арызы болуусунда салык органы тарабынан ашыгы менен төлөнгөн салык жана жыйноо боюнча суммасын кайтаруу жонүндөгү чечими чыгарылат. Корутундунун көчүрмөсүн чыгаруу үчүн текшерүүнүн натыйжалары негиз болуп эсептелет. Ашыкча төлөмдүн суммасын кайтарууда салык органы STI-013 корутунду формасын жазып берет.

Өздүк эсеп карточкасын текшерүгө төмөндөгүлөр тийиштүү, ал малекеттик бюджетке салыкты төлөөчүнү ырастаган салыктык эсептер, отчеттор, декларациялар, ошондой эле төлөм поручениелери, мемориалдык ордерлер.

8-ГЛАВА.
МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТЫН МАСЕЛЕЛЕРИ

(түшүнүк, укуктук статус, кепилдиктер)

Муниципалдык кызматтын жана кызмат орду түшүнүгү кандай?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын аткаруу боюнча тийиштүү муниципалдык кызматтардагы жарандардын туруктуу негизиндеги муниципалдык кызмат болуп саналат. Ушул себептерге карай муниципалдык кызмат жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз алдынча элементи болуп саналат, баарынан мурда жергиликтүү маанидеги маселелердин чечүүгө байланышкан, ошондой эле мамлекеттин ыйгарым укуктарынан ажыратылган мамлекеттик кызматтын системасына кирбеген жана өзүнүн спецификалык милдеттери бар болуп саналат.

Муниципалдык кызмат, «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өкүлчүлүктөр (жергиликтүү кеңештерде) ылайыктуу саясий же административдик жана жана аткаруучу-тескөөчү органдардагы (айыл өкмөтү, шаар башкаруулары, мэриялар) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары белгилеген ар бир кызмат үчүн ыйгарым укуктарынын жана жоопкерчилигинин көлөмү менен белгиленген кызмат орду болуп саналат. Мында, бардык аймактык деңгээлдеги жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын кызматы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айылдык, шаарчалык жана шаарлардын башчылары жана түз жана кыйыр шайлоо жолу менен шайлануучу башка шайланган кызмат адамдары муниципалдык кызматтарга тийиштүү болот.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш аракетин камсыздоо үчүн жана алардын саясий кызматты ээлеген кызмат адамдарынан шайланган кызмат адамдарынан административдик персонал түзүлөт. Ага административдик муниципалдык кызматты ээлеген жана эмгек келишими (контракт) жолу менен түзүлгөн жана өткөрүлгөн конкурс натыйжасы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчиси менен дайындаган бардык адамдар кирет.

«Кыргыз Республикасынын административдик муниципалдык жана саясий кызматтардын реестри» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын. 28-июлундагы буйругу менен бекитилгенге ылайык, административдик муниципалдык кызматтарга төмөндөгүлөр тийиштүү: рес-

публикалык, областык маанидеги шаардын биринчи вице-мэри; райондук маанидеги шаардын, шаарчанын жана айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын орун басары; аппраттын жетекчиси (иш башкаруучу); департамент башкармалыгынын жетекчиси; республикалык, облустук жана райондук маанидеги шаар кеңешинин, ошондой эле райондук кеңештин жооптуу катчысы; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айылдык, шаарчалык жооптуу катчысы; башкармалык департаменттин жетекчисинин орун басары; бөлүм башчысы; бөлүм башчысынын орун басары; мэрдин кеңешчиси; сектор башчысы, мэрдин жардамчысы; башкы адис; жетектөөчү адис; адис; инспектор; айыл башчысы (айыл старостасы).

Административдик кызматты ээлеген муниципалдык кызматчылар эки жылда бир жолудан көп жана төрт жылда бир жолудан аз аттестациядан өтүшөт, андыктан кезексиз аттестацияларды жүргүзүүгө уруксат берилбейт. Ушундай аттестациялар жүргүзүү зарылдыгы, бир жагынан касиптик деңгээлинин даярдыгынын жана ээлеген кызматында иштөөсүнүн негизделүүсү муниципалдык кызматчынын бир мезгилде квалификациялык разрядын аныктоого мүмкүнчүлүгүн берет. Башка жагынан алганда аттестация тигил же бул кызматчынын кызматтык өсүү келечегин ачуу каражаты болуп кызмат кылат.

Муниципалдык кызматчылар үчүн кандай укуктук кепилдиктер (гарантиялар) бекитилген?

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну иш жүзүнө ашыруу үчүн толук жана натыйжалуу шарттарды камсыздоодогу эң манилүү жана зарыл критерийлер болуп мамлекет тарабынан көрсөтүлгөн укуктук гарантия системасы болуп саналат. Укуктук гарантиялардын максаттык багытталышы укуктук каржаттар менен камсыздоодон турат: жергиликтүү маанидеги иштерди чечүү боюнча жеке ыйгарым укуктарын ишке ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалыгы; тийиштүү укукту коргоо жана аларды абдан толук кишке ашыруу үчүн жагымдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.

Андыктан, укуктук гарантиялар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш-аракетин камсыздоодо өзүнчө каражат катары көрүнөт, анын ичинде муниципалдык кызматтын натыйжалуу иштешин камсыздайт. Ошондуктан республиканын мыйзамы менен муниципалдык кызматчыга төмөнкүлөр гарантияланат: аларга кызматтык милдеттерин аткарууну камсыздоочу иштөө шарттары; эмгек акы жана башка төлөмдөр; жыл сайын төлөнүүчү

отпуск; алардын кызматтык милдеттерди аткаруу менен байланышкан ден-соолукка жана мүлккө зыян келүү болгон шартта милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздоо; алардын муниципалдык кызмат өтөп жаткан учурда же аны токтоткондон кийин ооруп калганда же эмгекке жарамсыздык болуу шартында, бирок алардын кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу болгон милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу; алардын кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу аны жана анын үй-бүлө мүчөлөрүн бекитилген мыйзам тартибинде зомбулуктардан, коркутуулардан башка укуксуз иш-аракеттерин коргоо.

Ошону менен бирге, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жоюу шартында, штаттык кызмачыларды кыскартууда муниципалдык кызматчыга ишкананын, мекеменин, умдардын жоюуга байланыштуу кызматчылардын штатын кыскартууда, аларды иштен бошотуу шартында кызматчылар үчүн эмгек жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен ошондой эле гарантиялар бекитилген. Атап айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жоюу шартында, штаттык кызмачыларды кыскартууда муниципалдык кызматчыга иштөөгө мүмкүнчүлүк болбоо шартында ошол жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында анын кесибин, квалификациясын жана мурда ээлеген кызматына эсепке алуу менен башка кызмат сунуштоого тийиш. Муниципалдык кызатчыны ишке орноштуруу мүмкүн болбоо шартында белгиленбеген мөөнөткө эмгек келишимин (контракт) түзгөн муниципалдык кызматчыны жергиликтүү бюджет эсебинен мурунку ээлеген кызмат орду боюнча эмгек акысы сакталуу менен кайра даярдоо (кайра адистешүү) гарантияланат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоюлушуна байланыштуу иштен бошотуулар же анын штатын кыскартууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык муниципалдык кызматчыга компенсация төлөнүп берилет.

Муниципалдык кызматка кирүү тартиби кандай?

Белгилүү болгондой, муниципалдык кызмат системасында муниципалдык кызматтын эки түрү бар: саясий жана административдик кызмат. Ишке кирүүдө алардын ар бири үчүн өзүнүн тартиби бар. Саясий мүнөздөгү кызматчылар үчүн (жергиликтүү өз алдынча башкарууларда шайлануучу кызмат адамдары – жергиликтүү кеңештин төрагасы, айылдык, шаарчалык, шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын жетекчиси)

тийиштүү муниципалдык кызматка жалпы түз же кыйыр шайлоолор негизги ыкмасынын жол-жобосунун кызмат аткарат. Административдик муниципалдык кызматтар үчүн – мындай кырдаалдын пайда болуу шартында административдик муниципалдык кызматтын вакансттык ордуна иштөө, андыктан административдик муниципалдык кызматтын вакансттык ордуна иштөө конкурс өткөрүү жолу менен жүргүзүлөт.

Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү персоналды башкаруу кызматына жана вакансттык кызматка талапкерлерди тандоону иш жүзүнө ашыруу тийиштүү түзүлгөн конкурстук комиссияга жүктөлөт. Биринчи кезекте эки талапкерден кем эмес, тийиштүү муниципалдык кызматка квалификациялык талаптарга ылайыктуу болгон ички резервдеги болгон адамдардын арасында ички конкурс жүргүзүлөт.

Эгерде талапкердин жоктугунан конкурс өткөрүлбөй калса, муниципалдык кызматтын тийиштүү квалификациялык талаптарды көрсөткөн ачык конкурстар өткөрүлөт. Ачык конкурсту өткөрүү жөнүндөгү жарыяда төмөнкүлөр чагылдырылышы керек: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын юридикалык аталышы жана дареги, вакансттык административдик муниципалдык кызматтын аталышы; вакансттык административдик муниципалдык кызматка талап кылынуучу квалификациялык талаптар; ушул вакансттык административдик муниципалдык кызматчынын функционалдык милдеттери; конкурска катышуу үчүн керектүү докумнттердин тизмеси; документтерди кабыл алуу жери жана убактысы; конкурсту өткөрүү жери жана убактысы.

Ачык конкурска вакансттык административдик муниципалдык кызматтын квалификациялык талаптарына жооп берген Кыргыз Республикасынын бардык жарандары катышууга укуктуу. Бул үчүн конкурстук комиссияга төмөнкүлөрдү тапшыруу зарыл: кадрлар учету боюнча баракча сүрөтү менен, паспорттун же инсанды күбөлөндүрүп турган документ көчүрмөсүн, (конкурска келүү боюнча паспорттун же күбөлөндүрүп турган документтин түп нускасын көрсөтүлөт), эмгек китепчесинин көчүрмөсү, билими тууралуу, квалификациясын жогорулатылгандыгы жөнүндөгү документтер көчүрмөсү, илимий даража жана илимий наам ыйгарылгандыгы жөнүндө нотариалдык же иштеген жери боюнча күбөлөндүрүлгөн документтер. Анын ичинде конкурска катышуучу жарандарга кошумча сунуш (рекомендация) каттары да болуусу мүмкүн.

Талапкерлердин документтерин кабыл алуу аяктагандан кийин үч этаптагы конкурс жүргүзүлөт:

- административдик муниципалдык кызматтын квалификациялык талаптарына ылайык келген конкурс катышуучуларынын докумнттерин алдын ала карап чыгуу;
- талапкерлерди тестирлөө, конкурс комиссиясы бекиткен тартипте практикалык тапшырмаларды чыгаруу же башка жазуу тапшырмаларын аткаруу;
- конкурс комиссиясы жүргүзүүчү талапкерлер менен маектешүү.

Эгерде ачык конкурс натыйжасы боюнча жарыяланган ваканттык административдик муниципалдык кызматын квалификациялык талаптарына жооп бере ала турган бир да талапкер туура келбесе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси конкурсту кайра өткөрүү тууралуу чечим чыгарат.

Муниципалдык кызматка кирүүчү кызматчыга сыноо мөөнөтүн дайындоого жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары укуктуу-бу?

Эгерде муниципалдык кызматка биринчи жолу кирген жана кызматчынын эмгек стажысы болбосо республиканын мыйзамдарына ылайык, үч ай сыноо мөөнөтүн өтөйт, муниципалдык ээлеген кызматына карай кызмат акысы төлөнөт. Бул кабыл алынган адистин кесиптик сапаттарын текшерүү жана тажрыйба алуусу үчүн зарыл.

Эгер сыноо мөөнөтү аяктаганда сынак канааттандырарлык деп табылса, анда кызматчы төмөнкү муниципалдык кызматка дайындалат же муниципалдык кызматтан бошотулат.

Муниципалдык кызматчынын эмгек акысы кайсы булактардан төлөнөт?

Муниципалдык кызмат белгилеп кеткендей, мамлекеттик структурага кирбейт, ошондуктан муниципалдык кызматты каржылоо жергиликтүү бюджет каражаттары эсебинен каржыланат. Ошондой болсо да каражаттардын каржылоо үчүн каражаттардын бөлүгү республикалык бюджет эсебинен жабылат же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык кызматчылардын ыйгарым укуктарын толук иш жүзүнө ашыруу үчүн керектүү чыгашаларды камсыздоону мамлекет гарантиялайт. Атап айтканда, мамлекеттик ыйгарым укуктары ажыратылган муниципалдык кызматты аткаруу натыйжасында пайда

болуучу чыгашаларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекет милдеттүү тартипте компенсациялоого тийиш.

Мында муниципалдык кызматчылардын эмгек акысы мамлекеттик кызматчылардын айлык акысына категориялар боюнча ылайыктуу деңгээлде теңештирилет. Ошону менен бирге муниципалдык кызматчынын айлык акысы мамлекеттик кызматкердин айлык акысынан маанилүү айырмаланыш керек эмес. Ошондуктан ал төмөндөгүлөрдөн түзүлөт:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген типтүү ставка негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери кызмат акынын өлчөмү белгиленет;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызматтык айлык акыга квалификациялык разрядына, иштеген жылдарына, ардактуу наамына ай сайын кошумча төлөөлөр, эмгектин натыйжалуулугуна жана интенсивдүүлүгү үчүн, ошондой эле жергиликтүү кеңештер бекиткен жергиликтүү бюджеттердин мүмкүнчүлүгүнө карай кошумча төлөөлөр типтүү шкаласы негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин чечими менен персоналдык кошумча төлөөлөр;
- тийиштүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын же жергиликтүү кеңештердин жетекчилеринин чечиминин негизинде иш натыйжалары боюнча сыйлыктар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык айрым төлөөлөр.

Жергиликтүү кеңештер жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө карай муниципалдык кызматчынын эмгек акысына муниципалдык кызматтын өзгөчө шарттары үчүн кошумча төлөөлөрдү (материалдык жардам, дарылоо, туракжай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча төлөөлөргө жеңилдиктер) белгилеши мүмкүн. Муниципалдык кызматчынын айлык акысы мамлекттик кызматкерге караганда өтө жогору болуп калышы да мүмкүн.

Муниципалдык кызматчыга отпусканы берүү тартиби кандай?

Муниципалдык кызматчыга бекитилген мыйзамдарга ылайык жыл сайын ден-соолукту чыңоо үчүн отуз календардык күн узактыгы менен төлөнүүчү отпуск белгиленет.

Муниципалдык кызматта иштөө стажысы беш, он жана он беш жылдан ашык иштегендерге эки, төрт жана алты календарлык күнгө төлөнүүчү отпуска узартылат. Ошону менен бирге муниципалдык кызматтык стажга мурунку СССРдеги советтик, профсоюздук жана аппараттардагы жаран-

дардын ишмердүүлүгү, ээлеген кызматынан бошотуулар; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардагы кызмат; куралдуу күчтөрдө жана СССР жана Кыргыз Республикасынын укук коргоочу органдарында, ошондой эле туруктуу негизде депутаттык милдеттерди аткаруулар кирет. Муниципалдык кызматчынын мамлекеттик кызматка кирүү шартында муниципалдык кызматтагы стаж мамлекеттик стажга, мамлекеттик кызматчылар үчүн тийиштүү жеңилдиктер жана укуктар менен эсеп кылынат.

Айрым учурларда муниципалдык кызматчыга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси кызмат акысы сакталбаган отпуск бериши мүмкүн.

Баардык кызматчылар үчүн берилген отпускалардай эле муниципалдык кызматчыларга отпуск берилүү тартиби бирдей, ошондуктан Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамы менен жөнгө салынат. Атап айтканда төлөнүүчү отпуск жыл сайын берилет. Кызматчынын ошол уюмда бир жылдын ичинде үзгүлтүксүз 11 ай өткөндө кийин отпусканы пайдаланууга укугу бар болот. Жактардын макулдашуусу боюнча кызматчыга төлөнүүчү отпуска 11 айга чейин да берилиши мүмкүн. Кызматчынын арызы боюнча төлөнүүчү отпуск 11 айга чейин төмөндөгүлөргө берилүүгө тийиш:

1. аялдарга – кош бойлуулук жана төрөт боюнча же түздөн-түз андан кийинки отпуск алдында;
2. 18 жашка чейинки курактагы жумушчуларга;
3. эгер негизги иштеген иш боюнча эмгек отпускасы, ордуна иштөөчү (совместитель) болуп иштеген иши боюнча 11 айга чейинки мезгилге туура келсе;
4. жашы 3 айга чейинки ымыркай (баланы) асырап багып алган жумушчуларга;
5. мыйзамда карлаган башка учурларда.

Отпуск экинчи жана кийинки иштөө жылдары үчүн уюм бекиткен ар бир жылдык төлөнүүчү отпускалардын кезегине ылайыктуу иштеген жылдын каалаган учурунда берилиши мүмкүн. 14 календардык күндөн кем эмес жумушчу жылдын иштелген бөлүгүн пропорционалдуу иштеп бүткөн бөлүгүнө отпуск берүү айрым учурларда мүмкүндүк берилет. Биринчи жумушчу жылында 11 ай өткөнгө негизги отпусканы авансалоодо жумушчу кошумча эмгек отпуска алууга укуктуу болот, эгер ал тийиштүү контракттарда каралбаса, жумуш жылынын бөлүгүн пропорционалдуу иштеп чыкса берилет.

Муниципалдык кызматчыны жоопкерчилигин жана сыйлоо чаралары кандай?

Жоопкерчилик жана сыйлоо системасы муниципалдык кызматчылынын иш аракетин оптимизациялоосунун иш аракеттүү таасирдүү каражаттардын бири болуп саналат, ал иштин натыйжалуулугуна жана карьереалык өсүшүнө же чектелүүгө жана тарбияга ылайыктуу чаралар менен таасир берет. Ошентип, кызматчылар өздөрүнүн кызматтык милдеттерин ийгиликтүү жана ак ниеттүү аткаргандыгы үчүн, узак жана кынтыксыз кызматы үчүн, ошондой эле иштеги башка жетишкендиктери үчүн муниципалдык кызматчылар үчүн мыйзымдар менен төмөнкү сыйлоолор каралган:

- алкыш жарыялоо;
- беш айлык акыга чейинки акчалай сыйлыктар;
- баалуу белек менен сыйлоо;
- жогорку кызматтарды ээлөө жолу менен кызмат боюнча илгерилетүү;
- Кыргыз Республикасынын сыйлыктарына көрсөтүү;
- ошондой эле башка сыйлыктар, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өз алдынча белгилениши мүмкүн.

Ошону менен бирге, кызматтык кылыгы үчүн, муниципалдык кызматчыга жүктөлгөн милдеттерди аткарбоо жана тийиштүү эмес аткарууларды, эмгек тартибин бузгандыгы үчүн, кызмат ыйгарым укуктарын ашырып жиберүүсү, муниципалдык кызмат менен байланышкан мыйзам менен бекитилген чектөөлөрдү сактабагандыгы үчүн муниципалдык кызматчыга төмөнкү тартип жазалары берилет:

- эскертүү;
- сөгүш;
- катуу сөгүш;
- кызматка толук эмес ылайык келбөө жөнүндө эскертүү;
- класстык чиндин төмөндөтүү;
- кызматтан төмөндөтүү;
- ар ай сайынкы кошумча төлөөлөрдү азайтуу;
- ээлген кызматынан бошотуу.

Муниципалдык кызматчыга кабыл алуу жана бошотуу укугуна ээ кызматтык адамы тарабынан тартип жазасы берилет. Тартип жазасына колдонуу чаралары бошотуу жана кабыл алуу бошотуу шарттары менен белгиленет. Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамына ылайык тартип жазасын колдонуунун тартиби жана шарттары бекитилген. Атап айтканда Кыргыз

Республикасынын Эмгек мыйзамынын 147-статиясына ылайык, тартип жазасын колдонууга чейин жумушчудан жазуу түрүндө түшүнүк кат талап кылынышы мүмкүн. Мындай түшүнүктү берүүдөн баш тартса акт менен таризделет жана жазаны колдонуу үчүн тоскоол болбойт.

Жумушчунун ооруган мезгилин же анын отпускада болгонун эсептебегенде, тартип бузуулар аныкталган мезгилден баштап бир айдан кечиктирбестен түздөн-түз тартип жазасы колдонулат. Тартип жазасы тартип бузган күндөн баштап 6 айдан кеч эмес, ал эми ревизиялардын натыйжалары, финансылык чарбалык ишмердүүлүктөрүн текшерүү же болбосо аудитордук текшерүү боюнча – аткаруу күнүнөн баштап 2 жылдан кеч эмес колдонууга тийиш эмес. Көрсөтүлгөн мөөнөтөрдө кылмыш иштери боюнча жүргүзүлгөн убакыт кошулбайт.

Тартип жазасын колдонууда кылган аракет оордугу, мурдагы иштеги андагы кылган аракет кырдаалы эске алынат. Тартип жазасын колдонуу жөнүндө буйрукту (буйрук, токтом) чыккан күндөн баштап 3 жумушчу күндүн аралыгында жумушчуларга тил кат боюнча кулактандырылат. Көрсөтүлгөн буйрукка жумушчу (буйрук, токтом) кол коюудан баш тарткан учурда тийиштүү акт түзүлөт. Өзгөчө белгилеп кетүү керек, ар бир тартиптик жаза үчүн бир гана тартип жазасы берилиши мүмкүн.

Муниципалдык кызматтын токтотуу негиздери кандай?

Муниципалдык кызматты токтотуу үчүн «Муниципалдык кызмат жөнүндө» жана Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамындагы ылайыктуу жоболордо каралган белгиленген шарттарга ылайык жүргүзүлөт.

Бардык муниципалдык кызматчыларга Эмгек кодексинин нормалары жайылтылат, ошондуктан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 79-статясы менен бекитилген негиздер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарында ишти токтотуу шарттардын бири болуп саналат.Атап айтканда, тийиштүү эмгек келишимди (контракты) токтотуу үчүн төмөндөгү негиздер болуп саналат;

- жактардын келишими;
- эмгек келишимдин мөөнөтүнүн өтүшү;
- жумушчунун жана жумуш берүүчүнүн демилгеси;
- жумушчунун өтүнүчү боюнча же анын макулдугу менен башка жумуш берүүчүгө которулушу же шайлануучу кызматка (ишке) өтүү;
- жактардын эркине байланышпаган шарттар;

- ден-соолугуна абалына жана медициналык корутундусу натыйжасы менен башка ишке которуудан жумушчу баш тартса;
- эмгектин шарттарынын маанилүү өзгөрүлүүү шарттарына байланыштуу жумушчу ишин улантуудан баш тартса;
- жеке менчик ээсинин алмашуусуна, баш ийүүчүлүгүнүн (ведомствого караштуулугу) жана анын кайрадан уюштуруусу өзгөрүүсүндө уюмда ишти улантуудан жумушчунун баш тартуусу;
- иш берүүчүнүн башка жерге жайгашуусуна байланыштуу жумушчуну котруудан баш тартуусу.

Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарда каралган негиздерден тышкары, муниципалдык кызматты токтотуу төмөндөгү учурларда болушушу мүмкүн:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгы токтотулганда;
- муниципалдык кызматчы үчүн мыйзамдар менен бекитилген милдеттерди жана чектөөлөрдү аткарбоодо;
- мамлекеттик жана башка мыйзам менен сакталган сырды маалыматтарын элге таратууда.

Бардык учурларда бошотуу күнү жумуштун акыркы күнү болуп эсептелинет. Эмгек иш аракеттеринин токтотулушу иш берүүчүнүн буйругу (чечими) менен таризделет.

КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун улуттук моделинин ишке ашырылуусу, өлкөдө анын он беш жылдык тажрыйбасынын өнүгүшүнүн бар болушуна карабастан, көпчүлүк учурларда татаал жана карама-каршы процесс бойдон калууда. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын ата-мекендик реформаларынын өткөн мезгилде бул чөйрөдө туруксуздугу дагы эле байкалууда, бул процесске коомчулуктун кеңири тартылуусу жок.

Жарандардын өз алдынча башкарууну уюштуруу боюнча идеяларын, атап айтканда атап айтканда жергиликтүү жалпысынан алганда жалпы мамлекеттик милдеттерди чечүү ар бир мамлекет үчүн өтө маанилүү жана актуалдуу болуп саналат. Андыктан мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын ачык системасындагы улантылган реформалар фонунда коомдук катмарында аларды өнүктүрүүнүн жана бекемдөөнүн татаалдыгы менен түшүнүлбөстөн, ал көптөгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу адаттарын адамдардын, коомдоштуктун аң-сезимине, сөзсүз киргизүү зарыл жана жалпы куруу нугуна багыттоо керек. Бирок, баарынан мурда, өзгөчө жергиликтүү коомдоштукту маалымдоо бөлүгүндө жана алардын органдарынын өз алдынча башкаруу мүмкүнчүлүгү жана укуктук каражаттарынын болгондугу жөнүндө аларга жеткиликтүү маалыматтын жоктугун атоого болот.

Натыйжада, сунушталган китепте окурманга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшү жана калыптандырылышынын улуттук тажырыйбасын баяндоого аракет жасалды. Авторлордун көптөгөн окутуу семинарларына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коомдоштук мүчөлөрү жолугушууларда практикалык катышуусу, алардын өкүлдөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маанисине түшүнүүгө аракеттенип, теориялык жана практикалык ар кандай маселелерге кызыккандыктарын ушул китепти иштеп чыгуу үчүн авторлорго ушундай форматтагы китепти иштеп чыгууга жүйөөлөр болуп кызмат кылды.

Мында авторлор өздөрүнүн басылмасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көз караштарын чагылдырууга аракеттеништи, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизин жана анын маанисин түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ошого карабастан, ата-мекендик өз алдынча башкаруунун принциптеринин өзгөчөлүгүн талдоодо, кыргызстандын тарыхый жана саясий-укуктук өнүгүү жолу эске алынды, элдик бийликтин түзүлүш

принцибинин түзүлүшүнө ар бир эволюциалык этап өзүнүн мезгили таасири тийген. Ошондуктан азыркы китепти иштөөдө өтө кеңири адистештирилген адабий материалдар пайдаланылган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чөйрөсүндө нормативдик укуктук база (ал эми кээ бир учурларда күчүн жоготкон)., ошондой эле эл аралык жана практикалык тажырыйбалары пайдаланылды.

Ошону менен бирге, биз авторлор, окурмандардын потенциалдуу үн кошууларына, ошондой эле олуттуу ой-пикирлер, сунуштарды, китеп боюнча кемчиликтерди айтууларына ишенет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр, Кыргыз Республикасынын Конститутциасынын жаңы редакциясын кабыл алууга байланыштуу келечекте деталдаштырылган жана кеңейтилген китепти даярдалышы мүмкүн. Ошондуктан, бүгүн биздин өлкөнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруулары туш келген убактылуу кыйынчылыктар карабастан анын келечегине оптимисттик көз караш менен карашыбыз керек. Анткени анда ар бирибиз үчүн, демек, бүткүл Кыргызстан үчүн позитивдүүлүк, бириктирүүчүлүк жана түзүүчүлүк башталыштар арбын деп ойлойбуз.

ТИРКЕМЕЛЕР

№ 1 -тиркеме

Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн
6-октябрь 2006-ж. №720-токтому
менен бекитилген

«АЙЫЛ БАШЧЫСЫ (АЙЫЛ СТАРОСТАСЫ) ЖӨНҮНДӨ»

ТИПТҮҮ ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1.1. Жергиликтүү иштерди жана өзүнчө калктуу отурукташкан пункттарга жайгашкан мамлекеттик ажыратылган ыйгарым укуктарды оперативдүү уюштуруу максатында айылдык кеңештердин чечими менен айыл башчысы (айыл старостасы) дайындалат, жергиликтүү бюджетер каражаттары эсебинен айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адис деңгелинде кызматтык эмгек акы төлөнөт.

1.2. Айыл башчысы (айыл старостасы) – административдик муниципалдык кызматчы болуп саналат.

1.3. Айыл башчысы (айыл старостасы) жогорку же атайын орто билимдүү, эл менен иш жүргүзө ала турган жана уюштуруучулук жөндөмгө ээ болууга тийиш.

1.4. Айыл башчысы (айыл старостасы) Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары жана буйруктары, Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн токтомдору, буйруктары, Кыргыз Республикасынын укуктук нормативдик актылары, жергиликтүү коомдоштуктун уставы, жергиликтүү Кеңештин чечимдеринин, ошондой эле ушул айыл башчысы (айыл старостасы) жөнүндөгү Типтүү жобону жетекчилиги алдында иштейт.

2. Айыл башчысы (айыл старостасы) дайындалышы жана бошотуу тартиби

2.1. Айыл башчысы (айыл старостасы) өзүнчө калктуу отурукташкан пункттардын жашоочулар ичинен тийиштүү калктуу пункттун жашоочуларынын жыйынынын макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы дайындайт.

2.2. Айыл башчысынын (айыл старостасы) талакерлигин айылдын жашоочуларынын жыйынында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы көрсөтөт.

2.3. Жыйындагы шайлоо ачык түрүндө өткөрүлөт, жыйындагы катышуучуларынын эң көп добуш санын алган талапкер айыл башчысысын (айыл старостасы) кызматына дайындоосу макулдашылган деп эсептелет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы чечимди ошонун негизинде чыгарат.

2.4. Эгерде талапкер тийиштүү добушка ээ боло албаса ушул Жобонун 2.3. пунктуна ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан башка талапкер көрсөтүлөт.

2.5. Эгер жергиликтүү коомдоштук Уставында башка белгиленбеген болсо, айыл башчысы (айыл старостасы) 4 жылдык мөөнөткө дайындалат.

2.6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы тарабынан Айыл башчысысын (айыл старостасы) мөөнөтүнөн мурда ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда төмөндөгү негиздер боюнча бошотулат:

- арыздын негизинде
- тийиштүү калктуу пункттун жыйынынын чечими менен эгерде айыл башчысысын (айыл старостасы) иши канаттаандырарлык деп табылса;
- эгер айыл башчысынын (айыл старостасы) тартиптик жазасы болуп, себепсиз себеп менен өзүнүн кызматтык милдеттерин бир нече жолу аткарбаса;
- калктуу пункт чегинен тышкары туруктуу башка жерге көчүп кеткен учурда;
- соттун айыптоочу өкүмү күчүнө кирүү негизинде;
- каза тапса, ишке жөндөмсүз же туруктуу ишке жараксыз болуп калуу шартында;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык башка шарттар.

3. Айыл башчысысын (айыл старостасы) функционалдык милдеттери

3.1. Айыл башчысын(айыл старостасы) калктуу пункттун өзүнүн аймагы чегинде:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчисинини тапшырмасын аткарылуусун уюштурат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча жергиликтүү кеңешке сунуштарды киргизет;

- жаңы иш орундарын түзүү боюнча чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу сунуштарын киргизет;
- миграциялык агымдар үчүн эсепти жүргүзөт жана мониторнгди ишке ашырат;
- Кыргыз Республикасынын миграция жана иш менен камсыз болуу боюнча Мамлекеттик комитеттин аймактык органдары менен иш алып барат; миграция жана кызмат уюмдары менен бирге иштейт.
- жерлерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашырууда, анын ичинде муниципалдык жеке менчикте болгон жерлер боюнча сунуштарды киргизет;
- калкты коргоо жана калктуу пункттар аймагындагы калкты өзгөчө кырдаалдан жана анын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруу-практикалык чараларды жүзөгө ашырат;
- калкты өзгөчө кырдаалар коркунучу жана пайда болуусу жөнүндө калкты кабарландырууга жооп берет;
- бекитилген тартипте жана өзгөчө кырдаалар кесепеттерин жоюу үчүн түзүүлөрдүн даярдыгын камсыз кылат;
- калкты өзгөчө кырдаалар коркунучу жана пайда болуу, ошондой эле калкты жана аймакты коргоо маселеси боюнча иш аракеттерге калкты окутууну уюштурат;
- аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча ишмердик иш аракеттеги жеке жана юридикалык адамдарга ишкердикти өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү боюнча сунуштарды киргизет;
- турак-комуналдык чарба ишканаларынын ишин контролдойт жана аймакты жашылдандыруу боюнча иштерди жетекчиликке алат;
- муниципалдык транспорт жана муниципалдык жолдордун абалы боюнча тийиштүү иштерди контролдойт;
- калкты сапаттуу турмуш тиричилик жана соода тейлөө шарттарын түзүү үчүн өбөлгө түзөт;
- мектепке чейинки жана мектептик жана кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды, ошондой эле саламаттыкты сактоо, дене тарбия, спорт, туризм, жергиликтүү коомдоштуктун тарыхый жана маданий салттарын сактоо жана өнүктүрүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүүнү камсыз кылат;
- аз камсыз болгон үй бүлөлөрдү аныктоого жана аларга даректүү социалдык жардам берүүлөрдү уюштурууга катышат;
- камкордукка алынуучу жана көзөмөлчүлөрдү дайындоону көрсөтөт, ошондой эле камкорчу жана асыроочу үй-бүлөлөр мониторигин жүргүзөт;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каралганга ылайык жарандарга инсандыгын ырастоочу, үйбүлөлүк жана мүлктүк абалын тастыктап турган справкаларды жана башка документтери берет;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык калктын коомдук тартипти сактоону камсыздоо боюнча чараларды кабыл алат;
- жарандардын аскер кызматына чакыруусун уюштурууда көмөк берет;
- айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү Фондундагы жерлерди бөлүштүрүү жана пайдалануу боюнча сунуштарды киргизет;
- айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча экономикалык болжолду түзүү менен айылчарба өндүрүшүн келечектүү өнүктүрүү боюнча мониторинг жүргүзөт;
- ветеринардык-санитардык, эпизоотикалыкка каршы чараларды жана мал чарбасындагы селекциялык-асыл тукумдук иштерди өз убагында уюштурууга жардам берет;
- айыл чарба өсүмдүктөрүн айдоодогу тепсеп салуулар менен күрөшүү, өстүрүлгөн түшүмдү коргоо, токой коргоочу тилкелер жана токой массивдери боюнча тийиштүү чараларды камсыздоо боюнча чараларды кабыл алат;
- айлана-чөйрөнү коргоо боюнча чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашырууга катышат;
- салык жана башка төлөмдөрдү топтоого жардам берет;
- керектөөчүлөрдүн укугун коргоону камсыздоо боюнча чараларды кабыл алат;
- башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчүлүк уюмдарындагы бүтүрүүчүлөрдүн ишке орноштурууга көмөк көрсөтөт;
- келишимдик негизде төлөнүүчү коомдук иштерди уюштурат;
- жергиликтүү кеңештер жана ыйгарым укуктуу органдын чечимдерине ылайык жергиликтүү коомдоштуктун жаңы курулуш обьекттерин камсыздоону уюштуруу үчүн контролдук жүргүзөт;
- муниципалдык менчиктеги мүлктү жана анын сакталышын камсыздоонун башка ыкмаларын камсыздандыруу боюнча чараларды кабыл алат;
- калктуу пункт аймагында жайгашкан калдыктар менен иштеген тармактагы ишканаларды жана уюмдарды иш аракетин контролдойт;
- калдыктарды сакталышы жана кайра иштеп чыгаруу абалы жөнүндө калкка маалымдоону камсыз кылат;
- айланы чөйрөнү коргоо жана саламаттыкты сактоо органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими менен аныкталган макулдашуу боюнча калдыктарды түшүрүү жана көмүү жерлерин контролдойт;
- экологиялык программалырды иштеп чыгууга жана айлана чөйрөөнүн коргоо чараларын ишке ашырууга катышат;

- өздөрүнүн аймагында дене- тарбия жана спорт областында мамлекеттик саясатты ишке ашырууну жүргүзүүгө өбөлгө түзөт;
- китепканалык тейлөөсүнө болгон жарандардын укугун ишке ашыруусун камсыздайт;
- маданий мекемелердин өнүгүүсүнө тийиштүү шарттар түзүлүшүнө көмөк көрсөтөт, аларга китепканалар фонддун толтуруу, жабдууларды алуу, жаңы музыкалык аспаптарын алуу, маданий мекемелерде өз убагында ремонт жүргүзүү;
- мамлекеттик почта байланыш ишканаларына технологиялык нормаларга ылайык өзүнчө болгон имараттарды (же курулуучу) туракжай же башка имараттарды бөлүп берүү боюнча сунуштарды киргизет;
- архитектура жана курулуш органдарынын макулдашуусу боюнча генералдык (башкы) планга ылайык калктуу пункттардын чек араларында куруулар үчүн жер участокторун бөлүп берилүүсүнө сурам кат (ходатайство) берет;
- ыйгарым укуктуу органдар менен биргеликте калктуу пункт аймагы боюнча карантин чараларын жүргүзүүнү уюштурат.

4. Айыл башчысынын (айыл старостасы) укугу

4.1. Айыл башчысынын (айыл старостасы) төмөнкүлөргө укуктуу:
- калктуу пункттун жергиликтүү коомдоштук иш-аракетин жетектейт;
- өзүнүн компетенциясынын чегинде бардык табылган жетишсиздиктер жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысына билдирүү;
- калктын бюджет долбоору, социалдык-экономикалык өнүктүрүү планы жана иш менен камсыз болуучулук жана миграция иш аракеттеринин планы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысына тапшыруу;
- өз алдынча тейлөө, өз алдынча камсыз болуу принциптеринде жергиликтүү маанидеги иштер боюнча калкка кызмат көрсөтүү боюнча бригада, топторду жана башка бөлүмдөрдү түзүү;
- калктуу пункт жайгашкан аймактарда фермердик, дыйкан чарбаларынын жана башка чарба субьекттер жетекчилерине консультацияларды жана айыл өкмөтүнүн адиси менен макулдашууларды жүргүзүү;
- жеке менчик формасына карабастан мекемелердин жана уюмдардын кызматтык милдеттеринин бекитилген тартипте аткарылышын контролдоого баруулары;

- айыл өкмөтүнө караштуу структуралардын жана кызматтык адамдардын кызматтык милдетин аткарылышы үчүн керектүү маалыматтарды жана материалдарды сурап алууга жана алууга;
- калктуу пункт жайгашкан аймактардагы ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган нормативдик укуктук актыларында, жергиликтүү коомдоштук Уставында, келишимдерде жана башка милдеттенмелердеги белгиленген нормаларын аткаруусу жана сактоосун алардан талап кылуу;
- анын иш аракетине байланыштуу талаш маселелерди чечүү үчүн жергилктүү өз алдынча башкаруу башчысына, жогору турган уюдарга, сотко кайрылууга:
- профсоюз уюмдарынын мүчө болууга;
- жергиликтүү бюджет каражаттары эсебинен кесиптик билим деңгээлин жогорулатууга талапкер болууга;
- ээлеген кызмат орду боюнча анын укугун жана милдетин аныктоочу документтер менен таанышууга;
- муниципалдык жана мамлекеттик вакантык кызмат орундарын ээлөөгө конкурска катышууга;
- ар намысын жана абийирине шек келтирген маалыматтарды жокко чыгаруу үчүн кызматтык иликтөөнү жүргүзүүнү талап кылууга;
- мыйзамдуулук боюнча шек туулучулук пайда болгон шартта жетекчиден жазуу жана оозеки ырастоо буйругун талап кылууга;
- эмгек коопсуздугу шарттарын камсыз кылууну талап кылууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бекитилген тартипке ылайык өз каалоосу боюнча иштен бошонууга.

5. Айыл башчысынын (айыл старостасынын) жоопкерчилиги

5.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралганга ылайык айыл башчысы (айыл старостасы) жарандардын укугун жана мыйзамдык кызыкчылыктарын бузууга алып келген аракеттерге же аракетсиздикке жоопкерчиликти тартат.

5.2. Кыргыз Республикасынын иш аракеттеги мыйзамына ылайык айыл башчысы (айыл старостасы) өзүнүн жүктөлгөн милдетин же милдетин тийиштүү деңгээлде аткара албаса жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тартиптик жаза колдонууга укуктуу. Ылайыктуу калктуу пункттардагы (айылдардагы) жыйынындагы жашоочулардын макулдугунан кийин айыл башчысы (айыл старостасы) ээлеген кызматынан бошотулуу жөнүндөгү чечим кабыл алынат.

5.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл башчысы (айыл старостасы) кызматтык кылмыш кетирүү шартында

(анын тартип жоопкерчилиги жөнүндө маселени чечүүгө чейин) ээлеген кызматынан айлык акысы сакталбастан кызматтык милдетерин аткаруудан четтетилет.

5.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик жазаны колдонуунун жана даттану тартиби белгиленет.

5.5. Жылына бир жолудан кем эмес калк алдында калктуу пункт тургундарынын жыйынында отчет берет.

5.6. Айылдык кеңештин чечими боюнча айыл башчысынын (айыл старостасы) агымдагы иштердин абалы жана башка маселелер боюнча айыл сессиясында угууларды уюштурат.

№ 2- тиркеме

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
27-сентябрь 2003-ж. №614- токтому
менен бекитилген

«СТИМУЛДООЧУ (ҮЛҮШТҮК) ГРАНТТАР ЭСЕБИНЕН КАРЖЫЛООНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ»

ЖОБО

Бул жобо «Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын 2003 –жылга карата республикалык бюджет жөнүндөгү» мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан жана республикалык бюджетте каралган финансылык чыгашалардын тартибин жөнгө салып турат.

1. Жалпы жоболор жана аныктамалар

Стимулдоочу (үлүштүк) гранттар – бул жогорку бюджеттик деңгээлдин төмөнкү бюджет деңгээлине бекитилген долбоорлор боюнча максаттык чыгашаларды ишке ашыруу үчүн акысыз жана кайтарымсыз берилүүчү каражаты.

Капиталдык чыгашалар (негизги капиталдык алуулар) – имараттардын жана куруулардын имараттардын курулушу жана реконструкциялоосу (техникалык кайтадан жаңыртып жабдуулар) башка обьекттерди куруулар, куруулар же реконструкциялоо, капиталдык ремонт;

Долбоор – грантты алуу үчүн коомдук аймактык органдар тарабынан белгиленген форма боюнча толтурулган документ;

Арыз ээси – грант алуу үчүн долбоорго (заявка) берүүчү коомдук аймактык орган;

Грант алуучулар – грант алуу үчүн долбоорду тандоодон өткөн коомдук аймактык орган;

Грант алуу үчүн келишим – грант алуучу жана грант берүүчүлөрдүн кол койгон документ.

2. Максаттары жана милдеттери

Стимулдоочу (үлүштүк) гранттардын түзүлүү булактары республикалык бюджеттин каражаттары, ошондой эле эларалык уюмдарынын гранттары болуп саналат.

Стимулдоочу (үлүштүк) гранттар социалдык, коомдук обьектилерди жана коммуналдык жана инженердик инфраструктураларды калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча артыкчылыктуу долбоорлорду, ошондой эле башка обьекттерди каржылоого багытталат.

Гранттар кош каржылоо түрүндө жергиликтүү бюджеттердин мобилизацияланган ресурстарынын толуктоолоруна, эл аралык жана БӨУ (НПО) уюмдарга көрөтүлөт.

Артыкчылыктуу долбоорлорго алыскы райондордогу калктуу пункттар жашоочуларынын көпчүлүгүнө жеткиликтүү обьектилерди калыбына келтирүү боюнча долбоорлорду кийирүү сунушталат.

3. Долбоордорду даярдоо процесси

Грант алуу үчүн арыз берүү баарынан мурда салым өлчөмүн аныктоодон башталат. Эгер аяктап бүтпөгөн курулуш долбоорун ишке ашыруу үчүн болсо аткарылган иштердин актылары, төлөө поручениелери, башка инвестициялар менен талап кылган көлөмдө которулган каражаттарды алуу жөнүндөгү подрядчиктин эсебинин көчүрмөсүн тапшырууга тийиш.

Тапшырылган заявкалар (билдирмелер) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин үлүштүк каржылоо боюнча Комиссисында (мындан ары – Комиссия) катталат, ал стимулдоочу (үлүштүк) гранттарды алуу долбоорлорун каттоoо формасына ылайык тийиштүү катталуучу номер ыйгарылат.

Сунушталган долбоорлордо кийинки агымдагы чыгашалар деталдык 3 жылдын аралыгындагы долбоордун ишке ашырылуусунда пайда болуучу (операциялык чыгашаларды кошкондо) баяндоолору камтылууга тийиш.

Грантты алууга долбоор Тиркеме ылайык форма боюнча толтурулат жана зарыл документтердин коштолуу пакети менен Комиссияга тапшырылат.

Зарылдыгына карай Комиссия кошумча маалыматты жана документтерди арыз ээсинен (заявителден) талап кылып алууга укуктуу.

Долбоорлорду даярдоо жана баалоо боюнча нускаманы, областык жана райондук комиссиянын иштери жөнүндө курамын жана жобосун, стимулдоочу (үлүштүк) гранты алууга заявкаларды кароо боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Комиссиясын Кыргыз Республикасынын Финансы министринин буйругу менен бекитилет.

4. Консультациялык жана маалыматтык кызматтар

Каражаттарды алуу жана алынган каражаттарды пайдалануу жол жоболорун түшүндүрүү боюнча арыз ээсине жардамдарды, ошондой эле долбоорду ишке ашыруудагы бардык этаптарындагы маалыматтык колдоо Финансы министирлигинин (Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик Фондунан (мындан ары - ЭӨМФ), мамлекеттик инвестициялар Программасы боюнча долбоорлорду ишке ашыруу боюнча бөлүмдөр менен, эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик комиссиянын алдындагы туракжай жана социалдык өнүгүү боюнча мамлекеттик департаменти тарабынан берилет.

5. Долбоорлорду тандап алуу

Райондук жана областык комиссиялардын иштеринин натыйжасы боюнча стимулдоочу (үлүштүк) гранттын формасында жана алардын райондун жана областтын каражаттарынын көлөмүнө ылайыктуу долбоорлорду кош каржылоого ресурстарды бөлүү жөнүндөгү чечим протоколдоштурулат.

Эгер долбоор бүтпөгөн курулуш менен байланыштуу болсо, сөзсүз бюджеттик жылга пландаштырылган, тартылган булактардан каржылоо эсеби менен аякталбаган иш көлөмүн реалдуу баалоoo менен инвестицияларга муктаждыгын бекемдөө керек зарыл.

Долбоорду кош каржылоо документтер(аткарылган иштердин актылары, төлөө поручениелери, башка инвестициялар менен талап кылган көлөмдө которулган каражаттарды алуу жөнүндөгү подрядчиктин эсебинин көчүрмөсү) тапшырылгандан кийин иш жүзүнө ашырылат. Долбоор – жамааттык уюмдар тараптан ырасталган төгүмдөр, ошондой эле эксплуатацияны жана мындан ары обьектти башкарууну каржылоо планы камтылган милдеттенме-каттар менен коштолууга тийиш.

6. Грант берүү тартиби

Комиссия чечиминин натыйжалары боюнча грант алуу үчүн ЭӨМФ жана грант алуучу ортосунда Келишим түзүлөт.

Грант алуучунун жеке салымын өздөштүргөндөн жана аткарылган иштердин көлөмү ырасталгандан кийин, Казыналык подрядчик менен эсеби үчүн каражаттарды которууну ишке ашырат.

Долбоордун тибине байланыштуу суралган сумма менен жана талап кылынган көлөмгө ылайык грант бөлүк менен берилип турат. Келишимдеги кол коюлгандарга ылайык долбоордун фактылай аткарылышы боюнча

ЭӨМФ отчетту тапшырылгандан кийин каржылоонун калган бөлүктөрү жүргүзүлөт.

7. Грантты пайдалануу боюнча контролдук жана отчеттуулук

Стимулдоочу (үлүштүк) гранттар эсебинен Грант алуучу жүргүзгөн иштердин жүргүзүлүшү үчүн контролдук ЭӨМФ жүктөлөт.

Грант алуучулар иштерди аяктагандан кийин ЭӨМФ на төмөндөгүлөрдү даярдашат жана тапшырышат:

- жыйынтыктоочу финансылык отчет, анда банктын эсебиндеги каражаттар жөнүндө банк көчүрмөсү, акча каражаттарынын жүгүртүлүшү жөнүндөгү маалымдама (справканы), товарларды жана кызматтарды сатып алуулардын эсеп фактурасы, башка зарыл документтер камтылат;
- обьекттеги иштержөнүндөгү жыйынтыктоочу отчет.

Обьектилердин кабыл алуу курулуп бүткөн обьектилерди эксплуатациясын кабыл алуу жөнүндө негизги жоболорго(СНиПШ – 3-81) ылайык иш жүзүнө ашырылат.

Мамлекеттик кабыл алуу комиссиянын курамына Финансы министрлигинин, ЭӨМФнун жана жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү кирүүгө тийиш. Обьекттин кабыл алуу актысынын бир нускасы Финансы министрлигине берилет.

Ушул Жобонун шарттары аткарылбай калган жана обьектилер боюнча иштерди жүргүзүү боюнча текшерүү учурунда кемчиликтер болуу шартында Финансы министрлиги Келишимди токтотуу жана Келишимди бузуучуга пайдаланган акча каражаттарын калыбына келтирүү талап кылуу укугуна ээ.

Финансы министрлигинин адистери текшерүүнү иш жүзүнө ашырышат:

- курулушка же обьекттерди реконструкциялоого бөлүнгөн каражаттарды пайдалануунун максатка ылайык багытталгандыгы;
- грант алуучунун заявкасы менен кол коюлган келишимге ылайык белгиленген чараларды аткаруусу;
- обьектилерге баруу жолдору менен арадагы жана жыйынтык натыйжаларга жетишүүсү.

№ 3 -тиркеме

Кыргыз Республикасынын Экономика жана
Финансы министрлигинин 28-сентябрь 2002-ж. №285
буйругу менен бекитилген
Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде
28-ноябрь 2002-ж. 151-02 номери менен
катталган

«Бюджеттик мекемелердеги, уюмдардагы жараксыз болон имараттарды, курууларды машиналарды, жабдууларды, транспорттук каражаттарды жана негизги каражаттарга тиешелүү башка мүлктөрдү эсептен чыгаруу тартиби жөнүндөгү»

НУСКАМА

1. Мекемелердин, уюмдардын балансындагы имараттарды, курууларды машиналарды, жабдууларды, транспорттук каражаттарды жана негизги каражаттарга тиешелүү башка мүлктөрдү эсептен чыгарылуусу мүмкүн:

а) абдан эскирип калганда, авариялар, табигый кырсык, нормалдуу эксплуатациялык шарттардын бузулуулар натыйжасында жана башка себептер боюнча жараксыз болгондо;

б) абдан эскиргенде;

в) курулуштарга, мекемелердеги, уюмдардагы жана башка обьектилерди реконструкциялоо жана техникалык жактан жаңылап жабдууну кеңейтүүгө байланыштуу.

Ушуну менен бирге негизги каражаттарга тийиштүү эсептен чыгаруу шарты качан гана анын калыбына келтирүүгө мүмкүн болбогондо же экономикалык жактан максатка ылайыктуу болбогондо, ошондой эле бекитилген тартипте башка уюмдарга жана мекемелерге сатууга же өткөрүлүп берүүгө мүмкүн эмес учурларда жана эсептен чыгарууга болот.

2. Мамлекеттик бюджетте турган мекемелердин жана уюмдардын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу төмөнкү тартипте жүргүзүлөт:

- 10000 сомдон жогору 15000 сомго чейин, жогору турган уюмдардын уруксатын кошкондо;
- 15000 сомдон жогору – министрликтердин жана ведомстволордун уруксаты менен.

Министрликтер жана ведомстволор өзүлөрүнүн балансындагы негизги каражаттарды негизги каражаттар бирдигинин наркына карабастан эсептен чыгаруунун жүргүзүшөт.

3. Негизги каражаттардын жараксыздыгын, алардын калыбына келтирүү ремонтун жүргүзүүнү мүмкүн эместиги же натыйжасыздыгын аныктоо үчүн, ошондой эле уюмдардагы жана мекемелердеги жетекчинин буйругу менен негизги каражаттарды эсептен чыгарууга керектүү документтерди тариздөө (оформление) үчүн туруктуу иш аракеттеги комиссиялар түзүлөт, анын курамында:

а) мамлекеттик бюджетте турган мекемелер жана уюмдар: жетекчиси жана анын орун басары (комиссиянын төрагасы); башкы бухгалтер жана анын орун басары (мекемелерде жана уюмдарда, алардын штаттык расписаниеси боюнча башкы бухгалтери жок болсо, бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө жүктөлгөн адам);

б) борборлоштурулган бухгалтериялар менен тейлөөчү мекемелерде, туруктуу иш аракеттеги комиссия курамына топ эсебинин жетекчилери же бул бухгалтериянын башка кызматчылары да кошулат;

в) негизги каражаттарды сактоо үчүн жоопкерчилик жүктөлгөн адам;

г) мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу органдын өкүлдөрү.

4. Уюмдардагы жана мекемелердеги туруктуу иш аракеттеги комиссиялар:

а) эсептен чыгарууга тийиштүү обьектилерди түздөн-түз кароосун жүргүзүшөт, мындакеректүү техникалык документацияны пайдаланышат (паспорт, этаждык пландар жана башка документтер), ошондой эле бухгалтердик эсептөө маалыматтары жана аларды кайра калыбына келтирүүсүнүн жана андан ары пайдаланууга жараксыздыгын белгилешет;

б) негизги каражаттардын (атайын аппаратуралар же жабдуулар) жараксыздыгы жөнүндөгү корутундуну чыгаруу үчүн тийиштүү структуралардын адистерин чакырылышы мүмкүн;

в) обьектилерди эсептеп чыгаруунун конкреттүү себептерин белгилешет (эскириши, реконструкция, эксплуатациялоонун нормалдуу шарттарын бузуу, авариялар жана башкалар);

г) эксплуатациялоодон негизги каражаттардын мезгилсиз жарактан чыгуусуна күнөөсү болгон адамдарды табуу, аларды иш аракеттеги мыйзамдарга каралганга ыайык бул адамдарды жоопкерчиликке тартуу жүндөгү сунуштарды киргизет;

д) эсептен чыгарылуучу обьекттин айрым түйүндөрүн, деталдарын, материалдарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныкташат жана алардын баасынжүргүзүшөт;

е) эсептен чыгарылган негизги каражаттардын жарактуу түйүндөрүн, деталдарды, материалдарды, түстүү жана баалуу металлдарды алуу үчүн

контролдукту жүргүзүшөт, алардын санын, салмагын жана тийиштүү складга өткөрүлүп берилишин контролдойт;

ж) айрым обьектилердин негизги каражаттарын эсептен чыгарууга төмөнкү актылар түзүлөт: Кыргыз Республикасынын Финансы Министирлиги тарабынан бекитилген «Бюджеттик мекемелердеги негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндөгү акт» бюджеттик NOC-4 формасы боюнча: «Бюджеттик мекемелердеги транспорттук каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндөгү акт "ОС-4а формасы; Кыргыз Республикасынын Финансы Министирлиги тарабынан бекитилген "Бюджеттик мекемелердеги китепканадан алынып салынган адабияттарды эсептен чыгаруу жөнүндөгү акты 444 формасы.

Иш аракеттеги обьектилердин жаңы курулуштарын кеңейтүүгө, реконструкциялоого жана техникалык жаңы курал жарак менен жабдууларга байланыштуу жабдууларды эсептен чыгаруу шартында жогору турган уюмдар бекиткен кеңейтилген планга ылайык иш аракеттеги обьектилердин жаңы курулуштарын кеңейтүүгө, реконструкциялоого жана техникалык жаңы курал жарак менен жабдууларды эсептен чыгарууга сунушталгандарын комиссия текшерүүгө тийиш жана аларды эсептен чыгаруу актысындагы пунктка жана планды бекитүү датасына шилтеме жасоолору тийиш.

5. Эсептен чыгаруу актысында төмөндөгү, негизги каражаттар обьектисин мүнөздөөчү маалыматтар: чыгарылган жылы же обьект курулушу, анын уюмга, мекемеге келип түшүү датасы, эксплуатацияга киришүү датасы, обьекттин баштапкы баасы (жаңы баа коюу - калыбына келтирүү үчүн) бухгалтердик эсеп маалыматтары боюнча эскиришинин эсептелген суммасы, капиталдык ремонт жүргүзүүлөр саны көрсөтүлөт. Негизги каражаттар обьектилеринен чыгуу себептери, анын негизги бөлүктөрү, деталдары, түйүндөрү, конструктивдик элементтери кенен чагылдырылат.

Автотранспорт каражаттарын эсептен чыгарууда, мындан тышкары автомобилдин жүрүүсү жана автомобилдердин агрегеттарынын жана деталдарынын техникалык мүнөздөмөлөрү жана бөлүктөргө ажыратып жыйноодон алынган негизги деталдары жана түйүндөрүн андан ары пайдалануу мүмкүндүгү көрсөтүлөт.

Уюмдардын жана мекемелердин балансындагы негизги каражаттарды авария натыйжасында чыгаруудагы эсептен чыгаруудагы эсептен чыгаруу жөнүндөгү авария жөнүндөгү актын көчүрмөсү тиркелет, ошондой эле авария болгондугунун себептери чечмеленет жана күнөөлүү адамдарга карата кабыл алынган чаралар көрсөтүлөт.

Уюмдардын жана мекемелердин балансындагы көчүрүүчү, компьютердик техниканы, каражаттарды эсептен чыгарууда техникалык экспертизанын

көчүрмөсү тиркелет жана бөлүктөргө ажыратып жыйноодон алынган негизги деталдары жана түйүндөрүн андан ары пайдалануу мүмкүндүгү көрсөтүлөт.

6. Негизги каражаттардын эсептен чыгарууга комиссия тарабынан түзүлгөн актыны уюмдардын жетекчилери бекитет.

7. Негизги каражаттарды бөлүктөргө ажыратуу жана демонтаждоо актыны бекиткенге чейин (жогору турган уюмдардан уруксат алуу) эсептен чыгарууга жол берилбейт.

Бөлүктөргө ажыратылган жана демонтаждалган жабдуунун бардык деталдары, түйүндөрү жана агрегаттары башка машиналардын ремонту үчүн жарактуу, ошондой эле. негизги каражаттар жоюлгандан кийин алынган башка материалдар көрсөтүлгөн башка материалдар тийиштүү эсептерге көрсөтүлгөн баалуулуктары эске алынуу менен кирешеленет, ал эми жараксыз деталдар жана материалдар экинчи сырье катары кирешеленет. Мында темир сыныктарын жана кара түстүү металлдардын калдыктарын сактоо, пайдалануу жана эсептен чыгаруу эсеби, ошондой эле бекитилген тартипте баштапкы сырье, матералдар жана даяр продукция үчүн утиль сырьего өткөрүлүү менен ишке ашырылат.

Түстүү металлдардан колдонуу менен даярдалган деталдар жанан түйүндөр, ошондой эле мекемелер муктаждыгы үчүн пайдаланылбаган кара металдардын даярдалган деталдар жана түйүндөрдү иш аракетин ушул түрүндө лицензиясы бар тийиштүү уюмдарга сатууга болот. Түстүү металлдардын колдонуу менен даярдалган деталдарды жана түйүндөрдү балансттан эсептеп чыгарууда, аткаруу бийлиги органдарынын нормативдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин макулдашуусу менен мекеме эсепке алат. Түстүү металдардан даярдалган деталдарды жана түйүндөрдү сатуудан түшкөн сумманы жана башка машиналар, инструменттер, приборлор жана жабдуулар ремонту үчүн пайдаланылбагандар тийиштүү бюджеттин кирешесине киргизилет.

8. Негизги каражаттарды эсептен чыгарылгандарды бөлүктөп ажыратуудан алынган экинчи сырьену жана кайтадан пайдалануу үчүн жараксыздарды уюмдарга жана мекемелерге сатууга болот.

9. Бюджеттик мекемелердин кызыкчылык максатында эсептен чыгарылган негизги каражаттарды, ошондой эле айрым обьекттердеги негизги каражаттарды бөлүк менен ажыратып алынган материалдарды сатуудан алынган сумма жабдууларды жана материалдарды сатып алуунун чыгашалар статьялары боюнча пайдалануу үчүн мекемелердин карамагына калат жана бюджеттик каржылоо каражаттарын көбөйтүүгө тийиштүү болот.

10. Негизги каражаттарды баланстан эсептен чыгаруу иш аракетиндеги тартип бузууу, материалдык баалуулуктарга карата чарбасыздык менен мамиле кылынган (жок кылуу, өрттөө жана башка) шартта мында күнөөлүү кызмат адамдары бекитилген тартипте жоопкерчиликке тартылууга тийиш.

11. Ушул нускамадагы бекитилген негизги каражаттарга тийиштүү эмес имараттарды, курууларды, машиналарды, жабдууларды, транспорттук каражаттарды жана башка мүлктөрдү эсептен чыгаруу тартиби качан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан негизги каражаттарды эсептен чыгаруунун башка тартиби бекитилген шартта колдонулбайт.

№ 4 -тиркеме

Кыргыз Республикасынын Финансы
министрлигинин 6-июль 2001-ж. №146
буйругу менен бекитилген
КРнын Юстиция министрлигинде
29-июнь 2001-ж. 97-01 номери менен
катталган

«Товардык –материалдык баалуулуктардын ашыкчанормативдик запастарын жана бюджеттик мекемелердин каржылоонун жылдык отчеттору боюнча эсептердеги каражаттар калдыктарын чегерүү жүргүзүү тартиби жөнүндөгү»

НУСКАМА

Нормалдуу жана үзгүлтүксүз иштерди камсыздоо үчүн бюджеттик ммекемелер, смета боюнча ассигнованиелерден тышкары, өткөн жыл үчүн товардык-материалдык баалуулуктар каражаттары болот.

Баалуу товардык материалдык запастар нормалары төмөнкү топтор боюнча бекитилет: илимий, окуу жана башка атайын максаттарга материалдар, тамак-аш продуктулары, дары-дармектер, жылуулук, чарбалык материалдар, запас бөлүктөр, канцелярдык товарлар, тоюттарга жана жем-чөптөр.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу бюджеттик мекемелер боюнча товардык-материалдык баа луулуктар запастарын нормалдаштыруунун жакшыртуу максатында ашыкча нормативдик запастарды ошондой эле дебитордук карыздарды чегерүүнүн, бирдиктүү тартиби бекитилет. Ведомстволорго баш ийүүчүлүгүнө карабастан республикалык жана жергиликтүү бюджеттерде турган бардык мекемелер боюнча товардык-материалдык баалуулуктар ашыкча нормативдик запастарынын жана каражаттар калдыктарынын эсептеринде чегерүү жүргүзүлөт. Чегерүү өткөн жыл үчүн сметаны аткаруу жөнүндөгү бухгалтердик отчет негизинде запас нормаларынан тышкары №1 тиркемеге ылайык жүргүзүлөт.

Финансылык органдар бюджеттик мекемелердин отчетору жана бюджеттик классификациялардын бөлүктөрү боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча нормативдик запастарынын жана эсептердеги каражаттарды – бухгалтердик баланс боюнча чегерүү жүргүзүшөт. Бюджеттик мекемелердин жылдык отчеттору боюнча кредиттердин башкы тескөөчүлөрү ашыкча нормативдик запастар

жана каражаттар эсептериндеги чегерүүнү жүргүзүшөт. Бухгалтерия кызматчылары зарылдыгына карай чегерүү жүргүзүү үчүн талап кылынган кошумча маалыматтарды тапшырышат. Каржылоодо чегерүүгө тийиштүү запастар суммасы фактылай калдыктар жана материалдардын айрым түрлөрү боюнча запас нормалары ортосундагы айрыма катары аныкталат. Запастар нормасы бекитилген запастар нормасынан тышкары фактылай отчеттук жыл үчүн болгон бир күндүк орточо материалдар чыгашасы менен эсептелет.

Бюджеттик мекемелердин материалдык баалуулуктардын ашыкча суммасын аныктоодо кымбат баалуу металлдар боюнча реактивдер материалдык запастар калдыктары эсепке кабыл алынбайт.

Тамак-аш продуктуларынын запас нормаларынын, продуктулардын мезгилдүү даярдоо продуктуларынын запастарын кошкондогу эсеби чыгарылат. Тамак-аш продуктуларынын калдыктары боюнча мезгилдүү даярдоонун өзүнчө ченемдери белгиленбейт. Материалдардын орточо чыгашасын бир жылда 360 күнгө бөлүү жолу менен материалдардын чыгашасы аныкталат (бир жылдык бухгалтердик отчеттун №6 форма). Запастар нормаларынын эсеби материалдардын ар бир тобу боюнча бир күндүк запас нормалары бекитилген карай өзүнчө акчалай түрдө жүргүзүлөт.

1-мисал. Саламаттыкты сактоо мекемелери боюнча чарбалык материалдар жана канцелярдык товарлардын чыгашасы 2001-жыл үчүн 3,1 миң сомду түзгөн. 90 күнгө норма запасы канцелярдык жана чарбалык чыгашалардын бир күндүк орточо чыгашасы бекитилген: 3100 : 360 = 8.6 сомду түзөт. 2002 жылга норма запасы 8,6 х 90 күнгө = 774 сомго барабар.

Ар бир топ боюнча товардык-материалдык баалуулуктар запасынын бекитилген акчалай нормалары отчеттук жылдын аягындагы калдыгы менен салыштырылат. Ашыкча запастар материалдардын ар бир түрү боюнча 1 январга карата суммаланат.

Кыргыз Республикасынын Финансы министирлиги бюджеттик мекемелерди товардык-материалдык баалуулуктардын айрым түрлөрү боюнча ашыкча нормативдик запастарынын чегерүүдөн зарылдыгына карай бошотууга укуктуу (мисалы, эпидемия тароо мезгилинде, дары-дармектер, сыворотка жана вакциналар запастары).

Бюджеттик мекемелердин жылдык отчету боюнча ашыкча нормативдик материалдар калдыктары чегерүүдөн тышкары дебитордук карыздын чегерүүсүн жүргүзөт. Чегерүүгө тийиштүү дебитордук карыз суммасы дебитордук (субсчет 160, 171, 178 почталык, телеграфтык чыгашалар төлөөгө байланышкан аванстарды эсептебегенде жана 1-январга карата аякталбаган иш сапары боюнча аванстары) жана кредитордук карыз (субсчет 171, 176, 178) арасындагы айрыма катары аныкталат.

Дебитордук карыз кредитордук карызга барабар же андан аз учурларда, дебитордук карыздын чегерүүсү жүргүзүлбөйт.

Кредиттердин башкы тескөөчүсү жана финансы органдарынын өкүлүнүн ортосундагы чегерүү суммалары боюнча пайда болгон каршы келүүчүлүктөр башкаруу начальнигинде, бөлүмдө жана финансылык бөлүмдүн башчысында, ал эми зарыл болсо – Кыргыз Республикасынын Финансы министринин орун басарында каралат.

Кредиттин башкы тескөөчүлөрү отчеттордун карап чыгуу боюнча иштери аяктагандан кийин финансылык органдар областтык, шаардык жана райондук мамлекеттик администрациянын кароосуна товардык-материалдык баалуулуктар ашыкча запасынын жана эсептердеги кредиттерди чегерүүлөр жөнүндөгү жыйынтык отчетун карооґо тапшырышат. Смета боюнча чыгашалар суммасы чегерүүлөр суммаларынан азаят жана жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө карата такталат.

Жергиликтүү бюджеттин кирешелери боюнча чегерүүлөр суммасы зарылдыгына карай бекитилген кирешелер боюнча планды азайтууга багытталат. Бюджеттик кирешеде чегерүүлөр суммалары эске алынуу менен азайып, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу боюнча райондук мамлекеттик администрацияларга бюджет боюнча чараларды кошумча каржылоого багытталат.Бул шарттарда чаралар жана мекемелер боюнча бюджеттик багыталыштар өзгөрүлөт, ал чегерүүлөр жүргүзүүлөр жана кошумча чаралар боюнча сметалык баыттоолор салыштырмалуу көбөйтүлөт.

Облустук, райондук, шаардык финансы бөлүмдөрү товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча нормативдик запастарын жана дебитордук карыздардын чегерүү суммасы жүргүзүүлөрү жөнүндө жогорут урган финансалык органдарга биринчи жарым жылдык отчетторундагы түшүндүрмө каттарында билдиришет.

№1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын бюджеттик мекемелер үчүн товардык-материалдык баалуулуктар запастарынын нормалары

№ Статьялардын аталышы	Нормалары (күндөр)
1. Окуу, илим жана башка максаттар үчүн материалдар (060 эсеп)	180
2. Тамак-аш продукталары (061 эсеп)	60
3. Дары-дармектер жана жара-таңуучу каражаттар (062 эсеп)	120
4. Чарбалык материалдар жана кеңселик (канцеляриялык)	
буюмдар (063 эсеп)	
5. Отун, күйүүчү жна майлоочу материалдар(064 эсеп)	120
6. Тоюттар жана жем чөптөр (065 эсеп)	180
7. Таралар (каптар, ящиктер ж.б) (066 эсеп)	75% сом калдыгы
8. Жана башка материалдар (067 эсеп)	90
9. Машиналарга жана жабдууларга камдалган запас (069 эсеп)	120

Эскертүү: Ысыккөл, Нарын обдастарынын райондору боюнча жана Ош олбастынын бийик тоолуу райондору боюнча отундун камдалганынын нормасын, зарыл болсо, 160 күнгө чейин жеткирилүүгө мүмкүн.

№5-Тиркеме

2007-жылга карата жергиликтүү бюджет долбоорун калыптандыруунун календардык планы

Бюджеттин калыптандыруунун стадиялары	Мөөнөтөрү
Аймактык финасылык органдарга жана республикалык жана областтык маанидеги шаарларга бюджетти түзүү, календардык план, киреше жана чыгаша боюнча максаттуу көрсөтмөлөр, жалпы мамлекеттик салыктардан болжолдуу ченемдеринин чегерүүлөрү жана категориялык жана теңөө гранттардын болжолдуу өлчөмдөрү боюнча нускаманы бекитүү жана билдирүү.	30 -май
Аймактык каржылык органдардан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына чейин бюджетти түзүү боюнча нускаманы, календардык план, киреше жана чыгаша боюнча максаттуу көрсөткүчтөр, жалпы мамлекеттик салыктардан болжолдуу чегерүүлөрү жана категориялык жана теңдөө гранттардын болжолдуу өлчөмдөрүн сунуш кылуу.	10 күндүн ичинде
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактык финансылык органдарга, жергиликтүү бюджеттин кирешелери боюнча болжолдорду сунуш кылуу	15 -июнь
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык финансылык органдарга, жергиликтүү бюджеттин чыгашалары боюнча болжолдорду сунуш кылуу	1 июль
Аймактык финансылык органдардын, республикалык жана областтык маанидеги шаарлардын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жергиликтүү бюджеттик кирешелери боюнча болжолдорду сунуш кылуу	1 июль
Аймактык финансылык органдардын, республикалык жана областтык маанидеги шаарлардын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жергиликтүү бюджеттик чыгашалары боюнча болжолдорду сунуш кылуу	1 август
Аймактык финансалык органдарга жана республикалык жана облдастык маанидеги шаарларына киреше жана чыгаша боюнча такталган максаттуу көрсөткүчтөрдү, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөр ченемдерин категориялык жана теңөө гранттардын өлчөмдөрүн сунуш кылуу	Кыргыз Республикасынын ЖК республикалык бюджетин бекитүүдөн кийин.

Аймактык финасылык органдардан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына чейин киреше жана чыгаша боюнча такталган максаттуу көрсөткүчтөрдү, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөр, категориялык жана теңдөө гранттардын өлчөмдөрүн сунуш кылуу	10 күндүн ичинде
Киреше жана чыгаша боюнча такталган көрсөткүчтөрдү, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөр, категориялык жана теңдөө гранттардын өлчөмдөрүн КРнын Финансы министерстлигинен алгандан кийин аны жергиликтүү кеңешке, жергиликтүү бюджеттин долбоорун бекитүү үчүн сунуш кылуу	10 күндүн ичинде
Жергиликтүү кеңеш тарабынан жергиликтүү бюджетти бекитүү	Республикалык бюджетти бекитүүдөн кийин ар бир айдын ичинде
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бекитилген жергиликтүү бюджетти жыйынтыктоо үчүн аймактык финансалык органга сунуш кылуу	Бекитүүдөн кийин 15 күндүн ичинде
Аймактык финансылык органдар тарабынан жыйынтыктоочу бекитилген жергиликтүү бюджетти КРнын Финансы министрлигине сунуш кылуу	Алгандан кийин 15 күндүн ичинде
Республикалык жана областык маанидеги шаарлардын бекитилген жергиликтүү бюджетти КРнын Финансы министрлигине сунуш кылуу	Республикалык бюджетти бекитүүдөн кийин эки айдан кеч эмес

№ 6 тиркеме

Кредиттик келишим №___

Бишкек ш. «_____»___200__ж.

«Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери тууралуу» Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 11-июнунда кабыл алынган №78 мыйзамынын 15-статьясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Финансы министринин атынан ____________________ мындан ары «Кредитор» деп аталуучу, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчисисинин атынан ____________________ мындан ары «Заемчу», тараптан төмөнкүдөй чыныгы келишим түзүшөт

1. Келишимдин предмети

1.1. Заемчуга кредитор бюджеттик ссуда берет_____миң (суммасы жазуу түрүндө) сом Заемчу бюджетти аткаруу процессиндеги биринчи кезекте чыгашаны каржылоого финансылык кыйынчылыктары болгондугуна байланыштуу.

1.2. Кредиттик каражаттар төмөнкү максаттарга жумшалууга тийиш:

Максаты	Сумма (сом)
Мисалга – эмгек акы боюнча карыздарды тындыруу жана Социалдык фондко чегерүүлөр	

2. Келишимдин шарттары

2.1. Кредит максаттуу колдонуу жана кайтаруу шарттары менен берилет.

2.2. Кредитор Заемчудан кепилдикти, кредитти камсыздоо гарантияларын жана келишимдин талаптарын аткаруусун талап кылууга укуктуу.

2.3. Кредит пайызсыз (процентсиз) берилет;

2.4. Кредит республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн 200 ____ж. 1 жана 2 жарым жылдыгындагы жыйынтыктары боюнча алынган пландан ашык чегерүүлөр эсебинен толугу менен бекитилген тартипте 25-декакбрь 200____ж. кеч эмес тындырылат.

2.5. Эгерде ушул келишимдин 2.4. пункту аткарылбаса берилген каражаттар Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык 200____ж каражаттар кармап калынат.

2.6. Кредиттик келишим карыздарды толугу менен тындырылганга чейин иш аракетте болот.

3. Заемчунун милдеттери

3.1. 1.2. пунктуна ылайык алынган ссудаларды тийиштүү максаттагы багытталышына пайдалануу.

3.2. Кредитордун талабы боюнча өзүнүн төлөөгө жөндөмдүүлүгү жана алынган кредит каражаттарын максатуу пайдаланышы тууралуу жеткиликтүү маалымат берип турат.

3.3. Келишимдин 2.4 пунктуна ылайык каралган мөөнөттө кредитти өз убагында кайтарууну камсыздайт.

3.4. Заемчу кредитордун талабы боюнча финансылык маалыматарды берип турууга милдеттенет.

3.5. Келишим түзүлгөндөн эки жумадан кийин Заемчу Кредиторго ссуда боюнча карызды тындыруу графигин жана тындыруу булактарын көрсөтүүгө милдеттенет.

3.6. Өзүнүн милдеттенмелери боюнча карыздарга кол коюуга же гарантиялоого үчүнчү тараптарга карата жүктөөгө тийиш эмес.

4. Кредитордун милдеттенмелери

4.1. Келишим шарттарына ылайык Кредитор Заемчуга __________сом (сумма жазуу түрүндө) суммадагы кредит беррүүгө милдеттенет.

5. Кредитордун укуктары

5.1. Кредитор кредитти берүүнү токтотууга укуктуу эгерде:

- заемчу карыздарды камсыздай албай калганда;
- белгиленген тартип боюнча Заемчунун төлөө жөндөмсүздүгү билдирилгенде;
- кредитти максаттуу эмес багытталышы боюнча пайдалануу;
- Заемчу кредитти тариздөөдө жана анын максаттуу багытталышы боюнча ишенимсиз маалыматтарды тапшырса.

5.2. Эгерде Заемщик келишим шарттарын аткара албаса Кредитор төмөнкү чараларды колдонууга укуктуу:

- ссуда боюнча карыздарды токтоосуз тындыруу максатында кредит мөөнөтүн азайтууга;
- казыналык эсебинде турган Заемчунун каражаттарынан кредиттин төлөнбөгөн бөлүгүнө эсептөөгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык бардык укуктук-жарандык чараларды көрүү.

5.3. Кредитор кредиттөө мезгили аралыгында Заемчунун социалдык экономикалык абалын, максаттуу кредитти пайдалануусу, анын камсыздалышын текшерип турууга укуктуу.

6. Жактардын келише албастыгы жана талаш тартышы

6.1. Ушул келишим боюнча бардык келише албастыктар жана талаш тартыштар алдын ала сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет. Эгерде макулдашууларга жетишилбесе талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык сот тартибинде каралат.

6.2. Ушул келишимдеги бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор жазуу түрүндө аткарылууга тийиш жана жактардын колу коюлушу керек.

7. Башка шарттар

7.1. Ушул келишимге тийиштүү бардык кабарландыруучу кат, арыздар, маалыматтар жазуу түрүндө аткарылат жана жеке колуна тапшырылса алынды деп эсептелет, же болбосо жеткирилгени жөнүндө тастыкталуу менен факс, заказдык почта аркылуу жөнөтүлөт

7.2. Келишим 3 (үч) нускадан түзүлөт, ар бир тарапка бирден берилет.

7.3. Келишимдин 3 нускасы бирдей юридикалык күчкө ээ.

Жактардын реквизиттери:

Кредитор:	**Заемчу:**
Кыргыз Республикасынын	**Жергиликтүү өз алдынча**
Финансы министрлиги	**башкаруу башчысы**
Бишкек ш. Эркиндик бульвары, 58	___________________________
«____»__________200__ж.	**«__»______________200__ж.**
МО	**МО**
______________________________	___________________________
(колу)	(колу)

ОРУСЧА –КЫРГЫЗЧА ТЕРМИНДЕР СӨЗДҮГҮ

Автономия – автономия – мамлекет тарабынан бекитилген жеке нормалар жана эрежелер чегинде жетектөөчү укук;

Адат – адат – элдик салт-санаалардын жана элдик тажрыйбанын аталышы;

Администрация – администрация жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлиги органдарынын мамлекеттик кызмат адамдары;

Административная жалоба – административдик даттануу – административдик аткаруу укуктук актынын мыйзамсыздыгына даттанып, аны алып таштоо талабы менен сотко кайрылуу;

Административная комиссия – административдик комиссия – эрежени бузгандыгы үчүн административдик жоопкерчиликке чара колдонуу укугуна ээ болгон, башкармалыктын катышуучуларынын ортосундагы талаш-тартышты караган жергиликтүү администрация органы;

Административные методы воздействия – административдик таасир кылуу методу (усулу) – коомдук мамилелер системасына жана ар бир чарба жүргүзүүчү субьектиге регламенттелген (тартипке салынган), командалык жана нормативдик актылардын– мыйзамдардын, буйруктардын, көрсөтмөлөрдүн, токтомдордун, директивдик пландардын ж.б. жардамы менен таасир кылуу;

Административный спор – административдик талаш-тартыш – ыйгарым укуктарын кеңейтип жибергендигине байланыштуу администрациянын мыйзамсыз аракеттерине даттануу. Мыйзамсыз мүнөздөгү себептер боюнча аны жокко чыгарууга жетишүү максатында аткаруучу административдик укуктук актыга каршы административдик даттануунун негизинде козголгон соттук талаш-тартыш;

Административно-территориальное устройство – административдик-аймактык түзүлүш – унитардык мамлекеттин же федеративдүү мамлекеттин субьекттер аймагынын белгилүү бир бөлүктөргө бөлүнүшү, ошого ылайык мамлекеттин жергиликтүү органдарынын системасы түзүлөт жана иш милдетин аткарат.

Административная юрисдикция - административдик юрисдикция – жеке административдик иштерге уруксат берүү жана административдик тартипте тийиштүү юридикалык (укуктук) санкцияларды колдонуу боюн-

ча, мыйзам чыгаруучу актылар менен аныкталган мамлекеттик башкаруу органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын ишмердүүлүгү.

Айыл өкмөтү – айыл өкмөтү – айыл жана шаарча кеңештерине караштуу түзүлгөн жана айылдын, шаарчанын аймагында аткаруу бийлигин ишке ашырган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы;

Айыл башчысы (староста аила) – айыл башчысы (староста аила) - өзүнчө жайгашкан калк пункуттарында жергиликтүү иштерди оперативдүү уюштуруу максатында тиешелүү аймактагы жашоочулардын жыйынында макулдук берилип, айылдын, шаарчанын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун башчысы болуп дайындалган адам.

Аренда – ижара – ижаралык келишимдин негизинде белгиленген акы үчүн убактылуу пайдаланууга кандайдыр бир мүлктү (жер участокторун, үйдү, тамды, имараттарды ж.б.) берүү;

Аренда земель Фонда перераспределения сельскохозяйственных угодий - айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондусунун жер арендасы – айыл, шаарча кеңеши тарабынан айыл чарбалык максат үчүн белгилүү мөөнөттүн ичинде белгиленген акы үчүн пайдаланууга жер участкаларын арендаторго берүү;

Арендатор земель Фонда перераспределения сельскохозяйственных угодий - айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондусунун жер ижарачысы - айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондусунан белгиленген тартипте аренда берүүчүдөн жер участогун арендага алуучу, Кыргыз Республикасынын жекече же юридикалык жак.

Аукцион – аукцион - эң жогорку бааны сунуш кылган адам жеңүүчү болуп эсептеле турган соодалашуу формасы;

Атайын каражаттар – республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнүп чыккан, ассигнованиеден тышкары, бюджеттик мекемелер аркылуу алынган каражаттар;

Бюджет - бюджет – мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдетин жана максатын финансы менен камсыз кылуу үчүн багытталган акча каражаттарын түзүү жана чыгашалоо формасы.

Бюджетный год - бюджет жылы – Кыргыз Республикасынын аймагында 1-январдан 31-декабрга чейинки мезгил аралыгы;

Бюджет инвестиционный - инвестициялык бюджет – мүлк наркына таасир берүүчү (курулуш иштерин жүргүзүүгө жана материалдык мүлктү сатып алууну жүргүзүүгө чыгашалар) жана, таасирин тийгизген бюджеттин курамдык бөлүгү жана үчүнчү жактын инвестициялык чегерүүсү, мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер, төгүмдөр, ошондой эле каржылоо боюнча өзгөчө операциялар(кредиттерди алуу жана тындыруу, резервдик фондго чегерүүлөр жана ушул фонддордон алып салуулар);

Бюджет текущих операций – агымдагы операциялардын бюджети – бюджеттин курамдык бөлүгү, бардык агымдагы чыгашаларды өзүнө камтуучу, ал бюджеттик классификацияга ылайык предметтерди киргизүү чегинде ишке ашырылуучу (персоналды кармоогочыгашалар, агымдагы материалдык чыгашалар, социалдык муктаждыктарга чыгашалар жана пайыздарды төлөө), ошондой эле агымдагы түшүүлөрдү каржылоо (салыктар жыйымдар, административдик тарифтер, алымдар, дотациялар).

Бюджетная заявка – бюджеттик билдирме (заявка) – өкүлдүк бийлик органдарынын кароосуна бюджеттик долбоорго киргизүү учурундагы бюджеттик каражаттарды бөлүүгө сурам, анда экономикалык-финансылык негиздемени, тийиштүү бюджет аткаруучу органдын башкы бюджеттик каражаттарды тескөөчүсүнүн корутундусун камтыйт.

Бюджетная классификация - бюджеттик классификация - бюджет кирешелеринин жана чыгашаларынын, анын дефицитин жабуу булактарынын тобу, бюджетти түзүү жана аткарууну түзүү үчүн пайдаланылучу бюджет бардык деңгелинин көрсөткүчтөрүн салыштыруунун камсыздайт, анда кирешелердин функционалдык жана экономикалык классификациясын камтуучу, бардык деңгелдеги бюджеттердин чыгашалар классификациясы, бюджеттик дефицитти каржылоо булактары, ошондой эле бюджеттик чыгашалардын ведомстволук классификациясы;

Бюджетная роспись - бюджеттик жазуу - бюджеттин дефицитин каржылоо булактарынан бюджет кирешелерин жана чыгашаларын жана түшүүлөрдү кварталдык бөлүштүрүү жөнүндөгү документи, бюджетттик классификацияга ылайыктуу түзүлүүчү бюджеттик каражаттарды алуучулар ортосундагы бюджеттик ассигнованиелерди бөлүштүрүүнү белгилешет;

Бюджетная система Кыргызской Республики - Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы – Кыргыз Республикасынын экономикалык мамилелерине жана мамлекеттик түзүлүшүнө негизделген, бюджеттен тышкары фонддордун, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу боюнча мамилелердин укук нормалары менен регламенттелет.

Бюджетная ссуда – бюджеттик ссуда - финансылык жылдын чегиндеги белгиленген мөөнөткө кайтарымдуу, акысыз жана кайтарымсыз негизде бюджеттик каражаттардын башка бюджеттерге көрсөтүлүсү.

Бюджетное назначение - бюджеттик багытталыш – кезектеги финансылык жылга бекитилген бюджетке ылайык бюджеттик каражаттарды конкреттүү алуучуга жана бюджеттик жазуудагы бюджеттик чыгашаларга бөлүнүүгө тийиштүү бюджетик каражаттар көлөмү.

Бюджетное поручение - бюджеттик тапшыруу (поручение)- республикалык жана жергиликтүү бюджетте турган мамлекеттик бюджеттин каражаттарын алуучуларга жана төмөн турган тескөөчүлөргө чейин каржылоо мамлекеттик бюджет каражаттарынын (мамлекеттик бюджет каражаттарынын тескөөчүсү) башкы тескөөчүсүнүн документи.

Бюджетное регулирование – бюджеттик жөнгө салуу - мамлекеттик минималдык социалдык стандарттар эсеби менен кирешелерди жана бюджеттин киреше базасын теңөө максатында ар кандай деңгелдеги бюджеттер ортосундагы бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү процесси.

Бюджетное ассигнования – бюджеттик ассигнование – бюджеттик жазууда каралган бюджеттик каражаттардын алуучулар же тескөөчүлөрдүн бюджеттик каражаттары.

Бюджетный кредит - бюджеттик кредит – бюджеттик чыгашаларды каржылоо формасы, ал юридикалык жактарга кайтарымдуу жана акысыз негизде көрсөтүүнү карайт.

Бюджетный процесс - бюджеттик процесс - жана бюджеттик процесстин катышуучуларынын бюджет долбоорун түзүү жана кароо боюнча, бюджетти бекитүү жана аткаруу, ошондой эле алардын аткарылышы үчүн контролдук кылуучу мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш аракетин регламенттөөчү укук нормалары.

Бюджетное учреждение - бюджетик мекеме - мамлекеттик бийлик органы же жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан социалдык-маданий, илимий-техникалык же башка коммерциялык эмес мүнөздөгү башкаруу иш аракетин жүргүзүүчү, киреше жана чыгаша сметасынын негизинде тийиштү бюджеттен каржылануучу мекеме;

Власть - бийлик – ишмердүүлүккө, элдин жүрүм-турумуна кандайдыр бир каражаттардын– эрк, кадыр-барк, укук, күч кылуу ж.б. жардамы менен белгилүү таасир көрсөтүүнү аныктоочу жөндөмдүүлүктү жана мүмкүнчүлүктү көрсөтүү. Экинчи жагынан алганда, саясий үстөмдүк кылуучу, эл алдындагы органдардын системасы катары түшүндүрүлөт;

Взаиморасчеты - өз ара эсептер - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кабыл алган же башка аткаруу бийлик органы менен бюджетти бекитүүдө каралбаган жергиликтүү бюджеттер же алардын бюджет жылы аралыгында киреше же чыгашаларынын өзгөртүүлөрүнө байланыштуу же өндүрүштүк деңгээлде өзгөртүү күчүнө ээ болгон, улуттук экономикада, баада, же башка процесстерде орду бар жана бюджетти түзүү үчүн негиз катары пайдаланылган жана бюджеттин орточо болжолунан айрымаланып турган жергиликтүү бюджеттерге которулуучу акча каражаттары;

Внебюджетные средства - бюджеттен тышкаркы каражаттар – 1) республикалык жана жергиликтүү бюджетке киргизилбеген жана атайын белгиленген максат боюнча пайдалануучу мамлекеттин акча каражаты; 2) республикалык жана жергиликтүү бюджеттен бөлүнбөгөн, башка булактардын эсебинен түзүлүүчү уюмдун же мекеменин карамагындагы акча каражаты;

Внебюджетный фонд - бюджеттен сырткаркы фонд – бюджеттин курамына кирбеген жана өз алдынча түзүлүштүн булагына, жана өз алдынча түзүлүү булактарына ээ болгон жана максатуу пайдаланууга багытталган аймактык финансылык ресурстардын обочолонгон бөлүгү;

Внебюджетные фонды органов местного самоправления - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттен тышкаркы фонду – жергиликтүү бюджеттерде каралбаган, ыктыярдуу төлөмдөр негизинде социалдык-экономикалык программаларды жана долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча органдар тарабынан түзүлгөн фонддор;

Внешний долг - тышкы карыз – чет элдик валюта менен төлөөгө туура келген милдеттенме;

Внутренний долг - ички карыз – улуттук валюта менен төлөөгө туура келген милдеттенме;

Вопросы местного значения - жергиликтүү маанидеги маселелер – Кыргыз Республикасынын мыйзам чегинде каралган, аймактын ичиндеги турмуш ишмердүүлүккө түздөн-түз байланышкан маселелер;

Встечная поверка – утурлама текшерүү – башка текшерилүүчү субъекттин анын финансылык-чарбалык мамилесин аныктоо максатында ыйгарым укутуу адам тарабынан жүргүзүлгөн кошумча текшерүү;

Вступительные взносы - кирүү төгүмдөрү – ушул уюмдун түзүлүү документтеринде каралган мүчөлүк өлчөмүнүн жана тартибинде негизделген коммерциялык эмес уюмдарга кирүүдө бере турган активдер, эгерде ушундай өткөрүп берүү ушул уюмдун мүчөсүнө кызмат көрсөтүү акысыз же өзүнүн наркынан төмөн баада болуу менен шартталбаса;

Выборы - шайлоо– ачык бийлиги өкүлчүлүк органдарына жарандарды калыптандыруу жол жобосу

Выборное должностное лицо местного самоуправления - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шайлануучу кызмат адамы - түздөн-түз калк тарабынан же жергиликтүү кеңеш тарабынан шайланган адам.

Выравнивающие гранты – теңөө гранттары – социалдык-экономикалык абалды туруктуу колдоо максатында минималдык мамлекеттик стандарттартеңөө кармап туруу максатында минималдык мамлекеттик социалдык стандарттарга ылайык жергиликтүү бюджеттердин чыгаша каржылоону камсыздоо үчүн кылуу үчүн республикалык бюджеттен көрсөтүлүүчү трансферттер;

Глава местного самуправления - жергиликтүү өз алдынча башкаруу жетекчиси –шайлоо укугунун негизинде Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан шайланган райондук маанидеги айылдын, шаарчанын жана шаардын аймагындагы өз алдынча башкаруу органдар системасындагы жашыруун добуш берүү учурундагы жалпы, түздөн-түз жогорку шайлоо кызматы;

Главный распорядитель средств местного бюджета - жергиликтүү бюджеттер каражаттарынын башкы тескөөчүсү - анын карамагында жайгашкан багыттары боюнча, жергиликтүү бюджеттин каражаттарын алуучулар боюнча ассигнованиелерди бөлүштүрүү укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасындагы аймактык өз алдынча башкаруу жергиликтүү органы;

Городская управа - шаардык башкармалык – тиешелүү аймакта аткаруу бийлигин ишке ашыруу үчүн шаардык кеңештин алдында түзүлгөн райондун маанидеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү шаардык органы;

Государство - мамлекет – коомдун саясий-укуктук уюму, анын аймактык бүтүндүктү жана анын биримдигин камсыз кылган, көз карандысыздыкка ээ болгон, бийликти, коомдогу башкарууну жана тескөөнү ишке ашырган бийлик. Мамлекеттин негизги белгилери төмөнкүлөр: мамлекеттин ажырагыс биримдиги, өз ара аракеттешүүсү жана өз ара көз карандылыгы жана укугу; мамлекетте элдик (саясий) бийликтин болушу; калктын аймактык уюму; салыктар системасы, жыйымдар, заемдор;

Государственный аппарат - мамлекеттик аппарат – мамлекет алдында турган түрдүү этаптагы анын өнүгүү максаттары жана милдеттери, негизги функциясы мамлекеттик бийлик жардамы менен ишке ашыруучу мамлекеттик орган системасы;

Государственный бюджет Кыргызской Республики - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети – мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү киреше жана чыгаша сметаларын түшүндүрүүчү негизги финансылык пландарын түзүү жана мамлекеттик акча каржаттарын пайдалануу фонду;

Государственная власть - мамлекеттик бийлик – мамлекеттин түйүндүү элементтеринин бири - өлкөнүн бардык аймагындагы масштабда бүтүндүктү жана туруктуулукту камсыз кылуу үчүн бүтүндөй калктын иштерин башкаруу боюнча бийлик органдарынын функцияларын бөлүштүрүү. Мамлекеттик бийлик – бул коомдогу эң жогорку бийлик жана анын жалпы милдеттүүлүк чечими легитимдүүлүктө жана кадыр-баркында гана эмес, анын мүмкүнчүлүгүнө гана таандык болгон мамлекеттик зарылчылыкта пайдалануучу каражаттар;

Государственный или муниципальный долг - мамлекеттик же муниципалдык карыз - үчүнчү жактын милдеттенмеси же башка мил-

деттенмелер боюнча, ошондой эле, мамлекет аркылуу же үчүнчү жактын муниципалдык милдеттенмесин өзүнө кабыл алган мамлекеттик жана муниципалдык органдар менен кепилдикти өзүнө алган мамлекеттик жана муниципалдык заемдордон пайда болгон милдеттенме;

Государственный минимальный социальный стандарт - мамлекеттик минималдык социалдык стандарт – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган адамдын эң зарыл керектөөсүндөгү канааттандырууну камсыз кылуучу социалдык коргоонун минималдуу деңгээлинин кепилдиги;

Государственный орган - мамлекеттик орган – коомдук турмуштун конкреттүү чөйрөсүн башкаруу боюнча мамлекеттик милдеттерди аткаруучу жана тийиштүү бийликтик ыйгарым укуктары бөлүнгөн уюм же мекеме;

Государственные полномочия - мамлекеттик ыйгарым укук – конституцияга, конституциялык мыйзамдарга, ошондой эле, башка нормативдик укуктук актыларга киргизүүгө тийиштүү мамлекеттик бийлик органдарынын укуктары жана милдеттери;

Государственая служба - мамлекеттик кызмат – мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарынын аткарылышын камсыздоо боюнча кесиптик иш аракет;

Государственный служащий Кыргызской Республики - Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик кызматкер – кызматы боюнча жана алардын аткарылышы үчүн жоопкерчиликти алган, көрсөтүлгөндөрдү ишке ашыруу боюнча, ыйгарым укуктуу, профессионалдык иш аракетин туруктуу негизде акчалай сыйлыктар негизинде ишке ашыруучу, мамлекеттик кызматты ээлеген жаран;

Государственное управление - мамлекеттик башкаруу – мамлекеттин бардык масштабдарындагы бардык деңгелдерде коомдук процесстерди саясий, укуктук, экономикалык жана социалдык бардык деңгээлдерде социалдык жөнгө салууну тийиштүү мамлекеттик институттар менен ачык бийликти ишке ашыруу;

Гражданское общество – жарандык коом – Бул термин Аристотель тарабынан киргизилген. Ал, жарандык коом деп өз ара белгилүү бир саясий түзүлүштүн формасы менен (мамлекет – полис) байланышкан эркин жана

теңдеш жарандардын жамаатын атаган. Азыркы замандагы маанисинде ал демократиялык коомдун алкагында өнүккөн экономика, маданият жана башка чөйрөлөрдөгү мамилелердин жыйындысын билдирет. Жарандык коом адамдын демократиялык укуктары менен эркиндигинин, чыгармачыл жана ишкердик эркиндигинин, укуктук салттарга, мыйзамдарга жана жалпы адамзаттык идеалдарга урматтоосун, менчиктин бардык түрлөрүнүн теңдигин, ар түрдүү коомдук структуралардын активдүүлүгүн жана башкалардын кеңири чөйрөсүнүн жашашын сунуштайт;

Гранты – гранттар – республикалык бюджет тарабынан жергиликтүү бюджеттерге акысыз жана кайтарымсыз негиздерде берилген трансферттер;

Гуманитарная помощь – гуманитардык жардам – мамлекеттер, эл аралык, чет өлкөлүк жана ата мекендик уюмдар тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мамлекеттик жана коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле жеке адамдарга азык–түлүк, эл керектөөчү товарлар, техникалар, жабдыктар, жабдуулар, медициналык каражаттар жана дары–дармектер түрүндө, ошондой эле калктын турмуш тиричилик шартын жакшыртуу үчүн башка буюмдар, ошондой эле өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюуда аскердик, экологиялык жана техногендик мүнөздөгү буюмдарды андан ары керектөө жана (же) акысыз бөлүштүрүп берүү шартында акысыз берилүүчү активдер;

Дееспособность – жөндөөмдүүлүк – укук нормаларында каралган адамдардын өз аракеттери менен субъективдүү укук алууга жана ишке ашырууга жана өзүнөн милдет табууга жөндөмдүүлүк жана юридикалык мүмкүнчүлүк;

Деконцентарция власти – бийликти топтоштуруудан арылтуу – мамлекеттик бийлик системасынын ичинде ыйгарым укуктар кайра бөлүштүрүлгөн бийликти борборлошуудан арылтуу ыкмаларынын бири, башкача айтканда ыйгарым укуктар башкаруунун борбордук мамлекеттик органдарынан аймактык мамлекеттик органдарга берилет. Биринчи жактан топтоштуруудан арылтуу борборлоштуруу ыкмасы катары да түшүнүлөт, анын мааниси бийликти борбордук органдарда эмес, бири–бирине тепкичтүү баш ийдирилген мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдарында топтоштурууда турат;

Дела местного значения – жергиликтүү маанидеги иш – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чечкен, тийиштүү аймактагы калктын турмуш–тиричилик аракеттерин камсыз кылуу маселеси;

Делегирование полномочий – ыйгарым укуктарды берүү – кандайдыр бир органга таандык анын укуктарын кайсыл бир маселелерди чечүү үчүн ага таандык укукту белгилүү мөөнөткө же мөөнөтсүз бир жолу башка органга берүү;

Делегированные государственные полномочия местного самоуправления – жергиликтүү өз алдынча башкарууга берилген мамлекетик ыйгарым укуктар – мөөнөтсүз же шашылыш негизде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген жана тийиштүү аймакта алар ишке ашыруучу айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар;

Демократия – демократия бийликтин булагы катары, эл таанусуна негизделген, коомдун мамлекеттик–саясий түзүлүш формасы;

Депозитные суммы – депозиттик суммалар – бюджеттик мекемелердин убактылуу карамагына келип түшкөн жана белгилүү бир шарттардын келиши менен кайтарууга же багытталышы боюнча өткөрүп берүүгө таандык каражат;

Депутат – депутат – мамлекеттин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыйзам чыгаруу же башка өкүлчүлүктүү органына шайланган, ошол органда калктын белгилүү бир бөлүгүнүн – өз шайлоо округунун шайлоочуларынын эркин жана таламдарын билдирген адам;

Дефицит бюджета – бюджет тартыштыгы бюджеттин чыгашаларынын анын кирешелеринен ашып кетиши;

Децентрализация власти – бийликти борбордон алыстатуу – бийликтин топтолушунан арылтуу (мамлекеттик органдардын ички системасында бөлүштүрүү) же деволюция формасында (мамлекттик органдардын тепкичтүү системасына кирбеген органдарга бийликти өткөрүп берүү) мамлекеттин борбордук органдарынын функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын бөлүгүн борбордон жер жерлерге берүү же өткөрүп берүү процесси;

Добровольные взносы – ыктыярдуу төгүмдөр – жергиликтүү бюджетерге жана бюджетен тышкаркы фондуларга жергиликтүү өз алдынча

башкаруу органдарынын компетенциясына кирген милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн жеке же юридикалык жактардын акысыз жана кайтарымсыз негизде берилүүчү акчалай каражат;

Договор – келишим – жарандык укуктук мамилелердин келип чыгышына, өзгөрүшүнө же токтотушуна багытталган эки же көп тараптуу макулдашуу;

Долевые (стимулирующие) гранты – үлүштүк (стимулдоочу) гранттар – республикалык бюджеттен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бюджеттик каражаттардын, мамлекеттик артыкчылыктуу программалар жана долбоорлор боюнча каражаттардын натыйжалуу чыгымдалышын, жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүүнү жана кирешелердин жергиликтүү булактарын алда канча мобилизациялоону стимулдаштыруу максатында берилген трансферттер;

Должностное лицо органов государственной власти или местного самоуправления – мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамы – туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укуктары боюнча мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында бийлик өкүлүнүн функциясын жүзөгө ашыруучу же болбосо уюштуруу–тескөөчү, административдик–чарбалык функцияларды аткаруучу адам;

Дотация – дотация – агымдагы чыгашаларды жабуу үчүн акысыз жана кайтарымсыз негизде максатуу багытсыз бюджеттик жөнгө салуу тартибинде республикалык бюджеттен төмөн турган деңгээлдеги бюджеттерге берилүүчү каражат;

Доход – киреше – жаңыдан түзүлгөн нарк (товарларды сатып өткөрүүдөн, кызмат көрсөтүүдөн жана аткарылган иштерден, тарапташ уюмдардын материалдык сарптоолорун, кызмат көрсөтүүлөрүн чыгаргандан кийинки түшкөн акча);

Доходы бюджета – бюджет кирешелери – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына акысыз жана кайтарымсыз тартипте келип түшүүчү акчалай каражат;

Доходы местного бюджета – жергиликтүү бюджеттин кирешеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамгына келип түшүүчү акчалай каражат;

Жамаат (община) – Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун формасы, жергиликтүү коомчулуктун өз эркинче биригүүсүнүн мүчөлөрүн билдирүүчү, өзүнүн жоопкерчилигинин алдында жергиликтүү маанидеги иштерди чечүүчү бир көчөдө, кварталда же бөлөк шаардын же айылдын аймактык түзүүдө жашоочулар;

Займы органов местного самоуправления - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымдары - зайым келишимин түзүү жана\ же муниципалдык баалуу кагаздарды чыгаруу жолу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган шашылыш келишим милдеттенме, алар аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары зайымдын суммасын кайтаруу жана пайдаланганы үчүн процентин төлөө милдеттенмеси менен акчалай каражаттарды алышат;

Закон – мыйзам - мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку өкүлчүлүктүү органы тарабынан өзгөчө тартипте кабыл алынган, же болбосо тикедентике калктын эрк ыктыярын билдирүү менен референдум жолу менен кабыл алынган жана зор маанилүү жана туруктуу коомдук мамилелерди жөнгө салуучу нормативдүү акт;

Законность – мыйзамдуулук - укуктук ченемдин кыйшаюусуз аракетинин тартиби;

Законное платежное средство – мыйзамдуу төлөм каражаты – өлкөдө мыйзамдуу төлөм каражаты болуп чыгарылуучу валюта;

Закрепленные налоги - бекитилген салыктар – бюджеттинтийиштүү түрүнө толугу менен бекитилген салыктар;

Залог – күрөө - кредитор- күрөө кармоочуга карызкор өз милдеттенмесин аткарбаган учурда башка кредиторлорго караганда артыкчылык таап күрөөгө коюлган мүлктүн наркына канааттанууга мүмкүндүк берүүчү милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоочу ыкмалардын бири;

Защишенные статьи бюджета - корголгон бюджеттик статьялар– биринчи иреттеги каржылоо жана кыскартууга болбогон экономикалык бюджеттик классификациядагы агымдагы чыгашалардын статьялары;

Здания и сооружения – имараттар жана курулуш жайлар – ченемсиз зыян келтирбей жылдырууга болбогон жер менен бекем кармалган ар кандай курулуштар жана анын ичинде көп ченемсиз зыян келтирбей жылдырууга болбогон жер менен бекем кармалган ар кандай курулуштар жана анын ичинде көп патирлүү үйдөгү патирлер, турууга ылайыксыз жайлар;

Земельная доля - жер үлүшү - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте айыл чарбасына дайындалган жер участогун Кыргыз Республикасынын жаранына берилүүчү жер үлүшү;

Земельный участок - жер участогу – Жабык чектеги жер аянты;

Земельный участок при многокваририном доме - көп патирлүү үйдөгү жер участогу – Көп патирлүү үйгө чектеш аймакты өзүнө камтыган, бак-дарактарды жана чарбалык, балдар жана спорттук аянттарды, турмуш-тиричиликтин таштандыларын жыйноо үчүн жабдылган жана чектери, белгиленген тартипте кабыл алынган ченемдер менен аныкталган участоктор;

Землепользователь - жер пайдалануучу - жер участогун пайдалануу укугу мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) же мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилген, же башкадан алынган же өткөн жеке же юридикалык жак;

Землепользователь государственный - мамлекеттик жер иштетүүчү – Мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) же мөөнөттүү (убактылуу) иштетүүгө жер участогун алган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишканалары жана мекемелери;

Землепользователь муниципальный - муниципалдык жер иштетүүчү - Мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) же мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга жер участогун алган муниципалдык ишканалар, мекемелер, уюмдар.

Злоупортребление должностнымы полномочиями - кызматтык ыйгарым укуктарды кыянат пайдалануу – жеке кызыкчылыгы үчүн жана жарандардын, мекемелердин мыйзамдуу кызыкчылыгында, укуктарында, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгын коргогон мыйзамда олуттуу бузууларды алып келген кызмат адамынын өз кызмат ыйгарым укуктарын кызмат кызыкчылыгына каршы колдонуусу;

Зонирование – зооналаштыруу – аймактарды өнүктүрүүнү пландаштырууда аймакты белгиленген зоналарды шаар курууга аныкталган кыштакты жана аны колдонууну чектеп зоналарга бөлүштүрүү;

Избиратель - шайлоочу – активдүү шайлоочулук укугу бар жаран;

Избирательное право граждан - жарандын шайлоочулук укугу – мамлекеттик бийлик органдарына жана өз алдынча башаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошону менен бирге талапкерлерди көрсөтүүдө, шайлоо алдындагы үгүттөөдө, шайлоону өткөрүүнү байкоодо, добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөөнү жана добуш берүүлөрдүн натыйжасын аныктоону кошкондо шайлоо коммисиясынын ишине, ошондой эле жана башка шайлоо аракеттеринде катышууга. жарандардын конституциялык укугу;

Инвестиционный конкурс - инвестициалык конкурс – ижарага алуу мөөнөтүндө жер участогун жакшыртуу жана белгилүү инвнстицияларды жумшого милдеттенме алган белгилүү конкурстун билдирүүчү-талапкер жеңүүчү деп билдирүүчү конкурстун түрү;

Инвестиционная политика - инвестициалык саясат – инвестициялардын структурасын жана масштабын, артыкчылыгын аныктоо, аларды пайдалануу багыттары, алуу булактары түрүндөгү мамлекет жана чарба субьекттери жүргүзүүчү экономикалык саясаттын бир бөлүгү;

Иностранное лицо - чет элдик адам – чет элдик юридикалык жак, чет элдик жаран жана жараандыгы жок адамдар;

Инфляция - инфляция – баалардын жалпы дэңгээлинин жогорулашы;

Инфраструктура - инфраструктура (инженердик, транспорттук, социалдык ж.б.) –куруулар жана транспорт коммуникация комплекси, байланыштар, инженердик жабдуулар, өлкөнүн, бүтүндөй алганда аймактардын туруктуу өнүгүүсү жана иш аракети камсыз кылуучу калкты социалдык жана маданий турмуштук камсыздоо обьекттеринин, ошондой эле калкты тейлөөчү социалдык жана маданий-тиричилик обьекттери;

Ипотека - ипотека - менчиктүүлүк укугуна, башка буюмга укугуна, кыймылсыз мүлккө күрөө алдындагы акчалай формасын билдирүүчү же акчалай аткарууну камсыздоо ыкмасы;

Испольнительно-распорядительный орган местного самоуправления – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктү органдарынын чечимин даярдоо жана аткаруу жана камсыз кылуу үчүн, ошондой эле тийиштүү аймакта аткаруучу бийлик ишке ашыруучу мамлекеттик ыйгарым уктардын берилүүсү.өкөрүүлүп берилген мамлекетик ыйгарым уктары, ылыктуу аймакта аткаруу бийлики жүзөгө ашырган орган. Кыргыз Республиканын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу – тескөөчу органдары болуп айыл өкмөтү, шаардык башкаруу жана мэриялар болуп эсептелет;

Источники доходов местного бюджета - жергиликтүү бюджетин кирешесинин булагы - Кыргыз Республиканын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды, салыктык эмес түшүүлөрдү өз алдынча киргизүүгө укуктуу;

Кассовый расход - кассалык чыгаша – мамлекеттик бюджет каражаттары эсебинен төлөөгө тийиштүү акчалай милдеттенмелер каражаттарын алуучу тарабынан бекитилген тартипте бюджеттик мекеменин төлөөсүнөн кабыл алынган казыналык эсептерден каражаттарды которуу боюнча опрециясы;

Категориальные гранты - категориялык гранттар – жергиликтүү бюджеттин белгилүү чыгашалар түрүн каржылоо үчүн акысыз жана кайтарымсыз негизде республикалык бюджеттен көрсөтүлүүчү трансферттер;

Категория земель - жер категориялары - биржана башка же максаттуу багытталышы боюнча пайдаланууга багытталган жерлер;

Компетенция - компетенция – коомдук процесстерди жетектөөгө жана башкарууга жана тийиштүү функцияларды ылайыктуу аткаруу жана жүзөөгө аштыруу үчүн кызмат адамы же (мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, коомдук уюмдар), органдары ээ болгон конституция, мыйзам жана башка өлкөнүн нормативдик актыларында бекитилген ыйгарым уктардын жыйындысы;

Кондоминиум - кондоминиум – кыймылсыз мүлктү башкаруунун уюштуруу-укуктук формасы, имарттардын менчик ээлеринин шериктештигин (жашоочу, жашабоочу турак үйлөр) имараттарды, жайларды жана бардык имараттардын менчик ээлеринин жалпы мүлкүн түзүүнү камсыз-

доо үчүн эксплуатациалону, кармоону, камсыз кылуу үчүн түзүлгөн комерциялык эмес уюм;

Конкурс - конкурс – 1) эң мыкты иш же натыйжага жетишүүнү атаандаштык негизинде аныктоочу ыкма; 2) соодалоо предметине карата белгилүү шарттарды аткарууну сатып алуучулардан талап кылынуучу учурлардагы соодалоо предметинин сатуусу; 3) конкурстук комисиясынын чечимине ылайык белгилүү кызматка адистерди тандоонун өзгөчө тартиби;

Конкурс земельных участков - жер участкаларынын конкурсу – Жер Фонд аркылуу жер участкаларды берүүнү жүргүзгөн соодалоо формасы. Конкурстук комиссияга эң ыңгайлуу шарт сунуш кылган талапкер конкурсту жеңип чыккан деп эсептелет;

Конкурс комерческий - коммерциялык конкурс – ижаралык төлөм суммасын эң көп сунуш кылган, конкурстун белгилүү шарттарын милдеттүү сактаган талапкер жеңишке ээ деп табылган конкурс формасы;

Консолидированный бюджет - консолидировандык бюджет – Кыргыз Республикасынын тийиштүү аймагындагы бюджеттик системанын баардык денгээлдерин жыйынтыгы;

Косвенные (потребительские) налоги – кыйыр (керектөөчүлүк) салыктар – кирешелер же салык төлөөчүнүн(кошумча наркка салык, акциздер, калкка акы төлөөчү кызматтарды көрсөтүү үчүн жана чекене сатуудан салык) мүлкү менен тикеден байланышпаган товарларга, иштерге жана кызматтарга кошумча төлөө түрүндө баага же тарифке бекитилүүчү салыктар;

Курултай - курултай – жалпыкызыкчылыкты билдирген маселереди талкуулоо максатынада жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн чогулушу;

Малопродуктивные сельскохозяйственные угодья - түшүмдү аз берген айыл чарба жерлери – аз кубаттуу, структурасыз, бонитеттик баллы төмөн жердин катмары жана аларды мелиоративдик жакшыртуу үчүн чоң чыгаша талап кылган айыл чарба жерлери;

Минимальная бюджетная обеспеченность – минималдык бюджеттик камсыздуулук – алардын аймактык чегинде минималдык мамлекеттик со-

циалдык стандарттарды берүү үчүн.жергиликтүү өз алдынча башкарууга органдарына керектүү каражаттарынын. минималдык денгээли;

Минимальные государственные стандарты - мамлекеттик минималдык социалдык стандартар - Кыргыз Респуликанын Өкмөтү минималдык деңгелде жарандарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын стандарттары;

Минимальный годовой доход – минималдык жылдык киреше - салыктык жыл үчүн 12 минималдык айлык эмгек акынын суммасын билгизет;

Местное самоуправление Кыргызской Республики – Кыргыз Республиканын жергиликтүү өз алдынча башкаруу – Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген жана жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги иштерди башкаруунун, ошондой эле жарандардын түздөн түз катышуусу менен чыныгы иш аракетинин жөндөмдүүлүгү;

Местное сообщество - жергиликтүү коомдоштук – айылдык, шаарчалык, шаардык кеңештердин аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди өздөрүнүн өкүлчүлүктүү аткаруу-тескөөчү жана башка органдары аркылуу өз жоопкерчилиги астында чечүү үчүн жалпы таламдары боюнча бириккен калк;

Местная государственная администрация – жергиликтүү мамлекеттик администрация – областтын, райондун аймагындагы аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы;

Местный бюджет - жергиликтүү бюджет – айылдын, шаарчанын, шаардын жергиликтүү коомдоштуктардын бюджетин калыптандыруу, аларды бекитүү жана аткарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат;

Местный кеңеш - жергиликтүү кеңеш - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы, жергиликтүү аймакта жашаган жарандар жалпы, тең, түз шайлоо укугу менен жашыруун добуш берүү негизинде төрт жылдык мөнөткө шайланат;

Местные налоги - жергиликтүү салык – жергиликтүү бюджетин кирешесине юридикалык жана жеке жактардан алынуучу салык системасынын бөлүгү;

Местные сборы - жергиликтүү жыйымдар – жарандардан, мекемелерден, уюмдардан жарам жартылай чыгашалардын ордун толтуруу, аларга кызмат көрсөтүүлөргө же белгилүү бир иш аракетти жүргүзүү укугун берүү менен байланыштуу бир жолку мүнөздөгү жергиликтүү органдар тарабынан бекитилген төлөмдөр;

Место жительство - жашаган жер – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган турак үй, квартира, кызматтык турак имарат, атайын туракжайлар (жатакана, түнөк- мейманкана, маневрлик фонд үйү, жалгыз калган кары картаңдар үчүн атайын үй, майыптар, ардагерлер жана башкалар үчүн интернат үйлөрү) ошондой эле туракжай имараттар, ал жерде менчик ээси катары, жалдоо келишими боюнча (жалдоо менен), ижара келишими негиздеринде жаран дайыма же жашайт.

Место пребывание – келген жер - мейманкана, санаторий, эс алуу үйү, пансионат, кемпинг, туристтик база, оорукана жана башка мекемелер, ошондой эле жарандын жашай турган жери болуп эсептелбеген, убактылуу жашай турган жери;

Мониторинг – мониторинг - маалыматтарды топтоо жана талдоо процесси, күтүлүүчү натыйжаларды салыштыруу боюнча долбоор катары ишке ашырылат;

Муниципалитет - муниципалитет – Европалык мамлетттердеги муниципалдык укук –коомдун социалдык аймактык структурасы (адатта шаар жана ага таандык жерлер) башкаруунун бирдиктүү системасы камтылат. Россиядагы муниципалдык укук адатта “муниципалдык түзүм” колдонулат, Кыргызстанда “жергиликтүү коомдоштук” термини менен жайылтылган.

Муниципальное имущество – муниципалдык мүлк - жергиликтүү коомдоштук менчигинде болгон кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк.

Муниципальная собственность – муниципалдык менчик – жергиликтүү өз алдынча башкаруулар кирешелерди алуучу булак катары кызмат кылган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруулар функцияларын

ишке ашыруу үчүн зарыл болгон, жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын карамагында жайгашкан жергиликтүү коомдоштуктардын менчиги;

Муниципальная служба – муниципалдык кызмат - Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу-тескөөчү органдарындагы жарандардын кесиптик жана төлөнүүчү негизде ишке ашыруучу иш аракети;

Муниципальная должность – муниципалдык кызмат - Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу-тескөөчү органдарындагы ыйгарым укук көлөмдөрү жана жоопкерчилиги бекитилген кызмат;

Муниципальный служащий Кыргызской Республики – Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматчысы - Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен бекитилген тартипте муниципалдык кызмат квалификациялык талаптарына жооп берген 18 жашка жеткен жаран.

Муниципальная экономика - муниципалдык экономика - өндүрүш процессинде, аймактагы материалдык жыргалчылыктарды бөлүштүрүү, алмашуу жана кызматтарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирген экономикалык мамилелердин системасы;

Мэр – мэр - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар системасындагы шаардын шайлануучу кызматтык адамы, мэриянын аткаруучу-тескөөчү органдын жетекчиси, шаардагы мамлекеттик саясатты жүргүзүү үчүн жоопттуу жана мамлекет берген аткаруу бийлигинин чегинде функцияларды ишке ашыруу;

Мэрия – мэрия - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органындагы мэрдин функцияларын жана шаардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча иш аракетин камсыздоо үчүн түзүлгөн;

Налоговый год – салыктык жыл - Кыргыз Республикасынын аймагында 1-январдан 31-декабрга чейинки мезгил аралыгы;

Недвижимость – кыймылсыз мүлк – имараттар, куруулар, көп жылдык бак дарактар жана алардын багытталышына өлчөөсүз зыян келтирил-

мейинче жылдырылууга мүмкүн болбогон жер менен байланыштуу башка мүлктөр;

Нежилой Фонд – туракжай эмес Фонд – калкты социалдык тейлөө үчүн багытталган административдик мекемелерди жайгаштыруу жана коомдук уюмдарды, жалпы туракжай үйлөрүнөн тышкары имараттар, куруулар, обьекттер жана жерлер;

Некоммерческая организация – коммерциялык эмес уюм – Төмөнкү талаптарга жоп берүүчү уюм:1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган коммерциялык эмес уюмдар үчүн уюштуруучу-укуктук формадагы уюм катары катталгандыгы, 2)Ушул уюм өзүнүн иш аракетинин негизги максаттары катары пайда табууну көздөбөгөн жана алынган пайданы алардын мүчөлөрү, түзүүчүлөрү жана кызматык адамдары ортосунда бөлүштүрүүсү;

Нецелевое использование средств – каражаттарды максатсыз пайдалануу – Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер каражаттарын, ошондой эле бюджеттен тышкары жана атайын каражаттарды багытталышы боюнча чыгашалабоо;

Неэффективное использование средств - каражаттарды натыйжасыз пайдалануу - Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер каражатын, бюджеттен тышкары жана атайын каражаттарды багытталышы боюнча натыйжасыз, үнөмдүү эмес пайдалануу.

Норматив минимальной бюджетной обеспеченности - минималдык бюджеттик камсыздуулук ченеми – Агымдагы чыгашалар боюнча бир тургундун бюджеттик каражаттарды минималдык керектөө муктаждыгынын эсептик көрсөткүчү;

Нормы права - укук нормасы - Адамдын жүрүш турушун жөнгө салуусун жалпы уюштуруунун негиздерин жана принциптерин аныктоочу мамлекет бекиткен жана камсыздаган юридикалык эрежелер;

Обычаи - үрп адаттар – тарыхый, укумдан тукумга бир нече мезгил жашоодон берилип келе жаткан, көп кайталоолор натыйжасында адат болуп калган жүрүм-турум эрежелери;

Общество – коом – Мамилелердин көп түрдүүлүгү жана жашоо турмушту уюштуруунун толуктугу менен мүнөздөлгөн, биргелешип иштөөнүн на-

тыйжасында тарыхый жактан түзүлгөн белгилүү бир аймактагы адамдардын жыйындысы;

Органы местного саоуправления – жергиликтүү өз алдынча башкаруу - Жергиликтүү маанидеги иштердин өзүнүн жоопкерчилиги алдында чечүү үчүн калк өзүлөрү түзгөн аткаруучу тескөөчү өкүлчүлүктүү органдар;

Органы территориального общественного самуправления – аймактык жергиликтүү башкаруу органдары - Жергиликтүү маанидеги иштерди чечүүгө багытталган иш аракетти тийишүү аймакта жашоочу, ыктыярдуу жарандардын биригүүсү;

Особо ценные земли - өзгөчө баалуу жерлер - Сугарылуучу жана кургатылган жерлер, интенсивдүү пайдаланылуучу айыл-чарба жерлери (сугарылуучу айдалган жерлер, көп жылдык мөмө-жемиштер отургузулуучу бош эмес жерлер жана жүзүм өстүрүүчү жерлер, маданий жайыттар, чабынды жана жергиликтүү жакшыртуу жайыттары) коргоочу токойлордон турган бош эмес жерлер жана шаардын четиндеги жана жашыл зоналардын жерлери, илим-изилдөөчү мекемелер жана окуу-жайлар үчүн тажрыйба-эксперименталдык талаалар (полигондор);

Ответственность (юридическая) - жоопкерчилик (юридикалык) - Тийиштүү юридикалык нормада каралган, ал чектөөлөрдө, алууларда көрсөтүлгөн, укук бузуучуга мамлекеттик мажбурлоо чараларын колдонуу;

Патент – патент - Экономикалык иш аракеттин белгилүү иш аракет иштөөсү үчүн болгон салык төлөөчүнүн укугун жана алынуучу салыктардын төлөмүн күбөлөндүрүүчү салык кызматы тарабынан берилген документ;

Передача права на земельный участок - укуктун жергиликтүү өз алдынча башкарууга өткөрүлүшү - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укугун, ошону менен бирге мамлекеттин кандайдыр бир ыйгарым укуктарын өзүнүн компетенциясынан жана тийиштүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясын жөнгө салуу ыкмасы;

Передача права на земельный участок - укуктардын жер участогуна өткөрүлүшү - Жарандык-уктук бүтүмдөрдү аткаруу жолу менен башка

адамга убактылуу өткөрүп жеке менчик ээсинин же жерди пайдалануучунун жер участогуна болгон укугун ээликтен ажыратылышы;

Переход земельного участка в порядке универсального правопреемства - универсиалдык укук улантуучу тартибинде жер участогуна өтүшү - Жеке менчик ээсинин укугунун пайда болушу же мураска ээ болу негизинде же юридикалык жактын кайра уюштурууда жер участогунун пайда болушу;

Полномочия - ыйгарым укуктар - Мамлекеттик органга (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына) же мамлекеттик кызматчыга (муниципалдык кызматчыга) аларга берилген субьективдүү юридикалык укуктар, юридикалык милдеттердин жүктөлүшү ошондой эле бул укуктардын жана милдеттенмелердин ишке ашырылууга болгон укук;

Правоспособность - укукка жөндөмдүүлүк – Субьективдүү укукка ээ болгон жөндөмдүүлүк жана юридикалык милдеттерди аткаруу;

Право на земельный участок - жер участогуна болгон укук - жер участогуна менчиктүүлүк укугу жана жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөстөн) же шашылыш (убактылуу) колдонуу укугу;

Право пользования земельным участком, находящимся в государственной или муниципальной собственности – мамлекеттик же муниципалдык менчикте болгон жер участогун пайдалануу укугу – жер участогун иштетүүнү мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөстөн) же шашылыш (убактылуу) колдонуу;

Право пользования земельным участком - жер участогуна пайдалануу укугу – жер участогунун менчиги болуп эсептелбеген жеке жана юридикалык адамдардын буюмдук укугу;

Право собственности на земельный участок - жер участогуна карата менчик укугу - Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Жер кодекси жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдык актылары тарабынан таанылган жана корголгон жеке жана юридикалык жактардын өзүнө таандык жер участогун КР Жер кодексинде белгиленген чектөөлөр менен өзү каалагандай ээлөө, пайдалануу жана тескөө укугу;

Правовые гарантии - укуктук кепилдиктер - мекемелердин, атуулдардын мыйзамдык кызыгуусун, өзүнө жеке таандык болгон укугун коргоо

жана ал укугун иш жүзүнө ашыруу шарттарын жана мамлекеттин учурдагы мыйзамдык каражаттарын камсыз кылуу;

Правовой обычай - укуктук үрп-адат – узак убакыт бою дайыма кайталангандыктан улам элде тарыхый жактан түзүлгөн, мамлекет тарабынан жалпы милдеттүү жүрүм-турум нормасы катары таанылган жүрүм-турум эрежеси, аны сактоо мамлекеттик мажбурлоо аркылуу камсыз кылынат;

Правовое регулирование - укуктук жөнгө салуу – укук нормаларынын жана башка юрдикалык каражаттар аркылуу коомдук мамилелерге максаттуу таасир берүү;

Правовой статус - укуктук статус – конституция жана мамлекеттин башка мыйзамдары тарабынан таанылган адамдын укуктары менен милдеттеринин, мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана кызмат адамдарынын укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы;

Представительный орган местного самоуправления - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы – тийиштүү администрациялык-аймактык бөлүктүн калкы тарабынан тикелей шайлануучу жана жергиликтүү маанидеги иштерди чечүүгө ыйгарым укуктар берилген, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шайлануучу коллегиялуу органы. Кыргыз Республикасынын айылдарындагы, шаарчаларындагы, шаарларындагы, райондорундагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары жергиликтүү кеңештер болуп саналат;

Предоставление земельного участка без проведения торгов - жер участогун соода-сатыкты өткөрбөй туруп берүү – соода-сатык өткөрбөй туруп комиссияда маселени кароо жолу менен жер участогун жеке жана юридикалык жактарга (арыз берүүчүлөргө) ижара укугун берүү ыкмасы;

Приватизация муниципальной собственности - муниципалдык менчикти приватташтыруу – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун менчигинде турган (приватташтыруу объекттерин) мүлктү жеке жана юридикалык жактардын менчигине ажыратып берүү;

Приусадебный участок - короо жай участогу – үлүш жер эмес, мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жекече үй куруу үчүн анын тегерегиндеги участогу менен жарандарга бөлүнүп берилген жер участогу. Короо жай же жер участогуна фермерлерге мыйзамдарда белгиленген тартипте бөлүнүп берилген жер участокторy,

ошондой эле ижара шартында жеке жактарга берилген жер участоктору кирбейт;

Принцип разделения власти - бийликтерди бөлүү принциби – демократиялык мамлекетте мамлекеттик бийликти роционалдуу уюштуруу, мында тизгиндөө жана тең салмактуу системасы аркылуу жергиликтүү бийликтин бөлүктөрү катары мамлекеттин жогорку органдарынын ийкемдүү өз ара контролу жана эриш-аркак аракеттери жүзөгө ашыра алат;

Программа - программа – мамлекеттин жана коомдун өнүгүшүнүн артыкчылыктуу милдеттерге багытталган ресурстары, мөөнөттөрү, аткаруучулары жана каржылоо булактары боюнча байланыштырылган саясий, мыйзам чыгаруучулук, социалдык, экономикалык, изилдөөчү жана башка уюштуруучулук иш чаралардын комплексти, экономикалык жана социалдык мамилелерди жөнгө салуу куралы;

Процедура - жол-жобо – кандайдыр бир ишти жүргүзүүнү, караштыруунун белгиленген тартиби;

Профицит бюджета - бюджет профицити – бюджеттин кирешелеринен анын чыгашаларынан ашып түшүүсү;

Прямые налоги - тикелей салыктар – салык төлөөчүнүн кирешелеринен же мүлкүнөн тикелей төлөнүүчү салыктар;

Прямая продажа - тикелей сатуу – соода сатыкты өткөрбөй туруп, тикелей сүйлөшүүлөр аркылуу жер участогуна карата менчик же ижара укугун жеке жана юридикалык жактарга (арыз берүүчүлөргө) берүү ыкмасы;

Подзаконные правовые акты - мыйзам алдындагы укуктук актылар – компотенттүү орган кабыл алган жана укук нормаларын белгилөөчү юридикалык актылар, алар Конституцияга жана мыйзамдарга негизделет жана аларга каршы келбейт;

Расходы государственного бюджета - мамлекеттин бюджеттин чыгымдары – мамлекеттин милдеттерин жана функцияларын камсыз кылууга берилген акча каражаттары;

Расходы местного бюджета - жергиликтүү бюджеттин чыгымдары – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана функцияларын каржылоону камсыз кылууга берилген акча каражаттары;

Регулирующие доходы - жөнгө салынуучу кирешелер – салыктар жана башка төлөмдөр, алар боюнча алдыдагы финансылык жылга карай төмөнкү деңгээлдердеги бюджеттерге чегерүүлөрдүн ченемдери белгиленет, ошондой эле узак мөөнөттүү негизде (үч жылдан кем эмес) белгиленет;

Республика - республика – башкаруу формасы, анда жогорку мамлекеттик бийлик белгилүү бир мөөнөткө шайланган жана шайлоочулар алдында жооптуу болгон шайлануучу органдарга таандык болот;

Решение общины – жамааттык чечим - (конституцияны, мыйзамды, олуттуу коомдук же мамлекеттик мааниге ээ болгон кандайдыр бир маселеге жооп вариантын) кабыл алууга жарандардын тикелей катышуу процесси;

Садово-огородный участок - бак-огород участогу – мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ишканаларга, мекемелерге жана Кыргыз Республикасынын жарандарына жашылчаларды, жемиштерди, анын ичинде айыл чарба продуктуларын өстүрүү боюнча кооперативдик бак шериктештигин уюштуруу үчүн бөлүнүп берилүүчү жер участогу;

Самообеспечение - өзүн-өзү камсыз кылуу – өзүнүн жашоо турмушун камсыз кылуу үчүн материалдык жана башка байманаларды өзүнүн иш аракети менен жаратуу мүмкүнчүлүгү;

Саморегулирование - өзүн-өзү жөнгө салуу – мамлекет (компотенттүү орган) белгилеген чектерде белгилүү бир мамилелерди жөнгө салган нормалар менен эрежелерди өз алдынча иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү;

Самообложение - өзүнө салык салуу – өзүнүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн калктын өзү тарабынан белгиленген каражаттарды ыктыярдуу жыйноо;

Самоуправление - өз алдынча башкаруу – кайсы бир жамаатта, уюмда, аймакта иштерди ички, өзүнүн күчтөрү менен башкаруу;

Самофинансирование - өзүн-өзү каржылоо – өзүнүн муктаждыктарын өз каражаттары менен каржылоо мүмкүнчүлүгү;

Сельскохозяйственные угодья - айыл чарба жерлери – айыл чарба продукциясын өндүрүү үчүн пайдаланылган жер участоктору, атап айтканда: айдоо, күр, көп жылдык өсүмдүктөр айдалган жерлер, чабындылар жана жайыттар;

Сервитут - сервитут – адамдын башка адамдын менчигинде же пайдалануусунда турган жер участогун чектелген максаттуу пайдаланууга карата укугу;

Служебный земельный надел - кызматтык жер үлүшү – мамлекеттик жана муниципалдык жер пайдалануучулар мыйзамда белгиленген тартипте өзүнүн кызматкерлерине берген жер участогу;

Смета доходов и расходов - кирешелер жана чыгымдар сметасы – белгиленген тартипте бекитилген жана бюджеттик акчаларды максаттуу жумшоо боюнча эсептик маалыматтарды камтыган, кварталдар боюнча бөлүнгөн, чыгымдар статьялары боюнча бюджеттик акчалардын көлөмүн жана максаттуу багытталышын аныктоочу документ;

Собственные доходы местных бюджетов - жергиликтүү бюджеттердин өз каражаттары – тийиштүү мыйзамдардын туруктуу негизинде толук же жарым-жартылай жергиликтүү бюджеттерге бекитилип берилген салыктык жана салыктык эмес төлөмдөр;

Социальная мобилизация - социалдык моблизациялоо – өзүнүн социалдык, экономикалык жана рухий кызыкчылыктарын канааттандыруу, бири-бирине өз ара жардам көрсөтүү, жакырчылыктан арылуу, өзүнүн жана башка ресурстарды пайдаланып өзүнүн өнүгүшүн алга жылдыруу максатында жергиликтүү тургундарды өзүнүн ар кандай уюмдарына бириктирүү процесси жана калктын алардын турмушуна түздөн-түз таасир берген чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусу;

Социальные нормы - социалдык нормалар – калкты эң маанилүү туракжай- коммуналдык, социалдык-маданий жана башка кызматтар менен натуралай жана акчалай түрдө зарыл болгон камсыз кылуунун көрсөткүчтөрү;

Социальные расходы - социалдык чыгашалар – билим берүүгө, маданиятка жана искусствого, массалык маалымат каражаттарына, саламаттык сактоого жана дене тарбиясына, социалдык саясатка жумшалган чыгашалар;

Социальные средства - социалдык каражаттар – республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн акчалардан тышкары бюджеттик мекемелер алган каражаттар. Бюджеттик мекемелердин продукцияны сатуудан, иштерди аткаруудан, кызмат көрсөтүүлөрдөн же башка ишти жүзөгө ашыруудан алган кирешелери атайын каражаттар болуп саналат;

Средства по взаимным расчетам - өз ара эсептешүү боюнча каражаттар –мамлекеттик бийлик органдары кабыл алган чечимдердин натыйжасында пайда болгон бюджетке келип түшкөн же бюджеттердин кирешелеринин чыгашаларынын өзгөрүшүнө байланыштуу бюджеттерге өткөрүлүп берилүүчү суммалар;

Стратегия - стратегия – максаттарга жетишүүнү камсыз кылуучу иштин чөйрөсүнө, каражаттарына жана формаларына тиешелүү, өнүгүүнүн узак мөөнөттүү багыттарын сапаттык жактан аныктоо;

Субвенции - субвенциялар – республикалык бюджеттен ачык айкын максатка жана белгилүү бир мөөнөткө бөлүнгөн жана алар максаттуу түрдө белгиленген мөөнөттө пайдаланылбаган учурда тийиштүү бюджетке кайра кайтарылуучу акчалай каражаттар;

Субсидия - субсидия – бюджеттик системанын башка деңгээлдин бюджетине, максаттуу чыгымдарды үлүштүк каржылоо шартында жеке же юридакалык жактарга берилген бюджеттик каражат;

Субсидиарность - субсидиярлуулук – башкаруу системасына карата алганда термин ыйгарым укуктардын көлөмүнүн жетиштүүлүк принциби катары түшүнүлөт, ал башкаруунун тийиштүү төмөнкү деңгээлдери, алар эң натыйжалуу ишке ашыра ала турган ыйгарым укуктарды өзүнө алууга тийиштигин билдирет. Башкаруунун тийиштүү деңгээли ыйгарым укуктардын кандайдыр бир бөлүгүн ишке ашыра албаган учурда, алар бийликтин жогору турган деңгээлинин аткаруусу үчүн өткөрүлүп берилүүгө тийиш. Ошол эле учурда субсидиярлуулук принципбин колдонуудагы негизги тезистердин бири, башкаруунун кыйла жогорку деңгээли төмөн турган деңгээлдин иш аракетине, ал натыйжалуу башкарууга өзүнүн жараксыздыгын көрсөткөн ченемде гана кийлигишүү укугун билдирет;

Субъект - субъект – уюштуруучулук, укуктук формасына, кишинин түрүнө, менчигинин таандыктыгына жана формасына карабастан экономикалык же башка ишти жүзөгө ашыруучу жеке же юридикалык жак, шериктештик, мамлекеттик орган;

Суверенитет - суверенитет – мамлекеттин тышкы иштердеги көз карандыы эместиги жана ички иштердеги жогорку башчылыгы;

Суды аксакалов - аксакалдар соттору – ыктыярдуу негиздерде жана шайлануучулук жана өз алдынчалуулук негизинде түзүлгөн, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык сот, прокурор, ички иштер органдары жана башка мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан белгиленген тартипте өздөрүнө жөнөтүлгөн материалдарды кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар;

Сход граждан - жарандар жыйыны – бир көчөнүн, бир кварталдын, микрорайондун же айылдын аймагында жашаган жарандардын талкуулоо жолу аркылуу жергиликтүү маанидеги иштерди башкарууга, алар боюнча жергиликтүү коомчулуктун уставына ылайык сунуштар же чечимдер кабыл алуу менен калктын катышуусунун тикелей формасы;

Счет текущих операций - учурдагы операциялардын эсеби – өлкөнүн төлөмдүк балансынын көлөмү, анда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоонун, импорттоонун көлөмү, инвестициялардан түшкөн кирешелер жана трансферттик төлөмдөрдүн көлөмү белгиленип бекитилет;

Тендер – тендер товарларды жөнөтүүгө, жумуштарды жүзөгө ашырууга жана кызматтар көрсөтүүгө карата алгылыктуу сунуштарды конкурстук негизде тандап алуу процесси;

Тендерная заявка - тендердик сунуш - товарларды жөнөтүүгө, жумуштарды жүзөгө ашырууга жана соода сатыктык өткөрүүдө кызмат көрсөтүүгө карата сунуш;

Торги - соода-сатык – мамлекеттик заказды аткарууну тандап алууну караштырган ачык же жабык конкурс формасындагы жарыштуулук процесси;

Традиции - салт-санаалар – муундан муунга өтүүчү жана белгилүү бир коомдордо, таптарда жана социалдык топтордо узак мезгил бою сакталуучу социалдык жана маданий мурас элементтери;

Трансферт - трансферт – 1) төлөмдөр, алардын ордуна түздөн-түз товар алуу жүргүзүлбөйт; 2) агенттердин же бир агенттен экинчисине эч кандай орду толтурулбастан социалдык төлөп берүүлөрдүн ортосундагы экономикалык операциялар түрү;

Трансферты - трансферттер - Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бир деңгээлдеги бюджети экинчи деңгээлдеги бюджетке берүүчү бюджеттик каражаттар;

Трудовые отношения - эмгек мамилелери – эмгек мыйзамдарында, жамаатык келишимде, макулдашууларда, эмгек келишимдеринде каралган эмгек шарты иш берүүчү тарабынан камсыз кылынган учурда ички эмгек тартибине баш ийүү менен кызматкер тарабынан эмгектик милдетти жекече аткаруу үчүн (белгилүү бир адистик, квалификация же кызмат орду боюнча жумуш) кызматкер менен иш берүүчүнүн ортосундагы мамилелер;

Трудовой договор - эмгектик келишим – кызматкер менен иш берүүчүнүн ортосундагы макулдашуу, ал боюнча иш берүүчү кызматкерге шарттуу эмгектик милдет боюнча иш берүүгө, эмгек кодексинде, мыйзамдарда, башка ченемдик укуктук актыларда, жамааттык келишимде, макулдашууларда, эмгек укугунун нормаларын камтыган локалдуу ченемдик актыларда каралган эмгек шартын камсыз кылууга, кызматкерге эмгек акысын өз убагында жана толук өлчөмдө төлөп берүүгө милдеттенет, ал эми кызматкер болсо белгилүү бир кесип (адистик) квалификация же кызмат орду боюнча жумушту ички эмгек тартибине баш ийүү менен жекече аткарууга милдеттенет;

Унитарное государство - унитардык мамлекет – мамлекеттик түзүлүш формасы, анда федерациядан айырмаланып мамлекеттин аймагы өзүнүн курамында федеративдик бирдиктерге (штаттарга, жерлерге) ээ болбойт да, администрациялык аймактык бирдиктерге (райондорго, областтарга) бөлүнөт;

Устав местного сообщества - жергиликтүү коомдоштуктун уставы – жергиликтүү коомдоштуктун жергиликтүү маанидеги иштерди жөнгө салуучу – мыйзамдарга ылайык иштелип чыккан жана кабыл алынган негизги укуктук документи;

Федерация - федерация – юридикалык жактан белгилүү бир саясий өз алдынчалыкка ээ болгон аймактык түзүлүштөрдөн турган татаал мамлекетти билдирген мамлекеттик түзүлүш формасы;

Финансовая санкция - финансылык санкция – салыктык укук бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик чарасы;

Фонд перераспределения сельскохозяйственных угодий - айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фонду – айыл чарба жерлеринен (жайыттардан бөлөк) жана мамлекеттик менчикте турган жерлерден түзүлгөн жер участокторуу;

Форма государства - мамлекет формасы – башкаруу формасында, мамлекеттик түзүлүшүндө жана саясий режими боюнча чагылдырылган мамлекеттик бийликтин уюштурулушу;

Форма государственного правления - мамлекеттик башкаруу формасы – мамлекеттик бийликтин жогорку органдарынын уюштурулушун, алардын структурасын, түзүлүш тартиби, өз ара мамилелер принциптери, элдин аларды түзүүгө катышуусунун даражасы жана алардын ишинин, ыйгарым укуктарынын узактыгы;

Форма государственного правления - мамлекеттик түзүлүш формасы – мамлекеттик бийликтин ички уюштурулушу жана борбордук жана жергиликтүү мамлекеттик органдардын өз ара мамилелерин көрсөтүүчү мамлекетти өзүнчө бөлүктөргө бөлүү принциби;

Функция – функция – иш, милдет, жумуш; мамилелердин бир системасындагы кайсы бир объектин касиетинин тышкы көрүнүшү;

Функция местного самоуправления - жергиликтүү өз алдынча башкаруу функциялары – өзүнүн алдына турган милдеттерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин негизги багыттары;

Целевое назначение земель - жерлердин максаттуу пайдаланылышы – жер участокторун жер участогуна карата укукту күбөлөндүргөн документтерде, келишимде же башка укук белгилөөчү документтерде көрсөтүлгөн максаттарда пайдалануу;

Централизация власти - бийликти борборлоштуруу – башкаруу жана бийлик системасынын түзүлүш принциби, анда бардык маселелер аймактык деңгээлине карабастан мамлекеттин борбордук органдарына көз каранды болот;

Член местного сообщества - жергиликтүү коомчулуктун мүчөсү – администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү коомчулук менен өз ара милдеттер менен байланышкан адам;

Членские взносы - мүчөлүк акылар – коомерциялык эмес уюмда турган адамдар тарабынан, мүчөлүктүн негизиндеги ошол уюмдун уюштуруу документтеринде каралган өлчөмдө жана тартипте, мындай өткөрүп берүү ошол адамдын мүчөсүнө бекер же өз наркынан төмөн баада кызматтар көрсөтүү менен шартталбай турган учурда өткөрүлүп берилүүчү активдер;

Экономический район - экономикалык район – белгилүү бир экономикалык–географиялык абалы, аймактык-чарбалык бирдиктүүлүгү, табигый жана экономикалык шарттарынын өзгөчөлүгү, аймактык жана коомдук эмгекти бөлүштүрүүгө негизделген тарыхый жактан түзүлгөн өндүрүштүк адистешүүсү менен мүнөздөлгөн аймак;

Экономическая деятельность - экономикалык ишкердик – иштин мындай түрлөрүнүн максатына жана натыйжасына карабастан субъекттер тарабынан жүзөгө ашырылуучу экономикалык иш түрлөрү. Экономикалык иш субъекттин операциялык, инвестициялык жана финансылык ишин да камтыйт.